КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
И. АРАБАЕВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
К. КАРАСАЕВ атындагы
БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда

УДК: 398:811.512.154(575.2)(043)

Жанчарбекова Сабира Жамалбековна

КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ СОМАТИЗМДЕР, СТИЛИСТИКАЛЫК-ФУНКЦИОНАЛДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

10.02.01- кыргыз тили

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

Илимий жетекчи:
филология илимдеринин доктору,
профессор Ибрагимов С.

Бишкек – 2022

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 3

I БАП. ТИЛ ИЛИМИНДЕГИ СОМАТИКАЛЫК ЛЕКСИКАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ 9

1.1. Тил илиминдеги “соматизм” түшүнүгү жана ага байланыштуу лингвистикалык изилдөөлөр 9

1.2. Түркологияда соматизмдердин изилдениши 14

1.3. Кыргыз тил илиминде соматизмдердин изилдениши 18

1.4. Кыргыз тилинин соматикалык лексикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери 22

I бап боюнча жыйынтык 33

II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ 38

2.1. Фольклордогу соматизмдерди изилдөөнүн булактары жана методдору .. 38

III БАП. ФОЛЬКЛОРДОГУ СОМАТИЗМДЕРДИН СТИЛИСТИКАЛЫК- ФУНКЦИОНАЛДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ЖАСАЛУУ ЖОЛДОРУ 45

3.1. «Манас» эпосундагы соматизмдердин мааниси жана колдонулушу 45

3.2. Соматизмдердин стилистика-семантикалык функциясы 79

3.3. Макалдардагы соматизмдер 98

3.4. Табышмактардагы соматизмдер 104

3.5. Соматикалык фразеологизмдер 111

3.6. Соматизмдердин лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү 118

3.7.Соматизмдердеги тыбыштык ээрчишүүлөр 127

3.8. Соматизмдердин морфологиялык жол менен жасалышы 133

3.9. Соматизмдердин синтаксистик жол менен жасалышы 138

III бап боюнча жыйынтык 143

КОРУТУНДУ 149

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР 156

ТИРКЕМЕ 172

КИРИШҮҮ

Теманын актуалдуулугу. Кыргыздар Борбордук Азиянын учу кыйырсыз кең мейкиндигин байырлаган байыркы элдердин бири катары тарыхта б.з.ч. III кылымдарда эле катталганы маалым жана кыргыз эли өзүнүн нечен кылымдык өнүгүү доорунда далай татаал жолдорду басып өтсө дагы, анын тили улуттук маданиятыбыздын күзгүсү катары укумдан-тукумга сакталып келе жатат.

Коом өнүгүп өскөн сайын элдин тилинде да тийиштүү өнүгүүлөр, өзгөрүүлөр болуп турат. Айрым бир сөздөр колдонуудан чыгып, эскирген сөздөрдүн катарына өтсө, коомдогу өнүгүү өзгөрүүлөр менен жаңы (неологизм) сөздөр жаралып же чет сөздөр башка тилдерден оошуп келип, лексиканы улам толуктап, байытып отурат. Ошондуктан тилдин лексикалык курамы менен анын тарыхый өнүгүү-өзгөрүү процесстерин изилдөө маселеси тил илиминдеги өзөктүү проблемалардын биринен. Мына ушундай лексикологиялык аспектиден каралуучу маселелердин бири – элдик фольклордун тилин изилдөө маселеси.

Фольклордун тили көпчүлүккө элдик оозеки чыгармаларды аткаруучулар тарабынан оозеки түрдө айтылып, кулакка сиңген жатык тил катары дайыма элдин эсинде болуп келгени менен өзгөчөлүү. Анда жаратылыштын көрүнүштөрү, каармандардын образдык сүрөттөөлөрү ар кыл көркөмдөлүп айтылат. Мындай учурда көркөм сөз каражаттарынын белгилүү даяр формасы катары адам жана анын дене мүчөлөрүнө байланышкан аталыштар менен башка зат-нерсе, көрүнүш-кубулуштарды салыштыруу, окшоштуруу аркылуу да ишке ашырылат. Демек, фольклордогу соматизмдердин, соматизмдер компонент болгон сөз тизмектеринин, туруктуу сөз айкаштардын маанилик, структуралык, функционалдык-стилистикалык жактан атайын изилденишинин талдоого алынышы өзүнчө кызыктуу маселе болгондуктан лингвистикалык изилдөөлөр үчүн актуалдуу тема болуп эсептелет.

Диссертациялык иштин актуалдуулугу ошону менен бирге кыргыз элинин оозеки чыгармаларында соматизмдердин аткарган кызматынын изилденишинин, соматизм сөздөрдүн татаал айтылыштардагы, соматизм-компоненттердин семантикалык маанилеринин “Манас” эпосу баш болгон кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларында дене мүчөлөрдүн аткарган милдеттери, көркөмдүк-эстетикалык маанилери, дүйнө таанытуучулук касиеттери ушу кезге чейин атайын лингвистикалык планда колго алынып изилдене электиги менен аныкталат.

Элдик оозеки чыгармаларда, айрыкча “Манас” эпосунда соматизмдер кеңири колдонулат. Ал эми кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын эң эле көлөмдүүсү болгон «Манас» эпосу өзүнө тарыхый байыркы фактыларды камтып, лексикалык фонддун уникалдуу элементтерин сактап келе жаткан фольклордук чыгарма экендиги, деги эле фольклордук чыгармалар лингвистикалык изилдөөлөр үчүн ишенимдүү булак болуп берери жөнүндө кыргыз тил илиминде атайын изилдөөлөр (М.Мураталиев, Т.Дюшеева, Г.Рыскулова, С.Жумалиев) аркылуу иликтелген.

“Манас” эпосунда жана башка элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылган ар бир каармандын окурмандарга толук жеткиликтүү болушунда соматизмдердин колдонулушунун мааниси зор болгондугу, соматизмдер аркылуу дүйнөнүн таанылышы ишке ашкан. Кыргыз элинин фольклорундагы баатырлардын, аялзатынын, терс жана оң каармандардын бейнесин соматикалык лексика аркылуу чагылдыруу кандай маниге ээ экендигин лексика-семантикалык, стилистика-функционалдык өзгөчөлүктөрүн карап көрүүгө кадам жасалды.

Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессор Т.К.Ахматов атындагы кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн максаты. Изилдөөнүн максаты – кыргыз фольклорундагы соматикалык сөздөрдү аныктап, алардын стилистика-функционалдык жана лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрүн, жасалуу жолдорун изилдөө. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу жагы алдыга коюлду:

- соматизмге байланыштуу тил илиминдеги изилдөөлөргө жана алардын кыргыз фольклорундагы колдонулушу боюнча изилдөөлөргө сереп салуу;
- кыргыз фольклорундагы соматизмдердин өзөгүн түзгөн сөздөрдүн лексика-семантикалык тобун аныктоо жана стилистика-функционалдык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу;
- фольклордогу баатырлардын портретиндеги жана макалдардагы, табышмактардагы, фразеологизмдердеги, элдик оозеки текстердеги соматизмдерди тилдик анализге алуу, алардын фольклордо колдонулушун аныктап чыгуу;
- кыргыз фольклорундагы соматизмдердин стилистика-функционалдык жактан аткарган кызматы менен аларды колдонуунун принцип-критерийлерин аныктоо;
- кыргыз фольклорундагы соматикалык түшүнүктөрдү туюнткан негизги сөздөрдү лингвистикалык жана лексика-грамматикалык анализге алуу;
- соматизмдерди тилде ойду берүүнүн экспрессивдүү-эмоционалдуу, образдуу-эстетикалык, кыска жана жеткиликтүү көркөм ыкмасы катары аныктап чыгуу.

Иштин илимий жаңылыгы. Кыргыз тил илиминде фольклордогу соматизмдердин колдонулушу жана функционалдык-стилистикалык жактан өзгөчөлүктөрү алгачкы жолу атайын изилдөөгө алынып, алардын фольклордогу лексика-семантикалык маанилери, грамматикалык-стилистикалык негизги милдеттери аныкталды.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

- Фольклордогу соматизмдер каармандардын образын түзүүдө алардын көркөм элесин таасирдүү жана жандуу берүүчү көркөм сөз каражаттарынын бири болуп саналат.

- Кыргыз фольклорундагы соматикалык түшүнүктөрдүн лингвистикалык жана функционалдык-стилистикалык өзгөчөлүктөрү лексиканы байытууга, сөз өнөрүн өрчүтүүгө, сөз маанилерин кеңейтүүгө өбөлгө түзүүчү факторлордун бири.

- Кыргыз фольклорундагы соматизмдер лексика-семантикалык жактан тилде ойду так туюндуруунун жана көркөм ойлоону өнүктүрүүнүн эффективдүү ыкмасы катары тилдик карым-катышта эстетикалык-экспрессивдик өзгөчө маанини жаратып колдонулган тилдик бирдик болуп эсептелет.

- Соматизмдер жана соматизмдик сөз айкаштары оозеки чыгармаларда өтө жыш колдонулуучу сөздөрдүн тобуна кирет жана адамдын дене мүчөлөрүн физиологиялык жактан гана эмес, стилистика-функционалдык жана семантикалык жактан дагы лингвистикалык изилдөөлөрдүн булагы катары эсептөөгө болот.

Изилдөөнүн объектиси жана предмети. Кыргыз эпосторундагы, фразеологизмдердеги, макалдардагы, табышмактардагы соматизмдер изилдөөнүн объектисин түзсө, соматикалык лексикага байланыштуу тилдик бирдиктер, алардын лексика-семантикалык, тематикалык топтору жана колдонулуш өзгөчөлүктөрү, жасалуу жолдору, аткарган функциясы изилдөөнүн предметин түзөт.

Изилдөөнүн методдору. Диссертациялык иште сыпаттама, салыштырма, баяндоо, анализ, синтез сыяктуу теориялык методдор, ошондой эле статистика, жыйноо, каттоо, системалаштыруу сыяктуу эмпирикалык ыкмалар да колдонулду.

Иштин практикалык мааниси. Фольклордогу соматизмдердин уюшулушу, түзүлүшү жана колдонулушу боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары

кыргыз тилинин лексикологиясына байланыштуу айрым теориялык маселелердин такталышына салым кошуп, ушул багыттагы изилдөөлөргө өбөлгө түзөт. Диссертациялык иштин материалдарын лексикология, лексикография, грамматика, манастаануу боюнча өтүлүүчү курстарда, ошондой эле тил үйрөнүү практикасында, фольклор таануу курстарында да колдонууга болот.

Изилдөөчүнүн жеке салымы. Диссертациялык ишке байланыштуу топтолуп-системалаштырылган материалдары, изилдөөнүн табылга-натыйжалары, теориялык аныктамалары, иштелип чыккан маанилүү жыйынтыктары изилдөөчүнүн жеке салымы болуп саналат.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана жарыяланышы. Диссертациянын темасына байланыштуу 14 илимий макала жарык көргөн. Анын ичинде 4 макала РИНЦ системасындагы индекстелүүчү чет өлкөлүк басылмаларда, 3 макала кыргызстандык басылмаларда, 7 макала КР УАК тарабынан расмий каттоодон өткөн жарчыларда жарыяланган. Муну менен бирге диссертациянын негизги жоболорун чагылдырган баяндамалар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда окумуштуулардын талкуусуна сунуш кылынган (И.Арабаев атындагы КМУнун «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорундагы илимий-изилдөө иштери: Реформалоо маселелери, өнүгүү багыттары» аттуу илимий-практикалык конференциясы. –Бишкек, 2015, 13-б.; Жаш түркологдордун 1-симпозиуму, Кыргыз-Түрк “Манас” университети, -Бишкек, 2007, апрель; К.Карасаевдин 110 жылдыгына карата өткөрүлгөн илимий-практикалык конференция, К.Карасаев атындагы БМУ,-Бишкек, 2012, февраль).

Иштин түзүлүшү. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемеден турат.

Киришүүдө иштин актуалдуулугу, негизги максат-милдеттери, илимий жана теориялык жаңылыгы, коргоого коюлуучу жоболору, изилдөөнүн обьектиси жана предмети, иштин апробацияланышы, илимий-теориялык жана

практикалык мааниси, изилдөөчүнүн жеке салымы, иштин курамы жөнүндө маалыматтар берилди.

Биринчи бапта соматизм түшүнүгү жана ага байланыштуу тил илиминдеги лингвистикалык изилдөөлөр, соматизмдердин түркологияда изилдениши, соматизмдердин кыргыз тил илиминде изилдениши, кыргыз тилинин соматикалык лексикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери каралды.

Экинчи бапта изилдөөнүн объектиси жана предмети, фольклордогу соматизмдерди изилдөөнүн булактары жана методдору жөнүндө сөз болот.

Үчүнчү бапта “Манас” эпосундагы соматизмдердин стилистикалык-функционалдык өзгөчөлүктөрү, соматизмдердин каармандардын портрет-келбетин көз алдыга келтирүүдөгү колдонулуш өзгөчөлүктөрү, поэтикалык чыгарманын көркөм күчүн арттыруучу соматизмдер жана алардын колдонулуш даражасы, лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү белгиленди. Соматизмдердин стилистикалык-семантикалык функциясы, макалдардагы, табышмактардагы соматизмдер, соматизмдердеги тыбыштык эрчишүүлөр, соматикалык фразеологизмдер, соматизмдердин морфологиялык жана синтаксистик жолдор менен жасалышы, соматикалык сөз айкаштарынын синтаксистик байланыштары изилденди.

Иштин аягында изилдөөгө алынган темага байланыштуу жүргүзүлгөн иликтөөнүн тыянак-жыйынтыктары боюнча корутунду чыгарылды.

I БАП. ТИЛ ИЛИМИНДЕГИ СОМАТИКАЛЫК ЛЕКСИКАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

1.1. Тил илиминдеги “соматизм” түшүнүгү жана ага байланыштуу лингвистикалык изилдөөлөр

Соматизм грекче *somatos* – “дене”, “денеге тийиштүү” деген сөзүнөн алынып, адамдын дене түзүлүшүн, анын мүчөлөрүнүн (*баш, бет, кол, бут ж.б.*) ар түрдүү тилдерде аталышын, алардын анатомиялык-биологиялык кызматын жана булар аркылуу жашоо, күндөлүк турмуш-тиричиликтеги түрдүү мамилелердин берилишин билдирет. *Сома, соматика, соматикалык* деген терминдер негизинен биологияда жана медицинада кеңири колдонулат. Тил илиминде болсо соматикалык маанидеги сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр лексикалык жана грамматикалык семантиканын орчундуу бөлүгүн түзөрү ар түрдүү изилдөөлөрдөн жана кадимки сүйлөө аракетинен, же коммуникациялык практикадан байкалып келет. Себеби сөз, сөз маанилери тилдин ээси болгон улуттун тарыхый тажрыйбасын, басып өткөн жолун, дүйнө менен адамдын мамилесин көрсөтөт. Алар аркылуу адамдын өзүн жана айлана-чөйрөнү таанып билүүсү аркылуу улуттук дүйнө таануу маданиятынын калыптанышын жана буларга байланышкан каада-салт, жүрүм-турум эрежелеринин нормаларынын сакталышын байкоого болот. Натыйжада адамдын дене мүчөлөрүнүн аталышы менен алардын тилдик-стилдик, прагматикалык максатта колдонулушун тийиштүү лингвистикалык аспектиде иликтөө мүмкүнчүлүгүнүн кеңири экендиги түрдүү тилдердин мисалындагы изилдөөлөрдөн улам байкалып турат.

Тил илиминде адамдын дене мүчөлөрүнө байланыштуу сөздөрдү алгачкылардан болуп Ф.О.Вакк 1964-жылы эстон тилинин фразеологизмдерин изилдеп жатып, адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөз бирдиктерин «соматикалык» деген термин менен белгилеп, «soma» - “дене, тулку бой, сырткы жана ички органдарды билдирет” деген аныктамасын берген. Ал соматизмдердин аталышы катышкан фразеологизмдер байыркы учурда эле кеңири кездешкендигин айтып, адамдын дене мүчөлөрүнүн аталышын лингвистикалык жактан изилдөө зарыл жана кызыктуу экендигин белгилеген.

Окумуштуу Ф.О.Вакктын айтуусу боюнча, дайыма көзгө көрүнүп турган *баш, көз, ооз, тиш, кол, бут ж.б.у.с.* дене мүчөлөрдүн катышкандыгы пикир алышууда көп колдонулуп, аларды атаган сөздөр тилде негизги тематикалык, лексика-семантикалык группаны түзүп турары көрсөтүлүп, байыркы кездердеги адамдын жана жаныбарлардын дене мүчө аталыштары иликтөөлөрүнүн негизин түзгөн. Эмгегинде адамдын денеси жана андагы суюктуктар, кан, сөөк, нерв, жест жана мимика, туруктуу сөз айкаштары эстон тилинин фразеологизмдеринин мисалында изилденген [52, 26-б.].

Ал эми орус тил илиминдеги фразеологияга негиз салган белгилүү окумуштуу В.В.Виноградов дагы өз кезегинде соматизмдерди фразеологиялык бирдиктин компонентинин негизги түзүүчү компоненти катары эсептеген. Соматикалык сөздөр, түшүнүктөр катары *баш, көз, кулак, мурун, тил, кол, бут, мимика* көрүнүшү аркылуу жакшы көрүү, даам сезүү, ыкылас билдирүү, мамиле жасоо ж.б. толуп жаткан маанилер туюндуруучу сөздөрдүн ушул касиеттерин эске алып, В.В.Виноградов өзүнчө лексема катары *баш, сакал, чач, көз, тамак, каш, кулак, моюн, тил ж.б*.у. сыяктуу 59 дене мүчөлөрүн соматикалык фразеологизмдердин компоненти катары караган [58, 45-69-б.].

Изилдөөчү Э.М.Мордковичтин эмгегиндеги соматикалык фразеологизмдерде жест, мимика, физиологиялык сезимдер, ошондой эле жаныбарлардын кыймыл-аракети социалдык символика катары каралып, анын изилдөөсү белорус тилиндеги соматикалык фразеологизмдердин негизинде изилденген [142, 98-100-б.].

Э.С.Якимова соматикалык фразеологизмдер боюнча изилдөөсүндө “соматикалык фразеологизмдерди үйрөнүү - жашоонун закон ченемдүүлүктөрүн көрсөтөт”- деген, анткени анын ою боюнча, айлана-чөйрөдөгү кубулуштарды адам өзүнүн дене мүчөлөрү аркылуу кабыл алып түшүнөт жана адамдын ички дүйнөсү тышкы материалдык үлгүлөр аркылуу жасалат, алар «физикалык» метафоралык мааниде колдонулат деп эсептейт [183, 20-б].

Е.М.Верещагин менен В.Г.Костомаров «Язык и культура» аттуу эмгегинде “соматизм” түшүнүгү жөнүндө «Соматизмом (соматизм-от греч. somatos - тело, корпус) называется любой значащий признак, положение или движение лица и всего тело человека» деген [55, 199-б.] аныктамасын беришкен.

А.Д.Козеренко, Г.Е.Крейдлиндин “Фразеологические соматизмы и семиотическая концептуализация тела” деген эмгегинде соматикалык обьектилердин аталыштарынын пайда болушун “дене, дене мүчөлөрү (части тела), дене мүчөлөрүнүн бөлүктөрү (части частей тела), ички органдар, денеден чыккан суюктуктар (телесные жидкости) түзөт” деп эсептешип, дене мүчөлөрү менен туюндурулган жаңсоолорду жесттердин тили деп айырмалап, соматикалык обьектилердин сын-сыпатынын ичинен төмөнкүдөй 3 чоң группаны аныкташкан: а) структуралык сыпаты (структурные признаки) дене мүчөлөрүнүн денеден орун алышы, анын бөлүктөрү болушу; б) физикалык касиеттери (физические признаки), мисалы, «чачынын өңү», «дененин температурасы»; в) функционалдык белгиси (функциональные признаки), мисалы, моюндун негизги функциясы - баш менен денени туташтырып туруучу функциясы, ал эми буттун функциясы - басуу. Ошону менен бирге «соматикалык обьектинин формасы», «соматикалык объектинин өлчөмү» деген белгилерди да аныкташкан. Мисалы, *узун кол* деген соматикалык фразеологизмди алсак, колунун өлчөмү узун экендигин билдирип жатат. Мында объект - **кол**, *узун* - анын сыпаты. Өтмө мааниде *колу узун* деген “кандайдыр бир ишти аткаруу, колунан келүү, күчү жетүү” дегенди билдирет. *Булчуңдуу дене* дегенде “спорт менен машыккан адамды түшүнөбүз”, *кызыл көз* дегенде “ыйлаган, жини келген кишини” элестетебиз [111,56-б.].

Ал эми А.И.Молотков «Фразеологический словарь русского языка» деген эмгегинде 4000 фразеологиялык туруктуу сөз айкашында 1300 соматикалык бирдик бар экендигин белгилеп (жаныбарлардын дене мүчөлөрүн кошуп караганда), соматикалык компоненттүү синонимдер, сырдык сөздөр катышкан соматикалык фразеологизмдер зат атооч+сын атооч, сын атооч+зат

атооч, сын атооч+сын атооч, этиш+зат атооч түрүндө жасалган мисалдары менен коштолот [141, 543-б.].

Ю.Д.Апресяндын “Лексическая семантика, синонимические средства языка” деген эмгегинде соматизмдер адамдын *көрүү, угуу, жакшы көрүү, даам сезүү ж.б.* физикалык кабыл алуусу боюнча кабыл алуу органдарына көз, кулак, тышкы жана ички таасир этүүлөрдү (*бозоруу, мурун, тил, тери ж.б)* киргизип, адамдын физиологиялык абалдарына *үшүү, суусоо*, физиологиялык реакцияларга ички жана тышкы таасирдин алдында өзгөрүлүүчү ысуу, тердөө, жүрөктүн согушу ж.б.у.с. кубулуштардын негизинде тематикалык топторго ажыратылып изилденген. Анын ою боюнча, фразеологизмдерден жасалган дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө *адам* жана *анын денеси* бардык нерсенин чени, ориентациясы болуп саналат [23, 123-б.].

Адамды жана анын кыймыл-аракетин мүнөздөгөн фразеологизмдер көбүнчө мотивдешкен, нерсе менен кубулуштун ортосундагы ассоциативдик байланыш түрүндө болот. Мына ушундай фразеологизмдер менен бейвербалдык каражаттардын карым-катышын орус тил илиминде Е.В.Красильниковдун «Жесты и языковые фразеологизмы» (1977), А.В.Филиппов менен В.Д.Кутловскаянын «Фразеологизмы и жесты» (1975) аттуу эмгектеринде чагылдырылган. Е.В.Красильниковдун пикири боюнча, көптөгөн фразеологизмдер бейвербалдык каражаттардын негизинде пайда болгон [174,56-63-б.].

М.А.Поваляева менен О.А.Рутердин «Невербальные средства общения» аттуу эмгегинде бейвербалдык каражаттар төмөндөгүдөй топторго бөлүштүрүлөт: 1. Кинесика – “ымдоо-жаңсоо, дене бойдун абалы”. а) Экспрессивдүү көрүнүктүү кыймыл-аракеттер: *адамдын турган-турпаты (поза); кыймыл-аракети, жаңсоолору (жест); ишарат белгилери (мимика); баскан-турганы; жүрүм-туруму (походка)*, б) Көздүн визуалдык байланышы: *көздүн кыймыл багыты; көздүн токтоп карап калуу тынымы; көз кароо жыштыгы;* 2. Фонация жана экстралингвистика – “ар түрдүү үн угумдары”: *тыным, басым, унчукпоо кубулуштары, интонация, үндүн бийиктиги, тембр,*

тыным, дем алуу, күлкү, ыйлоо, жөтөлүү; 3. Такесика – **“**сүйлөөчү менен угуучунун ортосундагы динамикалык кыймыл аракеттердин колдонулуусу”*: кол менен учурашуу; өбүшүү; кол чабуу.* 4. Проксемика – “аралык орун мамилелери”: *багыт, аралык” ж.б.* [155, 58-61-б.].

Окумуштуу Г.Крейдлин адам бетинин негизги үч функциясын бөлүп көрсөткөн: “1) сезимди жана мамилени билдирген соматизмдер; 2) коммуникативдик-эмоционалдык информацияларды жеке мамилелердин чагылдырылыш даректине жеткирүү милдети каралат; 3) регулятивдик милдет жүктөлөт, мисалы, беттин реакциясы бир кабарды уккандагы өзгөрүлүшү, көз - информация алуу жана көрүү каражаты ж.б. [115, 66-94-б.].

В.Г.Гак фразеологизмдер тилдин улуттук-маданий спецификасынын пайда болушунун ачык бир көрүнүшү болуп эсептелет деп эсептеп, алардын ичинен өзгөчөлөнгөн группа катары соматикалык фразеологизмдерди бөлүп көрсөтүп, өзүнүн “Национально-культурная специфика метонимических фразеологизмов” деген изилдөөсүндө адам жана жаныбарлардын дене бөлүктөрүн атаган лексемаларга өзгөчө көңүл бөлгөн [60, 260-265-б.].

Швейцариялык лингвист Ш.Балли: “Ишарат жаңсоолор, тулку-бойдун ал-абалы жана мимика башка белгилер сыяктуу эле лингвистикада өз орду бар тилдик белги” десе [35, 416-б.], Б.С.Данилов менен Н.В.Куницкая «метафоралык жана метанимиялык өтмө маанинин болушу соматикалык фразеологизмдин жасалышына алгылыктуу фактор болуп саналат» деп белгилешет [51, 189-б.].

Эмне үчүн адамдын дене мүчөлөрү метафоралык каражат катары жыш колдонулуп, адам айлана-чөйрөдөгү курчап турган нерселерди өзүнө, өзүнүн дене мүчөлөрүнө салыштыргандыгы жөнүндө Т.Н.Чайко: «Благодаря тому, что части тела постоянно находятся перед глазами, они и становятся своеобразным эталонам для сравнения» деген таасын баасын берип, көзгө көрүнүп турган дене мүчөлөрдөн жыш колдонулгандары катары, мисалы: *баш, көз, мурун, ооз, тил, моюн, бут* ж.б., ал эми *колтук, ийин* сыяктуу дене мүчөлөрү

фразеологизмдерде, туруктуу сөз айкаштарында аз колдонуларын белгилейт [55, 104-б.].

Тил илиминде ушул багытта В.Д.Аракин (1976), И.В.Арнольд (1976), И.А.Бодуэн дэ Куртенэ (1890, 1907) , В.Г.Гак (1974, 1999), Р.З.Гинзбург, Александр фон Гумбольдт (1984), Б.А.Ильиш (1968), А.И.Смирницкий (2007), Л.В.Щерба (2007), З.К.Ахметжанова (2007), А.Вежбицкая (2001), А.М.Еримбетова (1980), Л.К.Жаналина (2011), Е.А.Журавлева (1980), В.П.Шубин, В.М.Багусловский (1983), Ю.А.Долгополов (2005), Р.М.Вайнтрауб (1980), Н.Федуленкова (2005), Ц.В.Бибилейшвили (1986), Л.П.Смит (1998), Н.В.Масалева (1984), З.А.Богус (2002) ж.б. өндүү окумуштуулар дагы эмгектенишкен.

Демек, соматикалык номинацияны изилдөө аркылуу, аны салыштырма аспектиде кароо универсалдуу белгилер менен конкреттүү өзгөчөлүктөрдү белгилүү тилдик системадагы маданияттын уникалдуу өзгөчөлүктөрүн, дүйнө-таануусун, менталитетин жана тилдик системанын кээ бир спецификалык чөйрөсүн ачып берүүгө мүмкүнчүлүк берерин окумуштуулар аныкташкан.

1.2. Түркологияда соматизмдердин изилдениши

Түркология илиминде да соматизмдер изилденип келгени белгилүү. Себеби адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр лексиканын катмарындагы өтө байыркы жана туруктуу лексикага кирет. Ошондуктан бул багыт боюнча В.В.Радлов (1963), Л.А.Новиков (1973), Д.Н.Шмелев (1973), Г.Дерфер, М.Сводеш (1960), Н.И.Ильминский (1805), В.Д.Колесникова (1972), А.В.Дыбо (1984), К.Кенесбаев (1966), А.Кайдар (1980), Ф.Г.Исхаков (1961), Г.Номинханова, К.Мусаев (1984), С.Садыкова, ж.б. белгилүү түрколог-окумуштуулардын эмгектерин атоого болот.

Белгилүү болгондой, XX кылымга чейин түрк тилдеринин бир тобу, анын ичинде кыргыз тили кеңири планда атайын изилденген эмес. Ошондой болсо да кыргыз тили боюнча эң алгачкы түркологиялык изилдөөлөр катары академик В.В.Радловдун эмгектерин айта алабыз. Айрыкча анын «Опыт

словаря тюркских наречий» деген сегиз китептен турган төрт томдуу белгилүү сөздүгү кыргыз тилинин лексикографиялык иштеринин башаты жана XIX кылымдагы жандуу кыргыз тилинин сөздөрү кагаз бетине түшүрүлгөн варианты катары илимий жактан да, тарыхый жактан да зор маниге ээ эмгек болуп саналат. В.В.Радлов бул сөздүгүн түзүүдө 32 түрк элдеринин материалдарынан пайдаланган жана ага 8 миңден ашуун кыргыз сөзүн киргизген. Сөздүктөгү кыргыз сөздөрүн түрколог С.З.Садыкова лексика-тематикалык жактан адамдын оң сапаттарын билдирген сөздөр, адамдын терс сапаттарын билдирген сөздөр, дене бөлүктөрүнө байланыштуу сөздөр, денедеги суюктуктарга байланыштуу сөздөр деген топторго бөлүштүрүп көрсөтүп, аларга *айдар, ак тамыр, кан тамыр, акай көз, айак, алакан, омуртка, өпкө, ооз, ич, каңшар, каш, кабак, кабырга, курсак, моюн, мурун ж.б.* дене мүчөлөрүн атаган сөздөрдү киргизген [165, 249-264-б].

Г.Дерфер адамдын дене мүчө бөлүктөрүн жалпы лингвистикалык планда, андан кийин алтай тилдеринин тектештигинин аспектисинде изилдеген. Н.И.Ильминский болсо дене мүчөлөрүнүн бир нече аталыштарын карап, анатомиялык терминдер эч кандай кошумча мүчөлөрдүн жалгануусуз эле жасала тургандыгын белгилеп, *«кара көз» (чёрное око), «кыйшык моюн» (кривая шея), «чоң курсак» (с большим животом) ж.б.* мисалдардын негизинде изилдөө жүргүзгөн.

В.Д.Колесникова жалпы алтай тилдер тобундагы түрк, монгол, тунгус-манжур тилдериндеги адамдын дене-мүчө аталыштарын изилдеп келип, аталган топтогу тилдерде 200-600гө чейин ар түрдүү дене-мүчө аталыштарынын орун аларын аныктап, алардын арасындагы бир нече ондогон аталыштары түрк, монгол жана тунгус-манжур тилдеринде байыркы *ама(н)* “рот”, *агур* “рот”, *көке-(н)* “көкүрөк”, *ар(у)-ка* “арка”, *гари-/а* “кол” ж.б.у.с. сөздөр жалпы бир негизди түзөөрүн баса белгилеген [112, 71-б].

А.В.Дыбо өзүнүн макаласында алтай тилиндеги *бармактын* аталышын карап, пикир алышууда ар бир салаанын колдонулушун, аткарган кызматтарын иликтеген. Өзгөчө *баш бармак* менен *чыпалак* өткөн кылымда эле соматикалык

лексика катары түрк тилдеринде изилдөөнүн обьектиси болуп келгендигин айткан [164, 910-б.].

Түрколог-окумуштуулардын көпчүлүгү соматикалык түшүнүктөрдү туюнткан сөздөр айрыкча фразеологизмдерде көп колдонулат деп белгилешет (К.Кенесбаев казак тилинде, А.Кайдар уйгур тилинде, Р.Эгембердиев кыргыз тилинде ж.б.). Деги эле фразеологизмдердеги соматикалык түшүнүктөр жана сөздөр В.Д.Аракин (1976), Р.З.Гинзбург, Л.В.Шерба (2007), З.К.Ахмеджанова (2007), М.К. Исаев (1977), Е.Д.Сулейменова (1989) ж.б. түркологдордун эмгектеринде каралган. Бул эмгектердин изилдөө обьектиси иретинде жыш колдонулган мисалдарга *баш, көз, мурун, ооз, тил, моюн, бут* деген лексемалардан баштап, *колтук, ийин* деген дене мүчөлөрү киргизилип, ар түрдүү аспектиден изилдөөгө алынган.

Айрым түркологдор соматизмдердин түрдүү тилдердеги айтылышын жана маанисин башка тилдердин фактылары менен салыштырып изилдешкен. Алсак, Я.Р.Роджибаев орус жана өзбек тилдерин, М.Н.Азимов тажик жана англис тилдерин, А.О.Кармышаков кыргыз жана орус тилдерин, О.Назаров орус жана түркмөн тилиндеги соматикалык фразеологизмдерди салыштырса, А.А.Исаев өзбек тилинин соматикалык фразеологизмин изилдеген [97, 23-б.].

А.М.Эмирова: “Само человеческое тело является наиболее доступным и изученным обьектом наблюдения человека с первых его жизненных шагов, свою ориентацию в пространстве, свою оценку окружающего, человеку “удобнее” соотносить, прежде всего, с частями своего тела”[178, 112-б.] деп, адамдын денеси алгачкы мезгилден бери эле үйрөнүүнүн оңой обьектиси болуп саналып, айлана-чөйрөнү таанып билүүдө, адамдарга баа берүүдө, дене мүчөлөрү аркылуу үйрөнүү, чагылдыруу жолу ыңгайлуу болгон деп эсептейт.

М.Х.Абилгалиева казак жана немец тилинин соматикалык фразеологиясынын окшоштугун жана структура-семантикалык айырмасын караса (1993), З.К.Ахметжанова менен Р.Е.Валиханова орус жана казак тилдериндеги соматизмдерди комплекстүү салыштырып изилдешкен. Гетеморфтук тилдердеги (орус, казак, англис) улуттук-маданий спецификаны

таанытуудагы соматикалык фразеологизмдердин ролу жөнүндө Ж.К.Омиралиеванын эмгегинде чагылдырылса [32, 28-б.], А.С.Ташауованын «Соматические названия в языке «Кодекс куманикус» и их лексико-семантические группы» деген эмгегинде да соматизмдер каралып, тематикалык группаларга бөлүштүрүлүп, лексикалык бирдиктердин көпчүлүгүн соматизмдер түзөрү айтылат. Ал эми Л.И.Ройзензондун айтуусу боюнча, соматизмдер ички формага ээ фразеологиялык жана реалдуу маанилердин компоненттеринен турса [59, 260-265-б.], Д.Х.Базарова адамдын *баш, көз, мурун, кулак* сыяктуу негизги дене бөлүктөрдүн катышуусу менен жасалган кийимдин *ич кур, бел кур, ич тон, ич кийим, кол кап, баш кийим, бут кийим ж.б*. аталыштарынын семаника-грамматикалык структурасын иликтеген.

М.Н.Азимов тажик жана англис тилдериндеги соматикалык лексикага анализ жүргүзсө, А.Болганбаев анатомиялык аталыштардын фразеологиялык сөздүгүн түзүп чыккан. Казак изилдөөчүсү Г.Н.Смагулова «немец жана казак тилиндеги жаныбарлар жөнүндөгү фразеологизмдерди» изилдеп, кыймыл-аракеттин негизинде пайда болгон фразеологизмдерди «кинесикалык фразеологизмдер» деп атап, ага тиешелүү ***алакан*** *жайуу,* ***мурдун*** *көтөрүү,* ***бармагын*** *тиштөө,* ***кучак*** *жайуу,* ***эрдин*** *чүрүштүрүү ж.б.у.с.* мисалдарды көрсөтүү менен, ушул өңдүү бейвербалдык каражаттар мезгилдин өтүшү менен өзүнүн түз маанисинен көмүскөлөнүп фразеологизмдик маниге өткөндүгүн белгилеген [162,406-409-б.]. Бул пикирди А.В.Филиппов жана В.Д.Кутловскаянын көз караштары да башка бир табияттагы түшүнүккө өтүп, фразеологизмдердин пайда болушуна алып келет» - деген. Бул маселе кыргыз тилинде да каралып, А.Ботобекова, Г.И.Берестнев ымдоо-жаңсоолордун маанилерин изилдеп жатып “айлана-чөйрөдө болуп жаткан кыймыл-аракеттердин аң-сезимдеги чагылышы адамдын өзүнүн денесинин кыймылы менен туюндурулуп, кишинин антропоцентристтик борборду түзгөн дүйнө таанымдык түшүнүктө, соматикалык фразеологизмдер аркылуу курчап турган чөйрөнүн адам аң-сезимине чагылышын аңдап билүүгө болот” - деген тыянакка келишкен [51, 102-б.].

Демек, түркологияда соматизмдер көбүнесе фразеологизмдер менен биргеликте изилденип, алардын фразеологизмдерди уюштуруудагы өзгөчөлүктөрүнө басымдуу көңүл бурулган.

1.3. Кыргыз тил илиминде соматизмдердин изилдениши

Кыргыз тилиндеги адамдын дене мүчө аталыштары лингвистикалык планда атайын диссертациялык изилдөөнүн темасы болуп алынбаса дагы, лексикада бул катмар бир катар окумуштуулардын эмгектеринде изилдөө максаттарына жараша каралып келген. Алсак, Б.М.Юнусалиев (1959), Б.Ө.Орузбаева (1964), С.Кудайбергенов (1980), С.Сыдыков (2017), К.Сейдакматов (1984), Н.Бейшекеев (2001), С.Өмүралиева (2002, 2005), М.Толубаев (1991), М.Мураталиев (1976), С.Ж.Мусаев (1999), М.Ж.Тагаев(2017), Т.С.Маразыков (2004), А.Ботобекова (2007), О.С.Абдыкаимова (1992), А.Кармышаков (1992), О.С.Абдыкаимова (1992), С.С.Жумалиев (2003), С.З.Садыкова (2018) ж.б окумуштуулардын эмгектеринде кыргыз тилиндеги дене бөлүктөрүн атаган сөздөр тарыхый лексикографиялык, лексикологиялык, лексика-семантикалык, этимологиялык, тексттик семантика сыяктуу жагдайлардан изилдөөгө алынган.

XX кылымдын 50-жылдары профессор Б.М.Юнусалиев кыргыз тилиндеги дене мүчө аталыштарынын көпчүлүгүнүн башка түрк тилдеринде гана эмес, алыскы тектеш тилдер болуп эсептелген монгол жана манжур тилдеринде да ошондой эле аталыштар менен жолуга турганын баса белгилесе, Б.Ө.Орузбаева кыргыз тилинин лексикасынын өзүнчө бир тобун түзгөн дене мүчөлөрдүн аттары байыркы мезгилден тарта уңгу түрүндө айтылып келатканы жана алардын айрымдарынын гана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулганына токтолот. Ал эми М.Толубаев кыргыз тилинин байыркы лексикалык катмарына кирген «Адамдын дене мүчөлөрүн билдирген сөздөрдү» лексика-семантикалык топторго бөлүп изилдөөгө алып, изилдөө материалдарын жакынкы жана алыскы тектеш тилдер менен салыштыруу

аркылуу алтай тобуна кирген тилдердин жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоого аракет жасаган [168, 213-259-б.].

Вербалдуу эмес каражаттардын ойду билдирүүдөгү ролу, мааниси, орду жөнүндө С.Өмүралиеванын “Вербалдуу эмес каражаттардын тексттик белгилери”, С.Ж.Мусаевдин “Кеп маданиятынын маселелери”, Т.С.Маразыковдун “Унчукпоо тибиндеги тексттин табияты”, А.А.Мурзакматовдун “Вербалдык эмес компоненттердин кыргыздын этикетиндеги орду” аттуу илимий эмгектерде изилденет.

М.Ж.Тагаев адамдын өйдө жагындагы дене бөлүктөрүн - *баш, төбө, чоку, бел, жон, жал ж.б.,* төмөн жактагы дене бөлүктөрүн – *этек, таман, согончок;* ички органдар – *колтук, бөйрөк, ооз, тамак* ж.б., сырткы дене бөлүктөр – *келбет, бет, кол*, алдыңкы жактагы дене мүчөлөр – *маңдай, чеке, төш, боор, көкүрөк*, арка жактагы дене мүчөлөр – *жамбаш, арка бел, далы, кабырга ж.б.,* борбор бөлүктөрү – *киндик, жүрөк*, сыйдам келген дене мүчөлөргө – *бет, боор ж.б*., шишимек келген дене мүчөлөр – *тумшук, мурун, каш, эрин ж.б.* кичине – чоңдугуна карата *алакан, жүрөк, жамбаш, арка бел, далы* деп бөлүштүрүп, бул дене мүчөлөрү тоо ландшафтарында, артефакттарда ж.б. метафораланып кеңири колдонуларын белгилеп көрсөткөн: Жараланган жүрөк - бул борбордук тоонун аталышы жүрөккө окшош Ысык-Көл облусунда, эки бирдей бөлүккө бөлүнүп турат. Бул географиялык аталыш поэтикалык элестүүлүктү да берип турат [166, 166-б.].

М.Мураталиевдин “Баатырдык кенже эпостордун тилиндеги бөтөнчөлүктөр” деген эмгегинде кыргыз эпосторунун тилиндеги лексикалык, фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик бөтөнчөлүктөрү кеңири анализге алынып, эпос менен көркөм поэзиянын тилиндеги карым-катыштар, фольклордогу семантикалык-стилистикалык бөтөнчөлүктөр, эпостордо көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу боюнча бөтөнчөлүктөр, курамында соматикалык сөздөр катышкан сөз айкаштарынын синтаксистик бөтөнчөлүктөрү изилдөөгө алынса [144, 163-б.], Н.Бейшекеев манасчы С.Орозбаков айткан “Манас” эпосунун вариантында 160тан ашуун

соматикалык сөз кездешерин белгилеп, соматикалык атоо сөздөрдүн генетикалык катмарларына жана алардын лексика-семантикалык бөтөнчөлүктөрүнө, адамдын дене бөлүктөрүнүн эпостогу колдонулуш жыштыгына статистикалык талдоо жүргүзүп, жыш колдонулуучу соматикалык атоолор катары адамдын дене мүчөлөрүнүн эң негизгилерин билдирген *көз, баш, кол, моюн, бой, жүрөк* ж.б.у.с. сөздөрдү, мисалы, *көз* 350 жолу, *баш* 316 жолу, *кол* 201 жолу, 50дөн 100 гө чейинки жыштыкта - *моюн* 62, *бой* 61, *жүрөк* 57, *сакал* 55, *бел* 50 жолу, калгандары 1ден 50гө чейинки жыштыкта колдонулганын көрсөтөт [42, 9-17-б.].

С.С.Жумалиевдин “Манас” эпосундагы диалектизмдер” жана “Манас” эпосунун хроно-топологиялык стратификациясы” аттуу илимий изилдөөлөрүндө аталган эпостогу адамдын дене мүчөлөрүнө байланышкан сөздөрдүн семантикасы, этимологиясы, номинациясы диалектологиялык жана тарыхый лексикологиялык аспектиден изилдөөгө алынса [89, 90,179-212-б.], О.С.Абдыкаимованын «Функционально-семантическое и структурно-семантическое исследование соматических фразеологизмов» деген изилдөөсүндө кыргыз жана немис тилдериндеги адамдын дене мүчөсүнө байланыштуу фразеологизмдердин семантикасы, структурасы жана функциясы изилденген [12, 20-б.].

Кыргыз тилиндеги соматикалык фразеологизмдер менен бейвербалдык каражаттардын окшош жана айырмачылыктары тууралуу изилдөөчү А.Ботобекова: «Соматикалык фразеологизмдердин ишараттардан айрымасы - алардын туруктуулугунда, өз алдынча берилгенде маениге ээ эместигинде. Күндөлүк турмушта колдонулган белгилүү бир кыймыл-ишарат адамдын ички жан дүйнөсү, сезими, ал-абалы менен байланышкан болот. Экинчи мааниси кийинки планга сүрүлүп чыгып, туруктуу маанини туюнтуучу касиетке ээ болот. Бул учурда ишараттык маани жок болушу жана бир гана фраземалык маани сакталып, же экөө параллель иштелиши мүмкүн. Адамдын ымдоо, жаңсоолору, дене кыймылы убакыттын өтүшү менен абстрактуу семантикага ээ болуп, фразеологизмдердин катарын толуктайт, фразеологизмдердин ичинен

адамдын жүрүм-турумуна байланыштуу бирдиктери өзгөчө маниге ээ. Бул түрмөктүн курамында тилдик эмес каражаттар катышып, пикир алышууда ымдоо-жаңсоонун элементтери коштолуп, кандайдыр бир маалыматты алып жүрөт. Мындай фразеологизмдердин негизин (кинесикалык фразеологизмдер) ымдоо-жаңсоолор түзөт. Алардын өзгөчөлүгү болуп сүрөттөө жана ага байланыштуу символика түзөт. Жест адам жүзүнө тиешелүү кыймыл-аракетти символдоштурат. Фразеологизмдердин мааниси ымдоо-жаңсоолорго караганда кеңири: *Жаалы чыкты сөзүнөн, Жалыны чыкты* ***көзүнөн*** - абдан ачууланууу, каардануу-деп белгилесе [51, 189-б.], дагы бир изилдөөчү Ж.А.Артыкова өзүнүн "Соматикалык фразеологизмдер жана бейвербалдык каражаттар" деген макаласында фразеологизмдердин курамында *көз, мурун, бет, ооз, тил, тиш, кол, бут* сыяктуу дене бөлүктөрүнүн аталыштары көп колдонуларын, бейвербалдык каражаттар баарлашуудагы экспрессивдик-регулятивдик функцияны аткаруучу, көрүү аркылуу кабыл алынуучу кыймыл-аракеттердин диапазонун жана *кол, бут, дене, бет, көз ж.б.* дене мүчөлөрүнүн кыймылынан сырткары, үндүн өзгөрүлүп чыгуусу, ыйлоо, үшкүрүү, өңү-түсүнүн кызарып, бозоруп өзгөрүүсү, ошондой эле буюмдарды колдонуу, тилдик эмес түшүндүрүү каражаттары: эшикти каккылоо, сүйлөп жаткан кишиге көңүл бурдуруу, адамдын кийинүүсү, чач жасалгалоосу, түстөр, кол жазмасы, сүйлөшүү учурундагы аралыктар, жыттар сыяктуу дене мүчөлөрүнүн катышуусу аркылуу жасалган бейвербалдык каражаттарды изилдөөгө алат [25, 45-47-б].

Кыргыз жана орус тилдериндеги соматикалык фразеологизмдерди структура-семантикалык жактан салыштырып изилдеген А.О.Кармышаков кыргыз соматикалык фразеологизмдеринде *баш, көз, ооз, тиш, кол, бут* ж.б. дене мүчөлөрүнө байланышкан туюнтмалар көп колдонулгандыгын, ал эми *өпкө, бел, жамбаш, кабак, жаак, кирпик* сөздөрү орус тилинде пассивдүү экендигин, *көнчөк, кызыл ашык* эки тилде тең нөлгө барабар экендиги, кыргыз тилине караганда орус тилинде *дене, нерв системасы, таноо, таман* активдүү колдонулгандыгын көрсөтсө [106, 25-б.], бул маселеге тиешелүү Р.Алишеванын

«Соматические компоненты фразеологизмов в английском и киргизском языках» деген эмгегинде адамдын жашоосунда эң керек башкы орундарда турган органдардын бири болгон *жүрөктүн* ар түрдүү абалын билдирген фразеологизмдерге [21,93-99-б.], Ч.А.Асылбекова тарабынан дене мүчөлөр катышкан фразеологизмдердин маанилерине көңүл бурулган [28, 87-90-б.].

Азыркы кыргыз тилинде дагы соматизмдер дене мүчөлөрдүн аталыштары катары биология, медицина илимдери менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, бул илимдердин өнүгүшү тилдин лексикасына соматикалык жаңы сөздөрдү кошуп, жаңы сөз маанилери менен байыткан. Академик И.К.Ахунбаевдин сөздүгүндө: «Медицина и биология изучают каждую часть тела человека более деятельно, а это значит, что возникает необходимости новых понятиях, а следовательно в их словесных обозначениях» - деп соматизмдердин маанисин баса белгилөө менен, илим - билим, технологиянын өнүгүүсү менен *жүрөктүн жылгасы «сердечная борозда», жаактын жыштык чети «слезный край верхней челюсти», көздүн жаш баштыгы «слезный сосок глаза»* деген сыяктуу жаңы аталыштардын кыргыз тилинде пайда болгонун мисал катары көрсөтөт [33, 8-9-б.].

Демек, кыргыз тил илиминде адамдын дене мүчөсүнө байланышкан негизги түшүнүктөр, сөздөр, фразеологизмдер лексиканын байыркы өзөктүү катмары катары түрдүү аспектидеги изилдөөлөрдүн обьектиси боло алары айкындалганын жана тилдеги, анын ичинде фольклордогу соматизмдерге байланыштуу түшүнүктөр, сөздөр терең изилдөөлөргө муктаж экендигин баса белгилемекчибиз.

1.4. Кыргыз тилинин соматикалык лексикасын изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери

Сөз коомдо пикир алышуунун универсалдуу каражаты катары турмуштагы чындык менен аны атоо милдетин өтөп тургандыктан, алар өзүнүн табияты, кызматы, түзүлүшү боюнча тилдеги татаал жана көп кырдуу кубулуш болуп саналат. Сөздүн тыбыштык түзүлүшү, маани берүүчү бөлүгү, уңгу-

мүчөгө ажырашы, мүчөнүн сөзгө жалганышы, сүйлөмдөгү аткарган кызматы, семантикасы, этимологиясы, анын ар бир деңгээли жана багыты менен өз ара карым-катышы боюнча кыргыз тил илиминде изилденип келе жатат.

Кишинин аң-сезиминин натыйжасында бул же тигил заттын, же көрүнүштүн пайда болушу сөздүн семантикалык маанисинин жаралышына түрткү болуп, сөздүк составдагы тиешелүү сөздүн лексика-семантикалык талаасына кабылданып, тилде лексика-грамматикалык маанилерге ээ болот, сөздүн тыбыштык жагы менен анын берген мааниси бири-бирине өз ара тыгыз байланышып-тутумдашат. Ал эми сөз маанилеринин кеңейиши сөздүк составдын байышына түрткү берип, адамдын сөз чеберчилигин өркүндөтүп, ал сөздөрдү стилдик жактан ар түрдүү колдонулушуна жол ачат. Сөз маанилеринин кеңейиши менен колдонулушу коомдук турмуштагы өзгөрүүлөргө жараша, өндүрүштүн, экономиканын, маданияттын, турмуш-тиричиликтин өсүп-өнүгүшүнө жараша ишке ашат. Натыйжада, моносемиялык сөздүн көп маанилүүлүгү (полисемия) келип чыгат. Маселен, *«бел»* деген дене бөлүгүн туюнткан сөздүн тилде бир нече маанилери бар: 1) дененин жамбашка чейинки ичкерээк тартып кеткен бөлүгү, арканын жамбашка чейинки бөлүгү; 2) бир нерсенин орто чени, орто бөлүгү; 3) Өтмө мааниде: жөлөк, таяныч, тирек; 4) тоо кыркаларынын ашып өтүүгө ылайык келген жери, кайкыраак жери” [124, 125-б.]. Ошону менен бирге *бел* деген дене бөлүгү катышкан төмөндөгүдөй сөз айкаштары менен фразеологизмдерди мисал катары берүүгө болот: 1) *бел байлоо* - бир ишти иштөөгө, максатка жетүүгө киришүү; 2) *бел тутуу* - медер кылуу, кимдир бирөөгө таянуу, ишенүү; 3) *бел алдырбоо* - сыр алдырбоо; 4) *белге таңуу* - бел тутаарлык таяныч, ишенимдүү жөлөк; 5) *бешиктен бели чыга элек* - али жаш, кичине, бойго жете элек, эр азамат боло элек; 6) *бел куда* - балдары төрөлө электе, энелеринин боюнда экендигинде кудалашып койгондук; 7) *бел бакан же жел бакан* - шамал болгон учурда боз үйдүн ичинен тиреп колдонуучу бакан” [124, 126-б.].

Жогоруда белгилегендей, “сөздүн көп маанилеринде бири-бири менен семантикалык жактан байланыш болот. Ошол байланыш аларды бир эле сөздүн

көп мааниси деп эсептөөгө негиз берет, же болбосо жаңы маниге ээ болгон сөздөр ошол сөздүн мурдагы маанилерин кошо сактоо менен андагы көп маанилүүлүктү пайда кылат. Жаңы пайда болгон маани менен анын мурдагы маанилеринин катар жашашы ошол сөздүн негизги маанисинин туруктуулугуна жараша болот, сөздүн маанилери кеңейет [84, 38-39-б.].

“Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө” адамдын дене мүчөсү «*баш»* сөзүнүн 11 (он бир) мааниси, мисалы: *баш сөөк* («череп»), *буудайдын башы* («колос пшеницы»), *суунун башы* («исток начало реки»), *иштин башы* («начало работы»), *колдун башы* («кончик пальцев»), *тоонун башы* («вершина горы») ж.б. маанилери көрсөтүлгөн [126, 118-б.]. Ал эми К.К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” *баш* сөзүнүн 11 мааниси, “Каракалпакча-орусча сөздүктө” 12 мааниси, “Өзбек-орус тилдеринин сөздүгүндө” 6 мааниси, “Азербайжан-орусча сөздүктө” 9 мааниси, алтай жана кумык тилдеринин сөздүктөрүндө үчтөн маанилери берилген. Ал эми 2016-жылы чыккан “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө 251баш, 244 көз, 225 кол, 87бет дене мүчөсү менен жасалган сөз, сөз формалары камтылган. Демек, башка тектеш тилдерге салыштырмалуу алганда кыргыз тилинде адамдын дене мүчөлөрү өтө көп колдонулары байкалат.

Профессор Б.М.Юнусалиев көп маанилүү сөздөр байыркы убакта эле өнүгүп, алар азыркы кезде да бир-эки муундуу уңгу сөздөрдө, өзгөчө анатомиялык атоолордо, *көз, баш, бел, кол ж.б.у.с.* сөздөрдө кеңири сакталып калгандыгын белгилеп [46, 16-б.], кыргыз тилинин төл сөздөрүндө үндүүлөрдүн таңдай күүсү жана эрин күүсү боюнча үндөштүгү туруктуу сакталарын жана бардык муундарда басымдуу орун аларын *жүрөк, өпкө, бөйрөк, ашказан, ичеги ж.б.* дене мүчөлөрдүн аталыштарынын мисалында далилдеп көрсөткөн [46, 26-б]. Андыктан, кыргыз тилинин лексикалык составы көп кылымдар бою калыптангандыктан, адамдын дене мүчөлөрүнүн аталыштары дагы узак мезгилдин натыйжасы болуп саналат.

М.Толубаев азыркы түрк тилдеринде *-ын, -ин, -ун, -үн* мүчөсү менен аяктаган сөздөр дене бөлүктөрүн билдирерин жана ал формалар байыркы

уңгуларга жалганганын белгилөө менен, мындай формаларга: “**-ын, -ин** мүчөсү менен соматизмдер: *мой+ун, кар+ын, эр+ин, жүл+үн, муу+н ж.б.;* **-ш** мүчөсү менен бир муундуу соматизмдер: *ба-ш, ти-ш, тө-ш, ка-ш;* **- т** мүчөсү менен бир муундуу анатомиялык аталыштар: *бе-т, э-т, ө-т, ча-т;*

- з мүчөсү менен бир муундуу соматизмдер: *кө-з, жү-з, бе-з, ти-з-е;* **- л** мүчөсү менен бир муундуу соматизмдер: *ти-л, бе-л, ко-л;* **- к** мүчөсү менен бир муундуу соматизмдер: *жаа-к, ээ-к;* **–ак, -ек, -ык, -ик, -ук, -өк** мүчөлөрү менен аяктаган эки муундуу соматизмдер: *кул-ак, каб-ак, там-ак, кирп-ик, бил-ек, тырм-ак, колт-ук, жүр-өк, ич-ек, куйр-ук, жил-ик, том-ук, сөө-к, бөйр-өк, шыйр-ак, курс-ак ж.б.;* **-ка, -ке** мүчөсү менен *жел-ке, ар-ка, кол-ко, че-ке ж.б.;* **-й, -ай, -ей,-өй** мүчөлөрү менен *саам-ай, таңда-й, маңд-ай, көмөк-өй ж.б.;* **-р, -ыр, -ир** мүчөсү менен *боо-р, балт-ыр,* **-га, -ка** мүчөсү менен үч муундуу *кабыр-га, омурт-ка, карчы-га ж.б.;* **-чак, -чек** мүчөсү менен *куймул-чак, чемирчек, кемир-чек ж.б.* анатомиялык аталыштарын киргизген [168, 259-276-б.]. Ошентип, кыргыз тилиндеги адамдын дене мүчө аталыштарынын структуралык жактан түзүлүшү боюнча дагы өтө узак мезгилдерди басып өтүп, азыркы абалында калыптангандыгын байкай алабыз.

Эпостордо жана башка элдик оозеки чыгармаларда адамдын ички органдарынын жеке аталыштарынын өзүнчө колдонулушу сейрек көрүнүш, бирок түрдүү сөздөр менен айкалышта айтылган учуру көп кездешип, түрдүү стилдик милдеттерди аткарат. Алсак, Н.Бейшекеев «Манас» эпосунда кездешкен адамдын дене мүчөлөрүнө байланыштуу сөздөрдү адамдын анатомиялык дене түзүлүшү жөнүндөгү түшүнүккө ылайык төмөнкүдөй бир нече топко бөлгөн. Адам жана анын дене түзүлүшүнө байланышкан жалпы түшүнүктөрдү билдирүүчү сөздөр:

Бой - *бой/азат бой, таман бой, опо бой, кара бой, тула бой, дене /дене/, жан, кара жан (душа), жан (адам, киши), мүчө, тери, эт, көз, кан, сөөк, чырай, өң, ыраң, сымбат, турпат*.

Баш, анда жайгашкан дене бөлүктөрүнүн аттары: *кара баш, куу баш, тиш, кашка тиш, азуу тиш, айдар бет, дидар, жаак, каш, кулак, кабак,*

каңылжаар, кирпик, желке, кара куш, маңдай, мурун, мурут, мээ, мыйык, ооз, сакал, саамай, төбө, тумшук, мурун, таноо, таңдай, тил, уурт, чач, чоку, чечекей, чеке, чел, чыкый, чыкчыт, эрин, ээк.

Моюн, **тамак** тарапта жайгашкан атоолор: *алкым, кекиртек, өңгөч, тамак, шили, желке, көк желке*.

Көкүрөк, көкүрөк көңдөйүндөгү дене бөлүктөрүнүн аттары: *боконо, кабырга, көкүрөк, көөдөн, жүрөк, өпкө, өңгөч, кызыл өңгөч.*

Ич көңдөйүндөгү дене бөлүктөр: *өт, боор, кара боор, бөйрөк, жумур, ич ичеги, карын, курсак, киндик, табарсык.*

Арка, бел тараптагы дене бөлүктөрүнүн аталыштары: *арка, кыр арка, бел, боконо, омуртка, ооз омуртка, соору, сүбөө, жүлүн*.

Кол-бут - *ийин, жамбаш, алакан, акырек, балтыр, балтыр эт, билек, бут, бармак, далы, жамбаш, жоорун, ийин, кол, колтук, куймулчак, кулач, манжа, муштум, сан, тизе, томук, тырмак, чыканак, чыпалак, чат, шыйрак ж.б*. [42, 9-18-б].

Аталган сөздөрдүн тарыхый өнүгүш булагын карасак, алардын курамынын негизги басымдуу бөлүгүн жалпы түрк төл сөздөрү түзүп, башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн аз экендиги түркологияда аныкталган. Профессор Х.Карасаевдин «Өздөштүрүлгөн сөздөр» [101, 421-б.] аттуу сөздүгүндө адамдын дене мүчөлөрүн билдирген араб, иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөр да катталган. Мындай түрк тилдерине мааниси боюнча бирдей болгон орток сөздөргө адамдын эң негизги ***баш, мээ, бет, көз, мурун, ооз, кулак, каш, чач, моюн, төш, бел, кол, ийин, бут, тизе, чыканак, таман, карын, ичеги*** *ж.б.у.с.* дене мүчөлөрүнүн аталыштары кирет. Арийне, адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр өзүнүн узак өнүгүү доорунда аздап болсо дагы айрым бир өзгөрүүлөргө учураган, кээ бир сөздөрдүн маанилери тарыган, айрымдары колдонуудан чыгып архаизм сөздөргө айланган. Бул сөздөрдүн тыбыштык жагынан гана айырмасы болбосо, бардык эле түрк тилдеринде бирдей даражада колдонулары да белгилүү. Андыктан фольклордо, айрыкча «Манас» эпосунда кездешкен адамдын дене мүчө аталыштарын билдирген

сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын басымдуу бөлүгү кыргыз тили менен катар эле башка тектеш тилдерде да колдонулат десек жаңылышпайбыз.

Азыркы кыргыз тилинин лексикасында соматизмдер арбын учурайт жана алар жашоо-турмуштун төмөнкүдөй ар кыл чөйрөсүндө кездешет:

- фразеологизмдерде абдан көп колдонулат: *катуу баш, балтыр эти толо элек, башы бар, көрөр көз, сак кулак, кол бала, кабыргасы менен кеңешүү, кабыргасы кайышуу, баш көтөрүү, бут тосуу ж.б.* Бирок фразеологизмдердеги соматикалык бирдиктер башка тилдик бирдиктер менен дээрлик алмаштырылбайт. Алсак, *өпкөсү жок* - мактанчаак адам, *жүрөгү жок* - коркок адам, *коен жүрөк* – коркок адам, *эттен түшүү* - арыктоо, *шилекейи куюлуу* – табити ачылуу ж.б.;

- кийим-кечек аталыштарында учурайт: *тебетей, ичик, бел кур, кол кап, моюн орогуч, белдемчи, бут кийим ж.б.;*

- үрп-адат, каада-салттарда кездешет: *бел куда, баш кошуу, өпкө чабуу ж.б.;* - улуттук оюндарда да соматизмдер колдонулат: *кол күрөш, бел күрөш, кулак чоймой, көз таңмай ж.б.;*

- диний салт-жөрөлгөлөрдө: *ооз ачуу, ооз жабуу ж.б.;*

- географиялык аталыштарда да колдонулат: *Ак-Шыйрак, Көк-Бел, Аюу-Бет, Арча-Бет, Төө-Моюн, Туя-Моюн, Тоң-Мурун, Ай-Таман, Таш-Тумшук, Кум-Бел, Кызыл-Бел, Көк-Бел, Жоо-Жүрөк, Карала-Жүрөк Жалпак-Тил, Жар-Башы, Ала-Бел, Жаз-Ооз, Кең-Кол, Ат-Башы ж.б.;*

- адам аттарында да кездешет: *Такырбаш, Сарыбаш, Кашкабаш, Карачач, Алтынчач, Көккөз, Аккирпик, Каракаш, Калемкаш, Акбилек, Бокмурун, Көзкаман, Көкчөкөз, Карынбай, Алтынкөкүл, Керкөкүл ж.б. [86,1990:180];*

- лакап аттарда да соматизмдер катышат: *Жел Таман, Бото Көз, Жел Өпкө, Кумурска Бел ж.б.;*

- адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөрдүн көпчүлүгү айбанаттарга карата дагы ошол эле мүчөнүн аты катары колдонулат: *койдун башы, уйдун*

көзү, коендун кулагы, арстандын жүрөгү, төөнүн боору, бөйрөгү, саны, буту ж.б.;

- өсүмдүктөрдүн окшош бөлүктөрүн атоо үчүн да колдонулат: буудайдын *башы*, гүлдүн *башы*, бактын *башы* ж.б.;

- сан атоочтордун катышы менен уюшулган соматикалык фразеологизмдерде: ***алты*** *саны аман, көзүнүн жашы* ***он*** *талаа,* ***эки*** *көзү төрт ж.б.;*

- соматизмдер сын атоочтор менен айкаша айтылып образдуулукту туюнтууда колдонулат: *кызыл өңгөч, кызыл кекиртек, ак жүрөк, сак кулак, кызыл көз, кызыл кулак, кара бет, кызыл аяк, көк жал ж.б.* Фольклордогу адамдын дене мүчөлөрү катышкан компоненттерде сын атоочтор жыш колдонулат. Сын атоочтор заттардын өзүндө болгон, алардын табияты менен байланышкан ар түрдүү белгилерди туюндуруу зарылдыгынан улам колдонулат. Ал белгилер катары заттардын, нерселердин өң-түс, көлөм, форма, даам-татым, сапат ж.б. жагынан болгон сапаттык өзгөчөлүктөр болуп эсептелет. Мисалы, *эт чыбыктай, акак тиштүү, айнектей көзү, нурдуу кызыл бети, олоңдой чачы, айдай жүзү болуп* айтылганы дене мүчөлөрүн образдуу, элестүү берүү сын атоочтун негизги милдети болуп эсептелет;

- дене мүчөлөрүн атаган айрым синоним сөздөрдү уюштурат: *бет - жүз, өң – түс ж.б.;*

- дене мүчөлөрүн атаган айрым антонимдик маанидеги кош сөздөрдү уюштурат: *баш-аяк, кол-бут ж.б;*

- элдик оозеки чыгармаларда соматизмдер кеңири кездешет: *Белим* кеткен бөкчөйүп, *көзүм* калган чакчайып, *көөдөнүм* калган кирилдеп, агарып сакал бириндеп, *жаак-башым* шылдырап, (“Эр Төштүк”. –Фрунзе, 1956,338-339); деп ошентип шер Жаңыл, *колуна* аркан чырмады. *Жүзүнөн* чыгып заары, кайраты катуу ырбады (“Жаңыл Мырза”, инв.1447, 92).

Соматизмдер кыргыз ырларында, диалект, говорлорунда да өтө кеңири кездешет. Маселен, адабий тилде *эрин* деп айтылчу соматикалык сөз кыргыз тилинин түштүк-батыш диалектисинде *илеп, илэп // илап* түрүндө колдонулат.

Ушул диалектинин өкүлү катары белгилүү акын Барпы Алыкулов өзүнүн «Мөлмөлүм» аттуу ырында «эки *илебиң* кызыл гүл, ачылгандай мөлмөлүм» деп диалектидеги *илеп* деген соматикалык сөзүн чеберчилик менен колдонуунун натыйжасында ырдалып жаткан кыздын эринин жаңы ачылып келе жаткан кызыл гүлдүн элесин чагылдырган көркөм образдуу формада берүүгө жетишкен.

Беттин көркү нур менен,
Белдин көркү кур менен....
Эки илабиң — кызыл гүл
Ачылгандай, Мөлмөлүм,
Бир карасаң — *жүрөккө от*
Чачылгандай, Мөлмөлүм.
Маңдай чачың — Маргалаң
Жибегиндей, Мөлмөлүм....
Гүлзар кылчы *жүрөктүн*
Какшып жаткан чөлдөрүн.
Оозуңдагы отуз тиш
Күрүчтөн кынап тизгендей...
Башымды берем тартууга
Кедей деп менден качпагын.
Секин баскан *бутуңдан,*
Сейдана мончок жытыңдан.
Кадам койгон *бутуңдан,*
Калемпир мончок жытыңдан...
Чыгарып койсоң *боор* ооруп,
Чырагың болуп жагылсам.
Алты оролуп *мойнуңа*
Ак маржан болуп тагылсам.
Бетиме түшсө жамалың,
Ашыглык отко жанамын.

Алкымыңа жарашкан
Алтын иймек сагагың.
Ай тийгенсип көрүнөт
Ак бермет таккан *тамагың*...
Кедейликтин дартынан
Тышым жалын, *ичим* чок.
Маңдайга жазган ушубу?..
Чечалбадым мен ойлоп.
Бир мен эмес канчалар
Көз артып жүрөт өзүнө.
Баян кылып өтөйүн
Кулак салсаң сөзүмө:
Кедейинде — *жүрөк* бар,
Чабалында – тилек бар [22, 145-б.].

Демек, соматизмдер ырларда да кеңири кездешет. *Алкымыңа* жарашкан, Алтын иймек сагагың деген ыр саптарында *сагак*- чынжырча (цепочка), иймек – сөйкө (серги) дегенди билдирсе, *Сагак* сөздүктө Ак алмадай *сагагын*, Акактай аппак *тамагын* (у человека подбородок, второй подбородок) синоним. ээк, богок деген маанини да билдирет [128, 120-б.]. Соматизмдер аркылуу окуянын ар түрдүү жагдайы тышкы көрүнүшү угуучуга өзгөчө кызык угулуп, көз алдыга тартылып, катышкан каармандарынын образын, мүнөзүн, айлана-чөйрөсүн “тирүү” обьектиге айлантып турат.

Тилдеги кээ бир сөздөрдү өз аты менен атабай, жымсалдап, башка сөз менен атап, же айтууга ылайыгы келбеген сөздөрдү сылык, сыпайы сөздөр менен атоочу соматизмдер, башкача айтканда, соматикалык эвфемизм, тергеме сөздөр да кездешет. Мындай көрүнүш кыргыз элинин дүйнө таанымы, ишеними менен байланыштуу. Белгилүү болгондой, кыргыз элинде келиндер күйөөсүнүн туугандарын тергеп, башка аттар менен аташкан. Мисалы: *Ак чач, Кара сакал, Сары чач, Орсок тиш, Чоң Мурун ж.б.;* адамдын физиологиялык

сапатына карай *кулагы* укпайт - *кулагы* катуу, *көзү* сокур - *көзү* азис *ж.б.; көз жарды* - төрөдү, *көзү өтүп кетти* - каза болду, өлдү ж.б.

Кыргыз эли дыйканчылыктан сырткары негизинен мал чарбачылыгы менен өмүр сүрүп, эт-сүт азыктары менен тамактанышканы маалым. Ар бир кыргыз мал сойгонду билип, малдын ички анатомиялык түзүлүшүн мыкты билген. Алсак, малдын ички органы *боор* тегиз, жылмакай экенин байкашып, аны айлана-чөйрөдөгү окшош нерселерге метафоралаштырып салыштыруудан улам *тоонун боору, боордой тегиз, боорум, бир боор, боорукер, таш боор, боору катуу* ж.б.у.с. соматикалык сөздөр, сөз айкаштарынын жаралышына негиз болгон.

Кыргыз фольклорундагы соматизмдер семантикалык мааниси, жасалышы жана чыгыш теги жактан ар түрдүү. Айталы, адамдын тышкы көрүнүшүн, келбетин сүрөттөөдө ар бир дене мүчөсүнө ылайык лексикалык бирдиктер тандалып алынат. Мисалы: *бото көз* дегенде соматикалык *көз* сөзүнө *бото* деген кошумча сөз бирдиги кошулуп, *көздүн* өзгөчө бир образдуу формасын, элестүү көрүнүшүн билдирди. Мындагы «бото» сөзү адамдын башка дене мүчөлөрүн сүрөттөөдө колдонулбайт, ал бир гана *көзгө* тиешелүү компонент десек жаңылышпайбыз. Ошондой эле *көзгө* карата айтылган бир топ лексикалык бирдиктер бар: *карагаттай көз, балбылдаган көз, мөлтүрөгөн көз ж.б.* Мындай аталыштар башка бир затка, нерсеге салыштырылуу менен адамдын көрүнүшүн так, элестүү, образдуу ачып бере алуучу касиетке ээ. Мисалы, *кымча бел* дегенде дароо көз алдыбызга бой-келбети келишкен, сымбаттуу, сүйкүмдүү сулуу кыздын элеси келет, же *өңү серт* дегенде түрү суук, коркунучтуу, жагымсыз адамдын образы тартыла түшөт. Бул көрүнүш оозеки кепте, ошондой эле көркөм текстте орун алуу менен, окуганда же укканда угуучунун, же окурмандын көңүл күүсүн, ички сезимдерин козгоп, эстетикалык таасир берип турат жана адамдын сөз байлыгындагы өзгөчө катмарды да дал ушул өңдүү сөздөр түзөт. Фольклордогу мындай туруктуу эпитеттер, сөз айкаштары аркылуу салыштыруулар элдин менталдык дүйнө

таанымында табиятта адам бардыгынын борборун түзүүчү элемент экендиги туюнтулуп турат.

А.М.Кочеваткин соматизмдерди сплахнонимиялык, ангионимиялык, остеонимиялык, сенсонимиялык группаларга классификациялаган [114, 174-б.]. Кыргыз тилиндеги адамдын дене мүчөлөрүнө байланышкан лексиканы ушул классификацияга ылайык төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот:

1. Сплахнонимиялык (грекче *splanchna* - «ички органдар», *onyma* -«ат») группага *тамакты аш кылуу, дем алуу, заара чыгаруу* өңдүү адамдын ички органдары кирет. Сплахнонимиялык лексика адамдын ички сезимин, тынчсызданууусун билдирет: *эр жүрөк* - баатыр, *таш боор* - мыкаачы, *өпкөсү жок* – мактанчаак. Тууганчылыкты билдирген *карындаш* деген сөздө да колдонулат, жакын бир тууганды, бир *карындан* экендигин билдирген метонимиялык маанидеги *карындаш* деген сөз жаралган.

2. Ангионимиялык (грекче *angeion* - «тамыр», *onyma* - “ат”) группага *кан тамырлар* жөнүндөгү аталыштар кирет. Тууганчылыгы жакын, *тамыры* бир, байланышы бар экендигин билдирген сөздөр же тескерисинче *канкор* 1.кесейин канчык *тилиңди,* канкордугуң билинди - кансоргуч, залим экендигин билдирет *2. Канкор* болсоң, шер болсоң, тууганга *көздү салыныз* (фольк). Манас баатырга карата айтылган эпитет.

3. Остеонимиялык (грекче *osteon* - «сөөк”, *onyma* - «ат”) группадагы аталыштарга *баш сөөк, тулку-бойдогу сөөктөр кирет: дос айрылат, сөөк кайрылат, сүт менен бүткөн, сөөк менен кетет, сөз сөөктөн өтүп, чучукка жетет, куда-сөөк ж.б.*

4. Сенсонимиялык (латынча *sensus* - *“сезим”, “туюу*”, грекче *onyma* - “ат”) группага сезүү органдары, *даам сезүү* органдары кирет. Булар адамдын сапатын, мүнөзүн билдирет: *тили саландоо* – суусоо, чарчоо, *таңдайы катуу* – суусоо ж.б.

Ошентип, кыргыз тилиндеги соматизмдерди изилдөөнүн жогоруда белгиленген илимий-теориялык негиздерине ылайык кыргыз фольклорундагы соматизмдерди лексика–тематикалык топторго ажыратып, алардын стилистика-

функционалдык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн илимий-методологиялык негизи бар деп айтууга болот.

I бап боюнча жыйынтык

Биринчи бапта соматизмдердин жалпы тил илиминде, түркологияда, кыргыз тил илиминдеги изилденишине илимий сереп жасоонун натыйжасында төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

1. Тил илиминде соматикалык маанидеги сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр лексикалык жана грамматикалык семантиканын орчундуу бөлүгүн түзөрүнө көңүл бурулуп, көбүнесе кадимки сүйлөө аракетинен, же коммуникациялык практика менен байланыштырылып изилденген. Себеби сөз, сөз маанилери тилдин ээси болгон улуттун тарыхый тажрыйбасын, басып өткөн жолун, дүйнө менен адамдын мамилесин көрсөткөндүктөн, алар аркылуу адамдын өзүн жана айлана-чөйрөнү таанып билүүсү аркылуу улуттук дүйнө тааануу маданиятынын калыптанышын жана буларга байланышкан каада-салт, жүрүм-турум эрежелеринин нормаларынын сакталышын, адамдын дене мүчөлөрүнүн аталышы менен алардын тилдик-стилдик, прагматикалык максатта колдонулушун тийиштүү лингвистикалык аспектиде иликтөө мүмкүнчүлүгүнүн кеңири экендиги жалпы тил илиминдеги түрдүү тилдердин мисалындагы изилдөөлөрдөн улам байкалып турат.

Тил илиминде ушул багытта Ф.Вакк, В.Д.Аракин, И.В.Арнольд, И.А.Бодуэн дэ Куртенэ, В.Г.Гак, Р.З.Гинзбург, Александр фон Гумбольдт, Б.А.Ильиш, А.И.Смирницкий, Л.В.Щерба, З.К.Ахметжанова, А.Вежбицкая, А.М.Еримбетова, Л.К.Жаналина, Е.А.Журавлева, В.П.Шубин, В.М.Багусловский, Ю.А.Долгополов, Р.М.Вайнтрауб, Н.Федуленкова, Ц.В.Бибилейшвили, Л.П.Смит, Н.В.Масалева, З.А.Богус ж.б. өңдүү окумуштуулар изилдешип, соматикалык лексиканы салыштырма аспектиде кароо универсалдуу белгилер менен конкреттүү өзгөчөлүктөрдү белгилүү тилдик системадагы маданияттын уникалдуулугу, улуттук менталитети жана тилдик системанын кээ бир спецификалык чөйрөсүн ачып берүүгө

мүмкүнчүлүк берери, адамдын дене бөлүктөрү катышкан фразеологизмдер байыркы учурда эле кеңири кездешкендиги жана аларды изилдөө зарыл жана кызыктуу экендиги, дене мүчөлөрү аркылуу адамдын өзүн жана айлана чөйрөнү таанып билүүсү, алар аркылуу улуттук дүйнө таануу маданиятынын калыптанышы жана буларга байланышкан каада-салт, жүрүм-турум эрежелеринин нормаларынын сакталышы сыяктуу проблемаларга кайрылган.

2. Түркологияда да соматизмдер изилдөөнүн обьектиси катары алынып, адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр лексиканын катмарындагы өтө байыркы жана туруктуу лексикага кирери жөнүндөгү маселелерди жалпы лингвистикалык планда, алтай тилдеринин тектештигинин аспектисинде В.В.Радлов, Л.А.Новиков, Д.Н.Шмелев, Г.Дерфер, М.Сводеш, Н.И.Ильминский, В.Д.Колесникова, А.В.Дыбо, К.Кенесбаев, А.Кайдар, Ф.Г.Исхаков, Г.Номинханов, К.Мусаев, М.Ж.Тагаев ж.б. белгилүү окумуштуулар изилдешкен. В.Д.Аракин, Р.З.Гинзбург, Л.В.Шерба, З.К.Ахмеджанова, М.К. Исаев, Е.Д.Сулейменова ж.б. өндүү түрколог-окумуштуулар изилдешип, соматикалык түшүнүктөрдү өзгөчө фразеологизмдердин составында көп колдонулгандыгына көңүл бурушуп, фразеологизмдердеги *баш, көз, мурун, ооз, тил, моюн, бут, колтук, ийин* дене мүчөлөрү түрдүү багытта талдоого алынган.

Ал эми Я.Р.Роджибаев М.Н.Азимов А.О.Кармышаков О.Назаров А.А.Исаев ж.б. өндүү бир катар окумуштуулар соматизмдердин түрдүү тилдердеги айтылышына жана туюнткан маанилерине карата башка тилдердин фактылары менен салыштырып изилдешкен. Кыскасы, түркология илиминде соматизмдер басымдуу учурларда фразеологизмдер менен биргеликте изилденип, алардын фразеологизмдерди уюштуруудагы өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулган.

3. Кыргыз тил илиминде адамдын дене мүчө аталыштары лингвистикалык аспектиден атайын изилдөөнүн темасы катары алынбаса дагы, лексикада бул катмар Б.М.Юнусалиев, Б.Ө.Орузбаева, С.Кудайбергенов, С.Сыдыков, К.Сейдакматов, Н.Бейшекеев, С.Өмүралиева, М.Толубаев,

М.Мураталиев, С.Ж.Мусаев, Т.С.Маразыков, А.Ботобекова, А.Кармышаков, С.С.Жумалиев, С.З.Садыкова, О.С.Абдыкаимова ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде каралып, дене мүчөлөрүн атаган сөздөр тарыхый лексикографиялык, лексикологиялык, диалектологиялык, лексика-семантикалык, этимологиялык, текстологиялык аспектилерден изилдөөгө алынган.

XX кылымдын 50-жылдарынан тартып кыргыз тилиндеги дене мүчө аталыштарынын түрк тилдеринде гана эмес, алыскы тектеш тилдер монгол жана манжур тилдеринде да ошондой эле аталыштар менен жолугары, дене мүчөлөрдүн аттары байыркы мезгилден тарта уңгу түрүндө айтылып келатышы, алардын айрымдарынын гана сөз жасоочу мүчөлөрдүн жардамы менен уюшулушу, лексика-семантикалык топтору, дене мүчө аталыштары аркылуу жакынкы жана алыскы тектеш тилдерге салыштыруу аркылуу алтай тобуна кирген тилдердин жалпылыгын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоого болору, курамында соматикалык сөздөр катышкан сөз айкаштарынын синтаксистик бөтөнчөлүктөрү, соматикалык атоо сөздөрдүн генетикалык катмарлары, алардын лексика-семантикалык бөтөнчөлүктөрү, адамдын дене мүчөлөрүнүн эпостогу колдонулуш жыштыгы, эпостогу адамдын дене мүчөлөрүнө байланышкан сөздөрдүн семантикасы, этимологиясы, номинациясы, адамдын дене мүчөсүнө байланыштуу фразеологизмдердин семантикасы, алардын структурасы жана функциясы, вербалдуу эмес соматикалык каражаттардын ойду билдирүүдөгү ролу, мааниси, орду, кыргыз тилиндеги соматикалык фразеологизмдер менен бейвербалдык каражаттардын окшош жана айырмачылыктары жөнүндөгү айрым маселелер гана изилдөөгө алынган.

Башкача айтканда, кыргыз тил илиминде адамдын дене мүчөсүнө байланышкан негизги түшүнүктөр, сөздөр, фразеологизмдер лексиканын байыркы өзөктүү катмары катары түрдүү аспектиден изилдөөнүн обьектиси болору белгиленгени менен кыргыз тилиндеги, анын ичинде кыргыз фольклорундагы соматизмдерге байланыштуу түшүнүктөр, сөздөр атайын пландагы изилдөөлөргө муктаж экендигин баса белгилемекчибиз.

4. Тилде сөз маанилеринин кеңейиши лексиканы байытып, адамдардын сөз чеберчилигин өркүндөтүп, сөздөрдү стилдик жактан ар түрдүү контекстте колдонулушуна жол ачат. Сөз маанилеринин кеңейиши менен активдүү колдонулушу коомдук турмуштагы өзгөрүүлөргө жараша ишке ашып, моносемиялык сөздүн көп маанилүүлүгү келип чыгат. Мындай көп маанилүү сөздөр байыркы убакта эле өнүгүп, алар азыркы кезде да бир-эки муундуу уңгу сөздөрдө, өзгөчө анатомиялык атоолордо, *көз, баш, бел, кол ж.б.у.с.* сөздөрдө кеңири сакталып калгандыгын байкайбыз жана кыргыз тилинин лексикалык составынын калыптанышы узак мезгилдерди камтыгандыктан, анын курамындагы адамдын дене мүчөлөрүнүн аталыштары дагы узак мезгилдеги тилдик процесстердин натыйжасы болуп саналат. Экинчиден, азыркы кыргыз тилиндеги адамдын дене мүчө аталыштарынын структуралык жактан түзүлүшү боюнча дагы өтө узак мезгилдерди басып өтүп, азыркы абалында калыптангандыгын байкай алабыз.

Аталган соматикалык сөздөрдүн тарыхый өнүгүш булагын карасак, алардын курамынын негизги басымдуу бөлүгүн жалпы түрк тилдериндеги төл сөздөрү түзүп, башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөрдүн аз экендиги аныкталган. Кыргыз тилинде адамдын дене мүчөлөрүн билдирген сөздөрдүн курамында араб, иран тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөр да экендиги катталган. Мындай түрк тилдерине мааниси боюнча бирдей болгон орток сөздөргө адамдын эң негизги *баш, мээ, бет, көз, мурун, ооз, кулак, каш, чач, моюн, төш, бел, кол, ийин, бут, тизе, чыканак, таман, карын, ичеги ж.б.у.с.* дене мүчөлөрүнүн аталыштары кирет. Бирок адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр өзүнүн узак өнүгүү доорунда айрым бир өзгөрүүлөргө учураган, кээ бир сөздөрдүн маанилери тарып, айрымдары колдонуудан чыккан. Азыркы кезде бул сөздөрдүн тыбыштык жагынан гана айырмасы болбосо, бардык эле түрк тилдеринде бирдей даражада колдонулат.

Азыркы кыргыз тилинин лексикасында соматизмдер өтө арбын учурайт жана алар жашоо-турмуштун ар кыл чөйрөсүндө, мисалы, турмуш-тиричиликте, ырым-жырым, салт-жөрөлгөлөрдө, фразеологизмдерде, табу,

эвфемизмдерде ж.б. кездешет. Кыргыз фольклорундагы соматизмдер семантикалык мааниси, жасалышы жана чыгыш теги жагынан бир кылка эмес.

Демек, кыргыз фольклорундагы соматизмдерди лексика–тематикалык топторго ажыратып, алардын стилистика-функционалдык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн илимий-методологиялык базасы бар деп айта алабыз.

II БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

2.1. Фольклордогу соматизмдерди изилдөөнүн булактары жана методдору

Кыргыз эпосторундагы баатырлардын портретинде, фразеологизмдерде, макал-лакаптарда, табышмактарда колдонулган соматизмдерди изилдөөнүн *объектиси* катары кароо менен, соматикалык лексикага байланыштуу тилдик бирдиктерди, алардын лексика-семантикалык жана тематикалык топторун, колдонулуш өзгөчөлүктөрүн, жасалуу жолдорун, стилистикалык жактан аткарган функциясын изилдөөгө алууда зарылдыгына жараша *сыпаттоо, салыштыруу, баяндоо, анализдөө, синтездөө сыяктуу теориялык методдорду колдонуу менен материалдарды жыйноо, каттоо, системалаштыруу* сыяктуу ыкмаларды колдонобуз.

Изилдөөнүн методологиялык негизи катары тил илиминдеги, түркологиядагы жана кыргыз тил илиминдеги ушул багытта жазылган илимий эмгектерди, монографияларды, сөздүктөрдү алабыз. Ал эми изилдөөнүн *обьектиси* катары С.Орозбаковдун варианты боюнча «Манас» эпосу (I китеп, -Фрунзе, «Кыргызстан», 1978; II китеп, -Фрунзе, «Кыргызстан», 1980; III китеп, -Фрунзе, «Кыргызстан», 1981; IV китеп, Фрунзе, «Кыргызстан» 1982) жана С.Каралаевдин варианты боюнча “Манас” эпосу («Манас» эпосу. –Бишкек, 2010), «Семетей», «Сейтек», «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан» эпостору, макал-лакаптар, табышмактар, фразеологизмдер булак катары колдонулду.

Кыргыз эли бай жана кызыктуу фольклордук мурастын ээси. Фольклордо элдин тарыхы, улуттук белгиси, башка элдер менен болгон алакасы, карым-катнашы, психологиясы, турмуштук түшүнүктөрү оозеки баяндалат. Кыргыз элинин мына ошол бай мурастарына, элдик оозеки чыгармаларындагы соматизм сөздөр адамдын дене мүчөлөрүн билдирип, айлана-чөйрөнү, дүйнөнү, жаратылышты таанып-билип өздөштүрүүдө активдүү колдонулат. Адам көзгө көрүнгөн нерселерди бир нерсеге

салыштыруу аркылуу таанып билет жана мына ошондой биринчи кезекте таанып-билүүчү заттарга адам жана өзүнүн дене мүчөлөрү кирет.

Кыргыз элинин фольклордук чыгармаларынын ичинен «Манас» эпосу, башка кенже эпостор, поэмалар, жомоктор, макал-лакаптар, фразеологизмдер да ар тараптуу изилденип келе жатат. Өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарынан тарта “Манас” эпосу башында турган кыргыз фольклорун жыйноо, классификациялоо жаатында К.Мифтаков, М.И.Богданова, К.Рахматулин, Т.Саманчин, З.Бектенов, Т.Байжиев, А.Тайгүрөңов, Самар Мусаев, Ж.Таштемиров, С.Закиров, М.Мамыров, кийинчирээк Т.Танаев, М.Түлөкабылов, М.Сулайманов, Г.Орозова, А.Сатарова сыяктуу окумуштуулар эмгектенишкен. Натыйжада, кыргыз макал, ылакап, табышмак, айтыш, санат-насыят, балдар ырлары, эмгек ырлары, арман, кошок, жомок, эпостору эл оозунан жыйналып алынган.

Көп кылымдык өнүгүү жолунда «Манас» эпосунун тилин белгилүү бир деңгээлде калыпка салынган, туруктуу сөз айкаштары, архаизмдер, көркөм троптун түрлөрүнөн түзүлгөн, эпостун өзүнө гана мүнөздүү айрым лексика-грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүктөрү бар тил деп эсептөөгө болот. Анткени “жалпы элдин оозеки чыгармасы болгондуктан «Манас» эпосунун тили диалектилерди да, күнүмдүк тиричиликте колдонулуучу жалпы элдик тилди да чагылдырып, адабий жазма тилге да окшой бербеген жагы менен айырмаланат. Ошону менен бирге эпостун тилин байыркы доорлорду чагылдырган жалпы элдик тил, тарыхый лексикага материал берер тил деп эсептөөгө болот. Анын лексикасында метафора, эпитет, салыштыруу, образдуу көркөм сөз айкаштары сыяктуу стилдик таасирдүү, эмоциялуу, экспрессиялуу каражаттар өтө арбын жолугат. Мисалы, эпостун тилиндеги эпитеттер: *айкөл, канкор, баатыр, кабылан, арстан, жолборс (Манас жөнүндө); калча, аяр, куу (Коңурбай жөнүндө);* салыштыруулар: *балтыры өгүз белиндей, ачыккан көк жал бөрүдөй, күзгү кирген жолборстой, кышкы кирген буурадай ж.б;* метафоралар: *кырк жолборс түпкө жетти деп, көздөн жалын шыркырап, жолборс жүрөк, таш билек, балапан жүнү бата элек, балтыр эти ката элек*

*ж.б; г*иперболалар*: мурду тоонун сеңирдей, булчуңу бука белиндей,чоң казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар, каалгадай кашка тиш, чечекейи челектей* ж.б.” [139, 431-б.]. Булардын баары «Манастын» тилинде зор роль ойноп, аны байытып, таасирдүү, ийкемдүү жана уккулуктуу кылат. Эпостун тилинде оозеки тилдин, диалектилердин, жалпы элдик тилдин лексика-грамматикалык байлыгынын бардыгы бар. Эпостордун тилинин мындай байлыгы узак мезгил бою көптөгөн таланттуу манасчылардын аракети менен түзүлүп, салт катары укумдан тукумга өтүп оозеки айтылып келген.

Ал эми кыргыз элинин кенже эпосторуна «Жаңыл Мырза», «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаныш Байыш», «Эр Төштүк», «Олжобай менен Кишимжан», «Кожожаш», «Кедейкан» ж.б. кирет. Бул чыгармаларда элдин ой-санаасы, адеп түшүнүгү, улуттук салты, ырым-жырымы жана уламыштары менен бирге адамгерчилик мамилелери камтылган. Өткөндүн бул руханий эстеликтерин тарыхый, маданий, адабий-лингвистикалык ж.б. аспектилерде изилдөө жана үйрөнүү өтө маанилүү деп табылып келет.

Андыктан, кыргыз элинин бай фольклордук чыгармаларындагы соматизмдерге байланыштуу тилдик маселелерге илик жүргүзүп, фольклордук тексттердеги соматизмдердин аткарган кызматы, көркөм-стилистикалык, лингвопоэтикалык, лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү анализге алынат. «Манас эпосу баатырдык эпос жана ар кандай согушту, тынч турмуштагы окуяларды сүрөттөгөн көлөмдүү эпопея. «Манас» эпосунда адамды жана анын айлана-чөйрөсүн сүрөттөөдө жер бетинин жаратылыш өзгөчөлүктөрү, айбандары, өсүмдүктөрү менен салыштыруулар мол колдонулат. Эпостогу баатырлардын портреттеринин сүрөттөлүшүндө алардын денесине, дене мүчөлөрүнө чоң маани берилет. Баатырдык сүр, келбет мына ошол дене түзүлүштөрүнүн көрүнүшүндө болот.

Эпосто көптөгөн оң жана терс каармандар кездешет. Ал каармандардын ар биринин *дене түзүлүшү, кыял-жоруктары, кулк-мүнөзү сырткы келбети* сүрөттөлүп, *портрети* тартылат. Аларды берүү көбүнчө адамдын дене мүчөлөрүнүн кыймылын сүрөттөп берүүгө байланышкан. Адамдын келбетин

сүрөттөөдө *көз, мурун, ооз, бет, каш, тиш, кол, бут ж.б.* соматикалык сөздөр көп колдонулат. Мисалы: *Чоң казан**дай** баш, бото**дой** бели, олоң**дой** чачы, чий**дей** кашы, ал муруту сеңир**дей**, муруну тоонун кырдач**тай**, муруту чөлдүн камыш**тай**, көзү көлдүн буткул**дай**, так чыны**дай** көзү, өңү бышкан өпкө**дөй**, көзү казып койгон ороо**дой**, кирпигинин чылпагы, мергендердин шоро**дой**, билектерин караса, бир казан батчу челек**тей**, мойну бука белин**дей**, өрт**төй** көзү жайнаган, араан**дай** оозу ачылып, оро**дой** оозу ачылды, ай**дай** жүзү, күкүк**төй** үнү, от**той** көзү, кара үңкүр**дөй** көзү, айнек**тей** көзү, мышыктыкын**дай** көз, төө**дөй** буту, жолум үй**дөй** башы, деңгене**дей** башы, алма**дай** бет, ай**дай** бет, баркыт**тай** бет, дулдугуй бет, жылма**кай** бет, үч кулач**тай** бою, тал чыбык**тай** бою, төө**дөй** бой, өрдөк**төй** моюну ж.б.* Мисалдардан көрүнүп тургандай *баш, бет, бел, чач, ооз, каш, мурут, жүз, көз, бут, өпкө, кирпик, моюн, бой, билек ж.б.* соматизмдер ар кандай нерселерге, заттарга, көрүнүштөргө салыштыруу аркылуу эпостун окуясына стилистикалык көркөм боёк берип, каармандардын сырткы келбет-көрүнүшүнө карата укмуштуудай күчтүн ээси, же аябай сулуу экендигин таасын, образдуу чагылдыруучу тилдик каражаттын милдетин аткарды. Мындай учурда багыныңкы түгөйү зат атоочтон сын атооч жасоочу *-дай, -дей, -дой, -дөй, -тай, -тей, -той, -төй* куранды мүчөлөрү менен жасалуучу сөздөр менен айкашкан соматизмдер жыш колдонулат.

Ал эми *албыр**луу** бет, нур**дуу** кызыл бет, упа**луу** бет, безетке**лүү** бет, ай чырый**луу**, сепкил**дүү** бет, сыр**дуу** каш, ай түс**түү** каш, шоро**луу** көз, бөрү көз**дүү**, бото көз**дүү**, жаш**туу** көз, кызыл түс**түү** чач, какач**туу** чач, кат**уу** чач, коюу чач, кайрат**туу** чач, чер өң**дүү** кирпик, инжи тиш**түү**, акак тиш**түү**, көр өң**дүү** ооз, күч**түү** билек ж.б.* бул учурда зат атоочтон сын атооч жасоочу *-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу, -түү* мүчөлөрү менен жасалган соматизмдер колдонулуп, катыштык **с**ын атооч катары эпостогу каармандардын сырткы келбетин так сүрөттөөчү касиетке ээ болду. Мисалдардан *бет, каш, көз, чач, кирпик ж.б.* соматизмдердин түрдүү физиологиялык касиеттери көрсөтүлүп, эпостогу ыр саптарынын көркөмдүк касиетин арттыра алды.

Төмөндөгү учурда эпостогу *баш, бет, бой, каш, көз, чач, кулак, маңдай, кирпик, тиш, кол* ж.б. соматизмдер сүрөттөлүп жаткан каармандардын портретиндеги дене мүчөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн таамай чагылдырып, баяндалып жаткан окуяга кошумча стилистикалык өң-түс, боёк тартуулайт. Эпостогу соматикалык сөздөрдөгү мындай касиет компоненти атоочтук *–ган, -ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн* мүчөлөрү аркылуу жасалуучу сөздөр менен айкашып айтылуунун натыйжасында жетишилет: *үңкүй**гөн** баш, кашкаңда**ган** кара бет, бүжүрөй**гөн** кыска бой, керил**ген** каш, чийил**ген** каш, кыйыл**ган** каш, келиш**кен** кара кашы, алжай**ган** каш, түйүл**гөн** жаман каш, акырай**ган** көз, чалыр, түз карабаган көз, акырай**ган** көз, жалтыра**ган** көз, жадыра**ган** көз, кылгыр**ган** көз, киртей**ген** көз, чакырай**ган** көз, кыркыл**ган** чач, өрүл**гөн** чач, кирде**ген** чач, жулун**ган** чач, кесил**ген** чач, түйүл**гөн** чач, молой**гон** кулак, дөмпөй**гөн** маңдай, ийил**ген** кирпик, ак кире баштаган мурут, чыйрал**ган** мурут, чыйратыл**ган** мурут, коңкой**гон** мурун, жарк эт**кен** тиш, чолой**гон** кол, үрпөй**гөн** чач, агар**ган**, ак кир**ген** чач ж.б.*

Эпосто соматизмдер эпитеттер менен биргеликте айтылганда күчөтмө маниге ээ болот. Маселен, жөн эле *жүрөк* эмес, *эр жүрөк* деп айтылса адамдагы ашкан баатырдык сапаты айтылат. *Көз* да жөн эле айтылганга караганда, *кумар көз, сурма көз, ботo көз* деп айтылса кулакка алда канча уккулуктуу болуп, аң-сезимге жагымдуу маанай жаратып, элестүү образды жарата алат. Манасчы мына ушундай ыкма менен өзү айтып жаткан эпосту элге көркөм формада, керек болсо бүтүндөй театрдын дараметинде жеткире алганы менен уникалдуу. Бул учурда эки компоненти тең зат атоочтордон түзүлөт: *эр жүрөк, жар кабак, түймө баш, кумар көз, сурма көз, алмаз көз, бөрү көз, ботo көз, карагат көз, кой көз, жылдыз көз, каухар көз, дөң маңдай, жибек чач, бөрү кулак, жолборс маңдай, жайык төш, жолборс төш, эчки сакал, куш тумшук, турна моюн, жолборс моюн, өрдөк моюн, короз моюн, акак тиш, инжи тиш, жалаяк ооз, жез билек, чолок бут, оймок ооз ж.б.*

Ал эми төмөнкүдөй учурларда эпитеттик сөз айкаштарынын бир компоненти сын атоочтордон келип, соматизмдер *бойго, кол-бутка, ооз-*

мурунга, чач-кирпикке байланыштуу айтылган лексикалык бирдиктерде колдонулат: *кызыл бет, шыңга бой, ичке каш, ак чач, кара каш, тунук көз, кара чач, агала чач, узун чач, коюу чач, кыска чач, суюк чач, жумшак чач, жарк эткен тиш, чоң ооз, түз чач, олоң чач, ачык кабак, кызыл эт, агала мурут, сары мурут, кара мурут, кою узун, сары мурут, сер сакал, биринде к, суюк сакал, топ сакал, чоң сакал, куш тумшук, ак кол, кыска бут, узун бут ж.б.*

Демек, эпостогу соматизмдер окуяларда баяндалган каармандардын ар кандай анатомо-физиологиялык, кулк-мүнөзүнө байланышкан психологиялык сапаттарын так-таасын, образдуу формада чагылдырып берүүчү көркөм сөз каражаты катары стилистика-функционалдык, лексика-семантикалык кызмат аткарат. Эпосто соматизмдер каармандардын образынын ачылышында зор роль ойнойт жана адамдын дене бөлүктөрүнүн ичинен адамдын остеонимиялык сырткы, бизге көрүнүп турган мүчөлөрү активдүү колдонулат. Ошондуктан оозеки поэтикалык чыгармалардын башка үлгүлөрүнө караганда баатырдык эпостордо адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр көбүрөөк колдонуларын «Манас» эпосунун жогоруда биз изилдеген фактыларынан даана көрүнүп турат.

Соматикалык лексика кыргыз элинин жаратылыш, табият менен өтө тыгыз байланышта жанаша жашаган доорун эске салат. Мындай шартта кыргыздын дүйнө таанымы ал жашаган айлана-чөйрөгө тоо жана ага байланышкан жан-жаныбарлар, табигат менен анын миң түркүн кубулушу, жер-жемиштери, өсүмдүктөрү, отун-суусу, жазы-жайы, катаал кышы-суугу менен куюлушуп-ширелишкенин байкоого болот. Маселен, *акак тиштүү, жазы маңдай, короз моюн, кобул мурун, инжи тиш, терек бойлуу, чоң казандай башы, олойгон көзү, чийдей кашы, ботодой көзү, томуктай башы ж.б.у.с.* сыяктуу соматикалык салыштыруулардын обьектисин көз менен көрүп тургандай элестетип түшүнө алабыз. Ошондуктан фольклордогу ар бир каарман, персонаждын образы, баарынан мурун, соматикалык түшүнүктөр аркылуу угуучуларга тааныштырылат. Маселен, Каныкей, Айчүрөк сындуу аялзат каармандарынын сулуулугу, акылмандыгы, сарамжалдыгы, Кыз Сайкалдын баатырдыгы, Бакай, Кошойдун даанышмандыгы, Алманбет, Чубак,

Сыргак сыяктуу баатыр чоролордун кебелбес келбети, Жолой, Коңурбайга окшогон алп жоолордун ар бир мүчөсү, кыялы, көрүнүшү соматизмдердин катышы менен так-таамай айтылып, угуучунун көз алдына кадимки тасмадагыдай тартылат. Демек, адабий образ түзүүдө же адам тууралуу сөз болгондо, алар жөнүндө соматикалык маалыматтарды, алардын дене мүчөлөрүн эске албай коюуга болбойт.

Ошондуктан, поэтикалык максатта колдонулган жана ага тартылган соматизмдер жасалышы жагынан көп форманы жана мазмунду, лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрдү өзүнө камтыйт.

“Манас” эпосундагы адамдын жогорку бөлүгүндө жайгашкан остеонимиялык *баш* соматизми жана анда жайгашкан мүчөлөр: *баш, көз, чач, моюн, каш, тиш, бет, мурун, ооз, маңдай, кулак, кирпик, уурт, жаак, мурут* жана төмөнкү бөлүктө жайгашкан дене мүчөлөрү: *төш, бой, кол, эт, билек, бут ж.б*. лексика-семантикалык токторго бөлүштүрүлүп изилдөөгө алынат.

III БАП. ФОЛЬКЛОРДОГУ СОМАТИЗМДЕРДИН СТИЛИСТИКАЛЫК-ФУНКЦИОНАЛДЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА ЖАСАЛУУ ЖОЛДОРУ

3.1. «Манас» эпосундагы соматизмдердин мааниси жана колдонулушу

Байыркы замандардан бери күндөлүк жашоо-тиричилик кылуу аракеттери түгөнбөгөн түрдүү жагдайларга адам баласын туш кылып отурган. Мындай катаал учурда адамдын дене мүчөлөрү түрдүү кызматты аткарып келгендиги түшүнүктүү. Мисалы, адамдын көзү, колу, тили ж.б. органдары анатомиялык, физиологиялык кызмат аткаруу менен бирге адамдардын өз ара мамилелеринин түзүүчүсү да болуп келгенин эске албай коюу мүмкүн эмес.

Адамдын дене мүчөлөрүнүн ичинен эң негизги кызмат, анын негизги физиологиялык милдети, *башка* жүктөлгөн. Адамдын *башында көз, карек, каш, мурун, эрин, тил, тиш* сыяктуу жашоодо эң зарыл болгон физиологиялык органдары жайгашкан. *Баш* - адамдын атайын максатта жасалган аракеттерин көрсөтүүчү, жөнгө салуучу жана аткаруучу аң-сезимдүү орган. Ошондуктан, адамдын кыймыл-аракетинин түрдүү жактары *баштын* кыймылы, көрүнүшү, кызматтары аркылуу түрдүү сөздөр, сөз айкаштарынын жардамы менен туюндурулган.

Элдик оозеки чыгармалардагы, же адамдардын өз ара мамилесиндеги *баштын* кыймылы аркылуу берилген төмөнкүдөй маанилерди байкоого болот. Маселен, *баш* деген сөз өзүнчө турганда адамдын дене бөлүгүн түшүндүрсө, бөлөк учурларда төмөнкү маанилерде колдонулуп келгендигин фольклордук мисалдардан ачык көрөбүз: 1) адамдын өзүнүн керт башы, үй-бүлө мүчөлөрү (4 баш бүлө); 2) топтун же уюмдун жетекчиси (миң башы, кербен башы); 3) окуянын же элдүү пункттун башы (суу башы, көчө башы) ж.б. Бул сыяктуу *«баш»* сөзүнө байланышкан жаңы жана өтмө маанилер жашоодо өтө көп кездешет. *Баш* сөзү аркылуу келип чыккан түшүнүктөр өз ара мамиледе өтө көп экендиги “Манас” эпосунан жана башка фольклордук чыгармалардан улам белгилүү. “Кыргызча-орусча сөздүктө” (К.К.Юдахин,1965) жана “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө” (2015) *баштын* лексикалык маанилери ар

тараптан такталып, түшүндүрүлүп берилген. Биз соматизмдердин лексикалык маанилерине токтолуп отурбай “Манас” эпосундагы туюндурган семантикалык маанилерине, түрдүү стилистикалык функцияларына изилдөө жүргүзөбүз.

1. ***Баш* компоненти менен жасалган соматизмдер жана алардын маанилери.**

Баш: зат атооч.1.Кишинин жана жан-жаныбардын көзү, кулак-муруну, мээси жана оозу жайгашкан дене мүчөсүнүн бири [124, 210-б.].

Түрк тилдеринин көбүндө бул сөз окшош экендигин байкайбыз. Мисалы: байыркы түрк. *баш;* түрк, башк., азерб. түркм. *баш;* казак., ног., каракк., якут. *бас;* карач.- балк. *баш;* гаг., кырг., кум., тув. *баш;* хак. *пас;* чув. *пос // пус,* өзб. *бош.* Демек, *баш* сөзүндөгү *а* тыбышы түрк, азербайжан, түркмөн, уйгур, хакас, шор, якут, алтай, карачай-балкар, гагауз, казак, каракалпак, кумык жана ногой тилдеринде сакталган. *А* тыбышынын *о* тыбышына өтүп айтылышы өзбек тилинде байкалат: мисалы, өзб. *бош,* көпчүлүк түрк тилдеринде *баш* деп аталат. Үнсүз *б* тыбышы бардык түрк тилдеринде сөз башында сакталган, чув. тилинде гана *пус*, хак. тилинде *паш*, шор. *паш* болуп б тыбышы п тыбышына өтүп айтылат [164, 11-б].

Чоң казандай баш - Көлөмү жагынан чоң, ири, ар түрдүү өлчөмдө металдан жасалган тамак бышыруу же суу кайнатуу үчүн колдонуучу идишке окшош баш. Эпосто айрым каармандардын баш келбетин сүрөттөө үчүн айтылат.

Так чыныдай көзү бар,

Чоң казандай башы бар (СО,1,225).

Түймө баш - чүпүрөктөн тоголоктолуп жасалган топчу сыяктуу баш.

Акак тиштүү, кыйгач каш,

Жазык маңдай, түймө баш (СО,2,47).

Томуктай болгон баш – Кишинин кашка жилиги менен жото жилигинин айкашкан жер тарабында аталган жиликтердин эт булчуңдарын туташтырып турган кичинекей сөөк сымал баш.

Эпосто томуктай болгон курган баш,

жошолоп салган челектей деп көркөм сүрөттөлөт(СО,2,141).

Курган баш **-** Байкуш, кыйналган баш. Кээде өтмө мааниден каармандын өзүнүн башын туюндурат.

Томуктай болгон курган баш

Жошологон челектей (СО,1-б, 113).

Башы кууш - ичке, энсиз, сүйрү баш.

Эпосто Манас атанын башы: маңдайы жазы, башы кууш,

бар боюнда турат тууш деп айтылат (СО,4,34).

Жолум үйдөй баш **-** сайма алачык үйгө окшош баш. Апыртмалуу сүрөттөөдө сайма алачык үйгө салыштырылат.

Көк ала болгон чачы бар,

Жолум үйдөй башы бар (СО,2,107).

Деңгенедей башы **–** *"деңгене"* - чогулган адамдардын чыгымдарын тең төлөп майда жандык (кой же эчки) союп уюштурган тамак. Жайлай сааган бир эчкилүү дыйкандын бир улагын деңгенеге союшат (Осмонкул). Эпосто душмандын колуна түшүп кетчүдөй болгон маанисинде айтылган.

Түйүлгөн жаман кашы бар

Деңгенедей башы бар (СО,434).

Дүңкүйгөн кара баш **–** жонун чыгарып, дөңкөйгөн чоң, албеттүү көрүнүштөгү баш.

Он киши баткан отоодой

Дүңкүйгөн кара башы бар (СО,2,107).

Куу баш- *баласыз жүргөн, баласы жок, такыр бала көрбөгөн адам.*

Куруп калсын дүнүйө,

Куу баш Жакып атандым (СО,24).

Куруган куу баш кемпирсиң.

Кулагыңа илбейсиң (СО,1,27-б).

Башчы- баатыр, башкаруучу, жетекчи маанисинде:

Чыгармада: баштан ары бир салып түз мааниде колдонулса,

башчысын мурун сойдуң деп, башкалары не болду (СО,1,59).деген саптарда

баш дене мүчөсүнө сөз жасоочу –чы мүчөсүнүн уланышы менен башкаруучу, жетекчи мааниси колдонулду.

Башчынын башы чабылды, баягы турган сексен төрт

бири калбай жабылды (СО,1, 110). Бул ыр саптарында башчы да, баш да көркөм колдонулду

Чилдей башы. Чил – куш, жапайы канаттууларга: чил, кара кур, кыргоол, керең кур, жапайы өрдөктөр кирет; “Манас” эпосунда *чилдей башы* - адамдын кичинекей башы деген мааниде колдонулат.

Көөдөндөн басып бир туруп, чилдей башын жулгандай. Бул ыр саптарында адамдын башын чымчыктай, чилдей, кичинекей кушка салыштырып, оңой эле жулуп алганы жөнүндө сүрөттөлөт.

Башын жулуп алганы, кызыл өңгөч кыйылып, кекиртеги жыйылып,

*башкасы калды зоңкоюп, башы калды томпоюп (СО,1,76).*деген ыр саптарында баш менен *кызыл өңгөч, кекиртек* байланышта экендигин, *башынын* томпоюп калгандыгын билебиз.

Кол башы - аскер башчысы

Ошончо колдун башы экен,

Ошо кезде Нескара

Он тогузда жашы экен (СО,1, 94)

Эт жүрөктүн башы, жүрөк - кан айлануу жолдорунун борбордук органы болгон булчуңдуу баштыкча. *Эт жүрөктүн башы - жүрөктүн так тушу, башы деген мааниде:*

Ээринин кашы деп,

Эт жүрөктүн башы деп,

Качырып найза шилтеди (СО,1, 92)

Баштан аяк - Бүт бардыгы, тегиз, түгөл, толугу менен деген мааниде колдонулат.

Баштан аяк көргөнүн

Баяндап айтып салганы (СО,1, 114).

Алтайда жаткан эл деди,

Аяк башың жыйнатып

Эсебиң канча бер деди (СО,1, 114).

Алтайлыкты санаса,

Аяк-башын караса

Токсон алты миң болду (СО,1, 118).

Баш көтөрүү - Катуу оорудан айыга баштоо, сакайып, оңолуп, жакшы болуп кетүү; 2. Жандануу, каршылык көрсөтө баштоо, кудуреттүү болуу. Ишке жараган, курч жигит маанисин да билдирет:

Баш көтөрөр айылда

Бала калбай калбасын (СО,1, 115)

Башым жаш - Көп нерсеге түшүнө элек, такшала элек, башынан жакшы - жаманды өткөрө элек учур.

Үйүм толгон көөхар таш,

Үмүтүм көп, башым жаш (СО,1,25).

Башын чайкоо - Бир нерсеге абдан өкүнүп, кайгырып же таң калып туруу деген мааниде колдонулат.

Байгеге жакын калганы,

Башын чайкап Желтаман (СО,1,47).

Башта – тактоочтун бул түрү. кыймыл-аракеттин өткөн мезгил кырдаалын туюндурат:

Баланды башта жашырдың,

Атыңды кырдан ашырдың (СО,1,32).

2. **Бел:** зат атооч 1) киши денесинин жамбашына чейинки ичке сымал болгон бөлүгү, киши аркасынын жамбашына чейинки бөлүкчөсү [124, 233-б.] 2) кайсы бир нерселердин ортчо жери, орто жагы; 3) кыйыр мааниде: кишиге болгон тирек; жөлөк, таяныч, 4) географиялык түшүнүк боюнча тоонун кыркасынан ашып өтүү үчүн ылайыктуу болгон жери, тоонун кайкы жер бөлүгү [124, 233-б.].

Белдүү - сын. 1. Бели бар. Кубаттуу, күчтүү, күжүрмөн, беделдүү деген маанини билдирет:

Беттешкен жоого белдүүңөр,

Белдешкен жоого демдүүңөр,

Өткүр чечен тилдүүңөр,

Өкүмөт жөнүн билчүүңөр! (СО,1, 116).

Белин бууду – күчтөндү, кубаттанды.

Быйыл он үч жыл болду,

Бай Жакып белин бууду деп (СО,1,77).

Бел байлоо - 1. Кайраттануу, өзүнө-өзү дем берүү, чымыркануу.

Айтып болуп ал сөздү,

Бай Жакып белин байлады (СО,1,44)

Белим - Өтмө мааниде: жөлөк, таяныч, тирек деген мааниде колдонулду:

Аман болгун элим деп,

Талкаланды белим деп (СО,1, 94)

Кара –Бел - Белдери (ашуусу) бар. Аскар белдүү, алтын кендүү кыргыз жеринин аталыштарындагы соматиздердин колдонулушу:

*Керменин **Кара-Белине***

Кирип кетип баратыр,

Сазайларын калмактын

Берип кетип баратыр (СО,1,71).

Аягы Баркөл көлү дейт,

*Шымалы **Аңгир бели** дейт (СО,1, 104).*

***Алмалуу белдин** үстүндө*

Адыр — адыр жерлери,

*Артмак **улуу белдери** СО,1-б, 86*

Будур-будур жерлери,

***Буруш-буруш белдери** (СО,1, 86).*

3. Бет: зат.1. Адамдын жүз, өң жагы, көздөн төмөнкү, эки жаактын ортосундагы бөлүгү [124, 239-б.]. Бул соматизм эпосто көбүнчө өтмө маанилерде колдонулат*: бет келди, бет алды, беттешти, беттегенин бербеген, бет келгендин баарысын, бирден сайып жыкты дейт ж.б.* Ошону менен бирге "Манаста" *кара бет (кашкаңдаган кара бет), тулгадай бет, упалуу бет, тултук бет, дулдугуй бет, нурдуу бет* деген сыяктуу сөз айкашында жолугуп, каармандардын бет түзүлүшүндөгү ар түрдүү өзгөчөлүктөрдү чагылдырат. ***Кашкаңдаган кара бет*** – өтмө мааниде тайманбаган, жазганбаган, өзүн эркин алып жүргөн адам.

Кашкаңдаган кара бет,

Карагат көздүү, каардай эт (СО,2,221)

Таш тулгадай бети – казанды асып, бир нерсени бышырууга ылайык үч бурчтук же болбосо тегерек түзүлүштө жасалган, таштан курулган, алкакка окшоп кеткен бет.

Таш тулгадай бети бар,

Таар каптай эти бар (СО,2,434)

Нурдуу кызыл бет - ачык, өңдүү, тамылжыган кызыл түстөгү бет.

Нурдуу кызыл бети бар,

Ууздан аппак эти бар (СО,2,47)

Дулдугуй беттүү - дулдуйган, дулдуйуп унчукпаган адам.

Дулдугуй беттүү өңү саз

Кедердин уулу чоң Жолой (СО,4,312)

Упалуу бет – бет май жана тазалыкты сактоо максатында колдонулган жыпар жыттуу, өтө майда упа сүйкөлгөн бет.

Упалуу беттен кан акса,

Убалы кимдин мойнунда (СО,2,195).

Тултук бет - тултуйган, бетинин эки жагы томпоюп чыккан бет.

Туурук таман, тултук бет,

Туура тилин чайнаган (СО,2,347).

Он эки таман бет- калың жалпак бет

Он эки таман бети бар,

Ууздан аппак эти бар (СО,3,20)

Бет-бетине- *бет алды, туш келди, баш-аламан белгилүү бир багытта эмес чачкын.*

Бет-бетине тарашып,

Бечаралар жарашып (СО,1, 97)

Беттеп-*туруктуу, белгилүү бир максатта деген мааниде колдонулду:*

Аны беттеп карасаң

Күнөс балбан барганы (СО,1, 92)

Бет алды-*багыт алуу, жөнөө.*

Аны айтып бай Жакып

Бакдөөлөт үйүн бет алды (СО,1,29).

3. Билек: зат.1. Адамдын чыканак менен колдун башына чейинки мүчөсү, адамдын кар жилиги, айбандардын алдынкы бутунун баш жаккы бөлүгү [124, 250-б.].

Калбыр өпкө ***жез билек*** **-** билеги күчтүү деген мааниде. 2.өт. Күч. эмгек. Кийиз кимдики болсо, **билек** ошонуку *(элдик макал)*

Билеги жоон, билектей **-** *балбан, күчтүү, алдуу.*

Ортон колдун шаадысы

Он жашар бала билектей (СО,2,185)

Билектери бир казан батчу челектей **-** жоон, күчтүү деген мааниде: *Билектерин караса,*

Бир казан батчу челектей (СО,2,185)

4. Бой: зат.1. Бир нерсенин бийиктиги, чоңдугу, тикесинен турган абалы, адамдын тулкусу [124, 264-б.]. Мейкиндикти жана убакытты билдирет: суунун, жолдун, көлдүн ж.б. жээги; жыл бою, боюнча, белгилүү мезгил ичинде деген маанилерди билдирет. *Жалгыз бой, бойдок*, адамдын керт башы; Азыркы кыргыз тилинде бул сөз өзүнүн байыркы лексикалык маанисинен унутулуп, мисалдарда көрсөтүлгөн маанилерди туюндуруп калган. Алтай тилинде ошол байыркы мааниси сакталып, өз деген сөздүн ордуна колдонулат. Алар *мен өзүм*

деген сөздү *мен бойум* деп айтат. Мисалы, «*Бойы иштерге колло кыра чыкпан» - өзү иштеп кол менен кыра чапкан* [37, Баскаков, 1956:55].

Байыркы жазма эстеликтерде *бой* деген сөз “топ, уруу” деген маанилерде да колдонулган. Азыркы кыргыз тилинде *бой* деген сөздүн байыркы мааниси бир аз маанилик жылыштар менен *бойдок* деген сөздө бар. Бул өзү “жалгыз” деген маанини берет. Ал эми эпосто жана башка элдик оозеки чыгармаларда байыркы маанисинде жолукпайт. Эпосто *тал чыбыктай бой, үч кулачтай бой, орто бой* деген сөз айкаштары менен жолугат.

Тал чыбыктай бою – *Тал* - зат. Бутактары ийилчээк келген, ичке жалбырактуу, бадал түрүндө да өсүүчү жыгач өсүмдүгү. Бели ичке жаш кызга карата колдонулат.

Олоңдой кара чачы бар,

Тал чыбыктай бою бар (СО,2,216)

Орто бойлуу **-** бою чоң да эмес, кичине да эмес, орто**.** Ар кандай белгилер, өзгөчөлүгү ж.б. жагынан абдан жогору да эмес, абдан төмөн да эмес, чоң да эмес, кичине да эмес дегенди билдирет.

Өрдөк моюн, түймө баш

Орто бойлуу, он беш жаш (СО,4,351)

Үч кулачтай бою - болжол менен үч метрдей бой. Кулач –көкүрөктүн ортосунан сунулган колдун манжасынын учуна чейинки аралык; кулач-ийинден колдун башына чейинки аралыгы 71см; кулач-эки колду кергендеги колдордун учтарынын ортосундагы аралык, болжол менен 1,5-1,70 см;

Үч кулачтай бою бар,

Ушу жалган дүйнөдө (СО,2,81)

Тула бою - сакадай бою, чымыр; **кара бою** - тулку бою, корпус; деген маанини билдирет.

Тула бою тууш күч,

Кара бою катуу күч (СО,2,81)

Кайрат кылды күркүрөп,

Кайта качты Чегебай

Кара бою дүркүрөп (СО,1,51)

Тула бою дүркүрөп

Кайра качып калганы (СО,1, 87).

Азат бою - бүт бою болуп саналат:

Айтканымды тыңда деп,

Азат боюң чыңда деп, (СО,1, 109)

тизе бою - жерден тизеге чейинки бийиктик, **киши бою** - кишинин боюндай бийиктик, **кереге бою** - боз үйдүн керегесинин боюнчалык бийиктик, **үй бою** - боз үйдүн боюнчалык бийиктик, **укурук бою** - укуруктун узундугунчалык бийиктик, **төө бою** - төөнүн боюндай деген маанилерди түшүндүрөт. Мындай салыштыруулар, окшоштуруулар эпосто арбын учурайт. Кыргыздар жашоо шартка байланыштуу көчмөнчүлүк турмушта жаратылыштын кубулушуна күн, ай, жылдыз, курчап турган айлана чөйрөдөгү заттарды, маданий турмушка ылайык колдонуп, өзүнүн дене мүчөлөрүнө салыштырып келишкен. Алардын көбү азыркыга чейин эл ичинде колдонулуп келет.

5. Бут: 1. зат. 1. Адамдын, айбандардын, канаттуулардын басып жүрүүгө, конуп отурууга ж.б. ылайыкталган мүчөсү [124, 305-б.]. Эмеректин жана башка нерселердин астынкы таяныч бөлүгү, *бут кийим, бутунун башы менен басуу, бут тосуу, бутка чапкандай, буттан ал, бутка жыгыл,* төрт буттап, кыймылда болууда, басууда, чуркоодо, иш аткарган бул орган *“буту бутуна тийбеди”, уялуу же сазайын берүү маанисинде: “эки бутун бир өтүккө тыгуу”* деген ж.б. сөз айкаштарында кездешет. Өтмө мааниси менен башка заттарды да туюндурат. Эпосто бул соматизм *кол башындай алтын бут , таманы* т*өөдөй буту* бар, *буттары бар мунардай, эки буттун бири жок, чолок* келди кай бирөө деген ыр саптарында кездешет:

Таманы төөдөй, буту бар (СО,2,434)

Буттары бар мунардай (СО,4,311)

Эки буттун бири жок,

Чолок келди кай бирөө (СО,2,97).

Бут. III.санскр. идол, икона - буркан, сөлөкөт. Сыйынууга, табынууга арналып жасалган кудайдын сүрөтүнүн кебетеси.

Кол башындай алтын бут ,

Койнунан алып сыйынып («Семетей»)

6. Далы. зат. Арканын жогору жагындагы күң жилик менен туташкан үч бурчтуу жалпак сөөк, мүчө [124, 360-б.]. Эпостордо көбүнчө ***ай далы, оң далы*** деп аталып, каармандын келбети, баатырдыгы арттыра сүрөттөлөт. Жарадар болгон кезде ушул далы соматизми аркылуу ырдалып айтылат:

Оң далынын *мүрүгө*

Оңдоп найза салганы.

Алтын ээр кашы деп,

Как жүрөктүн башы деп (СО,2,57).

Найза тийди төшүнө,

От чагылды баатырдын

Ошол жерде көзүнө (СО,2,57).

Калмактын Сайкал балбаны

Кабылан Манас баланы

Оң далыдан *алганы (СО,2,59)*

Артынан Манас жеткени,

Алтын кемер чети деп,

Ай далынын *бети деп*

Сыр найза менен неткени (СО,1, 94)

Кыр аркага келтирип

Сыр найза менен жанчкылап.

Эки жанчып үч сайып,

Үзөңгүдөн бут тайып (СО,1, 94) ж.б.

“Эр Табылды” эпосунда да Табылды жарадар болуп жаткан учуру *далысынан* деп ырдалган. “Семетейде” Күлчоронун далысындагы кечирин кесип, анын күчү жок болуп калган жайы сүрөттөлгөн. “Курманбек” эпосунда Курманбек баатырдын жарадар болуп жатканында Аккан досу келип, “Кызыл

жорго тайымды, минбейсиңби, жан досум. Кызыл торко шайымды кийбейсиңби, жан досум. Кызыл памил чайымды ичпейсиңби, жан досум - деп айтканда жарадар Курманбек, “ Кызыл жорго тайынды, минерге менин алым жок. Кызыл кымкап шайыңды, киерге бүтүн *далым* жок. Кызыл памил чайыңды, ичерге менин шайым жок”- деп жооп берет [116, 98-б.]. Бул жерде *далы* деген соматизми эпостогу окуяга көркөмдүк, каармандын жарадар абалына жан кейиткен көрүнүш алып келип, поэтикалык зор күчкө ээ болуп турат. Эпостордо дагы жоону сайган учурларда, “*кыр арканын* чети, деп, *ай далынын* бети, деп”, “алыска атар Аккелте *айдалыга* илди эми” деген сөздөр менен да коштолот (Манас).

6. Жаак - адамдын же айбандардын тиштери орногон астынкы жана үстүнкү бет сөөктөрү [124, 414-б.]. Элдик оозеки чыгармаларда келбеттин сүрөттөлүшүндө *жаагы жазы, чап жаак, кең жаак, жайык жаак* деген өңдүү сөз айкаштарында колдонулат. Сөзгө чечен, капилеттен сөз тапкан мүнөздү да *кара жаак, жаагы жанган, жаагы тынбаган* деп сүрөттөйт. Бул соматизмдин байыркы көрүнүшү созулма үндүү менен эмес, мурунчул уяң үнсүз тыбыш менен айтылган, байыркы түркчө *уаңag,* түркчө *уапак [йанак] жаак*, өзбекче *жаг* [37, Баскаков, 1956, 81].

*Үстүнкү **жаак.** Астынкы **жаак.** Чап **жаак.***

*Бир нерсенин тиштетүү, кесүү ж.б.үчүн колдонуучу куралдардын эки жак бөлүгү: кайчынын **жаагы.***

***Жаагын айруу** – өтмө мааниде бир нерсени абдан тойгуча жеп ичүү, абдан жакшы билүү же аткаруу.*

***Кара жаак** - тилдүү, көп сүйлөгөн.*

***Жаагы** жап болуу - унчуга албай, сүйлөй албай калуу.*

***Жаактан** башты айыргандай кылуу - жакын адамдарын ажыратып коюу, ыркын бузуу, арасын ажыратып салуу ж.б.*

- ***Жаагы жазы** - жайык, кенен, кең, эндүү дегенди билдирет*

Сыйда сакал, тик мурут,

Жаагы жазы, кыр мурун (СО, 1,71)

- **7. Кабак.** 1.зат. көздүн үстү, көздүн чарасынын үстү [124, 634-б.]. Бул соматизм каармандын сүрдүү көрүнүшүн, каардуулугун, сүрөттөөдө көп колдонулуп, анын баатыр мүнөзүн арттырууга колдонулат: *“Кабакты катуу салды дейт”* деп ачуусунун келип, жоого катуу тийгендеги көрүнүш чагылдырылат. Эпосто *кабагы бүркөө, кабагы салыңкы, жар кабак, жылма кабак* деген айтылыштарда колдонулуп, каармандын мүнөзүн, түрдүү кырдаалдарга жараша ачууланганын сүрөттөөдө колдонулат. Бул соматизм менен айтылган фразеологизмдер да бар:

“кабак-кашым дебеди”, ”кабагына кар жаады”, “кабак кашына карабай”, “кабагы ачык” И.Абдувалиев бул сөздүн байланышма уңгусун *кап - каб* деп эсептейт [Абдувалиев, 2017:93] да, азыркы кыргыз тилинде унутулган бул сөздүн чуваш тилиндеги *жап* деген мааниси *хоп* (Федотов, 2,358-б.) деген сөздүн сакталганын мисалга келтирет. ***Кабагы*** *бүркөө же* ***кабагы*** *салыңкы - капалуу, көңүлү ачык эмес кайгылуу деген маанини түшүнөбүз;*

Кабак-кашым *дебөө, кейибөө, кайгырбоо, кенебөө, убайым тартпоо, капаланбоо;*

Кабак кашына *кароо – мүнөзүнө, кыялына, көңүлүнө кароо;*

Кабагына к*ар жааган – ачуулуу, сурданган, түнөргөн;*

Жар кабак **-** кабагы бийик :

Жалаяк ооз, жар кабак

Арстандай түстөнгөн. (СО,4,22)

Жылма кабак **–** сын1. Быдыры, бүдүрү жок тептегиз. 2.өт. Астыртан, тымызын, жылдырып бүтүрө салма:

Жылма кабак, жылдыз көз.

Кайраты ашык каар сөз (СО,2,345)

Ачык кабак **-** көңүлү ачык, көңүлү көтөрүңкү, кубанычтуу жайдары: *Ачык кабак, жатык сөз*

Кобуш мурун, марал көз (СО,2,217)

Кабак - 2.зат. *Суунун, сайдын ойдуң жердин жардуу жээги.*

Кабак - 3.зат. *Сабактары чубалып жерге жатып өсүүчү ири мөмөлүү огород өсүмдүгү жана ошол өсүмдүктүн сүйрү же тоголок келген чоң-чоң мөмөсү.*

Суу кабак - *ичиндеги уруктарын алып таштагандан кийин идиш катарында колдонулуучу бакча өсүмдүгү ж.б.*

8. Каш - ***зат***. *1.* көздүн үстү жагындагы тилке болуп өскөн кыска кылдар [124, 80-б.].

Жаман каш, кара каш:

Түйдөк кара чачы бар

Түйүлгөн жаман кашы бар (СО,2,434)

Карагат көздүү, кан жүздүү

Кашы кара, *ай түстүү (СО,2,433)*

2.өт. ***кашында*** - бир нерсенин жаны, жакын, жер, бет маңдайы:

Байрак байлап, туу кылып,

Кашыңда Манас баланы

Хан көтөрүп коюңар (СО,1, 107)

Ак сакалдуу бир адам

Келип кирди кашына (СО,1,25)

Бай Жакып байге башында,

Бай Балта чалы кашында (СО,1,46).

Кабак-кашы, кашың жокпу - жайдары, көңүл жубатар, адамгерчиликтүү, сыпайгерчиликтүү бол деген мааниде да колдонулат.

Каш - Ээрдин тизгин, чылбыр илүүчү алдыңкы өйдө көтөрүлгөн ийилген бөлүгү:

Алтын ээр кашы деп,

Как жүрөктүн башы деп (СО,2,57)

Бул соматизмдер эпосто каармандын келбетин сүрөттөөдө: *кара каш, чийдей каш, кыйгач каш, түйүлгөн каш, көк тикендей каш, ийилген каш* деген сыяктуу айкаштарда айтылып колдонулат.

9. Кирпик - көздүн жапкагындагы катар тизилген майда кылдар [124, 776-б.]. Эпостордо бул соматизм кездешти. *Кирпик кагуу, кирпик какпоо* бир ишке макул болгондук, же *аткара бер, өзүң бил* деген сыяктуу жаңсоо маанисинде (Ботобекова) колдонулат. *Кош кирпик, кирпиги узун* деген айкалыштарда да жолугат:

Кирпик *какпоо же* ***кирпик*** *ирмебөө - уктабоо, көз илбөө*

Караңгы токой,чер өңдүү кирпик. *2.өт. Караңгы токой чер өңдүү каш кирпик - өтө калың дегенди билдирет. Эпосто*

Каш, кирпигин карасаң,

Караңгы токой чер өңдүү (СО,4,238) деген ыр саптарында кездешти.

Кош кирпик - эки түгөйлүү, эки даана, жуп кирпик:

Кочкор тумшук, ***кош кирпик***

Кирпиги узун*, тунук көз (СО,1,71)*

Кирпиги жалын. 2.өт. Кандайдыр бир окуянын кырдаалдын күчөп, катуулашы:

Кирпиги жалын, *көзү чок*

Кишиден мындай сонун жок (СО,2,189)

10. Кол - адамдын эки ийнинен баштап манжаларынын учуна чейинки мүчөсү [124, 788-б.]. Бул мүчө *оң кол* жана *сол кол* болуп экиге ажырайт. Соматизм эпосто көп айтылганын төмөндөгү сөз айкаштарынан көрөбүз жана түз-өтмө маанилери да арбын:

Кол кабыш кылуу - *жардам кылуу, көмөк көрсөтүү*

Колго салуу *-талкууга коюу, добушка салуу*

Колунан келүү *– иштей алуу, кубаты жетүү, күчү келүү.*

Кол алдында болуу - *бирөөнүн бийлигинде, бирөөнүн жетекчилигинде болуу.*

Кол жууп калуу *– ажырап калуу, түгөтүп, жоготуп алуу.*

Беш колдой *– таамай, так, ачык.*

Кол үзүү *– байланышпай калуу, ынтымагын жоготуу.*

Колу кыска *– начар, жетишсиз, аргасыз, бийликсиз.*

кол байлоо *– жолтоо болуу, тоскоолдук кылуу.*

кол өнөрчү *- колу менен түрдүү буюмдарды жасаган уста.*

Колдон чыгаруу *- бүтүрүү, бир жаңсыл кылуу.*

Кол кесер *- мал сойгондо адамга берилүүчү эт.*

Колу тийүү *-1) чолосу тийүү, убактысы болуу, колу бошоо. 2) уруп жиберүү, муштоо.*

Кол жалгоо *- бирөөгө бир нерсени колу менен алып берүү.*

Кол бала *- жашынан бирөөнүн колунда турган балага, же келинге карата айтылуучу сөз.*

Кол кап *- мээлей.*

Колунда *жок – жетишсиз, начар, оокатсыз.*

Колунда бар *- жетиштүү, оокаттуу, бардар.*

Кол *- кишилерден турган согуштук күч, аскер, кошуун.*

Чынардай кол – узун кол; таяныч адам. **Чынар зат.** 1.Салааланган жазы жалбырактуу, бийик өсө турган жыгач. 2.өт. Таяныч, тирек, жөлөк, калканч.

Колдоруна карасаң,

Көп токтолгон чынардай (СО,4,311)

Кобул зат.1.Уук, кереге, түндүк, чамгарак сыяктуу буюм-теримдерди кооздоо үчүн түшүрүлгөн ичке жылга-жылга оюм, из, орнамент.

Кобул колдуу *- кооз оюмдай колдуу.*

Орто бойлуу, он беш жаш

кобул колдуу, колоң чач (СО,4,351).

Чолойгон кол – чолойгон - кыска, чолок көрүнүштө болуу, кесилген кол.

Кылыч тийип колуна

Чолойгону дагы бар (СО,2,88)

Колу ачык *- берешен, март адам.*

Алакан жазык, колу ачык,

Аттанып чыкса жолу ачык (СО,1,56)

Байбиченин колуна, "байбиче"- улгайган аялга урматтоо менен кайрылуу. "Байбиче" деп сыйласа, кемпирдин көркү чалында фольк.; *колуна*

тапшыруу - ээсине тапшыруу, байбичесинин өзүнө алып келип берүү, баласын апасына алып келип берүү маанисинде колдонулду:

Баламды алып келейин,

Байбиченин колуна

Соо-саламат берейин (СО,1,56).

***Кол**. II зат. Кишилерден турган согуштук күч, аскер, кошуун.*

***Калың кол**-саны көп аскер, жоокерлер келерин билдирет:*

Каңгайдан калың кол келет,

Карып калган чагымда

Кара жанга зор келет,

Алтайдан арбын кол келет,

Аксакал болгон чагымда

Азаптуу жанга зор келет (СО,1,59)

Карап турган калың кол,

Адамы анын кумдан мол (СО,1-б, 87)

***Кол болду** -* аскердин санынын канча болгондугун билдирет:

Антип-минтип чогулуп,

Жети жүз сексен кол болду.

Ошо колдун ичинде

Ортоктош болгон нойгут бар (СО,1,71)

Алты миң беш жүз кол келди,

Аскер арбын мол келди,

Нескара деген эр келди,

Нече түрдүү эл келди (СО,1, 100)

Кол болуп- Аскер, согуштук күч, кошуун болгон маанисинде колдонулду:

Кармаарыңа кол болуп,

Казатка чыксаң жол болуп (СО,1,59)

Сексен киши айгайы

Сегиз миңдей кол болду.

Селпилдеген кытайдын

Селден каны мол болду (СО,1, 113).

Кол салуу - адатта согушта курал же куралдуу күч менен (жерге же душмандын күчтөрүнө) каршы агрессивдүү иш-аракеттерди жасоо.

Калмак колду салганы,

Жаалданып эр Манас

Далысынан кармады.

Көтөрүп колго турганы (СО,1,66)

Капыр келип кол салса

Каруу-жарак асынып,

Каршысына баралык (СО,1, 115)

Жана жетөө камынып,

Жекелөөгө жабылып

Манаска колун салганы (СО,1, 102)

Кол куушуруу - 1. Кечирим суроо, сурануу, алдына түшүү, өтүнүү, өтүнүч кылуу. 2. Баш ийүү, багынуу.

Сарттар коркуп сабыркап

Кол куушуруп турады (СО,1,77)

Оң кол, сол кол - адамдын эки ийнинен баштап манжаларынын учуна чейинки мүчөсү, бул мүчө оң кол жана сол кол болуп экиге ажырайт, эпосто ыр саптарында да кездешет:

Бирөөн кармап оң колдон,

Бирөөн алды сол колдон.

Төртөөн кармап турганы (СО,1, 102)

Он төрт жарым жаш бала

Эки колго экөөнү

Кошоктой кармап турганы (СО,1, 102)

Колу карышуу*- кыймылга келбей тырышып, карышып калуу:*

Кармаган колу карышып,

Калган экен Көкчөнүн

Карчытына жабышып (СО,1, 112).

Кыргыз тилинде *кол* өтмө мааниде метонимия кубулушу менен колдонулуп аскерлер, жоокерлерден турган топту да билдирди. “Манас” эпосунда ушул мааниси менен көп колдонулат: *кол башы, колду башкар, кылкылдаган кол* ж.б. Эпосто Манастын өзүн, Алмамбет, Чубак, Сыргак өңдүү чоролорду артынан караганда *“сан колдой”* деп сүрөттөгөн учурлар колдонулат. Ошондой эле *кол* бир нерсени алуунун, берүүнүн утилитардык кызматын аткаруу менен башка кишини өзүнө тартуу жана жазалоо милдетин аткаруу үчүн дагы колдонулуп келет.

11. Көз компоненти менен жасалган соматизмдер

Көз: 1.*зат.* Адамдын, жан-жаныбарлардын көрүү мүчөсү [124, 30-б.]. Көрүүнүн таанып-билүүнүн каражаты. ***Көз*** компоненти менен жасалган соматизмдерден *көз* аркылуу келип чыккан төмөнкүдөй сөз айкаштарына жана алардын билдирген маанилерине айрым мисалдарды келтирсек болот: *көз көргүс жак* - алыс, *көздөн учуу* -зарыл болуу, *ач көз* - нысапсыз, *көз артуу* - кызыгуу, суктануу, *көзгө басар* - жалгыз, *көз салуу* - байкоо же кароо, *көз жетүү* - түшүнүү, ачык билүү, *көзгө илешпөө* - өтө тез кыймыл, *көз караш* - түшүнүк, *көзүнө илбөө* -теңине албоо, *көз каранды* - баш ийүү, *көз жаруу* - төрөлүү, *көз боочу* - сыйкырчы, алдамчы, *көз тийүү* - ооруп калуу ж.б.

«Манас эпосундагы адамдын көзү:

Жылдыз көз - өт. көрктүү, жагымдуу жаркылдаган, жайдары, сүйкүмдүү көз.

Жоруну жазы, таш жүрөк,

Жылма кабак, жылдыз көз (СО,4,191)

Жылма кабак, жылдыз көз,

Бөрү кулак, жолборс төш (СО,1,44)

Муштумдай жалгыз көздөрү - зат. колдун башы муштум сыяктуу чоң **көз**.

Мурунунун үстүндө

Муштумдай жалгыз көздөрү (СО,4,225).

Карагаттай көзү - карагат сыяктуу, көздүн карегинин өңү карагатка окшош, капкара **көз.**

Карагаттай көзү бар,

Канттан ширин сөзү бар (СО,2,204).

Өрттөй көзү **-** өт.өткүр курч жалындап күйгөн от сыяктуу көз.

Кычырлап тишин чайнаган,

Өрттөй көзү жайнаган (СО, 2, 186).

Өрттөй көзү кызарып,

Өрдөктөй мойну узарып,

Кууп Манас калыптыр (СО,1, 94)

Өрт жалындай көзү - курулуш, буюм ж.б. нерселерди кошо кучагына алып алоолоп жалындап күйгөн отко окшош **көз.**

Өрт жалындай көзү бар (СО,4,17)

Ооздугун чайнатып,

Оттой көзүн жайнатып (СО, 4,99)

Торгой көз же тоок көз **-** чымчык түркүмүнө кирүүчү кичинекей сайроочу куштун көзүнө окшош кичинекей, тоголок **көздөр.**

Торгой көзү жыбырап,

Тоок көзү шыбырап (СО,4,99).

Чыйырчык алтын, чымчык көз, торгой көз **-** куштун **көзүнө** окшош көздөр.

Чыйырчык алтын чымчык көз,

Чың бадана торгой көз (СО,4,99).

Ботодой көз **- с**ын а.жоодураган, бакырайган чоң көз.

Ботодой көзү жоодурап,

Көзү көлдүн буткулдай –өтм. быткыл, тегиз эмес,ой чуңкуру

бар, коркунучтуу жердин түспөлүн берген көз.

Көзү көлдүн буткулдай

Каарданып караса,

Көрүнгөндү жуткундай (СО,2,148).

Кара үңкүрдөй көзү - үңүрөйгөн, ич жагына чуңкурайган,чуңкур болуп көрүнгөн **көз.**

Көк тикендей кашы бар,

Кара үңкүрдөй көзү бар (СО,2,107).

Көзү тик **-** сын. кыйшайбаган тике түз турган абалдагы **көз.**

Көркү-калча, көзү тик,

Көбүнө айтса сөзү тик (СО,2,148).

Көркү калча, көзү тик,

Жалаяк ооз, жар кабак (СО,1,44)

Көзү үңкүр – чуңкурайган, ичке кирип турган көз.

Кабагы бийик, көзү үңкүр,

Кара сакал, тик мурут (СО,2,208).

Эрди калың, көзү үңкүр

Эр мүнөзү көрүнөт (СО,1,44)

Кызыл көз **-** сын. көздүн ак чели кандын ыраңындай кызыл түстөгү көз: *Кыр мурундуу, кызыл көз,*

Кыйгач каштуу, заар сөз (СО,2,189).

Айнектей көзү **-** сын.айнекке окшоп жылтырап турган **көз**

Аккан каны басылып,

Айнектей көзү ачылып (СО,2,60).

Казып койгон ороодой көз **-** эгин сактоо үчүн казылган чуңкур сыяктуу, чанагы ичине кирген үңүрөйгөн **көз**

Эки көздүн чуңкуру,

Казып койгон ороодой (СО,3,130).

Көзү чок **–** кызарып күйүп турган отко окшош **көз.**

Кирпиги жалын, көзү чок,

Айткан кеби - аткан ок (СО,2,189).

Тунук көз **-** өт. анык, таза чыныгы, нагыз, ак ниет адамдын көзү.

Кирпиги узун, тунук көз,

Ыйлуу болор киши экен (СО,2,335).

Бөрү көз - баатырлардын көзүнө карата берилген эпитет

Жолборс кыял, бөрү көз,

Жооруну калың, жайык төш (СО,2,144).

Көөхар көз **-** зат. өтө кымбат баалуу асыл ташка окшош **көз.**

Жазык маңдай, көөхар көз,

Инжи тиштүү, ширин сөз (СО,2,348).

Маштай, умачтай көз - деп, корккондон көз алая ачылуусуна, же таңыркаганда көзү буурчак данына окшоп бадырая түшкөн абалына салыштырылат.

Умачтай көзү ачылып,

Уучтаган колу жазылып (СО,2,416).

Көз байланды - кеч кирди, күүгүм.

Көз байланды түн болду,

Ат кууган бойдон жоголуп

Меңдибайга не болду ? (СО,1,26)

Көзүнө илбөө **-** тоотпогондук карабай коюу, теңине албоо деген мааниде колдонулат.

Бирди-экини кишини

Бир да илбейсиң көзүңө (СО,1,26)

Көзгө илинбөө **-** байкалбай, көрүнбөй калуу

Азы, көбү билинбей,

Аңдаса көзгө илинбей (СО,1-б, 110)

Көздөй **-** II жанд. Карай, белгилүү бир багытты карай:

Оң колуңа алыпсың,

Обону көздөй салыпсың,

Сол колуңа алыпсың,

Сонону көздөй салыпсың (СО,1,29)

Аны ойлонуп Ошпур бай

Бай Жакып көздөй жөнөдү (СО,1,56)

Тогуз жүз аскер кол алып,

Алтайды көздөй жол алып (СО,1, 115)

Көзү сүзүлүү **-** Сүзүлгөн, коюуланган (уйкусураган, уйкусу келген, талыкшыган көздөр жөнүндө)

Байбиче көзү сүзүлдү,

Белдемчинин жакасы

Беш жеринен үзүлдү (СО,1,38)

Көзү катуу **-** Көрүүгө же жетүүгө зар болуу, кемчил болгон нерсени аябай самоо, абдан эңсеген абалда болуу.

Берекелүү баланы.

Көзү каткан Бакдөөлөт

Көтөрүп өөп алганы (СО,1,39)

Көз катканда көргөнүм,

Көлөкө жалгыз эрмегим (СО,1,59)

Буурчактай көзү **-** көзү буурчак данына окшоп бадырая түшкөн абалына салыштырылат.

Уккан сайын Жакып чал

Бурчактай көзүн жаштады?(СО,1,42)

Көз салуу **-** 1. Каралашуу, жардамдашуу, жардам берүү, кам көрүү. 2. Бир нерсени байкоо максатында көз жүгүртүү, астыртан кароо.

Байкайын деп баласын

Бай Жакып көзүн салганы: (СО,1,44)

Барымды менден ал деди,

Бирок, балама көзүң сал деди (СО,1,73)

Сексейишип сексени

Манаска көзүн салганы (СО,1, 112)

Ачып көздү жумганча **-** Бир заматта, бир паста, арыдан-бери, өтө тез, дароо.

Айгайын алтай салыптыр,

Ачып көздү жумганча (СО,1,47)

Көзү жоодурап **-** жаркыроо (көз жөнүндө); үмүт менен кароо; көздөрү жаркырап, күйүп турган абалдагы көз.

Азамат көзү жоодурап,

Бел байлаган жигиттен

Беш жүзү чыкты бөлүнүп (СО,1,65)

Чаң көзүнө толо элек **-** ал аскердик иштер үчүн дагы жаш, ал согуштка али даяр боло элек;

Чаң Көзүнө толо элек,

Чабышка камбыл боло элек (СО,1, 84)

Так чыныдай көзү - чыныга окшошкон чоң көз. Эпосто Нескаранын көзү чыныга салыштырылат:

Жагжайыңкы төшү бар,

Так чыныдай көзү бар (СО,1, 102)

Оң көзү, сол көзү:

Оң көзүнөн от чыгып,

Илебинен оп чыгып,

Сол көзүнөн чок чыгып

Аккелтеден ок чыгып (СО,4,340).

12. Кулак: 1.Адамдын жаныбарлардын угуу мүчөсү [124, 86-б.]. 2.Нерсенин кармоо, же бурап ар түрдүү абалга келтирүү үчүн жасалган атайын бөлүкчөсүн туюндурат: *Мисалы, комуздун* ***кулагы,*** *казандын* ***кулагы;***

Узун кулак **-** *уганаак, тез уга коймо, көбүрөөк кабардар болгон кулак;*

Кулак - *2.зат. суу жайуу, жыгуу үчүн арыкка туурасынан тосулган бөгөт.* ***Арыктын*** *кулагын байлап суу сугаруу;*

Арыктагы суунун чени, өлчөмү, көлөмү. ***Эки кулак*** *суу;*

Кулак - *3.зат. батрактарды,кедейлерди эзген жеке*

менчиктүү бай дыйкан;

Бөрү кулак **. Бөрү зат. 1. Карышкыр .** 2. Баатырларга берилген эпитет

Бөрү кулак, жолборс төш

Бөлөкчө түрү бар экен (СО,1,72)

Молойгон кулак. молойгон этиш. Кулагынан ажыроо.

Шыпыра чаап кулагын,

Молойгону дагы бар (СО,2,88)

Салгылашууда кулагынан ажыраган жоокерлерге карата *молойгон кулак* деп айтылат. Элдик оозеки чыгармаларда *узун кулак, бөрү кулак* деген сөз айкаштарында жолугат.

13. Маңдай: *зат.1.* Баш сөөктүн каштан жогорку чачка чейинки бөлүгү [124, 195-б.]. Эпостордо бул соматизм *жылма маңдай, жазы маңдай, босого маңдай* деп каармандардын алдыңкы бетинин түзүлүш келбетин сүрөттөөдө көп колдонулат. Ал эми каармандын баатырдык сүрү бар болсо *жолборс маңдай, дөң маңдай, жазы маңдай* деген эпитеттер аркылуу сүрөттөлүп, баатырлардын бет мандайдан тике келип качырган учурун баяндоодо колдонулуп, стилистикалык-поэтикалык көркөмдүк жаратат:

Бет *алды тарап****, бет*** *жак, өзү турган жерден*

алганда каршы жагы. - Тагдыр жазмыш.

Тике ***маңдай*** *- дал* ***бет*** *алды, тушу.*

Маңдай*- тескей,* ***бетме - бет****.*

Жылма маңдай *- жылма сын. 1.Быдыры, бүдүрү жок, тептегиз маңдай* ***2.өт.*** *Астыртан тымызын, жылдырып бүтүрө салма.*

Жылма, митаам.

Жылма маңдай, жылдыз көз

Кайраты ашык каар сөз (СО,4,345)

Жазык маңдай *- жазы 2.сын.1.Жайылган, жазылган, бырышы жок.*

Жазык маңдай, көөхар көз

Инжи тиштүү, ширин сөз (СО,2,348)

Жолборс маңдай *– маңдайы кең, жазы, сүрдүү көрүнгөн маңдай; Баатыр, эр жүрөк****,*** *эч нерседен коркпогон.*

Жолборс маңдай, таш жүрөк

Жоруну калың, пил билек (СО,2,189)

Босого маңдай *- босого зат.1.Эшиктин каалга бекитилген жыгачына окшош маңдай.*

Короз моюн, колоң чач

Босого маңдай, боору таш (СО,2,355)

- Дөң маңдай *- дөң зат. Кичине дөбө, дөбөчө. 2.өт. Шишимек тарткан, дөмпөйүп турган маңдай.*

Үкүлүү сексек, ***дөн маңдай***

Түштө туруп мен кандай (СО,4,345)

14. Моюн: ***зат. 1.*** Дененин тулку боюн баш менен бириктирип турган бөлүгү [124, 225-б.].

Кумгандын моюну *- идиштин ооз жагына жакын ичкерээк келген жери.*

Тоң моюн *- тил албаган, айтканга көнбөгөн, өз билгенин иштеген адам.*

Моюнга алуу *-1) кандайдыр бир иш өзү тарабынан иштелгендигин ырастап, макул болуу. 2) милдет кылып алуу.*

Моюн сунуу *- макул болуу, көнүү, баш ийүү.*

Моюну жар бербөө *- иштегиси келбөө, жалкоолук кылуу.*

Моюн толгоо *- тил албоо, өз билгенинче болуу.*

Мойнуна минүү *- толук бийлөө, бийлик кылуу.*

Моюн бербөө *- макул болбоо, тануу жеңдирбөө, мойнуна албоо.*

Турна моюн - узун моюндуу, узун буттуу чоң саз кушунун моюну сыяктуу моюн.

Турна моюн Турсунай,

Батмабүбү, Шынгынай (СО,2,419).

Жолборс моюн **- 2.өт.** баатыр эр жүрөк, эч нерседен коркпогон адамдын моюну. Мойну кыска, калың, күржүйгөн моюн.

Жолборс моюн, жоон билек,

Жоруну калың таш жүрөк (СО,1,72).

Каздай моюн – мойну узун, кежигеси соксоюп чыгып турган моюн.

Каныкей атка калыптыр,

Каздай мойну созулуп (СО,2,416).

Бука белиндей моюн **-** моюнунун жоондугу буканын белиндей жоон, күчтүү моюн.

Мойну бука белиндей,

Оп тартканда деми бар

Улуу-Белдин желиндей (СО,2,185).

Короз моюн **-** тооктун эркеги короздун моюнуна окшогон, койкойгон моюн.

Короз моюн, аппак эт,

Койкоңдогон кара бет! (СО,2,221).

Короз моюн, колоң чач,

Босого маңдай, боору таш (СО,2,335).

Өрдөк моюн **-** Жазы тумшуктуу, жаргак тамандуу сууда сүзүүчү куштун моюнуна окшош моюн.

Өрдөк моюн, түймө баш,

Орто бойлуу он беш жаш (СО,4,351)

Алача моюн- алача (кол өнөрчүлүктүн чаар кагаз материалы, кийин заводдук өндүрүш). Жибек кошулуп согулган ала була кездеменин бир түрү; эпосто ала була моюн деген мааниде колдонулду.

Алача моюн ак шумкар

Ага кошо байлапмын (СО,1,35-б)

Элдик оозеки чыгармаларда бул соматизм *тоң моюн, моюн бербөө* деген сыяктуу сөз айкаштарында баяндалып жаткан каармандын тил албастыгын, айтканынан кайтпагандыгын туюндуруп, анын образына кошумча поэтикалык көркөм түс, боёк берет. Ал эми айтканга көнгөн, макул болгон, баш ийген көрүнүштөр *моюнга алуу, моюн сунуу, моюну жар берүү* деген сыяктуу айкалыштар менен айтылып, семантикалык маанини так туюнтууда *моюн* соматизми чоң роль ойнойт. Өтмө мааниде айтылышы менен элдик оозеки чыгармаларга көрк берет. Эпосто жана башка элдик оозеки чыгармаларда *моюн* соматизми ар кандай айкалыштарда айтылып, поэтикалык көркөм

салыштырууларды жаратат. Мисалы, *турна моюн, өрдөк моюн, жолборс моюн, короз моюн, моюну бука белиндей*, каздай *моюн, укурук моюн ж.б*.

15. Мурун: 1.зат. Адамдардын, айбандардын тумшук жагындагы жыт алуу органы мурун болуп саналат [124, 235-б.]. Бул соматизм кээде *тумшук* деген дене мүчөсүнө маанилеш болуп колдонула берет. Сырткы келбетин сүрөттөөдө *кырдач мурун, кобуш мурун, кыр мурун, кобул мурун ж.б.* сөз айкаштарында колдонулат. Фольклордук чыгармага белгилүү бир деңгээлде стилистикалык-поэтикалык көркөмдүк жаратат:

Күндүн ***мурду*** *чыкканда –күн чыгып келе жаткан*

учурда, күн жаңыдан көрүнгөндө;

Мурдун *көтөрүү - мактанган, кекирейген, көпкөн, чиренген абалда болуу; Эки колун* ***мурдуна*** *тыгып калуу - куру калуу;*

Мурдунан *жетелетүү - бирөөнүн таасиринде болуу, бирөөгө көз каранды болуу;*

Кырдачтай мурун – *зат атооч. кырдач жалпак болбогон мурун.*

Муруну тоонун кырдачтай,

Муруту чөлдүн камыштай (СО,2,148)

Кобуш мурун *- кооздоо үчүн түшүрүлгөн ичке оюк, из-орнамент сыяктуу келишкен* ***мурун.***

Кобуш мурун, марал көз

Алма моюн, түймө баш (СО,2,217)

Бузулган тоонун сеңирдей мурун *- тоонун уурчуктаган бийик кыры сыяктуу одурайган чоң* ***мурун.***

Муруну бар капырдын

Бузулган тоонун сеңирдей (СО,2,189)

Кыр мурундуу – *кыры бар, жалпак эмес мурун.*

Кыр мурундуу, кызыл көз,

Кыйгач каштуу, заар сөз (СО,2,189)

Кобул мурун - к*елишкен, комуздай койкойгон* ***мурун.***

Кобул мурун көөхар көз,

Жүзү нурлуу,инжи тиш (СО,2,57)

Селебенин кабындай мурун *- кылычтын кабына окшогон ийри мурун: Мурунуна караса,*

Селебенин кабындай (СО,2,57)

16. Мурут. *Үстүнкү эринге чыккан кыл* [124, 235-б.]. Бул соматизм эпостордо эркектерге, айрыкча баатырларга карата колдонулат. *Кер мурут, кыл мурут, агала мурут, кара мурут, сары мурут, узун мурут, чыйратылган мурут ж.б.* деген сөз айкаштарында колдонулуп, каармандын күч-кубаттуу, келбеттүү, же жашы улуулугун туюнтуу үчүн колдонулат. Мисалы, баатырдык эпостордо *«Ар мурутун карасаң, айбалтанын сабындай, Муруту чөлдүн камыштай»* деген сүрөттөөлөр бар. Бул баатырдын ашкан күчтүү, чоң, олбурлуу алп келбеттүү экендигин образдуу чагылдыруу максатында мурутунун ар бир кылы айбалтанын сабына салыштырылып берилүүчү көркөм ыкма катарында колдонулду.

Көркөм тексттерде *мурутунан жылмаюу*, *мурутунан күлдү* -оозун ачпай жылмайып күлүү деген маанини билдирип, образдын жеткире ачылышына себепкер болот.

Муруну тоонун кырдачтай,

Муруту чөлдүн камыштай (СО,2,148).

Качканын көрүп Чубактын,

Мурутунан күлдү эми,

Муруттарын караса ,

Ай балтанын сабындай (СО,2,134).

Бул соматизм жаныбарлардын атында да, *муз мурут - бүркүттүн бир түрү*, жемиш дарагынын атында да *алмурут* деп кездешет.

17.* Ооз:** ***зат. 1. Кишилердин, ошондой эле жаныбарлардын тамак иче турган мүчөсү [124, 281-б.]. Бул соматизм эпостордо жана башка элдик оозеки чыгармаларда көп эле колдонулат. “Манас” эпосунда жоокерлер чабуулга өткөндө *араандай оозу ачылып, аттын оозун кое берип, оозунан көбүк чачырап* деген сөз айкаштарында айтылат.

Каармандын мүнөзүнө жараша *оозу бош* –“ар нерсени жөнү жок эле айта берген”, *ооз көптүрүү* – “мактанчаак”, *оозун карманyy* – “өзүн-өзү токтотуу, ар нерселерди айта бербеген”, *оозун таптоо* –“сүйлөй турган сөзүн даярдоо, сүйлөп жибергиси келүү” маанилеринде колдонулат. Каармандардын оң каалоосу катары “*оозуңа май”*, жек көрүүсүн билдирген терс каалоосу катары “*оозуңа таш”* деген айкалыштарда *ооз* соматизми активдүү колдонулат. Адамдын бир нерседен тайманып, коркуп турган абалын туюнтууда *жүрөк* соматизми менен *жүрөгү оозуна тыгылды, же жүрөгү оозуна кептелип* деп айтылат. *Ооз* соматизми фольклордо мындан башка да *ооз тий, даам ооз тий, кур ооз, ооз кесир, бекер ооз, оозу катуу, бир ооздон, тил ооздон калды* деген сөз айкаштарында айтылып, элдик оозеки чыгармалардын көркөмдүгүнө, поэтикалуулугуна кошумча стилистикалык маанилерди берет:

Ооз *тийүү – даам татуу.*

Оозун *жыйып алгыча – жаңы эле сүйлөп бүтөрү менен, сүйлөп бүткүчө.*

Жүрөгү оозуна *тыгылуу – бир нерседен катуу коркуп кетүү.*

Бала туйлап кеткенде

Опколжуп келип жүрөгүм

Оозума тыгылды (СО,1,42)

Кур ***ооз -*** *эч нерсе жебестен, тамак-аш ичпестен, тамак бербей кур жалак калтыруу.*

Ооз *кесир - опурула, мактана сүйлөгөн сөз, опурулган курулай мактанчаактык.*

Ооз *кесирсиз – айтты-койду дебестен, сөзсүз.*

Тил ***ооздон*** *ажыроо - сүйлөбөй калуу.*

Оозун *таптоо – сүйлөй турган болуп обдулуу, сүйлөп жибергиси келүү.*

Оозуңа *май – жакшы кабар айткан кишиге карата алкоо иретинде колдонулат.*

Оозуңа *таш – жаман кабар, же жагымсыз сөз айткан кишиге карата зекүү иретинде колдонулат.*

*Бекер **ооз -** орунсуз, көп сүйлөгөн, кеп кылып сүйлөй бергенди жакшы көргөн .*

***Ооз** көптүрүү – мактануу, курулай менменсинүү, көтөрүлүп сүйлөө.*

***Ооздон оозго** өтүү - элге жайылып кетүү, биринен бирине өтүү, таркоо.*

***Оозу** бош – айтууга болбой турган, же жалпы эле айтылган сөздөрдү ичине сактай албаган.*

***Оозу** катуу – баш бербеген, тизгин тартууга оңой менен көнбөгөн (жылкыга карата).*

***Оозун** кое берүү – атты катуулап чаап жөнөө .*

***Эки оозунун бири** – кайра-кайра кайталап сүйлөй берүү, улам айта берүү.*

***Бир ооз** болуу – бирдикте болуу, бирин-бири колдоо.*

***Бир ооз** сөз – кыска сөз.*

***Ооздон** түшүрбөө - дайыма айта жүрүү.*

***Оозун** карманyy – өкүнүү, арманда калуу.*

***Оозго** алынуу - белгилүү боло баштоо, таанылуу, айтыла баштоо*

***Оозу** жаман аржайып – оозу чоң, чоң ачылып турган ооз*

Тырмактары арбайып,

Оозу жаман аржайып (СО,1,225).

***Жалжагай ооз** –зат.атооч. кенен ачылып туруучу ооздун түрү, жабылбай ачылып туруучу ооз.*

Жалжагай ооз, жар кабак,

Жаалы катуу көрүндү (СО,2,189)

***Көр өңдүү ооз -** чоң ооз маанисинде.*

Оозу ачылган көр өңдүү

Жалгыз көзү жаркылдайт (СО,4,238)

***Жалаяк ооз –** оозу кең, чоң ооз. ж.б*

Жалаяк ооз, жар кабак

Жаагы жазы,ээги узун (СО,1,71).

18. Тиш: 1. зат. Тамакты керте тиштөө, үзүп алуу жана майдалап чайноо үчүн кызмат кылуучу сөөк зат, ооз ичиндеги мүчө [124, 502-б.]. Бул соматизм *кашка тиш, маңдай тиш, азуу тиш, акыл азуу тиш* ж.б. деген түрлөрү менен айтылат. “Манас” эпосунда Манас баатырдын келбетин, образын манасчылар “Каалгадай кашка *тиш, калайыктан башка тиш”(Манас)* - деп өзгөчөлөнтүп сүрөттөшөт.

Тиши байман күрүчтөй- *таза дандуу күрүчтүн түрүнө окшош тиш.*

Тиши байман күрүчтөй,

Өң шоошагы, сыпаты

Зымга тарткан күмүштөй (СО,2,217)

Араадай тиш – *араага окшоп орсок-терсек өскөн тиш.*

Ар тиштери араадай,

Чечекейи чараадай (СО,2,108)

Каалгадай тиш – *маңдайкы тиштеринин көлөмү чоң, каалгадай көрүнгөн тиш.*

Каалгадай кашка тиш,

Калайыктан башка тиш (СО,2,219)

Азуу тиши - *адамдын жаагындагы негизги чоң тиш.*

Азуу тишин карасаң,

Албарс, кылыч, курч бычак (СО,2,81)

Инжи тиш - *“инжи” кымбат баалуу акак таш. Тиши бир кылка тегиз, аппак, акактай тиш.*

Инжи тиштүү, ширин сөз,

Жазык маңдай, көөхар көз (СО,2,348)

19. Төш: *зат. 1.*Дененин курсактан моюнга чейинки алды жак бөлүгү [124, 528-б.]

2. *Тоонун боору, тоо бетинин жогорураак жагы.*

Жайык төш – тоонун боорундагы жазы, кең, жалпак, жайылып жаткан түз тегиздикке окшогон төш.

Жолборс кыял бөрү көз

Жоруну калың, жайык төш (СО,2,144)

Жолборс төш **-** өт. “баатыр, эр жүрөк, эч нерседен коркпогон” баатырларга карата айтылат.

Жылма кабак, жылдыз көз

Жоруну калың, жолборс төш (СО,4,191)

20. Чач: 1. зат. Адамдын баш терисинен чыккан кыл, салыштырмалуу калың, узун түктөр [124, 645-б.]. Эпостордо *олоң чач, карын чач, колоң чач ж.б.* болуп түрдүү айкаштарда айтыла берет:

Карын чач *– бала жаңы төрөлгөндөгү биринчи чач.*

Кундуздай чач *- териси баалуу, сууда жашоочу каракүрөң түстөгү сүт эмүүчү жырткыч кундуз деп аталган жаныбардын териси сымал жылтырап турган кара-күрөң* ***чач.***

Кара чачы кундуздай

Күзгүгө чачын таратып (СО,4,351).

Колоң чач – узун өскөн, колоңдоп бош кое берилген чач

колоң чач - узун чач дегенди да билдирет.

Орто бойлуу,он беш жаш,

Кобул колдуу, колоң чач (СО,4,351).

Олоңдой чач - узун, жоон керилген чач.

Он алты жарым жашы бар,

Олоңдой кара чачы бар (СО,2,354).

Дүмүр кара чач - кесилген дарактын же башка бир нерсенин ордунда калган тамырлуу түбү сыяктуу кара чач.

Өрттөнүп кеткен токойдой,

Дүмүр кара чачы бар (СО,2,107).

Саамай чач - баштын кулак менен чекенин аралыгындагы каптал жаккы бөлүгүндөгү селкилдеп ыргалып турган чачы.

Тал чыбыктай теңселген,

Саамай чачы сеңселген (СО,2,348).

21. Эт: зат.1.Адамдардын, жаныбарлардын сөөгүнө жабышкан дене булчуң-ткандары [124, 782-б.]. Эпос, элдик оозеки чыгармаларда *балтыр эти толо элек, эти тирүү, тору этине толбогон, боор эти менен тең, аппак эт, кардай эт, эт көйнөк, эт бышым, кызыл эт, эт-бетинен кетүү* ж.б.у.с. туруктуу сөз айкаштарында айтылат:

Балык эт – *жону билинбей, семиз көрүнгөн адам, кээде чаар сепкилдүү адамдын сырткы этинин көрүнүшү.*

Ич эт - *союлган малдын ичеги-карды, боору, жүрөгү, бөйрөктөрү ж.б. мүчөлөрү.*

Тору этине толбоо - *арыктап, баштагы этине, мурунку калыбына келбөө.*

Эт көйнөк *– ич көйнөк, ичтен кийилүүчү ак көйнөк*

Эт бышым - *эт бышканчалык, болжол менен эки саатчалык убакыт.*

Эти тирүү - *тың, чыйрак, бышык.*

Боор эти *менен тең болуу - абдан жакын, сүйкүмдүү көрүнүү, кымбат сезилүү.*

Эти ачынуу - *ачуусу келүү, жини келүү.*

Кызыл эт – *жаңы төрөлгөн бала.*

Балтыр эти же борбуй эти, жүрөк эти толуу - *эр жетилүү,*

жигит болуу, же жетиле элек күчүнө толо элек деген мааниде колдонулат:

Балтыр этиң *толо элек,*

Балбан чагың боло элек (СО,1,59)

Жүрөк этиң *толо элек,*

Жүткүнөр чагың боло элек (СО,1,59)

Эт-бетинен кетүү - *бир нерсеге кызыгуу, жандуу аракет кылуу, жандуу киришүү.*

Кардай эт – *өңү карга окшош ак эт.*

Карагат көздүү, кардай эт,

Кашкаңдаган кара бет (СО,2,221)

Аппак эт - *өңү ачык, ак эт.*

Короз моюн, аппак эт

Койкоңдогон кара бет (СО,221)

Таар каптай эти - *өт. одуракай, калың эт.*

Таш тулгадай бети бар,

Таар каптай эти бар (СО,2,434)

Ууздан аппак эти бар *- ууздай таза, кирсиз, тунук эт ж.б.*

Нурдуу кызыл бети бар

Ууздан аппак эти бар (СО,2,434).

Ошентип, кыргыз фольклорундагы дене мүчөлөрүнө байланыштуу негизги соматикалык түшүнүктөр боюнча алардын лексикалык маанилерине көңүл бурулуп, айрымдарынын функционалдык-стилистикалык кызматы көрсөтүлүп, адамдын ***чачына, моюнуна, кашына, бетине, тишине, оозуна, мурдуна, маңдайына, төшүнө, кирпигине, колуна, бутуна, этине, тумшугуна, ээгине, билегине, кабагына*** карата айтылган эң негизги соматикалык лексемаларга токтолдук. Айрыкча, “Манас” эпосундагы соматизм сөздөрдүн туюндурган маанилери өтө кеңири, алар катышкан сөз айкаштары, фразеологизмдер аркылуу ар түрдүү контексттик маанилер кеңири туюндуруларын байкадык. Соматизмдер эпосто чагылдырылып жаткан окуя-көрүнүштөрдү, кырдаал-шарттарды, өзгөчө кейипкерлердин кулк-мүнөз образы ар жагынан ачып сүрөттөлүүдө маанилүү роль ойной тургандыгын баса белгилөөгө болот.

3.2. Соматизмдердин стилистика-семантикалык функциясы

Соматизмдер сөз катары колдонулуп, сүйлөмдүн курамында сөз сыяктуу синтаксистик милдетти аткарганы менен, түз маанисинен башка да кандайдыр бир өтмө маанини билдирип, сүйлөмдөгү ойго кыйыр үндөш келген башка бир маанилерди кошо туюндурат.

Соматизмдер күндөлүк турмушта, фольклордо, же акын-жазуучулардын чыгармаларында даяр, туруктуу лексикалык бирдик катары колдонулуп, айтылып жаткан ойду түшүнүктүү, так, таасирлүү касиетке ээ кылат. Мисалы:

Мурундун жардамы менен адам жыт сезет, дем алат жана ал адамдын башынын алдыңкы бет бөлүгүндө жайгашкан. Ал эми өтмө мааниде: *мурдун балта кеспөө* - камырабайт, тоготпойт, кенебейт деген маанини билдирет; *Мурдун балта кеспөө* ушул турумунда эле жактырбоо, жек көрүү, сыйлабоо, урматтабоо, терс баа, терс мамиле сыяктуу стилистикалык боектого ээ.

Кулак - мурун кескендей - тыптынч, жымжырт, эч добушсуз деген мааниде колдонулат*;* Бул туюнтма бейтарап стилдик боекко ээ. Бирок контекстте колдонгондо анын оң же терс стилдик боегу белгилүү болот.

Мурдун көтөрүү - кекирейүү, менменсинүү, чиренген абалда болуу. *Мурдун көтөрүү* өз алдынча турганда эле жактырбоо, терс баа, терс мамиле, сыйлабоо сыяктуу коннотациялык маанилерге ээ. Эпосто каармандын *мурдун* гиперболалаштырып, салыштырып айтылат: *"Колдору бийик теректей, мурдунан чыккан илеби Ала-Тоонун желиндей*" (Манас) элестүү көркөмдөлүү менен туюндурулуп жатат. Мында мурун соматикалык лексема катары эпостогу каармандын алп көлөмүн, майтарылбас күч-кубатын, баатырлык кылык-жоругун да туюндуруп, оң баа, оң мамиле, дилгир болуу, колдоо, сыйлоо сыяктуу стилистикалык боекторго ээ.

Элдик оозеки чыгармадагы соматизмдер көркөмдүк жана сүрөттөлүштүн курч болушун камсыз кылат. *Ооз* сүйлөө органы болуп саналат, тамак, суусундук өткөрүүчү да орган; *кой оозунан чөп албаган* – жоош, момун, куулук-шумдугу жок, эч кимге жамандык кылбаган адамга карата айтылат. *Кой оозунуан чөп албаган* өтө эле жоош адамды сүрөттөгөндүктөн мында стилдин функционалдык жактан оң эмоция, оң баа, урматтоо, сыйлоо сыяктуу коннотациялык маниге ээ.

Тиш тамак-ашты чайноо, тиштөө үчүн колдонулат; суукту жана ар кандай абалды сезүүчү болуп саналат; *үшүгөндө тиши тишине тийбей калчылдоо*-үшүү учурунда айтылат. Бул туюнтма стилистикалык жактан азап чегүү, тынчсыздануу, кыйналуу, сарсанаага батуу сыяктуу боекторго ээ. *бармагын тиштеп, башын чайкоо* – өкүнүү маанисин туюндурат. Аталган

туюнтмада өзүнө-өзү нааразы болуу, жаңылыштыгына кейип сарсанаа болуу, өзүн-өзү жектөө, жек көрүү сыяктуу стилдик боектор бар ж.б.

Кол жашоодо ар тараптуу, негизги жана чоң роль ойнойт. Мисалы: *колунан көөрү төгүлгөн - уста адам.* Бул колунан көөрү төгүлүү деген фразеологизмде суктануу, кызыгуу, колдоо, ыраазы болуу сыяктуу стилдик боектор бар.

Бут тулку - бойдун ылдый жагында жайгашкан, адамды көтөрүп жүргөн орган; *буттан туруу - өсүп-өнүгүү.* Бул фразиологизмде ыраазы болуу, сыйлоо, урматтоо, кубаттануу, сыяктуу стилдик боектор ачык көрүнүп турат ж.б. Ошондуктан, адамдын курчап турган айлана-чөйрөнү кабыл алуусу, ой-жүгүртүүсү өзүнүн дене мүчөсү аркылуу ишке ашат. Эки же андан ашык соматикалык компоненттер адамды өз денеси жөнүндө элесин, сын-сыпатын, карама-каршылыктарын, функциясын ачып берет. Адамдык фактор сөз жасоодо чоң роль ойнойт. Адамдар тилдин өнүгүшү үчүн өзүнүн дене мүчөлөрүн колдонуу менен дүйнө жөнүндө, өзү жөнүндө маалымат алат.

Элдик оозеки чыгармалардын да көркөмдүк касиетинин бийиктигин ар кандай кырдаалдарга, көрүнүштөргө карата башка көркөм сөз каражаттары менен катар *соматизмдер* көркүнө чыгарып турат. Ошондуктан фольклордук чыгармалардан соматизмдер катышкан көркөм сөз каражаттарынын бардык түрлөрүн табууга болот. Аларда соматизмдер троптун бардык түрлөрүнүн милдетин аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ экендиги байкалат. Демек, соматизмдердин да өз мааниси эмоциялык-экспрессивдүү маанилери менен бирге кепти көркөм, образдуу кылып, өзгөчө боек берүү менен чагылдырып турган функционалдык өз милдеттери бар.

Аллегория абстрактуу түшүнүктү конкреттүү бир образ аркылуу көрсөтүү, кыйытып айтуу, каймана айтуу, элдик оозеки чыгармачылыкта, жазма адабиятта кеңири колдонулуп келе жаткан көркөм сөз каражаттарынын бири [139,110-б.]. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында, жомоктордо аллегория аралашкан сүрөттөөлөрдүн, баяндоолордун көркөмдүгү, кооздугу кызыктуулугу артып турат. Элдик ашыктык ырларында жигит *булбулдун, кыз*

гүлдүн образы аркылуу берилет. Аталган булбул да , гүл да аллегориялуу образ катары стилистикалык жактан жактыруу, жакшы көрүү, сыйлоо, урматтоо, суктануу сыяктуу коннотациялык маанилерге ээ болот. “Манас” эпосунда да аллегориялык сүрөттөөлөр мол учурайт. Мисалы, Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөттүн Манас төрөлөрдө көргөн түштөрүнүн аллегориялык сүрөттөлүшү

Алтымыш кулач ажыдаар.

Ат ордуна мин деди.

Алиги жеген ак алмам

Курсагыма толуптур,

Артымдан чыкты ышкырып,

Ажыдаар болуптур,

Ачууланып оп тартса

Айааламды соруптур [СО,1.29].

Демек, алтымыш кулач ажыдаар – Манастын аллегориялык образы. Аталган образ коркутуу, үркүтүү адамдын үшүн алган сүрдүн көрүнүшү, чексиз күч кубаттын жана сыйкыр күчтүн сезилиши сыяктуу коннотациялык маанини туюндурганы менен фольклордук чыгармада обочолонот Манас атанын жана башка баатырлардын аллегориялык образдары айрым учурларда шумкар, тунжур сыяктуу алгыр куштарга салыштыруу аркылуу берилет. Адамга карата тунжур деген салыштыруунун колдонулушу ал адамга карата суктануу, сыйлоо, урматтоо, жогору баа берүү сыяктуу коннотациялык маанилерди билдирип турат.

Келечекте төрөлчү бала атагы ааламга кеткен баатыр теңдешсиз эр боло тургандыгы төмөнкүдөй аллегориялык сүрөттөө менен баяндалат [139,110-б.].

Куйрук башы жаркылдайт,

Куудан аппак *жүнү* бар,

Айбат менен караса

Алп кара куш сүрү бар,

Саңоорлору сары алтын

Таканак жүнү баары алтын

Тумшугу болот тунжур – дейт,

Туяк болот канжар дейт.

Жогорку мисалда Манас баатырдын төрөлгөндө эле фольклордук чыгармалардын өзгөчөлүгүнө жараша адаттан тыш сүрөттөлөт: айбаты Алп каракушка, тунжурга салыштырылып стилистикалык жактан оң баа, көтөрүңкү маанайды сезүү, үмүттөнүү сыяктуу коннотациялык маанилерди да туюндурат.

Серпкенин өлтүрүүчү тунжур куш кармап алып, ага алтымыш кулач жибек боо тагып алат Бай Жакып. Ал куштун кыраандыгынан

Асмандагы канаттуу

Айбатынан уча албайт,

Жердеги жүргөн аяктуу

Желип чыгып кача албайт [СО,1.29].

Мисалга алынган ыр саптарында тунжур кушка карата сонуркоо, кызыгуу, суктануу, кубануу сыяктуу стилистикалык боектор да кошо туюндурулган.

Эпосто ошондой эле жаманчылык, алдыда болуучу коркунучтар да аллегориялык ыкма менен сүрөттөлгөн, баяндалган учурлар арбын кездешет. Манас Коңурбайдан жарадар болордогу Каныкейдин көргөн түшү аллегориялык ыкма менен сүрөттөлүп, акылман Каныкей бул жамандыктын жышааны экенин сезет: «Таңга жакын түш көрдүм, Кең-Колду өрт алды. Жердин баарын сел алды, багың тамыры менен суурулду. Алтын –күмүшүң ылайга батты, төрөм, эрдигиң бар, эсиң жок эч нерсе менен ишиң жок» – дейт Манаска кайрылып. Каныкейдин көргөн түшүндөгү Кең-Колду өрт алышы, селдин жүрүшү, бактын тамыры менен суурулушу, алтын, күмүштүн ылайга батышы стилистикалык жактан алдыда болуучу коркунучту сезип үрөй учуу, жүрөгү бир жамандыкты сезип Манастын болочок тагдырына кооптонуу, жанын жерге кое албай тынчсыздануу сыяктуу коннотациялык маанилерди кыйыр туюндуруп тургандыгы менен айырмаланат.

Эпосто чагылдырган доорлордун мүнөзүнө ылайык элдин жашоо-турмушу, үмүт-тилеги, кубанычы менен кайгысы ж.б. жагдай-шарттары аллегориялык формада сүрөттөлгөн [139, 431-б.].

Аллегорияга мисал катары М.Борбугулов жоокерчилик заманда кан майдандан кайтканда бирөөнүн атын жайдак жетелеп келүү, ошол салгылашууда аттын ээсинин көз жумгандыгын билдирген белгиси экендигин мисал келтирген. Аттын жайдак жетеленип келиши чоң кайгы муңдун белгиси болгондуктан бул жагдай өкүнүү, аза күтүү, жоктоо, сарсанаа болуу, душманга карата ызалануу, каргап-шилөө, нааразылык сыяктуу стилдик боекторду да кыйыр туюндурат Аллегориялык каймана маанилерди адамдын дене бөлүктөрү аркылуу туюндуруу ыкмасы айтылуучу ойду, сүрөттөөнү таамай так берүүгө өбөлгө түзөт.

Кепте нерсени же кубулушту чоңойтуп апыртып айтуу менен туюндурулган стилистикалык ыкма соматизмдердин колдонулушунда да кездешип, баяндалган ойду күчөтүп, кээде ашкере апыртып берүү менен жеткиликтүү болушуна өбөлгө түзөт. Айрыкча оозеки чыгармаларда, эпостордо мындай гипербола кубулушуна мисалдар арбын кездешет [139, 431-б.].

Гипербола мифология сыяктуу эле окуяны апыртып сүрөттөө менен чыгарманын таасирдүүлүгүн, кооздугун күчөтөрү белгилүү. «Манас» эпосунда окуяларды, образдарды гипербола менен берүү ыкмасы анын кызыктуу, көркөм, образдуу ачылышын шарттап турат. Баатырлардын адаттан сырткары өтө күчтүү болуп төрөлүшү, эрте чоңоюп эр жетиши, алгачкы эле күндөрү эрдиктерди жасашы, алардын жоо кийимдеринин, тулпарларынын жомоктогудай сыны, курал-жарактарынын жасалышынын сыйкырдуу сыры, касиети, баатырлардын каары, беттеште жекеге чыгышы, массалык салгылашуулардын жүрүшү, ошондой эле каармандардын жай турмуштагы жүрүш-турушу, айлана-чөйрөсү соматизмдердин жардамы менен гиперболалаштырылып сүрөттөлөт. Мисалы: **Манас баатырдын келбети:**

Кочкор ***тумшук,*** *кош* ***кирпик,***

Көркү *калча,* ***көзү*** *тик.*

Жалаяк ***ооз,*** *жар* ***кабак****,*

Арстандай түстөнгөн

*Айбаты катуу****,*** *заар* ***жүз***

Ажыдаардай анда түс,

Жолборс ***моюн,*** *жоон* ***билек,***

Жооруну калың, таш ***жүрөк*** *[СО,2,148*].

Мына ушундай апыртуу аркылуу эпостун каармандарына адамга тең келгис алптын элеси берилет жана андай теңдешсиз алптар – Манас, Семетей, Сейтек. Өзгөчө Манас баатырдын тулку боюнун чоңдугу, адаттан тышкары күчтүүлүгү, душманына каардуу, ырайымсыз көрүнүшү, ашыра сүрөттөлөт. Аталган гиперболалашкан соматизмдер да коннотациялык маанилерге ээ. Масален, *кочкор тумшук, көзү тик, жалаяк ооз, жар кабак, арстандай түстөнгөн, жолборс моюн, жоон билек, жоруну калың, таш жүрөк* деген соматизмдер катышкан туюнтмалар Манас баатырдын башкалардан обочолонгон образын көз алдыга элестетип, Манаска карата оң баа, оң эмоция , кубануу, сыйлоо, урматтоо, баатырдан көп нерсеге үмүттөнүү аны менен сыймыктануу сыяктуу бир нече кошумча стилистикалык боекторду кошо туюндурат. Ал каарданганда *“күркүрөшү күн болуп, бетинен чыккан түгү беш байпактык жүн болуп”, чоңдугу “опол тоодой, күчүнө тоо туруштук бере албай калат”. Каарданып жоону бет алганда капталынан “кара чаар жолборс чамынып”, астынан караганда «ажыдаар сүрү көрүнүп, артынан миң сан колдун элеси”* кылкылдайт. Андай учурда Манас баатыр *«каалгадай тиштүү болуп, оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шыркырап»* – деп сүрөттөлөт [139,431-б.] Жогорудагы сүрөттөлүштөрдө бетинен түгү чыгуу, капталынан кара чаар жолборс чамынуу, астынан ажыдаардын сүрү көрүнүү, артынан сан миң колдун кылкылдаган элеси сезилүү деген туютмаларда Манас баатырга карата сыймыктануу, анын эрдигине, кайратына кубануу, адаттан тыш касиет белгилерине суктануу сыяктуу коннотациалык маанилер бар.

Семетей баатырдын образындагы гиперболалык сүрөттөөлөр да ушундай эле салттык салыштыруу, эпитет өңдүү көркөм каражаттардын

жардамы менен түзүлүп, сөзсүз түрдө соматизмдер колдонулат [139, 431-б.]. Мисалы: *Семетейдин келбетиндеги гиперболалык соматизмдер:*

*Ал **муруту сеңирдей,***

*Айбаты **арстан темирдей.***

Каарданып караса,

Көрүнгөндү жегидей

*Чолок **көк жал арстан***

***жара тартчудай** чамынып*

*кара чаар **ажыдаар***

***оозунан** чыккан **көк түтүн**,*

найза бою бүркүлөт [156, "Семетей",307].

Мисал катары келтирилген ыр саптарындагы *муруту сеңирдей чоң болуу, айбаты арстандай, каары чолок көк жалдай, сүрү ажыдаардай болуу* деген гиперболалык соматикалык сүрөттөөлөрдө Семетейге карата суктануу, ыраазы болуу, кубануу, анын күч айбатына баа берүү сыяктуу стилистикалык боектор кошо туюндурулган.

Эпостогу Алмамбет, Бакай, Кошой, Чубак, Сыргак, Күлчоро, Каныкей, Айчүрөк, Кыз Сайкал ж.б. каармандардын эрдиктери да гиперболалык көрүнүштөрдүн жардамы менен алардын сырткы келбеттери башкача касиеттеги каармандар катары апыртылып сүрөттөлөт [139, 431-б.]. Ошол эле учурда кандайдыр бир көрүнүш, же образдар күчөтүлүп айтылганда көбүнчө реалдуулуктун чегинен ашпайт. Өтө эле апыртылган, чектен чыккан өлчөм тескери көрүнүшкө, же терс каарман Жолой алпка, Жалгыз көздүү Макел дөөгө, ж.б. карата айтылып, алардын сырткы келбет-көрүнүшү, тулку-бою соматизмдер аркылуу образдалат. Мисалы, *Макел дөөнүн келбетиндеги гиперболалык соматизмдер:*

***Оозу** ачылган **көр өңдүү**,*

***Жалгыз көзү** жаркылдайт,*

*Ноот обоз **көл өңдүү,***

***Маңдайынын** бырышы,*

Басыра ***жайлоо төр өңдүү.***

Өң - далаатын *караса,*

Өрттөнгөн кара жер *өңдүү,*

Азуу тишин *карасаң,*

Алгыр жолборс*, шер өңдүү,*

Каш, кирпигин *карасаң,*

караңгы токой, чер *өңдүү [СО,4,238].*

Бул мисалда Макел дөөнүн терс образы "өң далааты өрттөнгөн кара жер өңдүү деген туюнтма менен билдирилип, бул туюнтма Макел дөөгө карата терс баа, терс эмоция, жактырбоо, чоочулоо, сыйлабоо, сыяктуу стилистикалык боекторду билдирет.

Эпосто Макел дөөнү манасчылар өтө күчөтүп, шумдуктай кылып айтышат. Макел дөө эмне көрсө ошонун барын жейт. Ал "жылаан көрсө жылып жейт, курт-кумурска терип жейт", бир булакты бир ичет. Алмамбетке Макел дөө түз жерде тоо пайда болгондой, тоо жылып келе жаткандай көрүнөт [139, 431-б.].

Эпосто негизги душман Коңурбай, Жолой, Нескара сыяктуу терс каармандарга мүнөздөмө берүүдө манасчылар бир катар соматикалык сыпаттама сөздөрдү пайдаланышат. Бөтөнчө калмактын балбаны Жолой, анын тышкы көрүнүшү айрыкча берилет:

Алтымыш алпты *бир союп,*

Кан *жыттанган чоң Жолой,*

Жети батман *буудай жеп,*

Дан жыттанган чоң Жолой.

Эки ***ийнине*** *караса,*

Эки киши ***конгондой,***

Эки бетин *караса,*

Эки даңгыт *тойгондой [СО,3,120*].

Жогорку мисалда Жолойдун терс образы "кан жыттанган чоң Жолой деген туюнтма менен сүрөттөлгөн. Бул туюнтмада Жолойго карата терс

эмоция, терс баа, анын канкорлугуна ызалануу, жактырбоо, жек көрүү сыяктуу стилистикалык боектор көркөм туюндурулган. Мында кан деген соматикалык элемент семантикалык доминант катары колдонулган.

Эпостогу терс каармандарды сүрөттөөдө ар бир дене мүчөсү чоңойтулуп, салыштырылат. Терс каармандардагы эпсиз чоң өлчөм, ыксыз кара күч, акылдын өспөгөндүгүн, чектелгендикти, олдоксондукту, ырайы сууктукту, жалпы эле одоно терс сыпатты билдирет [139, 431-б.].

Салыштыруу – сүйлөшүүнүн ар кайсы түрлөрүндө колдонулуучу көркөм сөз каражаттарынын жөнөкөй түрү. Заттарды, кубулушту, ачык жана конкреттүү көрсөтүп берүүдө аларды биз башка зат, кубулуш менен окшоштуруп, алардын окшош белгисин, жалпы жагын көрүп салыштырабыз. Мындай троптун жөнөкөй түрү болгон салыштыруу ыкмасы “Манас” баш болгон эпостордо өтө жыш колдонулуп, эстетикалык таасирдүү касиетке ээ болот. Мисалы, *терс каарман Коңурбайдын сыпаты:*

Өңү *бышкан* ***өпкөдөй,***

Сакалдары *туу куйрук,*

Сараптан ***тешип өткөндөй,***

Көзү *өгөгөн* ***темирдей,***

Муруну *бар капырдын,*

Бузулган ***тоонун сеңирдей****,*

Түлөгөн жору каштанып,

Өгүздөй болгон чоң доңуз*,*

Өрттөнгөн дөңгөч *баштанып [СО,3,*130], – деп Коңурбайдын *өңүн* бышкан *өпкөгө, көзүн* өгөгөн темирге, *мурдун* бузулган сеңирге салыштырылып сүрөттөлөт. Бул соматикалык каражаттар катышкан туюнтмалар Коңурбайга карата терс эмоцияны билдирип, жактырбоо, тынчсыздануу, чочулоо, жек көрүү, ачуулануу сыяктуу стилдик боекторду туюндурат.

Көзүңдү *маш****тай*** *ачамын*

Каныңды *суу****дай*** *чачамын (“Семетей”)*

Семетей чоочуп ойгонду,

Оң жагына толгонуп,

Умаштай көзү *ачылып.*

Маштай, умаштай деп көзүнүн ачылуусун корккондон көз алая ачылуусуна, же таңыркаганда көз буурчак данына окшоп бадырая түшкөн абалына салыштырылат. Мында *каныңды суудай чачамын, көзүңдү умачтай ачамын* деген туюнтмада: каарданyy, ачуулануу, ызырынуу, өчөшүү, сыяктуу стилдик боектор бар.

Тиши *актаган күрүч**төй**,*

*Он **шоошагы**, сыпаты*

*Сымга тарткан күмүш**төй** ("Манас").*

Бул жерде Манастын *тишин* дан эгиндеринин бир түрү болгон ак күрүчкө, *шоошак* - колдун салалары, *сыпат* - араб сөзү "көркү", заттын ички касиети - зымга тарткан күмүшкө салыштырылат. Соматикалык каражаттар катышкан бул салыштырууда жактыруу, колдоо, сыйлоо, сыяктуу стилдик боектор да бар.

Ак сакалы *чүштөдөй,*

*Устукан **сөөгү** мистедей ("Манас").*

«Чүштө» сөзү уйгур тилинде "ак болотнай", «устукан» фарс тилинде "сөөк", «писте» фарс тилинде "фисташка" деген маанилерди туюндуруп, салыштырылды. Стилдик жактан караганда ак жүздүү, тыкан ак сакалга карата оң баа, оң эмоция туюндурулуп, жактыруу, колдоо сыяктуу коннотациялык маанилер бул салыштырууда кошо билдирилген

Салыштырууга *-дай, -ча* мүчөсү кошумча каражат катары, *куду, өңдүү, сыяктуу, сыңары, окшош, түстүү, бетер* деген кызматчы сөздөр колдонулат. Кээде стилдик максатка ылайык *–дай, -ча* мүчөлөрү түшүрүлүп да айтыла берет. Салыштырууда сүрөттөлүп жаткан каарман, образ кандайдыр бир жалпы белгисине, касиетине окшош башка нерселерге салыштырылат. Эпостордо, жомоктордо элдин маданиятына, салт өзгөчөлүктөрүнө туура келген жашоодогу көрүнүштөргө, кубулуштарга же жаныбарларга салыштырылып окшоштурулат.

Салыштырууда каармандардын образынын өзү сакталып, дайыма мүнөзү, көрүнүшү, келбети жана сапаты сүрөттөлөт. Салыштырууда абстрактуу көрүнүш конкреттүү нерселер менен ачык берилип, анын элес көрүнүшү күчтүү чыгат. Айкөл Манастын образын ачып берүүдө манасчылар аны ар кандай нерселерге, болгондо да адамдын колу жеткис нерселерге, ашкан айбаттуу жырткычтарга салыштырууларды көп колдонушкан. Эпостогу өтө күчтүү салыштыруу төмөндөгү ыр саптарынан даана көрүнүп, баатырдын образын таамай ачып берип жатат:

Алтын менен күмүштүн
*Ширөөсүнөн бүткөн**дөй**,*
Асман менен жериңдин,
*Тирөөсүнөн бүткөн**дөй**,*
Айың менен күнүңдүн,
*Бир өзүнөн бүткөн**дөй**,*
Абадагы булуттун
*Салкынынан бүткөн**дөй**,*
Асмандагы ай күндүн,
*Жаркынынан бүткөн**дөй** [СО,2,148].*

«Манас» эпосундагы аялзатынын сырткы бейнесинин көрүнүшүндө колдонулган салыштыруулар салттык поэтикадан тышкары эпосторго мүнөздүү эмес жаңы көркөм соматикалык каражаттар аркылуу баяндалат. Сырткы келбеттин көркөмдүгүн гана эмес, ошондой эле психологиялык туюм күрөштөрүнө да көңүл бөлүү менен эпостун эпикалык мазмунунда лиризм боёгу көрүнүп турат:

Акылайдын келбети:
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай!
Короз моюн, аппак эт,
Койкоңдогон кара бет!
Карагат көздүү,кардай эт,

Кашкаңдаган кара бет,

Кыздардан чыгып бөлүнүп,

Кыргоолдой мойну көрүнүп[СО,2,221].

Эпосто Акылайдын образы *кара бет* деген соматикалык каражат катышкан туюнтма аркылуу кылдат сүрөттөлгөн. Аталган туюнтма контекстте терс баа, терс эмоция, жактырбоо, сыйлабоо колдобоо, жазганбай, тартынбай тастаңдоо, тайманбоо, уялбоо сыяктуу стилистикалык боекторго ээ.

Өзүнүн сарамжалдуулугу, акылдуулугу, ишмердиги, ууздугу менен эпостун баш каарманы Каныкейдин келбети башка каармандардан өзгөчөлөнүп сүрөттөлөт:

Кирпиктей *кирди койбостон,*

Боюн *сылап тараган,*

Аяк башын *имерип,*

Болжолу жок боорукер,

Эзилтип адам көңүлүн

Эт боорунан *жараган,*

Жеткире ***акыл*** *ойлогон,*

Тереңдик жайы бар экен.

Короз ***моюн****, колоң* ***чач,***

Босого ***маңдай, боору*** *таш,*

Бекемдик жайы бар экен (СО,2,35). Жогорку мисалда Каныкейдин образы соматикалык каражаттар катышкан туюнтмаларда элестүү, көркөм туюндурулган. Маселен, боюн сылап тароо, ага кирпиктей кирди жолотпоо, баш аягын иреттүү кармоо, зыңкыйган, короз моюн келбетте болуу, дени сак колоң чачтуу болуу, маңдайы ачык, жаркын жүздө болуу сыяктуу соматикалык каражат катышкан салыштырууда Каныкейге карата мээримдүүлүк, тазалык, урматтоо, сыйлоо сыяктуу стилистикалык боектор да кошо туюндурулган.

Бардык эле аялзатына мүнөздүү айтылган сүрөттөөнүн өзү да салттык каражаттар аркылуу келишимдүүлүгү, келбетинин, этинин актыгы, көркөм, таза

нерселерге салыштырылып айтылышы сулуулуктун көркөм эстетикалык табиятын берип турат.

“Манас” эпосунда поэтикалык салыштыруунун көп түрлөрү бар. Мисалы, салыштыруунун ***гипербола, литота*** аркылуу берилиши:

Тоодой болгон Манасты

Томуктай кылып көтөрүп,

Коргошундай Манасты

Коргоолдой кылып көтөрүп

Учуп барат Аккула ж.б. Жогорку ыр саптарда Аккулага карата суктануу, жактыруу сыяктуу стилистикалык боектор билдирилген.

Эпосту жараткан - эл. Ошондуктан фольклордо тигил же бул көрүнүштү экинчи бир көрүнүшкө жакындаштырганда, сөз жок элдин өзүнө тааныш, өздөрүнө жакын турган нерселер, кубулуштар менен салыштырылат, аларда да адамдын дене бөлүктөрүнүн аталыштары колдонулат.

Эпостордо күтүлбөгөндөй салыштыруулар, эпитеттер, ирония кеңири колдонулат. Кайсы бир турмуштук көрүнүштүн, иш аракеттин, жүрүш-туруштун, кулк-мүнөздүн, кылык-жоруктун, үрп-адаттын ошол учурдагы элдин кабыл алуусуна, өсүп-өнүккөн коомдун эстетикалык идеалына туура келбей калуусун шылдың иретинде көрсөткөн **ирониялык** маанилер да кездешет.

«Манас» эпосунда комедиялуулукка караганда трагедиялуулук көбүрөөк орун алган. Анткени ал баатырдык эпос, элди, жерди сырттан келген душмандардан коргогон окуяларды чагылдыргандыктан, ирония аз кездешет. Эпосто кээде ирония аркылуу да баатырлардын образы ачылат, алар сынга алынат, баш каарман Манас баатырды да тамашага салып, элге жакындатат, анын кадимкидей киши экендигин баяндайт, угуп жаткан элди да күлкүгө аралаштырат: *«Манас, Манас, деп койсо, барбая түшөт экенсиң, сууга салган чаначтай, дардая түшөт экенсиң, эрдигиң бар эсиң жок, эчтеме менен ишиң жок»* дегенде азил-какшык, азил-тамаша колдонулат [139, 431-б.].

Элдин идеалына ылайык келбеген терс каармандарды сүрөттөөдө да ирония колдонулат. Мында эпостогу каармандын тышкы көрүнүшүнө күлүү

менен анын ички дүйнөсү, тилеги, максаты да ачылат, ал образ сынга алынат. Мисалы, *Жолойдун сыпаты:*

Тырмагына *караса,*

Ак жолборстун салаадай,

Муруттарын *караса,*

Тегирмендин көпчүгү

Текши каккан барадай,

Өлчөөсү жок өзгөчө,

Чечекейи *чарадай (“Манас”).*

Тырмагы, муруту, чечекейи - ак жолборско, муруттары - тегирмендин көпчүгүнө («көпчүк» фарсы сөзү, “арабанын дөңгөлөгүнүн, тегирмендин барасынын чабактары бекитиле турган тултук”, «пара» фарсы сөзү “чабак” дегенди билдирет) салыштыруулар дене бөлүктөрүнүн аталыштары менен айтылып, каармандын көркөм портрети тартылды. Жогорку соматикалык каражаттардын ичинен Жолойдун терс образын кыйыр чагылдырган туюнтма *“чечекейи чарадай”* деген салыштыруу. Бул салыштыруу Жолойдун күчү болгондугу менен акылы жоктугун билдирип, ага карата терс эмоцияны туюндурат. Ошондой эле мында *тырмагы тарбайган, муруттары серейген, акылы кем, баатырды жек көрүү сыяктуу* стилистикалык боектор бар.

Эпосто ирония окуяны сүрөттөөдө, каармандын жоруктарын, кулк-мүнөзүн ачып берүүдө, кейипкердин кебинде жана кишинин, жаныбарлардын тышкы келбетин сүрөттөөдө көрүнөт, адамдарга түшүнүктүү, жакын, күнүмдүк жашоо менен тыгыз байланышта экендигин көрсөтүп турат. Эпостогу ирониялар да адамдын дене бөлүктөрү сөзсүз катышат.

Тилде көп маанилүү сөздөрдүн, өтмө маанилердин пайда болушунда ***метафора, метонимия, синекдоха*** ыкмалары кеңири колдонулат. Сөздөрдүн көп маанилүүлүк касиетине ээ болушунда анын тилде туруктуу колдонулушу эң негизги шартын түзөт. Сөз канчалык көп колдонулган сайын ошончолук ийкемдүүлүгү артып, анын натыйжасында ар түрдүү өтмө маанилер пайда болуп, сөздөр көп маанилүү болушат. Басымдуу түрдө анатомиялык ат атооч

сөздөр көбүнчө экиден онго чейин, кээде андан да көп маани берип калат [46, 17-б.]. Алардын пайда болушунда лексикалык закон ченемдүүлүк бар. Мындай учурда сөздүн адеп пайда болгондогу тун мааниси чоң ролду ойнойт. Анын негизинде улам кийинки өнүккөн ар кандай маанилери ал сөзгө топтоло берип, бир эле сөз бир канча маани берерин Б.М.Юнусалиев аныктагандай, тилде жаңы пайда болгон нерсени көбүнчө жаңы сөз менен өзүнчө атоо салты мүмкүн болбой калган учурда, сөздүн башта колдонулган мурунку аты улам кийинкилерине ооштурула берип, бир эле сөз бир канчасын атоочу жалпы атына айланат. Мындай атоолор метафора, метонимия, синекдоха деп аталган ыкмалар аркылуу ишке ашат [46, 17-18-б.].

Ааламда нерселердин сырткы белгилери боюнча ич ара окшоштугу эң эле ар кыл жана ар түрдүү. Нерселердин өңү-түсү, даам татымы, сын-сыпаты, формасы, көлөмү, аткарган кызматы, жайгашкан орду жалпы жонунан сырткы белгилерине окшоштук, жакындык болгондо гана мурунку аты кийинкилерине көчүрүлө бериши метафоралык ыкма болуп саналат. Кыргыз тилинде метафора ыкмасы менен жасалган сөздөр көп кездешет. Форма жактан окшоштугуна карата: *Кулак* - 1. Жаныбарлардын, адамдын угуу органы. 2. Арыктын суусун буруучу тетиги. 3. Идиштин колго кармалуучу бөлүгү, казандын кулагы. 4. Арыктагы суу өлчөмү. Үч кулак суу батат ж.б. *Көз* - 1. Адамдын, жаныбарлардын көрүү органы. 2. Бир нерсенин тешиги, көзөнөгү, ийненин көзөнөгү. 3.Күндүн, айдын бети. Күн бүркөк, күндүн көзү көрүнбөйт. 4. Суу чыккан жери. Булактын көзү. *Баш* - 1. Адамдын, жаныбардын мээ, көз, тил, кулак орношкон дене мүчөсү. 2. Бир нерсенин тикесинен турганда эң жогорку жагы, бийик жери, үстү. Тамдын, чөптүн, тоонун башы. 3.Бир нерсенин түгөнгөн жери. Көчөнүн, суунун башы. 4.Эгиндин даны, машак. Эгин баш алды ж.б. [46, 19-б.].

Көп маанилүүлүкө метафора жайгашкан орду боюнча да кеңири жол ачат. Ага соматизмдер: *башы, боору, көзү, алкымы, колу, буту* ж.б.у.с. колдонулат. Күндөлүк турмушта кеңири колдонулган башка соматизмдер: дене бөлүктөрүн атаган бир катар сөздөр турмуштук буюм-тайымдардын

бөлүктөрүн атоо үчүн да колдонулат: *көз.* Булактын *көзү,* күндүн *көзү,* айнектин *көзү, бет:* китептин *бети,* көлдүн *бети, боор:* тоонун *боору, ооз:* ийиндин *оозу,* каптын *оозу.* Эпосто мейкиндик маанилерин туюндурган да соматизмдер кезигет: *маңдайында, бет алды, кашында.* “Манас эпосунда адамдын дене бөлүктөрүн билдирген кээ бир атоолор узундук чен бирдиктеринин аттары катары да колдонулат мисалы, *сөөм, укум, карыш, чыканак, кулач, таман ж.б.* Өтмө мааниде да колдонула берет: мисалы, *кол* деген дене мүчөсү аскер, кошун маанисинде да колдонулган. «Манас» эпосунда соматизмдер сөз айкаштары түрүндө да көп кездешет [42, 9-18-б.].

О.С.Абдыкаимова немец жана кыргыз тилиндеги образдуулук маселесине көңүл буруп, семантикалык функциядагы метафора, метонимия, гиперболалык маанилердин туюндурулушундагы ымдоо-жаңсоолордун, физикалык жана психикалык ал-абалдарынын катышын көрсөткөн**.** Мисалы: «баш ийүү», «башын мыкчуу», «колун толгоо», «чачын жулуу» өндүү дене кыймылы, жаңсоо жана ымдоо сыяктуу психикалык абалды билдирген бирдик болуп саналат. *Коркуу, жини келүү, ачка болуу абалын билдирген сөздөр:* ооз ачып калуу, көзүн чоң ачуу, көзү тегерек болуу, мурун чүйрүү, көзүнүн кыйуусу менен кароо, көзүнүн агы менен кароо, көзү чанагынан чыгуу ж.б. [12, 20-б.].

Метафоралардын кездешүүсү: «тамагы кургоо, тили кургоо», «жүрөк токтоп калуу», «жүрөк түшүү», «жүрөгү кекиртегине тыгылуу», «боору эзилүү», «боору ооруу», «бирөөгө кол көтөрүү, кол салуу», «баш көтөрүү», «тили заар болуу, тили ачуу болуу» ж.б. [12, 20-б.] сөз айкаштары менен да ишке аша берет. Адамдын дене мүчөлөрү катышкан мисалдардагы метафораларды алсак: *бут* - адамдын буту, столдун буту; *кулак* - адамдын кулагы, казандын кулагы; *көз* - малдын көзү, терезенин көзү; *тиш* - адамдын тиши, соконун тиши ж.б.

Заттарды же кубулушту кайсы бир белгиси боюнча окшоштугуна жараша бири-бири менен өтмө мааниде алмаштырып айтуу **метафора** болуп саналат. Метафора салыштырылган нерсенин экинчи нерсеге өткөн белгиси,

касиети гана каралат. Метафора кептин экспрессиялуулугун арттырып, мазмундун терең ачылышына, чыгарманын көркөмдүгүн арттырууга жардам берет. Мисалы “*баш”* адамдын эң негизги органы, бул сөз эпосто “жетекчи”, “бийлик ээси” деген маанини туюндуруу үчүн колдонулат. *Айыл башын өлтүрүп, Айдап жылкы алуу үчүн* [СО,140-б] «Бел» - күч, таяныч, кайрат маанисинде колдонулат. *“Беттешкен жоого белдүүдөн”. “Кол - аскер маанисин билдирет”: “Чынжырга салган жол менен Камбардын уулу Айдаркан как алты жүз кол менен”* [СО 160-б]. Эпосто “жүрөк”, “*тил”, ”боор”, “киндик”* жана башка дене мүчөлөрү ар түрдүүчө метафораланат. Эпосто ошондой эле жаныбарлар дүйнөсүнө байланыштуу метафоралар өтө кеңири жолугат. Эпосто *арстан, жолборс, шер, көк жал, кабылан, бөрү, ажыдаар деген сыяктуу жырткыч айбандарды* туюнткан сөздөр каармандардын баатырдыгын, эр жүрөктүгүн, кайраттуулугун билгизүү үчүн кызмат кылат. Эпостордо төмөндөгүдөй **метафораланып** айтылган өтмө маанилер кездешет:

***Көк жал** экен,**шер** экен*

Көпкөрүнөө туулган [СК,127-б].

Чочуп тулпар токунуп,

*Эриң Манас **көк жал шер,***

Кылча көрбөй, куу жанды,

Кыргынга кирген ошол жер [СК,134-б].

Жогорку мисалда “көк жал” деген соматикалык салыштыруу Манаска карата колдонулганда суктануу, баатырдын кайрат күчүнө ишенүү, анын айбаттуу эр жүрөк сапаттын урматтоо сыяктуу стилистикалык боектор да туюндурулат.

Бул мисалдарда сапаттык окшоштук, адамдын келбети, баатырлыгы сыяктуу көрүнүштөр жана башка аталыштар соматизмдер катышкан метафоралар менен сүрөттөлүп, баяндала турган ойду образдуу чагылдырып жатат:

Кыраан Манас ***кабылан****,*

Бет алып чукул барды эле,

Таалайы артык ***кайран шер,***

Калканга кирди Манас ***шер.***

Кыраан Манас ***көк жалың,***

Эр Жолойго ***кол салып,***

Торучаар ***санга*** *бир салып*

сыр найзаны ***колго*** *алып,*

чоңдугу ***тоодой*** *Жолойго,*

Бет *алышты* ***кол салып*** *[СК,144-б].*

Мисалга алынган айбаттуу жоого тайманбай тике бет алуу, көк жалдык менен Эр Жолойго кол салуу Торучаарды санга бир салып душманга бет алуу сыяктуу салыштыруулар Манаска карата оң бааны билдирет. Мындан сырткары аталган салыштырууда сыймыктануу, кубануу, ыраазы болуу, сыяктуу стилистикалык боектор дагы бар.

Эпосто куштардын аталышына байланыштуу метафораларга *“туйгун”, “кыраан”* – жоого ыктуу, эр жүрөк элдик баатыр дегенди туюнтат. Эпостогу метафоралардын дагы бир түрү географиялык метафоралар, жер-сууга, кен байлыктарга, өсүмдүктөргө байланышкан. “Манас” эпосунда “суу”, “дарыя”, “көл” сөздөрү эпикалык оң каармандарга карата *суудай таза, дайрадай чалкар, көлдөй терең, токтоо, акылман* деген маанилерде метафоралаштырылат. Эпосто *алтын, күмүш, каухар, инжи, темир, жез,* болот адамдын эң мыкты касиет - сапаттары метафора катары кездешет. Эпосто сын атоочтук метафоралар *терең, тунук* деген түшүнүк метафоралганда адамга карата *акылдуу, баамчыл* маанилеринде колдонулат ж.б. Демек, эпостордо каармандарды, заттарды, же кубулушту, же окуяны кайсы бир белгиси боюнча окшоштугуна жараша метафоралык өтмө маани жаратууда да соматизмдер кеңири колдонулат.

Бүтүндүн ордуна анын бөлүгүн же, тескерисинче, бөлүктүн ордуна бүтүндү колдонуу аркылуу өтмө маанини туюндурган **синекдохалык** ыкма

фольклордук чыгармаларда айрыкча көп жолугат. Мисалы: *Бир* ***көзүңө*** *бир* ***көзүң*** *жоо,* ***көзү*** *тирүү кезинде,* ***көз*** *жумар,* ***көзүн*** *кароо,* ***сөөгү*** *таза, төрт* ***көзүбүз*** *түгөл болсун,* ***алты саның*** *аман болсун ж.б.* Мисалдарда адамдын дене мүчөлөрү *көзү, бүткүл тулку бою, сөөгү, алты саны ж.б*. аркылуу айтылып, ойдун маанисин тереңдетип, көркөмдүк касиетин, сапатын арттырып, эстен чыккыс болуп сакталып, оозеки кептеги активдүү тилдик каражаттардын катарынан орун алган. *Көз, сөөк* деген дене бөлүктөрү *адам, тууган* деген өтмө маанилерди туюндурду. Демек, көркөм сөз каражаттары фольклордогу адамдын дене бөлүктөрүн билдирген сөздөрдү бири-бирине ыңгайлаштырып, маанилик жактан өз ара ширелештирип, өзгөчө бир стилистикалык-функционалдык кызматты аткаргандыгы байкалат. Кыргыз фольклорундагы соматизмдер дагы гипербола, ирония, метафора, синекдоха өңдүү көркөм сөз каражаттары катары активдүү кызмат аткара ала турганын айтууга болот.

3.3. Макалдардагы соматизмдер

Макалдар, учкул сөздөр адам жашоосунда көптөгөн жылдар бою жыйналган жашоодогу тажрыйбасынан, акылмандыктын, даанышмандыктын жыйынтыктарынан жана үлгүлүү жүрүш-туруштан келип чыккан мааниси терең, бирок кыска элдик оозеки чыгармалар болуп эсептелет. Макалдарды эл өтө жогору баалоо менен аларды “сөздүн гүлү”, “сөздүн бермети” дешкен [131, 280-б.].

Макалдарда ой ачык, так, таамай айтылат. Алардын жеткиликтүүлүгү, кыскалыгы, элестүүлүгү эске тутууга, жаттап калууга жеңилдиги - эң негизгиси турмушту таанытуучу, насаат жана таалим-тарбия берүүчү күчү терең, мазмуну жана идеясы жагынан жогору турган элдик оозеки чыгармалардын бири.

Башка улуттарда да макалдардын мазмунуна, таалим-тарбиялык ролуна, көркөмдүк касиеттерине эң жогорку баалар берилет. Айталы, “макалдар, жазма адабияттын маалыматына караганда, байыркы Грецияда жол боюндагы устундарга жазылып коюлган кыска санат сөздөр катары белгилүү. Макалдарды жазып калтыргандардын биринчилигин Аристотелге ыйгарышат.

1500-жылы байыркы доордогу макал менен санат сөздөрдү жыйнагын Эразм Роттердамский «Adagia» деген ат менен чыгарган [94, 118-б].

Кыргыз элинде дагы макалдардын байыркы кылымдарда эле пайда болушун V-IX кылымдардагы таш бетине жазылган Орхон-Енисей жазуулары далилдей алат. Мындай байыркы кылымдарда эле жаралган макалдар азыркы учурда да активдүү колдонулуп келе жатат. Ал макалдарда да семантика-стилистикалык ар түрдүү өзгөчөлүктөр бар. ***"От деген менен ооз күйбөс"***. деген макалда адамга таасир эте турган бир нече маанилер бар. Макалдын негизги мааниси кандай ачуу, ыңгайсыз болсо да, кандай кабар болсо да, жаман кабар болсо да айтыш керек деген маанини билдирет. Дагы чындыкты жаап жашырууга болбойт - деген маани да туюндурулат. Мына ушундай семантикалык структурага ылайык сөз менен реалдуу турмуштун карым-катнашын кылдат билдирген бул макалда ачуу сөздү айтууга байланыштуу чечкиндүүлүк, кыялын таап айта билүү, канчалык оор кыйын болсо да, турмушта чындыкты тайманбай айтуу, эрктүүлүк, угуучуну сыйлоо, кадырлоо сыяктуу коннотациялык маанилер бар.

Орхон-Енисей жазууларында ***"Сөз атасы – кулак, жол атасы – туяк"*** деген да макал кездешет. Бул макалдын биринчи бөлүгү мыкты чечен сүйлөөнүн башаты угууга байланыштуу деген маанини туюндурат. Мында угуу процессинин маанилүүлүгүнө басым жасалган. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча угуу бул өзүн-өзү сыйлоо, сөздү сыйлоо. Демек, угуу процессинде адамды сыйлоо, кубаттоо, колдоо, урматтоо сыяктуу коннотациялык маанилер камтылган болот. Аталган макалдын экинчи бөлүгүндө турмуштагы ар бир иш кадам шилтеп, аракет кылуудан башталат деген кыйыр маанини да туюндурат. Макалдын түз мааниси улам туяк аркылуу тапталып жол жаралат. Бул макалда адамдын бир максатты көздөп алдыга аракеттенүүсүнө өзгөчө маани берилген. Аракеттенүү өнүгүүнүн негизги жолу. Мында жолго карата адамдын иш аракетине , максатына карата сыйлоо, урматтоо, кубаттоо сыяктуу стилистикалык боектор бар. Мисалга алынган кыргыз макалдарындагы соматикалык сөздөр көбүнчө өтмө мааниде маалыматты туюндуруу

мүмкүнчүлүгүнө ээ. Өтмө маанини туюндурган тилдик каражаттар көп катмарлуу стилдик боекторго ээ болот.

Макалдар орто кылымдагы Чыгыш адабиятында, “Куранда”, биздин бабаларыбыз М.Кашгари менен Ж.Баласагындын чыгармаларында да арбын кездешет. Башкача айтканда, байыркы замандан исламга чейинки жана андан кийинки X-XI кылымдардагы, орто кылымдардагы тарыхый чыгармаларда да соматикалык макалдар арбын кездешет.

XX кылымдарда К.К.Юдахин өзүнүн «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» (1940, 1965) кыргыз сөздөрүн орус тилине которууда кыргыздын макал-ылакап, учкул сөздөрүнөн мисалдарды арбын көрсөткөн. Кыскасы, макалдар канча кылым карытса да, өзүнүн күчүн жоготпой, азыр дагы элге өрнөк болуп келе жатат.

Эл ичинде макалдарды колдонуп сүйлөгөн адамдардын кеби кыска-нуска, так-таамай айтылып, жагымдуу, уккулуктуу болуп кептин таасири, касиети күчтүү чыгат, ошондуктан көпчүлүк аны кеңири колдонот.

Тутумунда соматикалык сөздөр катышкан кыргыз макалдары өтмө жана коннотациялык маанилерди туюндуруу артыкчылыгына ээ. Мисалы: ***“Көз коркок, кол баатыр”*** деген макалда адамдын көзү менен көрүп кабыл алуу өзгөчөлүгү жана кандай гана оор иштер болбосун колу менен жасап бүтүрөөр мүмкүнчүлүгү тууралуу кыйыр түрдө маалымат туюндурулган. Бул макалда адамдын эрктүүлүгүнө, майтарылбас кайратына, аракетине карата сыйлоо, урматтоо, суктануу, сыяктуу коннотациялык маанилер туюндурулган.

Макалдардын тутумунда соматикалык сөздөр адамдын ички жан дүйнөсүн, руханий маданиятын да ар тараптан чагылдыра алат. Мисалы: *“**Тил - жүрөктүн ачкычы”*** деген макалда адамдын сөзү анын ички жан дүйнөсүнүн ачкычы деген өтмө мааниде маалымат туюндурулган. Макалда адамдын сөзүнө жана ички дүйнөсүнө өзгөчө басым жасалган. Ошентип, тил аркылуу туюндурулган сөзгө карата жана жүрөк аркылуу сезип туюлган адамдын ички жан дүйнөсүнө карата урматтоо, сыйлоо, кам көрүү сыяктуу коннотациялык маанилер кошо туюндурулган.

Макалдардын ылакаптан айырмасы айтылуучу ой аягына жеткирилип, айтылган ар бир окуяга корутунду чыгарылып, ылакапта адамдын ою гана айтылып, корутунду чыгарылбай көмүскөдө калат. Ошондуктан ылакап көбүнчө салыштыруу, окшоштуруу иретинде “дегендей”, “окшобой” д. у. с. сөздөрдүн жана “ган” “дай” уландыларынын жардамы менен айтылат. Мындан сырткары ылакапка “ып”, “ыптыр” өңдүү өткөн чактын мүчөлөрүнүн жардамы менен же кимдир бирөөгө таандык болуп айтыла берет. Мисалы: ***“Боёкчу боекчу десе, сакалын кошо боёптур”*** Мында *сакал* дене бөлүгү бар, өтмө мааниде айтылып жатат. Көзүнө көрүнгөндү көбөйтүп, бир нерсеге окшоштуруп жасай берүү. Ал аракеттери эч нерсеге татыбайт. Адамдын "кыйынсына" берүүсү ушундай ылакаптын чыгышына себепкер болгон. Акылсыздык, шылдыңдоо, келекелөө деген стилистикалык боектор бар.

“Сүткө оозун күйгүзгөн, айранды үйлөп ичет”- Мында ар бир ишке кылдаттык менен мамиле кылыш керек экендиги жөнүндө, бир нерседен ката кетирип алган адам оозу сүткө күйгөндөрдөй болуп, айранды үйлөп ичкендей болуп, чоочулап, коркуп калган учурда айтылат, мында *ооз* дене мүчөсү колдонулду. Адамдын үшүн алган көрүнүш, коркуп калуу, тынчсыздануу, шылдыңдоо, келекелөө сыяктуу коннотациялык маанилер туюндурулат.

Адамдын дене мүчөлөрү катышкан макалдар:

1. Өздөн чыккан жоо жаман, ***өзөктөн*** *чыккан өрт жаман (Манас) -* ***зат атооч+этиш***

2. Адам ***жүрөгү*** *менен күчтүү, жыгач* ***тамыры*** *менен күчтүү [131, 280-б]. -* ***зат атооч+сын атооч***

3. Адам өзү карыса да, ***көөдөнү*** *карыбайт -* ***зат атооч+этиш***

4. ***Оозу*** *кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн -* ***зат атооч+сын атооч.***

5. Адам ***кулагынан*** *жаңылат, тулпар* ***туягынан*** *жаңылат -* ***зат атооч+этиш.***

6. Адам ***курсагынан*** *арыктабайт,* ***кулагынан*** *арыктайт -* ***зат атооч+этиш.***

*7. **“Тил** – акыл таразасы”, - **зат атооч+зат атооч***

*8. **“Күч акылга баш иет” - зат атооч+ зат атооч***

*9. Адам **тилинен** табат - **зат атооч+этиш***

*10. Адамды **көзүнөн** түшүнбөй, сөзүнөн түшүн - **зат атооч+этиш***

*11. Адамдын көркү-бөз, көңүлү-**эки ооз** сөз - **зат атооч+зат атооч***

*12. Акыл-**баштан,** асыл-таштан - **зат атооч+ зат атооч***

*13. Баатыр болмок - **маңдайдан,** чечен болмок – **таңдайдан - зат атооч+ зат атооч.***

*14. **Баш** иштебесе, **бутка** күч келет - **зат атооч+этиш.***

*15. **Баш** кесмек бар, **тил** кесмек жок (элдик макал) - **зат атооч+этиш.***

*16. **Баш** көбөйсө – ырыс, кас көбөйсө - уруш - **зат атооч+этиш.***

*17. Май кармаган **бармагын** жалайт - **зат атооч+этиш.***

*18. **Өнөр алды кызыл тил - зат атооч+сын атооч.***

*19.**Тил** кылычтан өткүр - **зат атооч+ зат атооч.***

*20. **Ооздон** чыккан суук сөз, **жүрөккө** барып мууз болот [131,-280-б.]. **зат атооч+этиш***

Соматизмдик макалдар мааниси боюнча фразеологизмдерден айырмаланып, элдин жыйынтыктуу оюнун натыйжасын билдирип, өз ара сүйлөшүүсүнө мүмкүнчүлүк берилип, коммуникативдик мааниге ээ болсо, фразеологизмдер тыянактуу оюнун жыйынтыгын чыгара албай, жашоодогу ар кандай нерсенин, көрүнүштүн атын атап, номинативдик маанини берет. Алсак, ***Акыл*** айга жеткирет, өнөр көккө жеткирет, ***Баш*** *көбөйсө – ырыс,* ***кас*** *көбөйсө - уруш* деген макалдар ой корутундусун толук чыгара айтса, ***баш*** *бербөө,* ***башка*** *келүү,* ***баш*** *ийкөө* деген фразеологизмдер андай касиетке ээ эмес. Булар өтмө мааниде атай турган гана касиетке ээ болот.

Демек, макалдар табияты боюнча фразеологизмдерден айырмаланып бүткөн маанини, белгилүү бир жыйынтыкты билдирет, грамматикалык жактан бүтүн сүйлөмдү туюндуруп турат. Ал гана эмес, макалдар көп маанилүүлүккө да ээ болот.

Кыргыз элинин макалдарында соматизмдер көп колдонулуп, алар элдик оозеки чыгармалардын дидактикалык түрлөрүн көркүнө чыгарып турат. Мисалы, адамдын *башы* жана *баш бөлүктө* жайгашкан органдар катышып айтылган макалдарда тарбия бере турган маанилер бир топ жогорку деңгээлде ишке ашат: *Осмо кетип* ***каш*** *калат, оомат кетип* ***баш*** *калат (Элдик макал). Адам курсагынан арыктабайт,* ***кулагынан*** *арыктайт. Адам* ***тилинен*** *табат. Адам* ***көзүнөн*** *түшүнбөй, сөзүнөн түшүнөт. Акыл* ***баштан****, асыл таштан. Баатыр болмок* ***маңдайдан,*** *чечен болмок* ***таңдайдан.*** *Адам* ***көңүлүнөн*** *азат,* ***тилинен*** *жазат. Уккан* ***кулакта*** *жазык жок. Жанылбас* ***жаак,*** *мүдүрүлбөс* ***туяк*** *болбос. Көккө карап түкүрсөн,* ***көзүңө*** *түшөөр. Эки кочкордун* ***башы*** *бир казанда кайнабайт. Кылыч жарасы бүтөт,* ***тил*** *жарасы бүтпөйт. Шамал болбосо чөптүн* ***башы*** *кыймылдабайт. Билимдүүнүн сөзү өткүр, мергенчинин* ***көзү*** *өткүр. Аталар сөзү акылдын* ***көзү*** *ж.б. (Элдик макал).*

Соматизмдерди колдонуу аркылуу макалдарда эмгекчилдик жана жалкоолук сапаттарды билдирүүгө болот: *Май кармаган, бармагын жалайт ж.б.* Макалдарда айрым бир соматизмдердин колдонулушу баатырдыкты, күчтүү эркти да туюндурат: *көз коркок, кол баатыр. Тил кылычтан өткүр. Баш кесмек бар, тил кесмек жок*. Соматизмдер макалдарда колдонулуп дагы башка маанилерди туюндуруп, поэтикалуулукту жаратат: *Адамдын көркү бөз, көңүлү эки ооз сөз. Оозуна ак ит кирип, кара ит чыгат ж.б.*

Макалдар өзүнүн кыскалыгы жана көмүскөдө туюндурулуучу жашыруун маанилери, рифмалуулугу, ритми менен да мүнөздөлөт. Макалдагы ритм менен рифманын келип чыгышынын себеби байыркы мезгилде ойду материалдык жактан бекемдөөнүн каражаты болгон жазуу болбогондуктан, ушундай кыска рифмалуу оозеки форма эске бекем сактоого көмөкчү каражат болгон болуу керек. Кыргыз тилинде макалдардын ритмикалык түзүлүшү, басымы, мелодикалык интонациясы, уйкаштыгы жуурулушуп, поэтикалуулукту жаратат, анда да соматизмдер катышат: *Адамдын көркү баш болот, кабактын көркү каш болот*; *Башыңа тартсаң бутуң ачык калат,бутуңа тартсаң башың ачык калат ж.б.*

Ошондуктан фольклордо макалдардагы соматизмдер ачык, көркөм сүрөттүү жана мүнөз таануучу каражат боло алат. Макалдардагы соматизмдердин сүрөттөөчү сапаты анын ички формасынын образдуулугуна негизделген. Макал туурасында Б.О.Орузбаева мындай дейт: “Макал - өтө курч, экспрессивдүү жана көркөмдүк касиетке ээ, өтмө мааниде колдонулуучу ой корутундусун толук чыгарып, жыйынтыктуу айтылуучу бир же бир нече сүйлөмдөн турган туруктуу айкалыш” [154, 73-б.].

Демек, макалдарда адамдын дене мүчөлөрү катышкан сөздөр аркылуу ата-энени сыйлоо, балдарга камкордук көрүү, акылмандык, аңкоолук, чыныгы достук, эл-жерди сүйүү, урматтоо маанилери, эмгекчилдик, жалкоолук ж.б. сапаттарды, баатырдыкты, күчтүү эркти ж.б. дагы башка маанилерди туюндуруп, поэтикалуулукту жаратат.

3.4. Табышмактардагы соматизмдер

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы табышмактар – адамдын ойлоосун өстүрүп, байкагычтыгын, тапкычтыгын арттырган адабий жанрдын ары кыска, ары таамай түрү. Табышмактардын өзүнө гана таандык белгиси, ыгы, жасалгалоочу көркөм каражаты болот. Алар кара сөз же ыр түрүндө болуп, адамдын логикалык ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Табышмактар - элдик оозеки чыгармачылыктын ичинен эң байыркысы жана алар эл арасында өтө кеңири тараган түрү. Адамзат тарыхынын телчигүү мезгилинде тил менен сөз сыйкырдуу күчкө ээ болгон жандуу организм деген ишенимдин натыйжасында алгачкы коомдо жашап аңчылык, дыйканчылык жана мал багуу менен жашаган байыркы адамдар талаада болобу, токойдобу, үйүндөбү, кайда болбосун дайыма жамандыкты, ар кандай кубулуштарды, өрттү багыштап турган аң-сезимдүү күч бар деп ишенишкен. Ал күчтү кайсы бир амалдар менен жеңиш керек болгон да, аңчылык куралдарынын, канаттуулардын, жаныбарлардын аттарын шарттуу түрдөгү атоолор менен алмаштырышкан. Мунун натыйжасында шарттуу түрдө колдонулуучу каймана

маанидеги купуя сөздөр пайда болуп, табышмактардын жаралышына негиз түзгөн.

Илимде табышмактардын келип чыгышы боюнча окумуштуулардын арасында эки ача пикир кездешет. Алардын биринчилери - Ф.И.Буслаев, А.Н.Афанасьев, О.Ф.Миллер, Ю.М.Соколов, А.Н.Пыпин, мифтер өздөрүнүн алгачкы маанисин жоготуу, маанисинен алыстоонун натыйжасында табышмактар жаралган дешет. Ал эми фольклористтердин экинчи тобу В.А.Аникин, Д.К.Зеленин, В.И.Чичеров, И.М.Колесницкая, Ю.Г.Круглов, В.В.Митрофанова, Т.А.Абдракунов, К.Е.Укачина, С.П.Соловьева-Ойунская ж.б. табышмактардын келип чыгышын адамдын турмуш-тиричилиги менен тыгыз байланышта карап, табу сөздөрүнөн келип чыкканын аныкташат. Биздин көз карашыбыз дагы ушул экинчи пикирге көбүрөөк туура келет.

Аюу, карышкыр өңдүү жырткычтар көпчүлүк түрк элдеринде табулануга дуушар болгон.

Кыргыз табышмактарын изилдеген окумуштуу Т.Абдракунов мындай дейт: «эгер «аюу» деп айта турган болсок, ал кышкысын жаан-чачындын көп болушуна алып келет, андыктан «аюунун ордуна «өтөгөн» деген терминди колдонуу керек. Азыркы кезде кыргыздарда карышкырды «көк жал», «бөрү» деп аталып жүрөт. Алтай тилинде карышкыр - «kok ijt» *көк ит* деп аталат [14, 26-б.]. Мындай тектеш тилдеги тергөө сөздөрүнүн окшоштугу, табышмактардын тематикалык жана структуралык жактан дал келип калышы кокустук эмес. Анткени ал тилдер түбү бир тилден таралганы маалым. Алтайлыктар да кыргыздар сыяктуу көчмөн калктардын катарына кирип, жаратылыштын таасиринде башка шарттарда жашашкан, жашоо-шарты, тарыхый тагдырлары да кыргыздарга окшош.

Табышмактар тексттин өзгөчө түрүнө жатат. Анткени анда айтылуучу ой табышмакта да, жандырмакта да болгондуктан, андагы ой бүтүндүгү же жумурулугу эки тарабы тең бириккен учурда гана кептик прагматикалык максатка жетишет.

Табышмакты текст катары жаратуучу чындык, кубулуш, окуя, зат анын өзөгүн түзүп, табышмактын жандырмагы менен бир бүтүндүктү түзөт. Табышмактардын информациялык түзүлүшү маанилик бүтүндүктү камсыз кылат. Анткени табышмактар семантикалык да, структуралык жактан да бир бүтүндүктү туюндурган маалымат катары кызмат кылат. Айтылуучу ой анын коммуникативдик бирдик экендигинде гана эмес, түзүлүштүк жактан да бүтүндүккө биригип тургандыгында. Текст түзүлүшү боюнча индивидуалдуу, табышмак да дал ошондой индивидуалдуулуктан варианттарга айланат.

Адам өз акылы, колу менен жасоочу буюмдардын образын жаратып, андан ары ишке ашырат. Булардын негизги өзөгү адам акылында жаралган элес - андан пайда болгон зат, иш-аракет. Ошол сыңары аны кайрадан өз элесине алып келүү менен, ар бир айтуучу табышмактантат. Мындай көрүнүш көбүнчө адам жараткан заттардын өзү, сапат, белгилери кыйытылып айтылгандыктан, табышмактын имплициттик бөлүгүн түзөт.

Табышмактар образдуулук же аналогиялык окшоштуктарга негизделет, жашырылган нерсе бирде чоңоюп, бирде кичирейип, метафоралык, метонимиялык, синекдохалык семантикалык ыкманын негизинде жаралат. Бул көрүнүш коннотациялык маанилик жылыш сыяктуу жандырмактын коммуникативдик сүрөтүн жаратуу жолу болуп эсептелет.

Образдын жаратылышы негизинен заттардын, кубулуштардын, окуялардын өзүнүн табиятына, адамга жараша окшошот. Эгерде троптун түрлөрү көркөм каражат катары сөз маанилеринин жаралышына номинация жана туунду, өтмө маани сапаттык, белгилик байланышта таасир этсе, табышмактын жандырмагы табышмактагы жашырылуучу нерсенин кайсы бир белги, сапаттарын ичине камтып, өтмө маанини пайда кылат. Ошондуктан метафора, метонимия сөздүн семантикасына таасир этсе, табышмактын түзүлүшү жандырмактын семантикасына байланышат. Башкача айтканда, табышмактар жөн гана дидактикалык чыгарма эмес, ал - айлананы кабылдоонун, түшүнүүнүн, аны реализациялоонун подтексттүү философиялуу тексти.

Кыргыз элинин табышмактарынын тематикасы өтө кеңири. Алар элибиздин этномаданий, этнографиялык, экономикалык, тарыхый тагдыры жашоо-турмушу, күнүмдүк-тиричилиги, бизди курчап турган сырткы дүйнөнү аңдап, таанып билүү менен шартталышып турат. Күндө көрүп байкаган, колдонгон, урунган, өздөрү жараткан кандай гана заттар болбосун баардыгын табышмактарга камтып чагылдырышкан. Өздөрүнө жат же тааныш эмес, көрбөгөн, билбеген кубулуштар, нерселер жөнүндө эч качан табышмактар жаралбайт. Демек, табышмак жанрынын мазмунун адамдарга тааныш нерселер түзүп, адамга зарыл өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсүнө жашоо-турмуш үчүн керек болгон үй-жай, боз үй, кийим-кечек, тамак-аш ж.б.у.с. ар кандай курал-жарактар түзгөн. Табышмактарды түзүүдө эң чоң роль метафорага таандык. Табышмактарда жашырылып жаткан нерсе аталбастан, анын метафоралык түгөйү айтылат. Ал эми жандырууга келгенде метафоралык образды турмуштагы чындык менен алмаштырабыз.

Табышмак предметти же кубулушту каймана, көбүнесе поэтикалык формада сыпаттайт. Кыргыз элинин табышмактары көп түрдүү, алар мал чарбачылыгына, көчмөн турмушка, дыйканчылыкка байланыштуу чыккан. Кыска табышмактардан тышкары аңгеме-жомок түрүндөгү, айтыш, эсеп табышмактар да жолугат. Кээ бир табышмактар куюлушкан уйкаш сөздөрдөн, суроо-жооп формасында түзүлөт. Айталы, кыргыз фольклорунда, жомоктордо айтылган табышмактар жанрдык касиетин жоготпостон, алардын сюжеттик өнүгүшүнө оң таасирин тийгизип, көркөмдүүлүгүн арттырат. Кыргыз элинде «Жээренче чечен», «Акыл Карачач», «Сүйлөбөс кыз», «Акылдуу кыз», “Алымкул түш жоругуч” сыяктуу жомоктордо табышмактар камтылган. Кыргыз элинде айтыш табышмактар да бар: «Жеңижок менен Барпынын айтышы», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы», «Токтогул менен Көбөктүн айтышы», «Айган менен Кетбуканын айтышканы» ж.б. Адатта, акындар же чечендер айтышып бирин-бири жеңе албай калганда, табышмактуу айтыштарга өткөндүгү белгилүү.

Табышмактардын көпчүлүгүнө метафора, аллегория мүнөздүү экендиги жогоруда айтылды. Байыркы учурда предметтерди өз аты менен атаганга тыюу салган ишеним, каада-салттарга байланышы бар сыйынуу маанисин туюнткан. Кийинчирээк эстетикалык жана дүйнө тааныткыч касиетке ээ болуп, тапкычтыкты, зиректикти, сыноо милдетин аткара баштаган. Табышмактар тематикага, көркөм каражаттарга бай, ошондой эле ага так композиция жана уйкаштык, ыргактуулук да мүнөздүү. Аларда дагы күнүмдүк турмушта кеңири колдонулуп жүргөн адамдын дене мүчөлөрү көп кездешет, алар аркылуу дүйнө таанымы, ар түрдүү иш аракети ишке ашат. Башкача айтканда, табышмактарда дагы соматизм сөздөр өтө активдүү колдонулат, дене мүчөлөр аркылуу катылган затты, нерсени табуу талап кылынып, табышмактарда катылган соматизмдер ар кандай милдет аткарат.

Кыргыз тилинде соматизмдердин табышмактарда колдонулушун шарттуу түрдө эки топко бөлүп карайбыз. Биринчи топтогу табышмактарда соматизмдер түздөн-түз катышпай, аларды табуу талап кылынат. Башкача айтканда, табышмакта соматизм сөздөр - адамдын кайсы бир дене мүчөсү жашырылат да, аны табуу талап кылынат. Мисалы: *Он отузга берет, отуз жалманга тапшырат, жалман андан ары ашырат (**кол, тиш, тил.**)*

*1. Эки тууган бирин-бири көрбөйт **(көз).***

*2. Жар боорунда жалгыз казык **(киндик).***

*3. Бир дөбөдө жети ийин (о**оз, көз, тиш, тил, мурун, кулак, каш).***

4. Шып-шыпылдак, шып-шыпылдак үстүндө пыш-пышылдак.

Кайнар булак (шам чырак) үстүндө кара кыяк.

Кара кыяк (бир топ камыш) үстүндө кара токой

(ооз, мурун, көз, каш, чач).

5.Каркыра жолу кайык,

Турна жолу туюк.

Эки күлүк бар,

*Биринен бири озот (б**ут).***

6. Сырткы көрүнүшү тоголок,

*бирок чоло жери жок, чытырман токой (б**аш,чач).***

7. Кош кайкыда турагы бар,

кош каухардан чырагы бар,

керемети ааламга тиет,

*аалам ага башын иет **(баш).***

8. Аркы өйүздүн карагай,

берки өйүзгө жыгылат.

Берки өйүздүн карагай,

*аркы өйүзгө жыгылат **(уктагандагы кирпик)** ж.б.*

Айрыкча балдарды өз алдынча ой жүгүртүүгө тарбиялоодо табышмактардын өтөгөн кызматы чоң. Маселен: *оозу бар, **тили** жок, кыңк эткен үнү жок, мууз тоңсо да үшүбөйт, суусуз анын күнү жок* деп адам өзүнүн дене мүчөсүн балдарга көрсөтүп окшоштуруу аркылуу жаратылыштын бир нече көрүнүштөрүн санап келип, соматизмдер катышкан сөз айкаштары аркылуу *балык* жөнүндөгү табышмакты жаратты. Соматизмдердин табышмактарда колдонлушунун экинчи тобунда табышмак катары соматизмдердин өздөрү айтылып, башка нерсенин табылышы талап кылынат:

*1. **Колу** жок, **буту** жок,*

Терезеге сайма саят (аяз.)

*2. **Башы** күндү ээрчиме,*

***Төлүн багат бетине** (Күн карама)*

3. Тоодон топ түштү,

***Буту-колу** жок түштү (мөндүр).*

*4. **Маңдайы** жалпак.*

*5. **Башы** аттай,*

***Канаты** каттай,*

Учканы куштай,

Чөккөнү төөдөй (чегиртке).

*6. **Башы** бар**, мойну** жок,*

***Көзү** бар, **кашы** жок.*

Оозу *бар сүйлөбөйт (балык). .*

7. ***Ичи*** *ичинде****, ичегиси*** *сыртында (комуз).*

8. ***Сөөгү*** *жок,* ***эти*** *бар,*

Сүйлөгөн сөзү бар ***(тил).***

9. Төө ***ооздуу, ботo көздүү****,*

Эшек ***кулактуу,*** *эчки чычаңдуу*

Ат ***аяктуу****, кой жүндүү (коен).*

10. ***Ат баштуу****, аркар мүйүздүү,*

Бөрү куйруктуу, бөкөн сындуу,

Куш канаттуу, ***кумурска ичтүү*** *(чегиртке).*

11. ***Мойну*** *узун* ***бою*** *пас,*

Жону *менен* ***боору*** *таш.*

Баш, куйругун*, төрт* ***бутун,***

Катып алат тийсе кас (ташбака).

12. Жеңил бирок, ***көзгө к****өрүнбөйт,*

Жара чапсаң бөлүнбөйт

Сууга окшоп төгүлбөйт (аба).

13. Чың ***билек****, чымыр* ***каруусу,***

Чоюн ***баш****, жалгыз* ***азуусу***

Тиштей албайт, жүгүнбөйт

Келсе да катуу ачуусу (балта).

14. Боору толгон ***тиши*** *бар,*

Жыгач менен иши бар (араа).

15. Эки ***кулагы*** *бар,*

Төрт ***туягы*** *бар,*

Маңдайында күйүп турган чырагы бар,

Ортосунда кайнап турган булагы бар (самоор).

16. ***Кулагы*** *бар****, башы*** *жок,*

Курсагы *бар* ***чачы*** *жок (казан).*

17. ***Көзгө*** *көрүнбөйт,*

Ийинге *илинбейт (жел).*

18. ***Буту*** *жок, басат,*

Канаты *жок, учат (булут).*

19. Кудам кудукка түштү, ***курсагы*** *борсое түштү (боорсок)*

20. ***Кулагы*** *бар, эп келет,* кийсем **башка,** төп келет (тумак) ж.б.

Бул табышмактарда ашыкча шөкөттөлгөн көркөм сөздөр жок, ар бир сапта негизги нерсени так-таамай туюнтууга негизделген жана аларда басымдуу учурларда *дене мүчөлөрү* катышкан сөз айкаштары кеңири кездешери көрүнүп турат. Бул көрүнүш азыркыдай илим-билим, техникалык прогресс өнүгө элек мезгилде адамдар табият менен жанаша жакын болуп жашаган мезгилдерге мүнөздүү. Андай учурда табышмактарда эки же андан көп буюмдардын, жаратылыш көрүнүшүнүн аттарын табыш үчүн адам өзүнүн дене бөлүктөрүн каймана түрдө элестетүү менен суроо берип, ал суроонун жандырмагын чечүүгө багыттай алган. Азыркы учурда кроссворд, чайнворд, арифметикалык, же сүрөттүү, же шахматтык ребустар, анаграммалар ж.б. табышмактар пайда болду.

Ошентип, кыргыз фольклорундагы табышмактарда соматизмдер арбын колдонулат жана ойдун жеткиликтүү, так, элестүү туюндурулушун камсыз кылат, элдин башынан өткөргөн турмуштук окуяларын сүрөттөп, жалпы элге түшүнүктүү болушун камсыз кылат.

3.5. Соматикалык фразеологизмдер

Башка тилдик бирдиктер сыяктуу эле соматикалык сөздөр туруктуу сөз айкаштарынын, фразеологизмдердин составында айтыла берет. Мына ошолорду шарттуу түрдө *соматикалык фразеологизмдер* деп атайбыз. Фразеологизмдердин составындагы сөздөр өздөрүнүн баштапкы түз негизги маанисин жоготуп, өтмө маани менен бир бүтүнгө биригип, ойду курч, каймана берет. Фразеологизмдерди туюндурган сөздөр туруктуу келет, өзгөрбөйт, чыгарманы жеткиликтүү, таамай, таасирдүү кылып берет.Фразеологизмдердеги соматизмдер: ***баш аягына*** *карабоо,* ***өпкө-жүрөгүн*** *чабуу,* ***ичи бооруна*** *кирүү,*

ичек-боору *катканча күлүү,* ***кабагым-кашым*** *дебей,* ***оозу-мурду*** *кыйшайбоо,* ***кабырган*** *менен кеңешүү,* ***каш-кабактын*** *ортосунда,* ***карды ачуу, жүрөгү майланды,*** ***көз*** *байланды,* ***кулак*** *түрүү,* ***көз*** *сал,* ***тилиң тишине*** *күбө ж.б.*

Жүрөк соматизми менен айтылган фразеологизмдердин түрлөрү: *ак жүрөк, кара жүрөк, жүрөгү үшүү, таш жүрөк, жүрөгү көтөрүлүп туруу, жүрөгү болк этүү, жүрөгү оозуна тыгылуу, жүрөк заада болуу*. **Жүрөк жана көз дене мүчөлөрү** фразеологизмдерде жыш колдонулганы байкалды, алар кыргыз лексикасынын байыркы катмарына кирет. **Ооз** жөнүндөгү фразеологизмдер: *оозу ачык, оозуна суу тамызбоо, оозун куу чөп менен аарчуу ж.б.*

Кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди лексика-семантикалык жана структуралык белгилерине жараша Ж.Осмонова зат атоочтук, сын атоочтук, тактоочтук, этиштик жана сырдык сөздүк фразеологизмдерге бөлүштүрсө, кыргыз тилиндеги фразеологизмдердин тутумундагы сөздөрдүн айкашы, алардын маанисинин жуурулушуп келиши таяныч сөзгө (негизги компонентке) таянуу менен уюшуларын Ж.Мукамбаев баса белгилеген [143, 150-.б.].

Фразеологизмдердин жасалышы биринчиден анын түзүлүшүндөгү компонент болуп келген соматикалык сөздөрдүн маанилерине жараша бири-биринен бөлүнгүс составдык түзүлүшкө ээ. Экинчиден, фразеологизмдер эки же андан ашык компоненттен туруп, андагы ар бир сөз өзүнүн жеке маанисинде колдонбой, каймана маанилер менен бары биригип келип, жалпы бир фразеологиялык маанилерди бере тургандыгы белгилүү. Мындай каймана маанилер менен составындагы бардык компоненттер чогулуп бир маанини билдирип фразеологизмдердеги сөздөр ажырагыс биримдикте туруп, фразеологиялык маанини түзөт. Андыктан, соматикалык фразеологизмдердин лексика-семантикалык, грамматикалык маанилердеги структуралык түзүлүшүндөгү негизги маанилик компоненттерине, алардын биргелешип уюштурган маанилерине анализ жүргүзөбүз.

Компоненти зат атоочтордон болгон соматикалык фразеологизмдер. Зат атооч сөздөр соматикалык фразеологизмдерди уюштуруучу касиетке ээ.

Мисалы: *оң колу* деген соматикалык фразеологизмдердин сын атооч жана зат атооч сөздөрдүн ажырагыс биримдигинен турганы менен, жалпы фразеологиялык мааниси ***жардамчысы болуп иштеген адам*** деген лексика-грамматикалык маанини билдирет. Бул соматикалык фразеологизмдердин тутумундагы негизги компоненти - колу зат атооч болгондуктан, жалпы фразеологиялык мааниси ошол сөз түркүмүнө тиешелүү болот. Ошондуктан аталган фразеологизмдер жалпы лексика-семантикалык жана грамматикалык мааниси боюнча зат атоочтук соматикалык фразеологизмдерге кирет**.** *Кол бала, маңдай тер, ич күптү, ооз басырык* сыяктуу соматикалык фразеологизмдердин тутумундагы негизги компоненттер - *бала, тер, басырык*. Бул зат атоочтор соматикалык сөздөргө түгөй болуп келип, соматикалык фразеологизмди биргелешип уюштурат.

Соматикалык фразеологизмдердин айрым бир тобунун компоненттери жалаң зат атоочтордон турбаганы менен, анын негизги компоненти зат атоочтордон болгондуктан, өз ара биригип келип туюндурган фразеологиялык маанилеринде зат атоочтук мааниси болот.

Соматикалык фразеологизмдердин бир тобунун компоненти сын атооч сөздөрдөн турат. Булар сын атооч + зат атоочтук сөз айкашын түзөт: *оң көзү - жакыны, ак жүрөк, ак таңдай, куйма кулак, араң жан, кара далы, кара жаак, куу тумшук, кызыл кекиртек, кызыл эт, кыл тамак, кыпча бел, узун кулак, суу жүрөк, суук кол* ж.б. Соматизм болуп уюшулган ушул сыяктуу туруктуу сөз айкаштары менен айтылган фразеологизмдер тилде абдан көп. Зат атооч + этиш: *кабак ачар*, *тилинен бал тамган, бетинен кан тамган, колунан көөрү төгүлгөн, кабагына кар жааган, бетимдин беш териси, таман акы, маңдай тер*, *өпкөсү жок, жүрөгүндө оту бар, көңүлүндө кири жок, көзүн ача элек ж.б.;* зат атооч + сын атооч: *оозу бош, эти тирүү, оозу катуу, тили узун, жону жука, колу ачык, жүзү кара*, *алкы бузук, ичи тар, сөөгү таза ж.б.*

Ал эми эл оозундагы *жез тумшук, жез тырмак* – эң байыркы ишенимдерге, көз караштарына негизделген фразеологизмдер болуп саналса, ислам дининин кабыл алынышы менен колдонула баштаган соматикалык

фразеологизмдерге *алдасы оозунан түшүү, кудайдын кулагы сүйүнсүн* ж.б. кошууга болот. Табияттан тышкары күчтөргө болгон ишенимдерге *оң буту менен үйгө кирүү, оң жамбашы менен жатуу* дегенде адам оң буту менен кирсе, же оң жамбашы менен жатса иши оңунан чыгат, жолу болот деген ишеним бар. Адамдын денесинин оң-терс бөлүгүнө карата турмуштагы бардык нерселер, көрүнүштөр бөлүштүрүлөт: *оң кол, оң бут, оң көз, оң кулак, оң каарман, оң сапат – сол кол, сол бут, сол көз, сол кулак ж.б.* Апырта айтылган фразеологизмдер *асманга колу жеткидей, аттын кулагы менен тең ойноо, оң кулагың менен да, сол кулагың менен да ук* – адамга катуу таасир этүүчү функцияны аткарат. Кыргыз тилинде адамга таалим-тарбия берүү функциясына мисал келтирүүгө болот: *мурдун көтөрүү, ооз кесир, пейли бузук, ичи тар, терисине батпоо, узун кулак ж.б*.

Соматикалык фразеологизмдердин курамындагы сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр туруктуу, өз алдынча берилгенде маниге ээ эмес. Соматикалык фразеологизмдерди башка бирдик менен алмаштырууга да мүмкүн эмес. Соматикалык фразеологизмдер дайыма туруктуу мүнөзгө ээ, башкача айтканда, составдык компоненттерин башка сөздөр менен алмаштырууга болбойт. Составдык компоненттери маанилик жактан өздөрүнө эквивалент болуп келген сөздөргө караганда алда канча күчтүү, таасирдүү образдуулук касиетке ээ. Алсак, *кол* - адам органынын эң маанилүү бөлүгү катары маалымат жеткирүүдө өзгөчө орунду ээлейт. *Кол* маалымат берүү, маалымат алуу процессинде түрдүү маниге ээ. Ал пикирди тактайт, кошумча таасир арттырат, ички сезимди да сездирет. Компоненти **кол** менен жасалган фразеологизмдер:

Колго *алуу – ишти аягына чейин бүтүрүү*

Колуна кол, ***бутуна бут*** *болуу – жардам берүү*

Колунан *кокон тыйын келбөө – эч нерсе жасай албоо*

Эки колун *аркасына алып жүрүү - бекерпоздук*

Эки тизгин бир чылбыр ***колуна*** *тийүү – бийликке келүү*

Колу бутун *жипсиз байлоо – чектөө, милдеткер болуу*

Колу *ачык - берешен*

Колу *оор - чоң муштум, же жолу болбогон*

Колу *чүрүш – сараң, зыкым.*

Кол *салуу – уруу, уурдоо.*

Кол *ийрисине тартуу - колдоо, жакынына жардам көрсөтүү.*

Кол *кармашуу - баш кошуу*

Колун *суроо, кыздын* ***колун*** *сурап келүү, баш кошуу - үйлөнүү, үй-бүлөлүү болуу.*

Кол шилтөө *– таштап салуу*

Көз *кырын салуу – карап, көз салып жүрүү*

Көз*үн кадоо – тик, түз кароо*

Көз*гө урунуу – байкалып калуу*

Көз *болуу – көзөмөл кылуу*

Көз *жаздымында болуу – бирөөнүн кароосунда болуу*

Көзү *илинүү – уйкусу келүү*

Көзү *түшүү – жактырып калуу*

Көзүнө *жылуу учуроо - тааныш*

Көзгө *суук көрүнүү – жаман көрүнүү*

Көрөйүн деген ***көзү*** *жок - жек көрүү*

кара ***көзүн*** *кашайтуу - кыйноо.*

Бир ***көзүнөн*** *кан, бир* ***көзүнөн*** *жаш агызуу – кыйноо, азап тарттыртуу.*

Көзүң *жамандыкты көрбөсүн – жаман нерсени көрбөө*

Көзмө-көз *- жакын, бетме-бет*

Көзү *жокто – бирөө жок учурда*

Оң көзү *– ишенимдүү жардамчы*

Көзү *түз – акыйкатчыл, чынчыл*

Көз *ирмемге келбей – бир заматта*

Көздү *ачып жумганча - заматта.*

Көз *жумуу,* ***көзү*** *өтүү – өлүм.*

Көзү *тешилүү – күтүү, кароо*

Эки көзү *төрт болуу - чыдамсыздык менен күтүү*

Көзү ачылуу *- тажрыйбалуу болуу*

Иштин ***көзүн*** *билүү – өз ишин билген ж.б.*

Тилдер ички структуралык түзүлүшү жана грамматикалык уюшулушу жагынан бири-биринен айырмаланат. Фразеологизмдер бир тилден экинчи тилге түз которулбайт. Бирок фразеологизмдерге мааниси шайкеш, дал келгендери бар. Алсак, кыргыз жана орус тилдерин салыштырсак соматикалык фразеологизмдердин маанилери дал келген учурлары кездешет: *оң колу - правая рука, первый помощник, главное доверенное лицо, бармагын тиштөө - кусать себе локти, сожалеть о неправильном, упущенном, кулак түрүү – прислушаться, таманы жерге тийбөө - сломя голову, бежать, мчаться, көзүн ачуу - помогать, правильно понять, истиное положение вещей. Көзүн ачуу дегенден башка мааниси - наказать, проучить* деп терс мааниде айтылат. Кээде орус тилиндеги соматикалык фразеологизмдерди кыргыз тилине которгондо соматикалык сөздөр катышпаган учурлар кездешет. Мисалы: *не иметь ни гроша за душой - сокур тыйыны жок. Көзүнүн агы менен айлануу - быть под каблуком.*

Адамдын бет түзүлүшү жана башка органдары адамдын ички сезимине жараша кыймылга келет. Биздин оюбузча мына ошол кыймыл-аракеттер фразеологизмдер сыяктуу эле милдет аткарат. Ар бир элдин мүнөзүнө, тилине жараша өзгөчөлүктөрү бар. Ошого карабастан дене мүчөлөрдүн кыймылы менен туюндурулган маанилер бардык тилдерде бирдей болгон учурлар да жок эмес. Мисалы, *баш ийкеди - макул болду, баш чайкады - макул болгон жок, кол шилтеди - жактырбай басып кетти.* Мына ушул өңдүү дене мүчөлөр катышкан кыймыл-аракет, жаңсоолор көпчүлүк элдерде бирдей. Бул жаңсоолорду баары түшүнө берет.

А.Т.Ботобекованын эмгегинде кыргыз тилиндеги жаңсоо, ымдоолор тууралуу кызыктуу фактылар келтирилген. Аларды биз да мисал катары келтиребиз: адамдын сырткы келбетин сүрөттөөдө анын башына байланышкан динамикалык кыймылдардын туюндурган маанилери “Кыргыз ымдоо-жаңсоолору” аттуу эмгегинде паралингвистикалык жактан талданган. Аталган

эмгекте автор “Баш чайкоонун”: 1) нааразы болуу, өкүнүү, кейүү; 2) “Жок”, “билбейм” маанисин; 3) жактырбоо, колдобоо, пикирлешине карата карама-каршы көз карашын билдирүү; 4) таң калуу, ыраазы болуу, “Башты ийкөөнүн”: 1) колдоп кубаттоо, макул болуу, ыраазы болуу; 2) саламдашуу, алик алуу, учурашуу; 3) нараазы болуу, өкүнүү, кейүү өңдүү маанилерин, ал эми “Башты шылкыйтуунун”: 1) аргасыздык, моюн сунуу, капа болуу; 2) уялуу, сүрдөө өңдүү маанилерин конкреттүү мисалдар аркылуу иллюстрациялап берген. Мындан тышкары автор тарабынан “Башы менен жаңсоо”, “Башын чулгуу”, “Башын бекитүү” өңдүү жаңсоолордун да туюндурган маанилерин чечмеленген [Ботобекова, 2007]. “Колумбияда 2 томдук сөздүк түзүлгөн, анда 2000 жест латын-америкалыктардын күнүмдүк жашоосунда колдонулгандыгы аныкталган. Жаңсоо тилинин тарыхына кайрылсак, 2 миң жыл мурда Цицерон ораторлорду «Все движения души должны сопровождаться жестами, способными разъяснить дела души и мысли: жесты кисти руки, пальцев, всей руки, простертой вперед, ноги, ударающей о землю, особенно мимика глаз, жесты подобны языку тела, который понимают даже дикари и варвары» деген. Белгилүү рим оратору Квинтилиан, б.з.ч. 1-кылымда жест боюнча сөздүк түзгөндүгү айтылган [51, 189-б.].

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын өзүнчө айтылыш шарттары, салттары бар. Кээ бир эпостор, мисалы “Курманбек”, “Жаныш Байыш”, “Саринжи Бөкөй” ж.б. кенже эпостор атайын комуздун коштоосу менен айтылган. Албетте, комуз *кол* менен ойнолуп, бул жерде соматизм сөздөрдүн эмес, дене мүчөлөрдүн түздөн-түз катышуусу аркылуу аткарылып жатат. Ал эми “Манас” эпосу комуздун коштоосусуз эле айтылып, *колдун, беттин, баштын, моюндун, бүткүл дененин ар кандай абалда кыймылга келип жаңсалышы жана кээ бир дене мүчөсүнүн, мисалы, көздүн, каштын ымдоолору* менен аткарылат. Эч бир манасчы дене мүчөлөрдүн катышуусуз, ымдоо-жаңсоосуз “Манасты” аткара алышпайт. *Мисалы:*

Маңдай *жагын караса*

Үзөнгү атка жиберип,

Баатыр атка мингени

*Кымылдын **көзү** жаш болуп ж.б.*

Мында колдун өйдө көтөрүлүшү менен маңдай, көз, үзөнгү жакты көрсөтүп, айтылып жаткан окуяга кошумча түшүнүк берет. Кезинде айтылуу Келдибек манасчы Сагымбай Орозбаковго “Манасты”айтып жатканын угуп, бирок “обондон жетише элек экенсин” - деп, обонду, кол шилтөөнү үйрөткөн экен. Демек, эпосторду аткаруудагы кол шилтөө, түрдүү кыймылдык иш-аракеттер (жест, мимика ж.б.) ойду жеткиликтүү, таасирдүү түшүндүрүүдө чоң мааниге ээ. Кыргыз тилинде соматизмдер, алардын катышуусу аркылуу жасалган кыймыл-аракет, ишарат-жаңсоолор “Манас” айтууда өтө активдүү катышат. Адамдын дене кыймылы убакыттын өтүшү менен абстактуу мааниге ээ болуп, фразеологизмдердин катарын толуктайт. Алар кинесикалык фразеологизмдер болуп саналат, алардын негизин ымдоо-жаңсоолор түзөт.

3.6. Соматизмдердин лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү

Кыргыз эли өзүнүн тарыхый басып өткөн жолунда макал-лакап, табышмактардан тартып «Манас” үчилтиги сыяктуу ири көлөмдөгү эпосту, «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Эр Табылды», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан», «Кедейкан» жана башка дастандарды, оозеки чыгармачылыктын эчен кымбат баалуу түрлөрүн жараткан. Алар бүгүнкү күндө да эл ичинде айтылып жүрөт. Өз кезегинде кыргыздарда эпикалык жанрдын өзгөчө өнүккөндүгү жөнүндө бир катар белгилүү чыгыш таануучу окумуштуулар тарабынан да далилденип көрсөтүлгөн. Ушундай кыйла кылымдар бою кыргыз эли түзгөн акыл мурас байлыктарынын ичинен “Саринжи Бөкөй”, ”Кедейкан” дастандары менен башка элдик оозеки поэмалары дагы өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ жана мазмуну боюнча социалдык-коомдук маанидеги тарыхый окуяларды кеңири камтыйт. Мына ушул аталган кенже эпостордун лексикалык курамында да адамдын дене мүчөлөрү катышкан соматизм сөздөр арбын кездешет.

Элдик поэтикалык чыгармаларга тийиштүү ритм жана рифма, мелодикалык угумдуулук, поэтикалуулук, көркөмдүк мүнөздүү. Ошондуктан

алар угуучуга тез жана күчтүү таасир берип, айтылып жаткан ойдун натыйжалуу кабыл алынышына мүмкүнчүлүк берет. Ал эми соматикалык маанидеги сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын колдонулушу поэтикада эпостун тилине угумдуулук, поэтикалык өң-түс кошумчалап, турмуштун көрүнүштөрүн адамдын өзүнүн келбетине салыштыруу аркылуу образдуулукту жаратып, көркөм сөз өнөрүнүн кудурет-күчүн арттырат.

Фольклордо соматикалык сөздөрдүн мындай стилистикалык-функционалдык касиет-дарамети лексика-грамматикалык маанилер жана грамматикалык категориялар, сөз өзгөртүүчү категориялар аркылуу ишке ашат. Ал үчүн заттык маанилердеги сөздөргө жөндөмө мүчөнүн уланышы сүйлөмдө башка сөздөр менен байланышын камсыз кылып турат, айтайын деген ой толук түшүнүктүү болот. Зат атоочторго жөндөмө мүчөлөрү жалганганда нерселердин, көрүнүштөрдүн, кыймыл-аракеттердин, ал-абалдардын, сапаттардын арасындагы мамиле, байланыштар ишке ашат. Жөндөмө мүчөлөрү зат атоочко уланган грамматикалык формалар-мүчөлөр менен жасалып, ар түрдүү формага ээ болот. Андыктан фольклордук чыгармалардагы соматизмдердин ар түрдүү грамматикалык категориялар боюнча өзгөргөн учурларына да токтолобуз.

Атооч жөндөмөдө айтылган соматизмдер:

Атооч жөндөмөсүнүн башка жөндөмөлөрдөн айырмасы өзүнө тиешелүү мүчөсүнүн жоктугунда. Ошондуктан, башка жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү жалганбаган, жөндөлүүгө мүмкүнчүлүгү бар компоненти дене мүчөлөрүнөн турган сөздөрдү атооч жөндөмөдөгү сөз катары алууга болот. *Мисалы: **Атооч** жөндөмөдөгү соматизмдер:*

Баш** кошуп оокат кылалы**,

*Жүрөгүндөй **жүрөк** жок [“Кедейкан”, 33-б.]*

***Кол** берем деп нээтимди.*

***Кол** бергени келипсиң [“Кедейкан”,42-б.]*

***Көз** кайрап кызыл ташына,*

*Кызыл **жүзү** бозоруп [“Эр Табылды”,175-б.**]***

Билек *–күчүң чыңаарсың [“Жаныш Байыш”,21-б.]*

Кара ***кулак*** *шери деп.*

Күлкү салды эр Байыш [“Жаныш Байыш”, 37-б.]

Жалын ***жүрөк*** *эр окшойт****,***

Жалтанбады көбүңдөн [“Жаныш Байыш2,66-б.]

Элде ***жүрөк*** *калбады* [“Жоодарбешим”,*18-б.]*

Жүрөгү *муз****, боору*** *таш,*[“Жоодарбешим”,*24-б.]*

Уч- кыйрына ***көз*** *жетпес,*

Ийри ***моюн,*** *жалгыз* ***көз.***

Жалпак ***таман,*** *айры өркөч* [“Жоодарбешим”, *33-б.]*

Эки жагын караса,

Кайкы ***мурун,*** *жез* ***тумшук,***

Керме ***каш*** *аппак элечек*

*Кербезденип жүрүшкөн[“Курманбек”,50-б.****]***

Күндөй ***бет,*** *эстүү жубандан,*

Көргөндө ***жүрөк*** *кубанган.*

Ак маралдай керилген,

Айдай ***бет****, эстүү жубандан,*

Айда көргөн кубанган.

Көз *көрүнөө ажалга ,*

Тике барыш оңойбу [“Курманбек”, 83-б.] ж.б.

Арыкайган Ала-Тоо,

Бел *экенин билели*

Демек, фольклордо атооч жөндөмөдөгү соматизмдер заттын атын атап көрсөтүп, каармандын образдуу келбетин мүнөздөп, же кошумча сыпаттык, аракеттик маанилерди да туюнтууга катышат**.**

Илик жөндөмөсүндөгү дене бөлүктөрү зат атоочтун аныктоочтук, таандык байланышын туюндурууда колдонулат. Илик жөндөмөсү негизге он алты варианттуу *–нын* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу уюшулат. Мисалы: *көзүнүн, көздүн ж.б.*

Көзүнүн *жашы селдеди,*

Көздүн *кырын салсаңыз [“Кедейкан” ,27-б.]*

Балы кетип ***тилиңдин***

Баркы кеткен күнүңдүн [“Эр Табылды”,174-б.]

*Кайран энең Каныкей****,***

Көзүнүн *жашы он талаа [«Манас»]*

Көзүнүн *жашы төгүлүп,*

Жүүнү бошоп жыгылып [«Манас»]

Кызарып агып турбайбы

Жүрөгүнүн *каны деп [«Манас»]*

Көздүн *жашы он талаа,*

Көрдүмбү деди бир бала.

Перзент берген кудайым, [«Манас»]

Ээринин кашы деп,

Эт жүрөктүн *башы деп,*

Качырып найза шилтеди [«Манас»]

Алтын кемер чети деп,

Ай далынын бети *деп*

Өпкөсүнүн тушу *деп,*

Өлүүчү жери ушу деп,

Аккелте менен бир койду [«Манас»]

Оң далынын *мүрүгө*

Оңдоп найза салганы [«Манас»]

Мисалдардагы соматизмде илик жөндөмөсүндө келип таандык, тиешелүүлүк маанилерди туюндурду.

Барыш жөндөмөсү кыймыл-аракеттин кимге, эмнеге багытталгандыгын билдирип, анын *–га* мүчөсү он алты вариантта өзгөрүп уюштурат. Мисалы: *өпкөгө, көзгө, башына, моюнуна, оозуна ж.б.*

Өпкөгө *тээп өткөндө [“Кедейкан”, 22-б.]*

Карааны ***көзгө*** *илинбейт [“Кедейкан”,27-б.]*

*Анык **колго** аламын[“Эр Табылды”,162-б.]*

***Башына** сыймык кондубу? [“Эр Табылды”,172-б.]*

***Баш байгеге** сен кулду,*

Байге кылып саламын. [“Эр Табылды”, 162-б.]

***Моюнуна** чынжыр салынган. [“Кедейкан”,36-б.]*

*Аккүргүндүн **бетине** [“Жаныш Байыш”, 20-б.]*

***Эл оозуна** атагы[“Жаныш Байыш”, 17-б.]*

*Баласынын **башына** [“Жаныш Байыш”,20-б.]*

***Мойнуна** куржун салынып,*

Мазарды көрсө Жакып бай

Баркырап ыйлап жалынып: [”Манас”]

Куруган куу баш кемпирсиң.

***Кулагыңа** илбейсиң [”Манас”]*

*Айбалта **башка** шака-шак,*

*Найза **төшкө** така-так,*

***Башка** кылыч жарка-жарк.*

Карсылдашты кошулуп,

Каракан баштан жошулуп [”Манас”1-б, 113].

Эпостордон келтирилген мисалдарда барыш жөндөмөсүндө айтылган соматизмдер жөндөмөнүн багыттык маанисин билдирди.

Табыш жөндөмөсүндөгү соматизмдер. Табыш жөндөмө кыймыл-аракет тике багытталган обьектини билгизип, он алты вариантта өзгөргөн *-ны* мүчөсүнүн жардамы менен уюшулат. Эпостордон мисалдар:

***Тилиңди** албай, энеке [“Кедейкан”,35-б.]*

*Бал **тилимди** салайын [“Эр Табылды”,176-б.**]***

*Бал **тилиңди** салганда,*

*Таш да болсо эриткен, [“Эр Табылды”,173-б.**]***

*Кур бекитет **белиңди***

*Эки **көзүн** ирмебей [“Жаныш Байыш”, 49-б.]*

***Көзүн** ачып баркырап,*

Ыйлап түшкөн бул бала [“Жоодорбешим”, 17-б.]

***Тилимди** алгын барбагын [“Жаныш Байыш”,19-б.]*

*Бозортуп **көздү** талдырып**,***

*Кара **башын** өлүмгө сайып .*

Сайып чыкты бул бала [“Жоодорбешим”, 18-б.]

*Жарып жолборс **жүрөгүн,***

Алып кел деди өзүмө [«Манас»]

*Анын да алды **жүрөгүн,***

Экөөн бирдей бермекке [«Манас»]

Келтирилген мисалдардын бардыгында табыш жөндөмөнүн мүчөсү түшүрүлбөй айтылып, обьектилик маанилерди билдирип, эпостун окуясына тактыкты кошумчалап жатат.

Жатыш жөндөмөсүндөгү соматизмдер. Фольклордо жатыш жөндөмөсү кыргыз тилиндегидей эле кыймыл-аракеттин ордун, мезгилин көрсөтүп, сегиз вариантта өзгөргөн –*да* мүчөсү менен уюшулат:

***Мойнумда** сенин милдетиң [“Кедейкан2, 21-б.]*

Колумда** туруп көгөрсөң**,

*Кубатым кетип калганда [“Кедейкан”, 23-б.**]***

***Тилиңде** балың бар экен,*

Көзүңдө** каарың бар экен [“Эр Табылды”,173-б.**]

Таңдайда** сөөлүң бар экен [“Эр Табылды”,173-б**]

***Кол алдыңда** калың эл,*

*Кошомат айтып мактаса [“Жаныш Байыш”,19-б.**]***

Маңдайында** калы бар**,

Арстандай жалы бар [“Жоодорбешим”, 17-б.]

Маңдайда** жалгыз көзү бар**.

Канаты жок, колу жок, [“Жоодорбешим”, 38-б.]

*Баатыр дагы жол жүрсө**,***

*Укуругу **колунда**[“Жоодорбешим”, 41-б.]*

*Ак селдеси **башында**,*

Ак сакалдуу бир адам

Келип кирди ***кашына*** *[«Манас»,1,25-б]*

Башында *мүйүз көрүнөт*

Найзадан мурун сайгандай. СО,1-б, 101

Жатыш жөндөмөсүндө айтылган соматизмдерде кандайдыр бир орун мааниси туюндурулуп жатат. Бул маанилер менен соматизмдер эпостун текстине тактык жана кайсы бир деңгээлде образдуулук кошумчалап, эпостун окуяларына жандуулук жаратып турат.

Чыгыш жөндөмө. Чыгыш жөндөмө кыймыл-аракеттин чыккан ордун, булагын билгизип, он эки вариантта өзгөргөн -дан мүчөсү аркылуу уюшулат.

Соматизмдер окуянын, кырдаалдын же башка бир ойдун кайдан экендигин туюндурат. *Мисалы: башымдан, колуңдан, жаагынан, бутунан ж.б.*

Эчен иш өттү ***башымдан*** *[“Кедейкан”,36-б]*

Таалайың кетип ***колуңдан****[“Эр Табылды”, 174-б.]*

Жаагынан *түк чыккан,*

Жалындап ***көздөн*** *от чыккан[“Эр Табылды”,175-б.]*

Көзүнөн *жашы бурчактап [“Жаныш Байыш”, 24-б.*

Көзүнөн *жашын төктү эле.*

Эки ***беттен*** *өптү эле[“Жоодарбешим”,29-б]*

Көзүнөн *жашы төгүлүп*

Кара ***жандан*** *ал кетип*

Таз ***башынан*** *кан кетип [“Курманбек”,89-б.113]*

Өздөн чыккан жоо жаман

Өзөктөн *чыккан өрт жаман [«Манас»]*

Санаасы санга бөлүнүп,

Көзүнөн *жашы төгүлүп [«Манас»]*

Канатымдан *айрылдым,*

Карт ***бөйрөктөн*** *чамынып [«Манас»]*

Өзөктөн *чыккан дарт жаман*

Колунда туруп, билинбес,

камчыдан башка тууган жок

***Мүйүзүмөн** айрылып,*

Токол болуп келатам [«Манас»]

Куйругум жок,

Жалым жок,

Байкуш болуп келеатам [«Манас»]

***Көздөн** жашы төгүлүп,*

Бир кудайга зар айтып,

Пил баштаган нар айтып [«Манас»]

Мисалдардан көрүнүп тургандай, чыгыш жөндөмөдө айтылган соматизмдер кайсы бир окуянын, нерсенин кайдан чыкканын билдирип турат. Соматизмдер жак таандык мүчөлөрү менен да жасалат. Таандык форма кыргыз тилинин, деги эле түрк тилдерине жалпы мүнөздүү болгон өзгөчөлүк, анда зат-нерсе биринчи жак, экинчи жак же үчүнчү жакка таандык болуп айтылат. Мына ушундай грамматикалык өзгөчөлүк соматизмдерге да тиешелүү болот. Фольклордогу соматизмдер зат атооч сөздөр болуп саналат. Элдик оозеки чыгармаларда дене мүчөлөрүнүн аттары жак категориясынын бирине тиешелүү болуп айтылып, каармандардын образын ачууга, сапат-мүнөз өзгөчөлүктөрүн таамай сүрөттөөгө да таасир этет. Алар биринчи, экинчи же үчүнчү жакка таандык болуп айтылып, поэтикалык өзгөчө касиетти жаратат. Маселен, кенже эпостордо таандык мүчөлөр менен бүткөн заттар, нерселер кимдир бирөөгө таандык экендигин билдирет:

*Сай **сөөгүм** (менин)сыздайт сөккөндө*

*Жармадан **кардың** (сенин) ач кылбай [“Кедейкан”, 23-б.]*

***Жүрөгүбүз** (биздин) токтосун [“Кедейкан”,27-б.]*

кардым** (менин) ачка, каруу жок**,

*Кайрылбай өтөт **карды** (анын) ток,*

Эт жүрөгүм** (менин) кызыл чок [“Кедейкан”,39-**б.]

*Басып издээр **бутум** (менин) жок**,***

*Эки **бутум** (менин) тең шишип,*

*Аксап жаткан убагым [“Кедейкан”,39-б.**]***

***Кабыргам** (менин) жаман сөгүлдү [“Эр Табылды,173-б.]*

***Жүрөгүм** (менин) согот түрсүлдөп,*

Өпкөм** (менин) кагат бүлкүлдөп [«Эр Табылды»,181-б.**]

***Колу-бутун** (анын) байла деп,*

Кулду кармап жайла - деп [«Эр Табылды»,186-б.]

*Андан **көөнү** (анын) жайланып,*

*Атка минди Табылды [«Эр Табылды»,188-б.**]***

***Эки колу** (анын) боорунда [“Жаныш Байыш”, 68-б.]*

Көзүмдү** (менин) жыртып жол карап**,

***Жүрөгү** (анын) муз, **боору** (анын) таш [“Жоодарбешим”, 24-б.]*

Күлкүсү** (анын) күмүш үндүүдөн **,

***Акылы** (анын) тунук эстүүдөн[“Курманбек”, 51-б.].*

***Көзүм** (менин) менен көргөнмүн [«Жаныш Байыш», 20-б.]*

Акылы** (анын) тайыз бала экен [«Эр Табылды»,172-б .**]

Жүрөгү** (анын) чындап түшүптүр [“Курманбек” ,86-б.**]

Киндиги** (анын) өзү кесилүү**,

*Күмүш экен **көкүлү** (анын),*

***Камыр эти** (анын) катыптыр [“Жоодарбешим”,17-б.]*

Тамандарым** (менин) тилдирип**,

*Тилик болду **таманым** (менин) [“Жаныш Байыш”, 49-б.]*

*Акактай тунук **тиши** (анын) бар*

Айтып бүткүс иши бар,

*Күрүчтөй аппак **тиши** (анын) бар [“Курманбек”,51-б.]*

***Колу** (анын) узарган сиз менен [“Кедейкан”,41-б.] ж.б.*

*Уйкуга **көзү** (анын) барыптыр,*

Уюп уктап калыптыр.

***Чыканагы** (анын) талыптыр,*

Чырым уйку алыптыр.

Ошентип, изилдөөдөн анык болгондой, кенже эпостордон атооч жөндөмө, чыгыш жөндөмө жана жак таандык формасында жасалган соматизмдер көбүрөөк кездешет. Эпостордо адамдын дене мүчө аталыштарына байланыштуу соматизмдерди баяндалып жаткан каармандарга таандык кылып айтуу ыкмасы жөндөмөлөр жана таандык формалар аркылуу ишке ашырылып, алардын колдонулушу эпостун тилине угумдуулукту, поэтикалык өң-түстү кошумчалап, турмуштун ар кыл көрүнүштөрүн адам келбетине салыштыруу аркылуу образдуулукту жарата алат. Фольклордо соматизмдердин стилистика-функционалдык касиети лексика-грамматикалык маанилер жана грамматикалык категориялар аркылуу ишке ашат.

3.7. Соматизмдердеги тыбыштык ээрчишүүлөр

Түрк тилинде да, кыргыз тилинде да сөздөгү үндүү тыбыштар үндөшүү мыйзамына өзгөчө баш ийип, бир сөз ичиндеги тыбыштардын бири-бирине окшошуп айтылат. Профессор К.Т.Токтоналиев: «Сингармонизм жалаң эле тыбыштардын үндөшүүсү болбостон, сөздөрдүн айтылышынын чынжырчасы катары кызмат кылат» деп белгилейт. Тыбыштык ээрчишүүлөрдү кыргыз тилинде алгачкы жолу К.Тыныстанов белгилесе, андан кийин Т.Ахматов, К.Дыйканов, Г.Алымова, Ж.Сыдыков, Т.Садыков ж.б. эмгектеринде өнүктүрүлгөн.

Кадимки сөздөрдөгү үндүү тыбыштардын эрин күүсү боюнча үндөшүп айтылышы кыргыз фольклорунда да сакталуу менен, анын тутумундагы сөздөрдүн өз ара туруктуу айкалышы пайда болот. Сөздүн бардык муунунда жалаң эринсиз, же эринчил үндүүлөрдүн эрин күүсү боюнча үндөшүүсү орун алат. Болбосо, жалаң жоон үндүүлөр же жалаң ичке үндүүлөр эрчишип келип, таңдай күүсүн жаратат. Профессор Т.Садыков кыргыз тилиндеги үндөшүүнү көмөкөй күүсү, таңдай күүсү жана эрин күүсү деп үч түргө ажыратып талдаган [Садыков, 2005,50]. Бирок биз ишибизде үндөшүүнүн теориялык маселелерине таянып, кыргыз фольклорундагы соматизм сөздөрдүн мисалында үндүүлөрдүн үндөшүүсүнө гана токтолобуз.

Кыргыз фольклорундагы үндүүлөрдүн үндөшүп келүүсү:

Манас баатырдын келбетиндеги дене мүчө аталыштарындагы үндүү тыбыштардын үндөшүүсү:

Жалаяк ооз, жар **кабак, (а-а)**

Арстандай түстөнгөн,

Айбатына карап бак,

Эрди калың, **көзү** үңкүр, **(э-и, ө-ү)**

Эр **мүнөзү** көрүнөт, (**ү-ө-ү)**

Кең **көкүрөк**, жайык **төш** (**ө-ү-ө)**

Жылма **кабак**, жылдыз **көз, (а-а, ө)**

Айбаты катуу, заар **жүз, (ү)**

Ажыдаардай анда түс,

Жолборс **моюн**, жоон **билек, (о-у, и-е)**

Жооруну калың, таш **жүрөк, (оо-у-у, ү-ө)**

Жылма **маңдай,** жылдыз **көз (а-а, ө)** (СО,2,148) ж.б.

«Манас» эпосунда адамдын дене мүчөсүндөгү үндүү тыбыштардын үндөштүгү туруктуу сакталат. Себеби алар кыргыз тилинин төл сөздөрү. Мисалы, Санирабиганы (Каныкей) бай Жакып келип көргөндөгү анын бой-мүчөсүнүн, сырткы келбетинин сүрөттөлүшүн алып көрөлү:

Он алты жарым жашы бар,

Олоңдой кара **чачы** бар, **(а-ы)**

Сары алтындай түймөдөй,

Келишкен **кара кашы** бар **(а-а, а-ы)**

Боростой кийим кийинип**,**

Ботодой **бели** ийилип**, (е-и)**

Чийдей **кашы** чийилип**, (а-ы)**

Жазык **маңдай**, кара **көз, (а-а, ө)**

Жатык **тилдүү**, ширин сөз**, (и-үү, ө)**

Аркасы кайкы, аркар **төш**, **(а-а-ы, ө)**

Ай чырайлуу, **бото көз, (о-о, ө)**

Кызыл **жүзү** нурданган**, (ү-ү)**

Кыпча **бели** буралган **(е-и**) (СО,2,354).

Көрүнүп тургандай, эпостордун ыр саптарында жоон үндүүлөр, же ичке үндүүлөр дээрлик үндөшүп келет, эринсиз ичке үндүү тыбыштар да туруктуу үндөшөт. Эпостордун ыр саптарындагы соматизмдердеги үндүү тыбыштарда негизинен таңдай жана эрин күүсү боюнча үндөшүү толук сакталат:

Кыз Сайкалдын келбети:

Акак **тиштүү,** кыйгач **каш, (и-үү, а-ы)**

Жазык **маңдай,** түймө **баш, (а- а, а)**

Ак-кызылы бөлүнгөн**,**

Айнектей **көзү** көрүнгөн**, (ө-ү)**

Нурдуу кызыл **бети** бар**, (е-и)**

Ууздан аппак **эти** бар**, (э-и)**

Короз **моюн**, кобул **кол, (о-у, о)**

Атанын сонун сулуу бол! (СО,2,47-б).

Айчүрөктүн келбети

Өрдөктөй **мойну** көрүнгөн, **(о-у-у)**

Өрмөктөй **чачы** төгүлгөн **(а-ы)**

Ак куудай **мойну** көрүнгөн, **(о-у)**

Ак маржан **чачы** төгүлгөн **(а-ы)**

Жумшап **колу** булумдай **(о-у)**

Ар **сымбаты** кулундай **(ы-а-ы)**

Баскан **изи** угулбай, **(и-и)**

Сулуулугу турумтай

Көзүндө мөөрү бар, **(ө-ү-ө)**

Тилинде сөөлү бар. **(и-и-е, өө-ү)**

Кеби эки болбогон, [155, “Сейтек”,13-б].

Бакайдын келбети сүрөттөлгөн эпизоддон мисал:

Бул дүйнөдө **көзү** ачык, **(**у, ү-ө-ө, **ө-ү,** а-ы)

Оо дүйнөдө сөзү ачык. (оо, ү-ө-ө,ө-ү, а-ы)

Сөзгө чечен **тил** жатык, (ө-ө, е-е, **и,** а-ы)

Басыгы кымбат, сөзү алтын (а-ы-ы, **ы-а**, ө-ү, а-ы)

Батасы кымбат өзү алтын (а-а-ы, ы-а, ө-ү, а-ы)

Кымбатым Бакай баратат [155, “Сейтек”, 328-б.] (ы-а-ы, а-а, а-а-а).

Мында сөздүн бардык муунунда же жалаң жоон, же ичке үндүүлөрдүн (и-үү, ө-ү, е-и, и-и, ө-ү-ө, и-и-е, өө-ү, ө-ү, и) , же эринчил, же эринсиз үндүүлөрдүн (ө-ү, о-у, ө-ү-ө, өө-ү; а-ы, а-а, ы-а-ы, и-и, а-ы-ы) колдонулганын көрдүк. Демек, кыргыз фольклордук чыгармаларынын тилинде үндүү тыбыштардын таңдай күүсү жана эрин күүсү боюнча үндөшүүсү күчтүү сакталган.

Тилдеги тыбыштык ээрчишүүлөрдүн өзгөчө бир поэтикалык көрүнүшү *ассонанс* кубулушу болуп саналат. Бул көркөм чыгармада, же фольклордо сөз башындагы бир, же бир нече үндүү тыбыштардын вертикалдык, же горизонталдык абалда кайталанып айтылышы менен туюндурулган поэтикалык кептин ыкмасы. Поэзияда, дидактикалык чыгармаларда чыгарманын көркөмдүк сапатын жогорулатууда колдонулган *ассонанстык* көрүнүш кыргыз эпосторундагы дене бөлүктөрү катышкан лексикалык бирдиктерге да мүнөздүү. Мисалы:

***Ай** далысын карасаң, **а**лтымыш алптын күчү бар (а),*

***а**йбаты катуу заар жүз, **а**жыдаардай анда түс (а),*

***а**л муруту сеңирдей, **а**йбаты **а**лбарс темирдей (а),*

***а**р мүнөзүн караса, **а**жыдаар болсо туткундай (а),*

***а**лгыр көзү чолпондой, **а**й кулагы калкандай (а),*

***а**йбаты **а**рстан жолборстой, **а**лышкан **а**ман болбостой (а),*

***а**дамдын күчү жетпеген, **а**рстандын тиши өтпөгөн (а)*

***а**зуу тиши бир карыш, **а**лкымы бар бир кучак (а),*

***а**зууларын караса, **а**лбарс болот, курч бычак (а),*

***ө**ңү бышкан **ө**пкөдөй (ө) ж.б. (Манас)*

Көркөм сөздүн, айрыкча поэзиянын көркөмдүгүн арттырып, чыгарманын уккулуктуулугун камсыз кылган тыбыштык ээрчишүүнүн дагы

бир поэтикалык көрүнүшү - компоненттердин башында бирдей үнсүз тыбыштардын ыргактуу кайталанып келиши аркылуу уюшулган *аллитерация* кубулушу болуп саналат. Мындай тыбыштык өзгөчөлүк кыргыз эпосторунда да кездешип, алардын көркөмдүгүн арттырып турат:

***К**очкор тумшук, **к**ош кирпик,**к**өркү **к**алча **к**өзү тик (к),*

***ж**олборс моюн, **ж**оон билек, **ж**ооруну калың, таш **ж**үрөк (ж),*

***ж**ылма маңдай, **ж**ылдыз көз (ж),*

***к**айраты ашык **к**аар сөз (к),*

***м**уруну тоонун кырдачтай, **м**уруту чөлдүн камыштай (м),*

***к**өзү **к**өлдүн буткулдай, **к**аарданып **к**араса, **к**өрүнгөндү жуткудай (к),*

***ж**аагы **ж**азы, кыр мурун, **ж**ан адамга билдирбес (ж),*

***б**илеги жоон, таш жүрөк, **б**ил мүчөлүү **б**адирек (б),*

***с**ыны **С**ыргак, өзү эр, **с**ынын билген айткан эл (с),*

***д**улдугуй беттүү, өңү саз, **д**ушмандын зору **д**инге кас (д),*

***к**олун **к**ойдой айдаган, Алооке деген зор **к**өрдүм (к),*

***б**илектерин караса, **б**ир казан **б**атчу челектей (б) ж.б(Манас).*

Бирдей башталыш, же окшош тыбыштардын, сөздөрдүн, же сөз айкаштарынын синтаксистик параллель кайрыктардын ыр саптарынын башында кайталанып айтылуу кубулушу анафора деп аталат [139, 220-б.]. Көркөм чыгарманын тилине мүнөздүү болгон мындай көрүнүштү эпостордогу адамдын дене бөлүктөрүнүн аталыштары катышкан саптардан да көрүүгө болот:

***Эрди** калың**, көзү** үңкүр, **эр** мүнөзү көрүнөт, (эр-эр),*

***бир көзүнөн** кан, **бир көзүнөн** жаш агуу (бир көзүнөн-бир көзүнөн),*

***тоону** көрсө бир салган, **тоону** Кошой тоздуруп (тоону-тоону),*

***Чубакең** качпай турган эренден,*

***Чубакең** чоочубаган беренден (Чубакең-Чубакең),*

***бир аягы** көктө, **бир аягы** жерде (бир аягы-бир аягы) ж.б. (Манас).*

Бул мисалдардан көрүнүп тургандай, бирдей тыбыштар, муундар, сөздөр, сөз айкаштары менен башталып айтылышында тыбыштык ээрчишүүлөр

сакталып, эпостордогу ыр саптарынын шыдыр айтылышын камсыз кылып, поэтикалык көркөмдүктү жаратты.

Ал эми бирдей аякталыш, бир же бир нече сөздүн синтаксистик параллель кайрыктардын ыр саптарынын аягында кайталанып айтылышы эпифора деп аталат [139. 431-б.]. Негизинен көркөм чыгарманын тилине мүнөздүү болгон мындай көрүнүштү фольклордогу соматизмдер катышкан лексикалык бирдиктерден да жолуктурууга болот:

көркү *калча,* ***көзү тик,*** *көбүнө айтса сөзү* ***тик;***

бул дүйнөдө ***көзү ачык,*** *оо дүйнөдө* ***сөзү ачык;***

басыгы кымбат, сөзү ***алтын,*** *батасы кымбат өзү* ***алтын;***

мындай эрдик ким ***кылган;***

бурулуп мурут тик ***чыгат,*** *жаагын жарып түк* ***чыгат;***

арстан ***тиши өтпөгөн,*** *атса мылтык* ***өтпөгөн;***

жагжайыңкы ***төшү бар,*** *так чыныдай* ***көзү бар*** *ж.б. (Манас)*

Эпостогу эпифора кубулушу аркылуу компоненттери бирдей болуп айтылган тыбыштар, сөздөр, же сөз айкаштары менен аякталып жаткан учурда да тыбыштык ээрчишүүлөр орун алары байкалат.

Эпостордо, макал-ылакаптарда, табышмактарда жана көркөм адабиятта, өзгөчө поэзияда ойду образдуу, таасирдүү кылып көрсөткөн антитеза [139, 115-б.] кубулушу дагы соматизмдик бирдиктерде кездешет. Бул учурда айтылуучу ойдун, кайсы бир заттардын, кубулуштардын бири-бирине карама-каршы коюлуп айтылышы сүрөттөлүп, ошол ыр саптарында да эрин күүсү, таңдай күүсү сакталып айтылат:

Асман *менен* ***жериңдин,***

тирөөсүнөн бүткөндөй,

айың *менен* ***күнүңдүн,***

бир өзүнөн бүткөндөй,

алтын *менен* ***күмүштүн,***

ширөөсүнөн бүткөндөй,

бул дүйнөдө көзү *ачык,*

оо дүйнөдө *сөзү ачык,*

өйдөдө *өбөк,*

ылдыйда *жөлөк ж.б. (Манас)*

Демек, фольклордогу соматизмдердин курамындагы тыбыштык ээрчишүүлөр оозеки чыгармалардын дидактикалык түрлөрүнө жакын болгон белгилерди туюндуруп турат. Элдик оозеки чыгармаларда соматизмдер жана алар менен уюшулган сөз айкаштары бардык учурда поэтикалык ассонанс, аллитерация, анафора ж.б. көркөм каражат катары колдонулганда да үндөштүк мыйзамына толук баш ийип айтылат.

3.8. Соматизмдердин морфологиялык жол менен жасалышы

Кыргыз тилинде соматизм сөздөр сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы менен да, сөз жасоонун синтаксистик ыкмасы менен да жасалат. Кыргыз тилинде сөздөрдүн жасалышында морфологиялык ыкманын ролу чоң. Бул ыкма айрыкча түрк тилдери үчүн, анын ичинде кыргыз тили үчүн өзгөчө мүнөздүү. Академик Б.М.Юнусалиев “Киргизская лексикалогия” аттуу эмгегинде: кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн түзүлүшүн, тарыхын изилдеп, алардын пайда болушун жасалышы менен бирге карап тарыхий планда иликтөө жүргүзгөн. Сөз жасоонун морфологиялык ыкмасы боюнча уңгуларга мүчөлөрдүн жалганышынан сөздөрдүн жасалышы, убакыттын өтүшү менен бирото эле биригип, уңгунун тарыхый өнүгүш процессин чагылдырганын айткан: “если бы первообразные корни – слова называемые часто в лингвистической литературе “корневыми морфемами”, не изменялись и не развивались благодаря взаимосвязи и взаимодействию с грамматикой. Мы имели бы одна лишь корни – слова, порою многозначные, типа *са*- саноо-считать, *ба*-байлоо-связывать, *о*- ойлонуу-думать” [180, 12-б.].

Сөз жасоо эки мааниде колдонулат. 1. Тилдеги атайы каражаттар аркылуу жаңы сөздөрдүн жасалышынын белгилүү мыйзам тартиби, эрежелери, жолдору; 2. Жаңы сөздөрдүн пайда болушу тууралуу илим. Сөз жасоо мааниси

бир же бир нече туунду сөздү өз ичине камтып, алардын бардыгына бирдей таралат [2, 34 -35-б.].

Морфологиялык ыкма менен сөздөрдүн түзүлүшүндө сөз жасоочу куранды мүчөлөрдүн уңгуга же сөздүн негизине уланып жаңы лексикалык маанилердин жаралышын түшүнөбүз. Б.Ө.Орузбаева кыргыз тилинде морфологиялык жол менен сөз жасоо каражаттарын, куранды мүчөлөрдү алардын канчалык даражада көп сөздөрдү жасай ала турган мүмкүнчүлүктөрүнө карап үчкө бөлүп караган:

“1. Сөз жасоочу өнүмдүү куранды мүчөлөр.

2. Сөз жасоочу аз өнүмдүү куранды мүчөлөр.

3. Сөз жасоочу өнүмсүз куранды мүчөлөр” [153, 146-183-б.].

Кыргыз фольклорундагы адамдын дене бөлүктөрүн билдирген сөздөр куранды мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалгандары бир топ арбын: ба-**ш**, ти-**ш**, тө-**ш**, ка-**ш**. «Манас» эпосундагы адамдын дене бөлүгү катышкан **–ш** мүчөсү менен жасалган бир муундуу соматизмдер компоненти: *Түймө ба**ш**, томуктай болгон курган ба**ш**; челектей ба**ш**, ба**ш**ы кууш, жолум үйдөй ба**ш**, деңгенедей, дүңкүйгөн кара ба**ш**; кыйылган ка**ш**, кара ка**ш**, чийдей ка**ш**ы, кыйгач ка**ш**, түйүлгөн жаман ка**ш**ы, көк тикендей ка**ш**ы, ай түстүү ка**ш**; инжи ти**ш**түү, акак ти**ш**түү, араадай ти**ш**, кашка ти**ш**, башка ти**ш**, азуу ти**ш**, акыл ти**ш**, сүт ти**ш**; жайык тө**ш**, жолборс тө**ш** ж.б.*

Кыргыз тилинде *-ыш* курандысынын бир канча функционалдык маанилери бар. Куранды мүчө катары зат атоочту жасап, ошол көрүнүштү, ошол мааниси менен ал этиштин өзгөчө формасы кыймыл атоочту уюштурган -ыш мүчөсү менен тыгыз байланышта. Ошону менен бирге этиш сөздөрдүн кош мамилесин уюштурган *-ыш* мүчөсү да бар. Анда кыймыл-аракеттин биргелешип аткарылышы, жардамдашуу маанилери эң негизги болуп кызмат кылат. Бул боюнча академик Б.Ө.Орузбаева «Сөз курамы» эмгегинде кыргыз тилиндеги куранды мүчөлөр тууралуу -ыш курандысынын грамматикалык функциясы жана этиштерди жасоодогу курандылык касиети тууралуу мындай дейт: “-ыш курандысынын жардамы менен жасалган сөздөр сөз тизмегинде

алган ордуна жараша затташып да башка сөз түркүмүнө өтүп, кыймыл аракеттин атын туюнтушу белгилүү. Мүчөнүн бул саналган касиеттери аны бир жагынан грамматикалык функциясы кеңейген, форма жаратуучу мамиле этиштери менен бирге затташкан этиштерди жасаганда сөз жасоочу куранды экендигин күбөлөйт” [154, 289-б.]. Ар бир жаңыдан жасалган сөздөрдүн мааниси өздөрүнүн тутумундагы морфемалардын мааниси менен байланышып турат.

-н,-ын,-ин курандысы аркылуу жасалган соматизмдер. Салыштырма-тарыхый изилдөөлөрдө *-н* мүчөсү байыркы түрк тилдеринде сөз жасоочу мүчө катары көрсөтүлөт. «Манас» эпосунда да адамдын дене бөлүктөрүн билдирген сөздөрдө *-н* курандысы менен жасалган сөздөр өтө арбын. Алсак, *мур-**ун**, эр-**ин**, жүл-**үн**, муу-**н**, кар-**ын**, мо-**юн**, мөө-**н** ж.б. Эки муундуу соматизмдер компоненти: кобуш мур**ун**, кыр мур**ун**, кобул мур**ун**, бузулган тоонун сеңирдей мур**ун**; укурук моюн, тоң моюн, турна моюн, жолборс моюн, каздай моюну, бука белиндей моюн, короз моюн, өрдөк моюн ж.б.*

Р.Бейбутованын [41, 102-б.] изилдөөсүндө түрк тилдериндеги *-н* мүчөсүнүн табияты тууралуу кайчы пикирлер айтылган: «Следует отметить, что природа аффикса *-н* в тюркских языках пока не ясна. А.Н.Кононов считал, что -(е)н аффикс собирательности и коллективности (Кононов). Другие считают *-н* аффикс уменьшительности (Банг), а также аффикс мн. числа (Брок)». Маселен, бул –н мүчөсү уланган *моюн* деген “сөздүн архетибин Э.Севортян *бо:н* формасында болгонун, *бой* “рост” маанисин туюнткан морфемага *–(а)н* деген кичирейтүүчү аффикс улануу аркылуу пайда болгонун жана анын *моюн* варианты кийинчерээк өнүгүп чыкканын белгилейт. Ал эми Н.Поппе, тескерисинче, *моюн* формасынан *боюн* келип чыкканын айтат. Демек, адамдын бою менен анын моюну вертикалдык абалы боюнча бири-бирине окшош болгондуктан, анын кичирээк формасын билгизүү үчүн *бой* уңгусуна –*ын* мүчөсү уланган сыяктуу” [90, 191-192-б.].

Жетип Сыргак береңи

Моюнга чаап өттү эле. (“СК, 1123).

Көрүнүп тургандай, бул пикирдеги *-н* мүчөсүнүн түрк тилдеринде берген маанилери түрдүү экендигин байкоого болот.

-н мүчөсү менен жасалган соматизмдер: ийин, желин, мурун ж.б.

-т мүчөсү менен жасалган дене бөлүктөрү: бе-**т**, е-**т**, ө-**т**, ча-**т** .

Бир муундуу **–з** мүчөсү менен жасалган соматизмдер: кө-**з**, жү**–з**, ти**з**е, бе-**з ж.б.**

-л мүчөсү менен бир муундуу дене бөлүктөрү: ти-**л**, бе-**л**, ко-**л**

-к мүчөсү менен жасалган дене бөлүктөрү жаа-**к,** ээ-**к ж.б.**

–ак,-ык,-ик,-ук,-өк мүчөсү менен жасалган эки муундуу соматизмдер: кул-**ак**, каб-**ак**, там-**ак**, кирп-**ик**, бил-**ек**, тырма-**к**, кол-т**ук**, жүр-**өк**, ич-**ек**, куйр-**ук**, жил-**ик**, том-**ук**, сөө-**к**, бөйр-**өк**, шыйр-**ак**, курс- **ак ж.б.** Мындагы *–ак,-ык* ж.б. мүчөсүнүн ар түрдүүлүктөрү генетикалык жактан бири-биринен ажырагыс байланышта экендигин байыркы уңгуларга жалганганын белгиленген [168, 213-259-б.]. Азыркы учурда бул сөздөр уңгу болуп элге сиңип кеткен: бет, эт, өт ж.б.

Ушундай эле негизде кыргыз тилиндеги соматизмдер жасалганын болжолдоого болот. Маселен, “Манас” эпосундагы *арка* соматизмин алып көрөлү: *арка* сөзү байыркы түрк тилинде да *арка* “спина” деп айтылса, уйгур тилинде *а (р) ка* “спина”, “зад”, монгол тилинде *ар*, калмак тилинде *ару* “зад”, “спина”, “тыл”, “задняя сторона горы”, “северная сторона”, “север” ж.б. болуп айтылат. Ушул *ар-* морфемасын Э.Севортян менен Г.Вамбери дагы этиштик-атоочтук уңгу катарында эсептешкен. Демек, бул сөздүн архетиби *ар+ка* формасында пайда болгонун көрөбүз:

Кол токмоктой кара чач

Аркасында селпилдеп,

Чуу туруп кытай күүлөнүп, (“Манас”, СК, 359-360-беттер).

Эпостордогу *баш, бет, кол, бой, көз, каш, кулак, чач, маңдай, тиш,* ж.б.у.с. соматизмдер сүрөттөлүп жаткан каармандардын портретиндеги дене мүчөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, баяндалып жаткан каарманга, же ал катышкан окуяга кошумча түс, боёк тартуулоочу мындай касиет компоненти

атоочтук *–ган, -ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн, -дай* мүчөлөрү аркылуу жасалуучу сөздөр менен айкашып айтылуунун натыйжасында жетишилет. Алар көбүнесе ыр саптарынын уйкаштыгын, ритмин сактоого да багындырылган:

Маңдай *тиши күрөктөй,*

Каныш менен Курманбек

Семетей менен *Чүрөктөй* (“Курманбек”, инв.780,14-бет).

Атың болуп *ыргайдай,*

Бетиң болуп *торгойдой*

Мунеткен жаңый көрүнөт (“Төштүк”, инв.233, 122-бет).

Ушундай эле максаттарда *-ып, -са, -бай, -ганы, -гыча* мүчөлөрү аркылуу жасалган сөздөр соматизмдерге салыштырылып колдонулат:

Белим кеткен *бөкчөйүп*,

Көзүм калган *чакчайып*,

Көөдөнүм калган *кирилдеп*,

Агарып *сакал биринде*п,

Жаак-башым шылдырап,

Шекердей таттуу сөз качып,

Тил билинбей *балдырап,* (“Эр Төштүк”, китеп, 338-339).

Кулак угуп, *көз* көргөн

Жерге чейин *жүрбөсөм* (Төштүк”, инв.223, 58-бет).

Кабылан Жаңыл ошондо

Бетинен заары *чыкканы* (“Жаңыл”, инв. 1447, 10).

Ал эми бул учурда зат атоочтон сын атоочторду жасоочу ***-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу, -түү*** мүчөлөрү менен жасалган соматизмдер колдонулуп, катыштык **с**ын атооч катары эпостогу каармандардын сырткы келбетин так сүрөттөөчү касиетке ээ болду. Мисалдардан *бет, каш, көз, чач, кирпик ж.б.* соматизмдердин түрдүү физиологиялык касиеттери көрсөтүлүп, эпостогу ыр саптарынын көркөмдүк касиетин арттыра алды Мисалы: *жаш**туу** көз, кызыл түс**түү** чач, какач**туу** чач, кат**уу** чач, кирпик**түү** көз ж.б.*

Демек, фольклордо кездешкен соматизмдердин морфологиялык жол аркылуу жасалышы боюнча кыргыз тилиндеги соматикалык лексиканын басымдуу бөлүгүнүн теги байыркы мезгилдерге мүнөздүү экенин байкайбыз.

3.9. Соматизмдердин синтаксистик жол менен жасалышы

“Эки же андан көп сөздөрдү, сөз айкаштарын же алардын белгилүү бөлүктөрүн бир бүтүндүккө айландыруу аркылуу жаңы сөздөрдү жасоо жолу сөз жасоонун синтаксистик жол деп аталат. Татаал сөздөр жана сөз айкаштары бирдей спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ жана алар ажырагыс биримдикти түзүшөт, ошол эле учурда алардын татаал сөздөрдү морфологияга, ал эми сөз айкашын синтаксиске кошо турган чоң айырмачылыктары бар. Булардын өз ара байланышы жана биримдиги болуп экөөнүн тең жасалуу негизинде камтылган бир эле грамматикалык каражаттын колдонулгандыгы эсептелет” [68, 142-146-б.]. Татаал сөздөр номинациялык функция аткарса, сөз айкаштары коммуникативдик функция аткарат [153, 186-б.].

Татаал сөздөрдүн туруктуулугу жана алардын өтмө мааниде колдонулушу кээде компоненттеринин айрым айкаштарынан улам болот жана тигил же бул компонентинин формасынын бир аз эле өзгөрүүсү сөздүн туруктуулугунун бузулушуна жана өтмө маанинин жоголушуна алып келет. Мисалы: *эки көзү төрт болуу* «чыдамсыздык менен күтүү» маанисиндеги сөздү алсак, компонентинин бирөөсүнүн эле ордун алмаштырсак өзүнүн өтмө маанисин да, соматизм аркылуу уюшулган фразеологизмдик маанисин да жоготот.

Өзүнүн лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча сөз айкаштардын компоненти сөз түркүмдөрүнүн кайсынысына болбосун тиешелүү боло алат. Биз эпостогу адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөз айкаштарына токтолобуз.

Түгөйлөрү **сын атооч+зат атооч** болгон соматикалык сөз айкаштары**:** *кең* + ***көкүрөк****, жайык* + ***төш****, жылма* + ***кабак****, жылдыз* + ***көз****, ажыдаар* + ***жүрөк,*** *ак жолборстой* + ***билек,*** *дулдугуй* + ***бет,*** *жүлжүгүй* + ***көз****, тик* +

***кабак**, ботодой + **бели,** чийдей + **кашы,** жазык + **маңдай,** кара + **көз**, кызыл **жүз,** кыпча + **бел,** чоң казандай + **башы**, тунук + **көз** ж.б.*

Түгөйлөрү **зат атооч+зат атооч** болгон соматикалык сөз айкаштары: *кочкор+**тумшук,** жалаяк+**ооз**, жар+**кабак,** жолборс+**моюн**, таш+**жүрөк,** бөрү+**көз**, короз+**моюн,** босого+**маңдай,** **боору**+таш, түймө+**баш**, жылдыз+**көз**, бото+**көз, көз**ү+үңкүр, карагат+**көз, карын**+чач, укурук+**моюн,** турна+**моюн,** короз+ **моюн**, өрдөк+**моюн,** дөң+**маңдай** ж.б.*

Түгөйлөрү зат **атооч+этиш** болгон соматикалык сөз айкаштары: ***бети**+бар, **чачы** бар, **моюну**+жар бербөө, **моюн**+толгоо, **моюн**га+алуу, **моюн**+сунуу, **мойнун**а+минүү, **моюн**+бербөө, **бетин**+ачуу, **беттен**+алуу, **бетке**+айтуу, **ооз**+көптүрүү, **оозу**+бош, **оо**здон+түшүрбөө, **оо**зго+алынуу, **кол**го+салуу, **кол**унан+келүү, **кол**+жууп калуу, **кол**+үзүү, **кол+**байлоо, **кол**дон+чыгаруу, **кол**+кесер, **кол**+тийүү* ж.б.

Түгөйлөрү **зат атооч+сын атооч** болгон соматикалык сөз айкаштары: ***башы**+кууш, **эрди**+калын, **көзү**+үңкүр, **мурду**+кырдач, **көзү**+буткулдай, акак+**тиш**түү, **мурут**у+сеңирдей, **тиштери**+араадай, **кирпиги**+узун, **таманы**+төөдөй ж.б.*

Сөз айкаштары түзүлүшү боюнча эки же андан көп сөздөн турат. Грамматикалык жагынан эки же андан көп сөздөрдөн куралгандыктан алар синтаксистик жактан бири-бири менен байланышып турат. Жогоруда караган фольклордогу соматизмдердин лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча алардын компоненттери бардык сөз түркүмдөрүнө таандык болору аныкталган. Ал эми алардын синтаксистик байланыштар ыкташуу байланышы, таандык байланыш башкаруу байланышы, ээрчишүү байланышы боюнча уюштурулушу эпостун текстинен алынган мисалдар менен берилди.

“Сүйлөм ичиндеги сөздөр грамматикалык жагынан өз ара багыныңкы байланышта жана тең байланышта болушат. Багыныңкы байланыштагы сөздөр синтаксистик байланыштын төрт түрүнүн (ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш, ээрчишүү) бири-бири менен байланышат да, ал өз ара тутумдашкан сөздөрдүн бири экинчисине мааниси жана грамматикалык жактан багынып,

аны ар түрдүү белгилери боюнча айкындап турат” [Азыркы кыргыз адабий тили, 2009: 531]. Ал эми тең байланыштагы сөздөрдүн тизмеги грамматикалык мааниси жактан бирдей укуктагы сөздөр өз ара тутумдашып айтылып, семантикалык-грамматикалык жактан бир бүтүндүктү билдире албайт. Мисалы: ***Жаңгел, токой, чери*** *деп* [“Манас”, СО,1,243] деген “Манас” эпосундагы *жаңгел, токой, чер* деген синонимдик сөздөр грамматикалык жактан бирдей укукта, биринин артынан экинчиси улаша айтылып, маанилик жактан окшош сөздөр тутумдаша тең байланышта байланышты. Фольклордук чыгармалардын көбү ыр формасында болгондуктан, бул сыяктуу тең байланыштагы сөздөр багыныңкы сөз айкаштарына салыштырмалуу аз кездешет. Көбүнчө тирада түрүндө айтылган ыр саптарында учурайт.

Кыргыз тилинде ээрчишүү байланышы менен негизинен сүйлөмдүн баш мүчөлөрү байланышса (баяндооч ээге баш ийип, аны сан, жак, түр боюнча ээрчийт), ыкташуу, башкаруу, таандык байланыштары аркылуу сөз айкаштарынын түгөйлөрү бири-бири менен байланышат. Элдик оозеки чыгармалардагы, айрыкча эпостордогу соматизмдердин байланышып уюшулушунда кыргыз тилиндеги мына ушундай синтаксистик байланыштын түрлөрү жолугат.

Ыкташуу байланышы менен жасалган соматизмдер. Сөз айкашынын тутумундагы баш ийүү абалында турган сөз башкаруучу сөз менен маанилик орун тартиби боюнча ырааттуу түрдө ыкташа байланышып айтылса, ыкташуу байланышы дейбиз. Ыкташуу жолу боюнча байланышкан сөздөрдүн багынычтуу түгөйү ар башка сөз түркүмдөрүнөн, ал эми алардын багындыруучу түгөйү негизинен зат атооч, этиш сейрегирээк, сын атооч сөздөрдөн болот. Эпостордо сөз айкаштарынын басымдуу бөлүгү ушул ык менен уюшулат. Мисалы, *түймө баш, томуктай баш, дүңкүйгөн баш, ичке каш, кара каш, кыйма каш, чийдей каш, тик көз, жылдыз көз, шоролуу көз, карагаттай көз, өрттөй көз, торгой көз, ботодой көз, бөрү көз, каухар көз, турна моюн, жолборс моюн, өрдөк моюн, короз моюн, жалаяк ооз, бөрү кулак, узун кулак ж.б.*

Кең ***көкүрөк****, жайык* ***төш,***

Жылма ***кабак****, жылдыз* ***көз,***

Айбаты катуу, заары күч,

Ажыдаардай анда түс,

Жолборс ***моюн,*** *жоон* ***билек****,*

Жоруну калың, таш ***жүрөк*** [СО, 2,148].

Мындагы багындыруучу өзөгү зат атоочтордон, анын ыкташа байланышкан багыныңкы түгөйлөрү сын атоочтордон туруп, *кең, жайык, жылма, жылдыз, жолборс, жоон, таш* сыяктуу багыныңкы түгөйлөрү багындыруучу *көкүрөк, төш, кабак, көз, моюн, билек, жүрөк* түгөйлөрү менен семантикалык-маанилик жактан байланышта келди. Эгерде мындай маанилик катыш болбосо, эпитеттик сөз айкаштары түзүлбөй калмак.

Таандык байланыш. Илик жөндөмөсүндө турган багыныңкы сөз менен таандык мүчөнүн бирин кабыл алып турган багындыруучу сөздүн өз ара байланыш-катышы таандык байланыш болуп саналат. Башкача айтканда, сөз айкаштары аркылуу таандык маани туюндурулса таандык байланышты билгизет. Бул учурда биринчи багыныңкы түгөйү илик жөндөмөдөгү сөз болсо, экинчи багындыруучу түгөйүнө таандык мүчө уланып, маанилик жактан бир затты экинчи бирөөгө таандык экендигин билгизип турат. Эпостордо сөз айкаштарынын мындай байланышуу учурлары да орун алат:

Эки ***көздүн*** *чуңкуру,*

Казып койгон ороодой [132,1981,130].

Көзүнүн *жашы селдеди,*

Көздүн *кырын салыңыз* [112,1970,27].

Жолоюнун ***шилиси***

Айбалта менен чор кылып, (СО, 3-том, 1981, 296).

Эки ***буттун*** *бири жок*

Чолок келди кай бирөө ж.б.

Жогорудагы ыр саптарында *көздүн чуңкуру, көзүнүн жашы, жолоюнун шилиси, эки буттун бири* деген сөз айкаштары таандык байланыш менен байланышып турат. Байланыштын бул түрү менен уюшулган соматизмдер элдик оозеки чыгармаларда арбын учурайт.

Башкаруу байланышы. Сүйлөм тутумундагы, же сөз айкашындагы башкарылуучу сөздүн иликтен башка кыйыр жөндөмөлөрдүн биринде туруп, башкаруучу сөз менен байланышы башкаруу байланышы болуп саналат. Сөз айкашынын багындыруучу түгөйү өзүнүн алдындагы компонентти барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдүн биринде келтирип байланышат. Мында багыныңкы түгөйү зат атооч, же этиш сөздөр болот. Мисалы: *башына чыгуу, колдон узоо ж.б.* Сөз айкаштарындагы мындай башкаруу байланышы элдик оозеки чыгармаларда кеңири орун алат:

Колдоруна *карасаң,*

Көп токтолгон чынардай [133,311-б.].

Күмүш экен көкүлү,

Маңдайында *калы бар* [133,17-б.].

Көзүнөн *жалын шыркырап,*

Оозунан *оту бүркүлөт (ДСС,254-б.)*

Моюнумду бургамын,

Айдаркан уулу Көкчөнү (“Манас”, СК, 182-бет).

Мына ушул өңдүү ***көзгө*** *чалдыгуу,* ***мурутунан*** *күлүү,* ***көзүнөн*** *жалын шыркырап,* ***моюнумду*** *бургамын ж.б.* деген сөз айкаштары да башкаруу байланышы менен уюшулуп, багындыруучу түгөйлөрү өзүнүн лексика-грамматикалык маанисине карай алдындагы багыныңкы түгөйлөрдү кыйыр жөндөмөлөрдүн бирине (барыш, чыгыш, табыш) келтирип башкарып, багыныңкы *көзгө, мурутунан, көзүнөн, моюнумду* түгөйлөрү кыймыл-аракет багытталган обьектини билдирип, байланышты түздү.

Эрчишүү байланышы. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн сан, жак, түр боюнча окшошуусу ээрчишүү байланышы болуп саналат. Мисалы:

Барча тажик, Кыйба үчүн

Багыштадым башымды *(“Манас”, СО,2,413-б.)*

Көзүн *ачып баркырап,*

Ыйлап түшкөн бул бала (“Жоодарбешим”,17-б.).

Убайын тартып ойлонуп

Эт жүрөгү *козголуп (“Жоодарбешим”,20-б.).*

Жогорудагы мисалдарда *багыштадым башымды (1-жак, жекелик сан), көзүн ачып, убайын тартып (3-жак, жекелик сан) ж.б.* жак, сан боюнча окшошуп, ээрчишүү байланышы менен уюшулду.

Ошентип, фольклордук чыгармалардагы соматизмдердин лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөдө алардын компоненттери бардык сөз түркүмдөрүнө таандык болот жана эпостордогу соматизмдик сөз айкаштарынын байланышында дагы кыргыз тилиндегидей эле синтаксистик байланыштын бардык түрү кездешет.

III бап боюнча жыйынтык

Үчүнчү бапта фольклордогу соматизмдердин стилистика-функционалдык жана лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

1. Адам көзгө көрүнгөн нерселерди бир нерсеге салыштыруу аркылуу дүйнөнү таанып билгендиктен, биринчи кезектеги таанып-билүүчү заттарга адам жана анын дене мүчөлөрү кирет. Андыктан соматизмдер адам турмушунун ар кыл чөйрөсүндө орун алат, өзгөчө кыргыз элинде элдик оозеки чыгармачылык кеңири өнүккөндүктөн, алар фольклордук чыгармаларда дагы кеңири колдонулат.

2. Өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарынан тарта “Манас” эпосу башында турган кыргыз фольклорун жыйноо, классификациялоо жаатында К.Мифтаков, М.И.Богданова, К.Рахматулин, Т.Саманчин, З.Бектенов, Т.Байжиев, А.Тайгүрөңов, Самар Мусаев, Ж.Таштемиров, С.Закиров, М.Мамыров, кийинчирээк Т.Танаев, М.Түлөкабылов, М.Сулайманов, Г.Орозова, А.Сатарова сыяктуу окумуштуулар эмгектенишкен. Натыйжада, кыргыз макал, ылакап, табышмак, айтыш, санат-насыят, балдар ырлары, эмгек

ырлары, арман, кошок, жомок, эпостору эл оозунан жыйналып алынган жана алар лингвистикалык изилдөөлөр үчүн дагы булак болуп бере алат. «Манас эпосунда, кенже эпостордо адамды жана аны курчап турган айлана-чөйрөсүн сүрөттөөдө жер бетинин жаратылыш өзгөчөлүктөрү, айбанаттары, өсүмдүктөрү менен салыштыруулар мол колдонулат. Эпостордогу баатырлардын портреттеринин сүрөттөлүшүндө алардын денесине, дене мүчөлөрүнө чоң маани берилет. Баатырдык сүр, келбет мына ошол дене түзүлүштөрүнүн көрүнүшүндө болот. Ошондуктан эпостордо көптөгөн оң жана терс каармандардын ар биринин *дене түзүлүшү, кыял-жоруктары, кулк-мүнөзү, сырткы келбети* сүрөттөлүп, *портрети* тартылат. Аларды берүү көбүнчө адамдын дене мүчөлөрүнүн кыймылын сүрөттөп берүүгө байланышкан. Адамдын келбетин сүрөттөөдө *көз, мурун, ооз, бет, каш, тиш, кол, бут ж.б.* соматикалык сөздөр көп колдонулат. Мындай соматизмдер ар кандай нерселерге, заттарга, көрүнүштөргө салыштырылуу аркылуу эпостун окуясына стилистикалык көркөм боёк берип, каармандардын сырткы келбет-көрүнүшүнө карата укмуштуудай күчтүн ээси, же аябай сулуу экендигин, же башка бир келбетин таасын, образдуу чагылдыруучу тилдик каражаттын милдетин да аткарат. Башкача айтканда, эпостогу *баш, бет, бой, каш, көз, чач, кулак, маңдай, кирпик, тиш, кол* ж.б. соматизмдер сүрөттөлүп жаткан каармандардын портретиндеги дене мүчөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүн таамай чагылдырып, баяндалып жаткан окуяга кошумча стилистикалык өң-түс, боёкчо тартуулайт. Эпостогу соматикалык сөздөрдөгү мындай касиет компоненти атоочтук *–ган, -ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн* мүчөлөрү аркылуу жасалуучу сөздөр менен айкашып айтылуунун натыйжасында жетишилет.

3. Эпостордо соматизмдер эпитеттер менен биргеликте айтылганда күчөтмө маниге ээ болот. Маселен, жөн эле *жүрөк* эмес, *эр жүрөк* деп айтылса адамдагы ашкан баатырдык сапаты айтылат. *Көз* да жөн эле айтылганга караганда, *кумар көз, сурма көз, ботo көз* деп айтылса кулакка алда канча уккулуктуу болуп, аң-сезимге жагымдуу маанай жаратып, элестүү образды жарата алат. Манасчы мына ушундай ыкма менен өзү айтып жаткан

эпосту элге көркөм формада, керек болсо бүтүндөй театрдын дараметинде жеткире алганы менен уникалдуу касиетке ээ болот. Эпостордогу соматизмдер окуяларда баяндалган каармандардын анатомия-физиологиялык, кулк-мүнөзүнө байланышкан психологиялык сапаттарын так-таасын, образдуу формада чагылдырып берүүчү көркөм сөз каражаты катары стилистика-функционалдык, лексика-семантикалык кызмат аткарат. Эпосто соматизмдер каармандардын образынын ачылышында зор роль ойнойт жана адамдын дене бөлүктөрүнүн ичинен адамдын остеонимиялык сырткы, бизге көрүнүп турган мүчөлөрү активдүү колдонулат.

4. Кыргыз эпосторунда кездешкен адамдын дене мүчөлөрүнө байланыштуу негизги соматикалык түшүнүктөрдүн лексикалык маанилерин, функционалдык-стилистикалык жактан аткарган милдеттерин, адамдын *чачына, моюнуна, кашына, бетине, тишине, оозуна, мурдуна, маңдайына, төшүнө, кирпигине, колуна, бутуна, этине, тумшугуна, ээгине, билегине, кабагына* карата айтылган негизги соматикалык лексемаларды анализдөөнүн натыйжасында эпостордогу соматизм сөздөрдүн, айрыкча “Манас” эпосундагы соматизмдердин туюндурган маанилери өтө кеңири экендиги, алар катышкан сөз айкаштары аркылуу түрдүү контексттик маанилер туюндурулары аныкталды. Соматизмдер эпосто чагылдырылып жаткан окуя-көрүнүштөрдү, кырдаал-шарттарды, өзгөчө кейипкерлердин образын ар тараптан ачып берүүдө маанилүү роль ойной тургандыгын баса белгилөөгө болот. Кенже эпостордон атооч, чыгыш жөндөмөлөрдөгү жана жак таандык формасындагы соматизмдер салыштырмалуу көбүрөөк кездешет. Эпостордо соматизмдерди таандык кылып айтуу ыкмасы жөндөмөлөр жана таандык формалар аркылуу ишке ашат жана алардын колдонулушу эпостун тилине угумдуулукту, поэтикалык өң-түстү кошумчалап, турмуштун ар кыл көрүнүштөрүн адам келбетине салыштыруу аркылуу образдуулукту жарата алат. Башкача айтканда, фольклордогу соматизмдердин стилистика-функционалдык касиети лексика-грамматикалык маанилер жана грамматикалык категориялар аркылуу ишке ашат.

5. Иште түрдүү соматикалык түшүнүктөр адамдын *чачына, моюнуна, кашына, бетине, тишине, оозуна, мурдуна, маңдайына, төшүнө, колуна, бутуна, этине, мурутуна, билегине, кабагына* жана башка дене мүчөлөрүнө карата айтылган соматикалык аталыштарды, жөндөмө, таандык категориясы боюнча өзгөргөн мисалдарды кошкондо жалпы саны 500гө жакын. «Манас» эпосундагы компоненти зат атоочтон сын атооч жасоочу *-дай, -дей, -дой, -дөй, -тай, -тей, -той, -төй* мүчөсү менен жасалган соматизмдер, компоненти зат атоочтон сын атооч жасоочу *-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу,- түү* мүчөлөрү менен жасалган контексттик соматизмдер, компоненти атоочтук *-ган, ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн* мүчөлөрү атоочтуктар менен жасалган соматизмдер, эки компоненти тең зат атоочтордон түзүлгөн сын атоочтук соматизмдер, компоненти сын атоочтордон турган контексттик соматизмдер изилдөөгө алынды.

6.Элдик оозеки чыгармалардын көркөмдүк касиетинин бийиктигин ар кандай кырдаалдарга, көрүнүштөргө карата башка көркөм сөз каражаттары менен катар соматизмдер да көркүнө чыгарып турат. Ошондуктан фольклордук чыгармалардан соматизмдер катышкан көркөм сөз каражаттарынын бардык түрлөрүн табууга болот жана соматизмдер троптун бардык түрлөрүнүн милдетин аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ экендигин белгилей алабыз. Кыргыз эпосторунда каармандарды, заттарды, же кубулушту, же окуяны кайсы бир белгиси боюнча окшоштугуна жараша метафоралык, метонимиялык, синекдохалык өтмө маанилерди жаратууда да соматизмдер кеңири колдонулат. Башкача айтканда, кыргыз фольклорундагы соматизмдер дагы гипербола, ирония, метафора, метонимия, синекдоха өңдүү көркөм сөз каражаттары катары активдүү кызмат аткара алат десек жаңылышпайбыз. Демек, көркөм сөз каражаттары фольклордогу адамдын дене бөлүктөрүн билдирген сөздөрдү бири-бирине ыңгайлаштырып, маанилик жактан өз ара ширелештирип, өзгөчө бир стилистикалык-функционалдык кызматты аткаргандыгы байкалат.

7. Кыргыз макалдарында адамдын дене мүчөлөрү катышкан сөздөр аркылуу ата-энени сыйлоо, балдарга камкордук көрүү, акылмандык, аңкоолук,

чыныгы достук, эл-жерди сүйүү, урматтоо маанилери, эмгекчилдик, жалкоолук ж.б. сапаттарды, баатырдыкты, күчтүү эркти ж.б. дагы башка маанилер туюндурулуп, поэтикалуулукту жаратса, табышмактарда ашыкча шөкөттөлгөн көркөм сөздөр жок, ар бир сапта негизги нерсени так-таамай туюнтууга негизделген жана аларда басымдуу учурларда дене мүчөлөрү катышкан сөз айкаштары кеңири кездешет. Мындай көрүнүш азыркыдай илим-билим, техникалык прогресс өнүгө элек мезгилде адамдар табият менен жанаша жакын болуп жашаган мезгилдерге мүнөздүү болгон. Андай учурда табышмактарда эки же андан көп буюмдардын, жаратылыш көрүнүшүнүн аттарын табыш үчүн адам өзүнүн дене бөлүктөрүн каймана түрдө элестетүү менен суроо берип, ал суроонун жандырмагын чечүүгө багыттай алган. Азыркы учурда кроссворд, чайнворд, арифметикалык, же сүрөттүү, же шахматтык ребустар, анаграммалар ж.б. табышмактар пайда болду. Тагыраак айтканда, кыргыз фольклорундагы табышмактарда соматизмдер арбын колдонулат жана ойдун жеткиликтүү, так, элестүү туюндурулушун камсыз кылат, элдин башынан өткөргөн турмуштук окуяларын сүрөттөп, жалпы элге түшүнүктүү болушун камсыз кылат.

8. Фольклордогу соматизмдердин курамындагы тыбыштык ээрчишүүлөр оозеки чыгармалардын дидактикалык түрлөрүнө жакын болгон белгилерди туюндуруп турат. Кыргыз фольклордук чыгармаларынын тилинде үндүү тыбыштардын таңдай күүсү жана эрин күүсү боюнча үндөшүүсү да күчтүү сакталган. Элдик оозеки чыгармаларда соматизмдер жана алар менен уюшулган сөз айкаштары бардык учурда поэтикалык ассонанс, аллитерация, анафора ж.б.у.с. көркөм каражат катарында колдонулганда да кыргыз тилинин үндөштүк мыйзамына толук баш ийдирилип айтылат.

Соматикалык фразеологизмдердин курамындагы сөздөр, сөз айкаштары туруктуу, алар өз алдынча берилгенде маниге ээ эмес. Соматикалык фразеологизмдерди башка бирдик менен алмаштырууга да мүмкүн эмес. Соматикалык фразеологизмдер дайыма туруктуу мүнөзгө ээ, башкача айтканда, составдык компоненттерин башка сөздөр менен алмаштырууга болбойт.

Составдык компоненттери маанилик жактан өздөрүнө эквивалент болуп келген сөздөргө караганда алда канча күчтүү, таасирдүү образдуулук касиетке ээ.

9. Кыргыз тилинде соматизм сөздөр сөз жасоонун морфологиялык жолу менен да, сөз жасоонун синтаксистик жолу менен да жасала берет. Кыргыз тилинде сөздөрдүн жасалышында морфологиялык ыкманын ролу чоң. Бул ыкма айрыкча түрк тилдерине, анын ичинде кыргыз тилине өзгөчө мүнөздүү. Кыргыз фольклорундагы адамдын дене бөлүктөрүн билдирген сөздөр куранды мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалгандары бир топ арбын. Фольклордук чыгармалардагы соматизмдердин лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөдөн улам алардын компоненттери бардык сөз түркүмдөрүнө таандык болору аныкталып, эпостордогу соматизмдик сөз айкаштарынын байланышында дагы кыргыз тилиндегидей эле синтаксистик байланыштын бардык түрү жолугарын белгилөөгө болот.

КОРУТУНДУ

Кыргыз фольклорундагы соматизмдердин стилистикалык-функционалдык өзгөчөлүктөрү боюнча изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтык чыгарабыз:

1. Биринчи бапта соматизм түшүнүгү жана аларга байланышкан жалпы лингвистикалык изилдөөлөр, соматизмдердин түркологияда изилдениши, соматизмдердин кыргыз тил илиминде изилдениши, кыргыз тилинин соматикалык лексикасы жана аны изилдөөнүн аспектилери боюнча маселелер изилденди. Анда тил илиминде соматикалык маанидеги сөздөр, сөз айкаштары лексикалык жана грамматикалык семантиканын орчундуу бөлүгүн түзөрүнө көңүл бурулуп, көбүнесе кадимки сүйлөө аракетинен, же коммуникациялык практика менен байланыштырылып изилденип, сөз жана сөз маанилери, алар аркылуу адамдын өзүн жана айлана-чөйрөнү таанып билүүсүнүн натыйжасында улуттук дүйнө таануу маданиятынын калыптанышын, буларга байланышкан каада-салт, жүрүм-турум эрежелеринин нормаларынын сакталышын, адамдын дене мүчөлөрүнүн аталышы менен алардын тилдик-стилдик, прагматикалык максатта колдонулушун лингвистикалык аспектиде иликтөө мүмкүнчүлүгү айкындалган. Жалпы тил илиминде ушул маселелерди Ф.Вакк, В.Д.Аракин, И.В.Арнольд, И.А.Бодуэн дэ Куртенэ, В.Г.Гак, Р.З.Гинзбург, Александр фон Гумбольдт, Б.А.Ильиш, А.И.Смирницкий, Л.В.Щерба, З.К.Ахметжанова, А.Вежбицкая, А.М.Еримбетова, Л.К.Жаналина, Е.А.Журавлева, В.П.Шубин, В.М.Багусловский, Ю.А.Долгополов, Р.М.Вайнтрауб ж.б. өңдүү окумуштуулар изилдешип, соматикалык лексиканы салыштырма аспектиде кароо универсалдуу белгилер менен конкреттүү өзгөчөлүктөрдү белгилүү тилдик системадагы маданияттын уникалдуулугун, улуттук менталитетин жана тилдик системанын кээ бир спецификалык чөйрөсүн ачып берүүгө мүмкүнчүлүк берерин, адамдын дене мүчөлөрү катышкан фразеологизмдер байыркы учурда эле кеңири кездешкендигин, дене мүчөлөрү аркылуу адамдын өзүн жана айлана чөйрөнү таанып билүүсүн, алар аркылуу улуттук дүйнө таануу маданиятынын калыптанышын жана буларга

байланышкан каада-салт, жүрүм-турум эрежелеринин нормаларынын сакталышына көңүл бурушкан.

2. Түркология илиминде адамдын дене мүчө бөлүктөрүн атаган сөздөр лексиканын өтө байыркы катмарына кирерине В.В.Радлов, Л.А.Новикова, Д.Н.Шмелев, Г.Дерфер, М.Сводеш, Н.И.Ильминский, В.Д.Колесникова, А.В.Дыбо, К.Кенесбаев, А.Кайдар, Ф.Г.Исхакова, Г.Номинханова, К.Мусаев, М.Ж.Тагаев ж.б. белгилүү окумуштуулар изилдешкен. В.Д.Аракин, Р.З.Гинзбург, Л.В.Шерба, З.К.Ахмеджанова, М.К. Исаев, Е.Д.Сулейменова ж.б. өңдүү түрколог-окумуштуулар кайрылышып, фразеологизмдердин составындагы соматикалык түшүнүктөргө, алардын фразеологизмдерди уюштуруудагы өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурушуп, негизги дене мүчөлөрүн изилдөөгө алышкан.

3. Кыргыз тил илиминде адамдын дене мүчө аталыштары лингвистикалык аспектиден атайын изилдөөнүн темасы катары алынбаса дагы, бул өңүткө Б.М.Юнусалиев, Б.Ө.Орузбаева, С.Кудайбергенов, С.Сыдыков, К.Сейдакматов, Н.Бейшекеев, С.Өмүралиева, М.Толубаев, М.Мураталиев, С.Ж.Мусаев, Т.С.Маразыков, А.Ботобекова, А.Карымшаков, С.С.Жумалиев, С.З.Садыкова, О.С.Абдыкаимов ж.б. окумуштуулар изилдөө максаттарына ылайык кайрылышып, аларды тарыхый лексикографиялык, лексикологиялык, диалектологиялык, лексика-семантикалык, этимологиялык, текстологиялык аспектилерден изилдөөгө алышкан. Башкача айтканда, кыргыз тил илиминде адамдын дене мүчөсүнө байланышкан негизги түшүнүктөр, сөздөр, фразеологизмдер лексиканын байыркы өзөктүү катмары катары түрдүү аспектиден изилдөөнүн обьектиси болору белгиленгени менен кыргыз тилиндеги, анын ичинде кыргыз фольклорундагы соматизмдерге байланыштуу түшүнүктөр, сөздөр атайын изилдөөнүн обьектиси катары алынган эмес.

4. Тилде сөз маанилеринин кеңейиши лексиканы байытып, адамдардын сөз чеберчилигин өркүндөтүп, сөздөрдү стилдик жактан ар түрдүү контекстте колдонулушуна жол ачат. Сөз маанилеринин кеңейиши менен активдүү колдонулушу коомдук турмуштагы өзгөрүүлөргө жараша ишке ашып,

моносемиялык сөздүн көп маанилүүлүгү келип чыгат. Мындай көп маанилүү сөздөр байыркы убакта эле өнүгүп, алар азыркы кезде да бир-эки муундуу уңгу сөздөрдө, өзгөчө анатомиялык атоолордо, *көз, баш, бел, кол ж.б.у.с.* сөздөрдө кеңири сакталып калган. Кыргыз тилинин лексикалык составынын калыптанышы узак мезгилдерди камтыгандыктан, анын курамындагы адамдын дене мүчөлөрүнүн аталыштары дагы узак мезгилдеги тилдик процесстердин натыйжасы болуп саналат. Экинчиден, азыркы кыргыз тилиндеги адамдын дене мүчө аталыштарынын структуралык жактан түзүлүшү боюнча дагы өтө узак мезгилдерди басып өтүп, азыркы абалында калыптанган. Мындай түрк тилдерине мааниси боюнча бирдей орток сөздөргө адамдын эң негизги *баш, мээ, бет, көз, мурун, ооз, кулак, каш, чач, моюн, төш, бел, кол, ийин, бут ж.б.у.с.* дене мүчөлөрүнүн аталыштары кирет. Бирок адамдын дене мүчөлөрүн атаган сөздөр өзүнүн узак өнүгүү доорунда айрым бир өзгөрүүлөргө учураган, кээ бир сөздөрдүн маанилери тарып, айрымдары колдонуудан чыккан. Азыркы кезде бул сөздөрдүн тыбыштык жагынан гана айырмасы болбосо, бардык эле түрк тилдеринде бирдей даражада колдонулат. Ал эми азыркы кыргыз тилинин лексикасында соматизмдер өтө арбын учурайт жана алар жашоо-турмуштун ар кыл чөйрөсүндө - турмуш-тиричиликте, ырым-жырым, салт-жөрөлгөлөрдө, фразеологизмдерде, табу, эвфемизмдерде ж.б. кездешет. Кыргыз фольклорундагы соматизмдер семантикалык мааниси, жасалышы жана чыгыш теги жагынан да бир кылка эмес.

5. Үчүнчү бапта фольклордогу соматикалык түшүнүктөр, аларды туюнткан аталыштардын колдонулушу, кыргыз элдик оозеки чыгармаларындагы, “Манас” эпосундагы соматизмдердин каармандардын портрет-келбетин көз алдыга келтирүүдөгү колдонулуш өзгөчөлүктөрү, поэтикалык чыгарманын көркөм күчүн арттыруучу соматизмдер, алардын колдонулуш даражасы, фольклордогу соматизмдердин стилистика-функционалдык жана лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү изилденди. Иште түрдүү соматикалык түшүнүктөр адамдын *чачына, моюнуна, кашына, бетине, тишине, оозуна, мурдуна, маңдайына, төшүнө, колуна, бутуна, этине,*

мурутуна, билегине, кабагына жана башка дене мүчөлөрүнө карата айтылган соматикалык аталыштарды, жөндөмө, таандык категориясы боюнча өзгөргөн мисалдарды кошкондо жалпы саны 400дөн ашык. «Манас» эпосундагы *компоненти зат атоочтон сын атооч жасоочу -дай, -дей, -дой, -дөй, -тай, -тей, -той, -төй мүчөсү* менен жасалган соматизмдер, компоненти зат атоочтон сын атооч жасоочу *-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу,- түү* мүчөлөрү менен жасалган контексттик соматизмдер, компоненти атоочтук *-ган, ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн* мүчөлөрү атоочтуктар менен жасалган соматизмдер, *эки компоненти теңзат атоочтордон түзүлгөн сын атоочтук соматизмдер,* компоненти сын атоочтордон турган контексттик соматизмдер изилдөөгө алынды.

6. Кыргыз фольклорун жыйноо, классификациялоодо К.Мифтаков, М.И.Богданова, К.Рахматулин, Т.Саманчин, З.Бектенов, Т.Байжиев, А.Тайгүрөңов, Самар Мусаев, Ж.Таштемиров, С.Закиров, М.Мамыров ж.б. окумуштуулар зор салым кошушкан. Алардын эмгеги менен кыргыз макал, ылакап, табышмак, айтыш, санат-насыят, балдар ырлары, эмгек ырлары, арман, кошок, жомок, эпостор эл оозунан жыйналып алынган. Андыктан жыйналган фольлордук чыгармалар лингвистикалык изилдөөлөр үчүн булак болуп бере алат.

7. Адам көзгө көрүнгөн нерселерди бир нерсеге салыштыруу аркылуу дүйнөнү таанып билгендиктен, биринчи кезектеги таанып-билүүчү заттарга адам жана анын дене мүчөлөрү кирет. Андыктан соматизмдер адам турмушунун ар кыл чөйрөсүндө орун алат, өзгөчө кыргыз элинде элдик оозеки чыгармачылык кеңири өнүккөндүктөн, алар фольклордук чыгармаларда дагы кеңири колдонулат. «Манас эпосунда, кенже эпостордо адамды жана аны курчап турган айлана-чөйрөсүн сүрөттөөдө жер бетинин жаратылыш өзгөчөлүктөрү, айбанаттары, өсүмдүктөрү менен салыштыруулар мол колдонулат. Эпостордогу баатырлардын портреттеринин сүрөттөлүшүндө алардын денесине, дене мүчөлөрүнө чоң маани берилет. Баатырдык сүр, келбет мына ошол дене түзүлүштөрүнүн көрүнүшүндө болот. Ошондуктан эпостордо көптөгөн оң жана терс каармандардын ар биринин *дене түзүлүшү, кыял-*

жоруктары, кулк-мүнөзү, сырткы келбети сүрөттөлүп, *портрети* тартылат. Аларды берүү көбүнчө адамдын дене мүчөлөрүнүн кыймылын сүрөттөп берүүгө байланышкан. Адамдын келбетин сүрөттөөдө *көз, мурун, ооз, бет, каш, тиш, кол, бут ж.б.* соматикалык сөздөр көп колдонулат. Мындай соматизмдер ар кандай нерселерге, заттарга, көрүнүштөргө салыштырылуу аркылуу эпостун окуясына стилистикалык көркөм боёк берип, каармандардын сырткы келбетине карата укмуштуудай күчтүн ээси, же аябай сулуу экендигин, же башка бир келбетин таасын, образдуу чагылдыруучу тилдик каражаттын милдетин да аткарат.

8. Эпостордо соматизмдер эпитеттер менен биргеликте айтылганда күчөтмө маниге ээ болот. Маселен, жөн эле *жүрөк* эмес, *эр жүрөк* деп айтылса адамдагы ашкан баатырдык сапаты айтылат. *Көз* да жөн эле айтылганга караганда, *кумар көз, сурма көз, ботo көз* деп айтылса кулакка алда канча уккулуктуу болуп, аң-сезимге жагымдуу маанай жаратып, элестүү образды жарата алат. Манасчы мына ушундай ыкма менен өзү айтып жаткан эпосту элге көркөм формада, керек болсо бүтүндөй театрдын дараметинде жеткире алганы менен уникалдуу касиетке ээ болот.

9. Эпостордогу соматизмдер окуяларда баяндалган каармандардын анатомия-физиологиялык, кулк-мүнөзүнө байланышкан психологиялык сапаттарын так-таасын, образдуу формада чагылдырып берүүчү көркөм сөз каражаты катары стилистика-функционалдык, лексика-семантикалык кызматты аткарат. Эпосто соматизмдер каармандардын образынын ачылышында зор роль ойнойт жана адамдын дене бөлүктөрүнүн ичинен адамдын остеонимиялык сырткы, бизге көрүнүп турган мүчөлөрү активдүү колдонулат.

10. Кенже эпостордон атооч, чыгыш жөндөмөлөрдөгү жана жак таандык формасындагы соматизмдер салыштырмалуу көбүрөөк кездешет. Эпостордо соматизмдерди таандык кылып айтуу ыкмасы жөндөмөлөр жана таандык формалар аркылуу ишке ашат жана алардын колдонулушу эпостун тилине угумдуулукту, поэтикалык өң-түстү кошумчалап, турмуштун ар кыл көрүнүштөрүн адам келбетине салыштыруу аркылуу образдуулукту жарата

алат. Башкача айтканда, фольклордогу соматизмдердин стилистика-функционалдык касиети лексика-грамматикалык маанилер жана грамматикалык категориялар аркылуу ишке ашат.

11. Элдик оозеки чыгармалардын көркөмдүк касиетинин бийиктигин ар кандай кырдаалдарга, көрүнүштөргө карата башка көркөм сөз каражаттары менен катар соматизмдер да көркүнө чыгарып турат. Ошондуктан фольклордук чыгармалардан соматизмдер катышкан көркөм сөз каражаттарынын бардык түрлөрүн табууга болот жана соматизмдер троптун түрлөрүнүн милдетин аткаруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Кыргыз фольклорундагы соматизмдер дагы гипербола, ирония, метафора, метонимия, синекдоха өңдүү көркөм сөз каражаттары катары активдүү кызмат аткара алат.

12. Кыргыз макалдарында адамдын дене мүчөлөрү катышкан сөздөр аркылуу акылмандык, аңкоолук, достук, эл-жерди сүйүү, урматтоо маанилери, эмгекчилдик, жалкоолук ж.б. сапаттарды, баатырдыкты, күчтүү эркти ж.б. дагы башка маанилер туюндурулуп, поэтикалуулук жаралса, табышмактарда ашыкча шөкөттөлгөн көркөм сөздөр жок, ар бир сапта негизги нерсени так-таамай туюнтууга негизделген жана аларда басымдуу учурларда дене мүчөлөрү катышкан сөз айкаштары кеңири кездешет. Мындай көрүнүш азыркыдай илим-билим, техникалык прогресс өнүгө элек мезгилде адамдар табият менен жанаша жакын болуп жашаган мезгилдерге мүнөздүү болгон. Андай учурда табышмактарда эки же андан көп буюмдардын, жаратылыш көрүнүшүнүн аттарын табыш үчүн адам өзүнүн дене бөлүктөрүн каймана түрдө элестетүү менен суроо берип, ал суроонун жандырмагын чечүүгө багыттай алган. Кыргыз фольклорундагы табышмактарда соматизмдер арбын колдонулат жана ойдун жеткиликтүү, так, элестүү туюндурулушун камсыз кылат, элдин башынан өткөргөн турмуштук окуяларын сүрөттөп, жалпы элге түшүнүктүү болушун камсыз кылат.

13. Кыргыз фольклордук чыгармаларынын тилинде үндүү тыбыштардын таңдай күүсү жана эрин күүсү боюнча үндөшүүсү күчтүү сакталып, элдик оозеки чыгармаларда соматизмдер жана алар менен уюшулган сөз айкаштары

бардык учурда поэтикалык ассонанс, аллитерация, анафора ж.б.у.с. көркөм каражат катарында колдонулганда да кыргыз тилинин үндөштүк мыйзамына толук баш ийдирилип айтылат. Ал эми соматикалык фразеологизмдер дайыма туруктуу мүнөзгө ээ, башкача айтканда, составдык компоненттерин башка сөздөр менен алмаштырууга болбойт. Фольклордо соматизм сөздөр сөз жасоонун морфологиялык жолу менен да, сөз жасоонун синтаксистик жолу менен да жасалат. Алардын компоненттери бардык сөз түркүмдөрүнө таандык боло берет жана соматизмдик сөз айкаштарынын байланышында синтаксистик байланыштын түрлөрү жолугат.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

1. Абдувалиев, И. Азыркы кыргыз тили: лексикография [Текст]: квалификацианы жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо ин-нун студент. үн окуу курал/И. Абдувалиев. – Бишкек: [б-сыз], 1999.–32 б.

2. Абдувалиев, И. Азыркы кыргыз тили: морфология [Текст] / И.Абдувалиев. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 324 б.

3. Абдувалиев, И. В.В. Радлов как один из основоположников новой тюркской лексикографии [Текст] / И. Абдувалиев // Кыргызский национальный эпос «Манас» в международном контексте культуры (КРСУ). – Бишкек, 1998. – 91- 95 б.

4. Абдувалиев, И. Квопросу об историческом пласте заимствованной лексики кыргызского языка [Текст] / И. Абдувалиев // Түрк тилдери жана адабияты: илимий макалалар / түз. С. Өмүралиева. – Бишкек, 2003. – 2-чыг. – 147-155 б.

5. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин кесиптик лексикасы: байыркы катмар [Текст]: филол.илим. д-ру ... дис. / И. Абдувалиев. – Бишкек, 2007. – 332 б.

6. Абдувалиев, И. Профессиональная лексика в кыргызском языке: сравнительно - типологический анализ на материале конноспортивной лексики [Текст] / И. Абдувалиев. – Бишкек: [б.и.], 2001. – 120 с.

7. Абдувалиев, И. Сөздүн теги: этимология жана лексикография [Текст]: квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институтунун студенттери үчүн окуу курал / И. Абдувалиев. – Бишкек: [б-сыз], 2002. – 64 б.

8. Абдувалиева, Г. А. Азыркы кыргыз тилинин саясий лексикасынын калыптануусу жана өнүгүүсү (түрк тили менен салыштырма планда)[Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореф.: 10.02.20 / Г.А. Абдувалиева. – Бишкек, 2015. – 22 б.

9. Абдулдаев, Э. Азыркы кыргыз тили [Текст] / Э. Абдулдаев. –Бишкек: Кыргызстан, 1998. – 255 б.

10. Абдулдаев, Э. Кыргыз диалектологиясынын очерки [Текст] / Э. Абдулдаев, Ж. Мукамбаев. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1959. – 240 б.

11. Абдулдаев, Э.Кыргыз орфографиясынын эрежелери [Текст] / Э. Абдулдаев, Д. Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1972. – 90 б.

12. Абдыкаимова, О. С. Функционально-семантическое и структурно - семантическое исследование соматических фразеологизмов[Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / О.С. Абдыкаимова. – Бишкек, 1992. – 20 с.

13. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун историзми [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1987. – 157 б.

14. Абдыракунов,Т. Кыргыз тилиндеги табышмактар [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореф. / Т. Абдыракунов. – Фрунзе, 1973. – 26 б.

15. Абрамзон, С. М. Киргизы и их этногенетические и историко – культурные связи[Текст] / С.М. Абрамзон. – Л.: Наука, 1971. – 404 с.

16. Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические историко –культурные связи[Текст] / С.М. Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан,1990. – 480 с.

17. Авалиани, Ю. Ю. О фразообразовательных потенциях слова [Текст] / Ю. Ю. Авалиани // Словообразование и фразообразование: тез. докл. науч. конф. – М., 1979. – С. 126-127.

18. Айтмуратов, Д. Тюркские этнонимы: каракалпак, черные клобуки, черкес, башкурт, кыргыз, уйгур, тюрк, печенег, сак, массагет, скиф[Текст] / Д. Айтмуратов. – Нукус: Каракалпакстан, 1986. – 231 с.

19. Акиев, К. Жаныш - Байыш [Текст]: эпос / К. Акиевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе: Адабият, 1990. – 236 б.

20. Алефиренко, Н. Ф. Фразеологическое значение как особая семантическая категория [Текст] / Н. Ф. Алефиренко // Семантическиекатегория языка и методы их изучения: тез. докл. науч. конф. –Уфа, 1985. – С.142-145.

21. Алишова, Р. Соматические компоненты фразеологизмов в английском и кыргызском языках [Текст] / Р. Алишова // Вестн. Междунар. ун-та Кыргызстана. – 2013. – №2. – С. 93-99.

22. Алыкулов , Б. Мөлмөлүм [Текст]: ырлар / Б. Алыкулов , . – Фрунзе.: Кыргызстан, 1974. – 145 б.

23. Апресян, Ю.Д. Лексическая семантика: Синонимические средства языка [Текст] / Ю.Д. Апресян. – М.: Яз. рус. культуры: Наука, 1995. – 472 с.

24. Аракин, В. Д. Исследования по лексикологии и фразеологии [Текст]: сб. тр. / В.Д. Аракин. – М.: МГПИ, 1976. – 296 с.

25. Артыкова, Ж. А. Соматикалык фразеологизмдер жана бейвербалдык каражаттар[Текст] /Ж.А. Артыкова // Бишкек Гуманитар. ун-нин Жарчысы. – 2013. – № 2. – 45-47 б.

26. Арутюнова, Н. Д. Язык и мир человека[Текст] / Н.Д. Арутюнова. – М.: Яз. рус. культуры, 1999. – 896 с.

27. Архангельский, В.Л. Порядок слов как фактор образования русских фразем с сочинительной союзной и бессоюзной связью [Текст] / В.Л.

Архангельский, С.И. Гужанов // Проблемы русской фразеологии. –Тула, 1976. – С. 72-81.

28. Асылбекова, Ч.А. Соматические фразеологизмы в аспекте их сопостовления [Текст] / Ч.А. Асылбекова // Вестн. Междунар. ун-та Кыргызстана. – 2013. – №1. – С-87-90

29. Аттокуров, С. Этнографиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү [Текст] / С. Аттокуров. – Фрунзе: Илим, 1989. – 251 б.

30. Ахматов, Т. Азыркы кыргыз тили. Фонетика. Лексика [Текст] / Т. Ахматов, Ж. Мукамбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 176 б.

31. Ахматов, Т. К. Кыргыз тилинин Талас говору[Текст] / Т.К. Ахматов. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1959. – 150 б.

32. Ахметжанова, Г. А. Соматическая фразеология как отражение национально - культурной специфики языкового сознания [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / Г.А. Ахметжанова. – Алматы, 2007. – 28 с.

33. Ахунбаев, И. К. Словарь физиологии и анатомии [Текст] /И.К. Ахунбаев. – Фрунзе,1950. –520 с.

34. Аширбаев, Т. Кыргыз тилинин стилистикасы : фонетикалык сөз жасоо жана лексикалык стилистика [Текст] / Т. Аширбаев. – Бишкек; Ош: Кыргызстан, 2000. – 1-кит. –124 б.

35. Балли, Ш. Общая лингвистика и вопросы французского языка [Текст] / Ш. Балли. – М.: Изд-во иностр. лит., 1955. – 416 с.

36. Бартольд, В. В. Киргизы. Исторический очерк [Текст] / В.В. Бартольд // Соч. – М., 1963. – Т. II, ч.1: Общие работы по истории Средней Азии. Работы по истории Кавказа и Восточной Европы. – С. 471-543.

37. Баскаков, Н. А. Структура простого предложения в тюркских языках [Текст] / Н. А. Баскаков // Тр. Ин-та яз. и лит. АН Кирг.ССР. – Фрунзе, 1956. – Вып. 6. – С. 81-97.

38. Батманов, И.А. Азыркы кыргыз тили [Текст] / И.А. Батманов, Г. Бакинова, Ю. Яншансин. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1956. –1-бөлүм: Фонетика. Лексика. Диалектология. – 112 б.

39. Баюн, Л. С. Структурно - функциональные и языковые особенности Лувийских ритуальных текстов [Текст]/ Л.С. Баюн // Этнолингвистика текста. Семиотика малых форм фольклора. – М., 1988. – С. 68-69.

40. Баястанова, Т. И. Кыргыз табышмактарындагы текстгик кыйытма ой (подтекст)[Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / Т.И. Баястанова. – Бишкек, 2006. – 132 б.

41. Бейбутова, Р. Стратификация киргизской военной лексики досоветского периода [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Р.Бейбутова. – М., 1988. – 247с.

42. Бейшекеев, Н. «Манас» эпосундагы адамдын дене бөлүктөрүн атаган сөздөрдүн генетикалык катмарлары жана лексика-семантикалык бөтөнчөлүктөрү жөнүндө [Текст] / Н. Бейшекеев // Тюркологиялык изилдөөлөр. – Бишкек, 2001. – 9-18 б.

43. Бейшекеев, Н. Казакстандагы кыргыздардын тилдик өзгөчөлүктөрү[Текст] / Н. Бейшекеев. – Фрунзе: Илим, 1964. – 83 б.

44. Бейшекеев, Н. Кыргыз тили [Текст]: библиогр. көрсөткүч (1960-1970) / Н. Бейшекеев. – Фрунзе: Илим, 1985. – 300 б.

45. Бекмухамедова, Н.Х. Эволюция женских образов эпоса “ Манас”[Текст]: дис. ... канд. филол.наук : 10.01.09 / Н.Х. Бекмухамедова. – Бишкек, 1994. – 179с.

46. Биялиев, А. Кыргыз адабий тилинин лексика жана лексикология бөлүмүнө арналып окулган лекциялардын конспектилери [Текст] / А. Биялиев. – Бишкек, 2014. – 147 б.

47. Биялиев, А. Кыргыз диалектологиясы [Текст]: ЖОЖдор үн окуу куралы /А. Биялиев. – Бишкек: КМУУ, 2000. – 100 б.

48. Богатырев, П. Г. Язык фольклора [Текст] / П.Г. Богатырев // Вопр. языкознания. – 1973. – № 5. – С. 106-116.

49. Борбугулов, М. Адабият теориясы [Текст]: окуу китеби / М. Борбугулов. – Бишкек: Шам, 1996. – 552 б.

50. Боргоякова, Т. Г. Структурно-семантические типы фразеологических единиц хакасского языка [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / Т.Г. Боргоякова. – Алма-Ата, 1982. – 21 с.

51. Ботобекова, А. Кыргыз ымдоо-жаңсоолору [Текст] / А. Ботобекова. – Бишкек: Bilge, 2007. – 189 б.

52. Вакк, Ф.О. О соматической фразеологии в современном эстонском литературном языке[Текст]: автореф. дис. ...канд. филол. наук / Ф.О. Вакк. – Таллин, 1964. – 26 с.

53. Валиханова, Р. Е. Сопостовительное исследование соматизмов казахского и русского языков [Текст]: дис. ... канд. филол. наук / Р.Е. Валиханова. – Алматы, 1995. – 165 с.

54. Вежбицкая, А.Понимание культур через посредство ключевых слов [Текст] / А. Вежбицкая. – М.: Яз. славян. культуры, 2001. – 288 с.

55. Верещагин, Е. М. Язык и культура. Лингвострановедение в преподавании русского языка как иностранного[Текст]/ Е.М. Верещагин, В.Г. Костомаров. – М.: Рус. яз., 1983. – 269с.

56. Виноградов, В. В. Избранные труды. Лексикология и лексикография [Текст] /В.В. Виноградов. – М.: Наука, 1977. – 312 с.

57. Виноградов, В. В. Русский язык (Грамматическое учение о слове) [Текст] / В. В. Виноградов. – М.; Л.: Учпедгиз, 1947. – 783 с.

58. Виноградов, В.В.Основные понятие русской фразеологии как лингвистической дисциплины [Текст]/ В. В. Виноградов // Тр.юбилей. науч. сессии ЛГУ. – Л., 1946. – С.45-69.

59. Гаврись,В.И. К проблеме структурно-семантической деривации фразеологических единиц немецкого языка [Текст] / В.И.Гаврись //Словообразование и фразообразование: тез. докл. науч. конф. – М., 1979. – С. 132-133.

60. Гак, В. Г. Национально – культурная специфика меронимических фразеологизмов [Текст] / В.Г. Гак // Фразеология в контексте культуры. – М., 1999. – С. 260-265.

61. Гашева, Л.П.Влияние семантических свойств процессуальных фразеологизмов на расположение их компонентов внутри единицы [Текст] /Л. П. Гашева // Семантико-грамматические свойства фразеологизмов русского языка. – Челябинск, 1985. – С.107-115.

62. Гвоздарев, Ю. А. Основы русского фразообразования [Текст] / Ю.А. Гвоздарев. – Ростов: ИРУ, 1977. – 184 с.

63. Головин, Б. Н. Введение в языкознание [Текст] / Б.Н. Головин. – М.: Высш. шк., 1977. – 312 с.

64. Гумбольдт, В. Избранные труды по языкознанию[Текст] / В. Гумбольдт. – М.: Прогоресс, 1984. – 397 с.

65. Давлетов, С. Кыргыз тилинин грамматикасы [Текст] / С. Давлетов, Ж. Мукамбаев, С. Турусбеков. – Фрунзе: Мектеп, 1982. – 1-бөлүк. – 240 б.

66. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тили. Морфология[Текст] / С. Давлетов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 235 б.

67. Дүйшеева, Т. С. «Манас» эпосунун этномаданий лексикасы[Текст]: филол. илим.канд. ...дис.: 10.02.01/ Т.С. Дүйшеева. –Бишкек, 2014. – 186 б.

68. Дүйшеева Т.С. «Манас» эпосундагы этномаданий лексиканын синтаксистик жол менен жасалышы. (этномаданий татаал сөздөр). [Текст] // Тил жана адабият, искусство маселелери. № 1,2. Жыйнак. -Б., 2013. 142−146-б.

69. Дыйканов, К. Кыргыз тилинин морфологиясы [Текст]/ К. Дыйканов, С. Кудайбергенов. – Фрунзе: [б-сыз], 1957. – 219 б.

70. Дыйканов, К. Кыргыз тили таблица түрүндө[Текст]/ К.Дыйканов. – Алматы: Кайнар,1989. – 394 б.

71. Дыйканов, К.Кыргыз тилинин фонетикасы жана лексикасы[Текст]/ К. Дыйканов. – Фрунзе: КМУ,1989. – 122 б.

72. Дыйканова, Ч. К. Историко - этимологический анализ социальной титулатуры киргизского языка[Текст]// Проблемы этимологии тюркских языков.– Алма-Ата, 1990. – С. 75-80.

73. Дыйканова, Ч. К. Образование киргизской социальной терминологии [Текст]/ Ч.К. Дыйканова // Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери. – Бишкек, 1991. – 166-212б.

74. Ержанов, М. Лексико-семантическая группа слов, описываюших внешность человека (структурно-семантическая характеристика прилагательных и адвербиальных существительных в казахском языке) [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / М. Ержанов. – Алматы, 1988. – 29 б.

75. Жалилов, А. Азыркы кыргыз тили [Текст]/ А. Жалилов. – Бишкек: Кыргызстан, 1996. – 1-бөлүк: Тил илиминен маалымат, фонетика, графика, орфография, лексикология. – 232 б.

76. Жалилов, А. Кыргыз тили боюнча талдоонун түрлөрү[Текст]/ А. Жалилов. – Бишкек: Кыргызстан - Сорос фонду, 1995. – 116 б.

77. Жамшитова, Г. Глагольные фразеологизмы кыргызского и русского языков и их лексикографическое описание [Текст]: автореф. дис. ...канд. филол.наук /Г. Жамшитова. – Бишкек, 2000. – 23 с.

78. Жамшитова, Г.Ж. Кыргызча-орусча, орусча-кыргызча тематикалык фразеологиялык сөздүк [Текст] / Г.Ж. Жамшитова. – Бишкек: Шам, 2000. – 336 б.

79. Жанпеисов, Е.Н.Этнокультурная лексика казахского языка [Текст] / Е.Н. Жанпеисов. – Алма-Ата: Наука, 1989. – 288 с.

80. Жапаров, Н. Р. Гидронимия Кыргызстана [Текст]:дис. …канд. филол. наук / Н.Р. Жапаров. – Бишкек, 2006. – 151 с.

81. Жапаров, А. Синтаксический строй кыргызского языка [Текст]: учеб. для вузов. – Бишкек: Мектеп, 1992. – Ч. 1. – 429 с.

82. Жапаров, А. Синтаксический строй кыргызского языка [Текст]: учеб. для вузов. – Бишкек: Мектеп, 1992. – Ч. 2. – 352 с.

83. Жапаров, Ш. Адам аттары – эл байлыгы [Текст] / Ш. Жапаров. – Бишкек: Бийиктик, 2001. – 1-бөлүк. – 176 б.

84. Жапаров, Ш. Азыркы кыргыз тилинин лексикологиясы жана лексикографиясы [Текст] / Ш. Жапаров, Т. Сыдыкова. – Бишкек: Текник, 2012. – 164 б.

85. Жапаров, Ш. Кыргыз лексикографиясы кечээ, бүгүн жана эртең [Текст] / Ш. Жапаров // Тил тагдыры - эл тагдыры. – Бишкек, 2003. – 46-56б.

86. Жапаров, Ш. Кыргыз ономастикасы[Текст]: адаб. библиогр. көрсөткүчү ж-а изилдөөлөргө кыскача обзор (1926-1985) / Ш. Жапаров. – Фрунзе: Илим, 1990. – 1-чыг. – 180 б.

87. Жапаров, Ш. Кыргызская антропонимика [Текст] / Ш. Жапаров. – Бишкек: Илим,1992. – 190 б.

88. Жоодарбешим – Сейитбек [Текст]: эпостор /Урмамбетовдун айтуусу боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1971. – 380 б.

89. Жумалиев, С.С. «Манас» эпосундагы диалектизмдер (С. Орозбаковдун варианты боюнча) [Текст]: автореф. филол. илим. канд. … дис. / С.С. Жумалиев. – Бишкек, 2003. – 22 б.

90. Жумалиев, С.С. “Манас” эпосунун лексикасынын хроно-топологиялык стратификациясы [Текст] / филол. илим. докторунун диссертациясы / С.С.Жумалиев. – Бишкек, 2015. – 375 б.

91. Звуковой строй современного киргизского литературного языка [Текст] / Т. Ахматов, С. Давлетов, К.Сартбаев, С. Иманалиев. – Фрунзе: Мектеп, 1980. – 172 б.

92. Ибрагимов, С. Дүйнөнүн тилдик сүрөтү жана К.Тыныстанов [Текст] / С. Ибрагимов // Тил тагдыры эл тагдыры. – Бишкек, 2003. – 56-60 б.

93. Ибрагимов, С. Кыргыз тилиндеги тең байланыштагы кошмо сүйлөмдөр[Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. / С. Ибрагимов. – Бишкек, 2003. – 398 б.

94. Ибрагимов, С. Лингвокультурология - тилдик маданият таануу: тарыхы жана теориялык негиздери [Текст] / С. Ибрагимов. – Бишкек: [б-сыз], 2004. – 118 б.

95. Ибрагимов, С. Тил илиминин негиздери [Текст] / С. Ибрагимов. – Бишкек: [б-сыз], 2000. – 202 б.

96. Иманов, А. Кыргыз тили [Текст]: жог. окуу жайынынфилология фак. сырттан окуучу студент. үн / А. Иманов. – Фрунзе: Мектеп, 1990. – 352 б.

97. Исаев, А. Соматические фразеологизмы узбекского языка [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук /А. Исаев. – Ташкент, 1977. – 23 с.

98. Искаков, А. И. О классификации частей речи в казахском языке[Текст] / А.И. Искаков //Вопросы изучения языков народов Средней Азиии Казахстана. – Ташкент, 1952. – С. 117-136.

99. Кадырова, Ч. А. «Манас» эпосундагы аскердик терминдердин лексика - семантикалык жана функционалдык өзгөчөлүктөрү [Электронный ресурс] / Ч.А. Кадырова. – Режим доступа: http://lib.kg/ky/kyrgyzskij-kadyrova-chynarg-l-abdula/. – Загл. с экрана.

100. Караев, Ө. Кыргыз элинин түзүлүшү (“кыргыз” термини жөнүндө) [Текст] / Ө. Караев // Кыргызы. Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии. – Бишкек,1996. – 22-45 б.

101. Карасаев, Х.К.Өздөштүрүлгөн сөздөр [Текст]: сөздүк: 5100 сөз/ Х.К.Карасаев. – Фрунзе: КСЭнин Башкы ред., 1986. – 421 б.

102. Карасаев, Х. Камус наама:«Манас» сөздүгү[Текст] / Х. Карасаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990. – 203 б.

103. Карасаев, Х. Орфографиялык сөздүк [Текст]: слов. / Х. Карасаев, Ю. Яншансин; ред. Б.М. Юнусалиев. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1956. – 159 б.

104. Каратаев, О К. Кыргыз этнонимиясы (тарыхий–лингвистикалык изилдөө) [Текст]: тарыхилим. канд. … дис. /О.К. Каратаев. – Бишкек, 1994. – 54 б.

105. Каратаева, С.К. “Древнетюркский словарь” сөздүгүндөгү кош сөздөр (кыргыз тилинин материалдары менен салыштырма-тарыхый планда изилдөө) [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. / С. К. Каратаева. – Бишкек, 2004. – 200 б.

106. Кармышаков, А.О. Соматические фразеологизмы в русском и кыргызском языках [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол.наук / А.О. Кармышаков. – Бишкек, 1992. – 25 с.

107. Карымшакова, А. Кыргыз тилинин морфологиясынын жана лексикологиясынын маселелери [Текст] / А. Карымшакова. – Бишкек: [б.и.], 2009. – 157 с.

108. Кедейкан (Токтогул менен Калыктын айтуусу боюнча) [Текст]: эпос. – Фрунзе: Кыргызстан, 1970. – 459 б.

109. Кобозева, И. М. Лексическая семантика [Текст] / И.М. Кобозева. – М.: Эдиториал УРСС, 2000. – 266 с.

110. Кожожаш. – Олжобай менен Кишимжан [Текст]: эпостор /А. Үсөнбаевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан,1974. – 302 б.

111. Козеренко, А. Д. Фразеологические соматизмы и семиотическая концептуализация тела [Текст] / А.Д. Козеренко, Г.Е. Крейдлин // Вопр. языкознания. – 2011. – № 6. – С. 54-66.

112. Колесникова, В.Д. Названия частей тела человека в алтайских языках [Текст] / В.Д.Колесникова // Очерки сравнительной лексикологии алтайских языков. – Л., 1972. – С.71-104.

113. Кононов, А. Н. О фузии в тюркских языках [Текст] / А.Н. Кононов // Структура и история в тюркских языках. – М., 1971. – С. 108-120.

114. Кочеваткин А.М. Соматическая лексика в диалектах эрзянского языка (лингвогеографический анализ): дисс. ...канд. филол.наук. Саранск, 1999.174с.

115. Крейдлин, Г. Е. Улыбка как жест и как слово (к проблеме внутриязыковой типологии невербальных актов) [Текст] / Г.Е. Крейдлин, Е.А. Чувилина // Вопр. языкознания. – 2001. – № 4. – С. 66-94.

116. Курманбек. –Жаныш, Байыш [Текст]: эпостор / К. Акиевдин айтуусу боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1970. – 363 б.

117. Кыдырбаева, Р. З. Оозеки поэзиянын улуу эстелиги (баш сөз) [Текст] / Р.З. Кыдырбаева // «Манас» эпосу/ С. Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек, 1995. – 1-кит. – 6-21 б.

118. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы [Текст]. – Фрунзе: Илим, 1980. – 1-бөлүм: Фонетика жана морфология. – 539 б.

119. Кыргыз адабияты [Текст]: энцикл. окуу куралы. – Бишкек: Мамл. тил ж-а энцикл. борбору, 2004. – 444 б.

120. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары [Текст] /А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. – Бишкек: Шам, 2004. – Т. 1. – 684 б.

121. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы [Текст]: энцикл. /башкы ред. Б.Орузбаева. – Фрунзе: КСЭнин Башкы ред., 1983. – 496 б.

122. Кыргыз терминологиясынын маселелери [Текст]. – Фрунзе: Илим,1971. – 70 б.

123. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү [Текст]/ түз. Ж. Осмонова, К.Конкобаев, Ш. Жапаров. – Бишкек: КТМУ, 2001. – 518б.

124. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015 – Т.1. – 800 б.; Т. 2. – 800 б.

125. Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери [Текст] / С. Сыдыков, С. Мусаев, Ч. Дыйканов, М.Толубаев. – Бишкек:Илим, 1991. – 276 б.

126. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]: 2 томдук / ред.: Э. Абдулдаев, Д. Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – Т.1: А-Күрө. – 623 б.

127. Кыргызча-орусчасөздүк [Текст]/ түз. К.К. Юдахин. – Фрунзе: Сов. Энцикл. б-сы, 1985. – 1-кит. – 503 б.; 2-кит. – 476 б.

128. Кыргызча-орусча сөздүк [Текст]: 40 000 жакын сөз/ түз. К.К. Юдахин. – Бишкек: Шам, 1999. – 976 б.

129. Лаврова, Л.В. Лексика - семантические группы слов, характеризующих человека [Текст]: дис. ... канд. филол. наук: 10.02.01 / Л.В. Лаврова. – Саратов, 1984. – 225 с.

130. Леонтьев, А.А. Поливанов и его вклад в общее языкознание [Текст] / А.А. Леонтьев. –М.:Наука, 1983. – 75 с.

131. Макал-лакаптар [Текст] /түз. А.Садыкулова. –Бишкек: Кут Бер, 2010. – 280 б.

132. Мамытов, Ж. Азыркы кыргыз тили: фонетика жана лексикология([Текст] / Ж. Мамытов. – Бишкек: Б-сыз, 1999. – 256 б.

133. Манас [Текст]: эпос / С. Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1-кит. – 448 б.; 2-кит. – 296 б.

134. Манас [Текст]: эпос / С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 1-кит. – 296 б.

135. Манас [Текст]: эпос / С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1980. – 2-кит. – 449 б.

136. Манас [Текст]: эпос / С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. – 3-кит. – 346 б.

137. Манас [Текст]: эпос / С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 4-кит. – 366 б.

138. Манас [Текст]/ жалпы ред.: Б. М. Юнусалиев [ж.б.]. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1958. – 1-бөлүк, 1-кит. – 1958. – 303 б.; 2-кит. – 1959. – 317 б.

139. “Манас” энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Кыргыз Энцикл. Башкы ред., 1995. – Т. 2: Манастын сюжети-Ярупа. – 431 б.

140. Мокиенко, В. М. Фразообразование и семантика фразеологизмов [Текст] /В. М. Мокиенко // Словообразование и фразообразование: сб. тез. докл. науч. конф.-М.,1979.- С.149-151.

141. Молотков, А. И. Основы фразеологии русского языка [Текст] / А.И. Молотков. – Л.: Наука., 1977. – 543 с.

142. Мордкович, Э. М. К вопросу о семантических полях соматических фразеологизмов [Текст]/ Э.М. Мордкович //Вопросы семантики фразеологических единиц славянских, германских и романских языков. – Новгород,1972. – Ч. 2. – С. 98-100.

143. Мукамбаев, Ж . Кыргыз диалектологиясы жана фразеология [Текст] /–Ж. Мукамбаев, - Бишкек.: Кыргызстан, 1998. – 168 б.

144. Мураталиев, М. Баатырдык кенже эпостордун тилиндеги бөтөнчөлүктөр [Текст] /-М.Мураталиев. –Фрунзе, 1976, - 176 б.

145. Мусаев, К. М. Лексикология тюркских языков [Текст] / К.М. Мусаев. – М.: Наука, 1984. – 228 с.

146. Мусаев, К.М. Лексика тюркских языков [Текст] /-К.М.Мусаев. – Москва, 1975, -С. 356

147. Мусаев, С. Ж. Айтым, анын семантика – информативдик мазмуну жана синтактика-грамматикалык структурасы [Текст] / С.Ж. Мусаев. – Бишкек: [б-сыз], 1999. – 136 б.

148. Мусаев, С. Ж. Текст: прагматика, структура [Текст] / С.Ж. Мусаев. – Бишкек: [б.и.], 2000. – 206 с.

149. Мусаев, С. Ж. Тексттин коммуникативдик структурасы [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / С.Ж. Мусаев. – Бишкек, 2000. – 36 б.

150. Мусаев,С. Манасчы, катчы, түп нуска (кириш сөз ордуна) [Текст] / С. Мусаев // «Манас» эпосу / С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек, 1995. – 1-кит. – 24-75 б.

151. Нарынбаева, Н. О. Фольклордогу кара сөз жанрларынын мифтик башаттары [Текст]: филол. илим. канд. дис. ... автореф.: 10.01.09 / Н.О. Нарынбаева. – Бишкек, 2010. – 24 б.

152. Орозбаков, С. Манастагы элестер [Текст] / С. Орозбаков; түз.: К. Маликов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1941. – 39 б.

153. Орузбаева, Б.О.Словообразование в киргизском языке [Текст] / Б.О. Орузбаева. – Фрунзе: Илим, 1964. – 311 с.

154. Орузбаева, Б.О. Сөз курамы [Текст] / Б.О. Орузбаева. – Б.: Мектеп, 2000.

155. Поваляева М.А., Рутер О.А. Невербальные средства общения. – Ростов н/Д.,2004.

156. Радлов, В. В. Опыт словаря тюркских наречий[Текст]: в 4 т. / В.В. Радлов. – М.: Изд-во вост. лит., 1963. – Т. 4, ч.1. – 1116, стлб.; Т.4, ч.2. – 1117-2230, стлб.; 107 с. – Перепечатка изд.: СПб., 1911.

157. Рыскулова, Ч. Ш. Соматизмы в лингвокультурологическом аспекте [Текст]: англисче – кыргызча сөздүк / Ч.Ш. Рыскулова. –Бишкек:ДЭМИ, 2005. – 599с.

158. Саматов, К. Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү (диахрондук жана синхрондук аспекттер) [Текст]: филол. илим. д-ру … дис. / К. Саматов. – Бишкек, 2003. – 330 б.

159. Сапарбаев, А. Метафоры в эпосе «Манас» [Текст]:автореф. дис. … канд. филол. наук / А. Сапарбаев. – Фрунзе, 1975. – 34 с.

160. “ Сейтек” [Текст]: эпос /С.Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Адабият, 1990. – 352 б.

161. «Семетей» [Текст]: эпос /С.Каралаевдин варианты боюнча. – Фрунзе: Адабият, 1989. – 2-кит. – 342 б.

162. Смагулова Г.Н. Проблемы лингвокогнитивного анализа фразеологизмо [Текст]: /Г.Н.Смагулова Функционально когнитивный анализ языковых единиц и его аппликативный потенциял Барнаул: АлтГПА, 2011. С. 406-409.

163. Старикова, Г. В. Лексика портретных описаний [Текст]: дис. ...канд. филол. наук : 10.02.01 / Г.В. Старикова. – Л., 1984. – 188 с.

164. Сравнительно-историческая Грамматика тюркских языков Пратюркский язык-основа Картина мира пратюркского этноса по данным языка Москва Наука 2006 –С 910.

165. Садыкова, С.З. Кыргыз тили: В.К.Шот, В.В.Радлов [Текст]: Моногр./ С.З. Садыкова; И.Арабаев атн. КМУ. Лингвистика ин-ту. -Б 2018 Библиогр: б.283-303.

166. Тагаев, М. Дж. Образ мира в языковом сознании киргизов через призму телесного кода культуры [Текст] / Тагаев, М. Дж. // Вестник КРСУ. – 2017. № 9 – С. 161-169.

167. Тимченко, Ирина Викторовна структурно-семантический анализ фразеологических единиц с компонентами соматизмами голова, око, вухо, нос, язык [Текст] /И. В.Тимченко, Харьков /1989. -181с.

168. Толубаев, М. Название частей тела человека в киргизском языке [Текст] / М. Толубаев // Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери. – Бишкек,1991. – 213-259 б.

169. Тыныбеков, А. Эр Табылды [Текст]: эпос / А. Тыныбековдун айтуусу боюнча. –Фрунзе: Кыргызстан, 1970. – 458 б.

170. Тыныстанов, К. Кыргыз тилинин синтаксиси (6-7-8-класстарүчүн) [Текст] / К. Тыныстанов. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1936. – 138 б.

171. Улуу Манасчы Сагымбай [Текст]: казалдар, эскермелер, иликтөөлөр/ баш. ред. К.Жусупов. – Бишкек: [б-сыз], 1992. – 138 б.

172. Ураксин З. Г. Фразеология башкирского языка [Текст] / Ураксин З. Г.М: Наука,1975.

173. Усубалиев, Б.Ш. Кыргыз филологиясы жана филологдору [Текст] / Б.Ш. Усубалиев. – Бишкек: [б-сыз], 2007. – 410 б.

174. Филиппов А. В. Жесты и их отображение в тексте художественного произведения. В сб.: Лингвистический сборник. Вып.4.МОПИ им. Н.К.Крупской. –М., 1975.-С.56-63. [Текст]/Филиппов А. В –М., 1975.-С.56-63.

175. Шаршембаев, Б. Д. «Манас» эпосунун жаңы типтеги сөздүктөрүн түзүү жана чечмелөө технологиясы [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореф. / Б. Д. Шаршембаев. – Бишкек, 2004. – 22 б.

176. Шүкүров, Ж. Кыргыз тилиндеги татаал сөздөр. –Б., 2003. – 80 б

177. Эгембердиев, Р. «Манас» эпосундагы фразеологизмдер [Текст]: филол. илим. канд. ... дис.автореф. / Р.Эгембердиев. –Фрунзе, 1980. – 20 б.

178. Эмирова, А.М. Некоторые актуальные вопросы современной русской фразеологии [Текст]/ А.М. Эмирова. – Самарканд: [б.и.], 1972. – 112 с.

179. Этнолингвистика текста: Семиотика малых форм фольклора [Текст]. – М.: Ин-т Славяноведения,1988. – 203с.

180. Юнусалиев, Б.М. Киргизская лексикология [Текст]/ Б.М. Юнусалиев. – Фрунзе: Киргизгосучпедгиз, 1959. – Ч. 1: Развитие корневых слов. – 248 с.

181. Юнусалиев, Б.М. Кыргыз диалектологиясы [Текст]/ Б.М. Юнусалиев. – Фрунзе: Мектеп, 1971. – 292 б.

182. Юнусалиев, Б.М.Тандалган эмгектер [Текст]/ Б.М. Юнусалиев. – Фрунзе:Илим,1985. – 509 б.

183. Якимова Э.С. Соматическая фразеология в марийском языке: Автореф. Дис. ...канд. филол.наук.- Тарту,1975.-26с.

ТИРКЕМЕ

«Манас» эпосундагы каармандардын образындагы соматизмдер.

Манас атанын дене мүчөсү

Маңдайы жазык, *башы* кууш,
Бар *боюнда* турат тууш.
Кочкор тумшук, *кош кирпик,*
Көркү калча, *көзү* тик.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Арстандай түстөнгөн,
Ай батына карап бак!
Эрди калың*, көзү* үңкүр,
Эр мүнөзү көрүнөт,
Кең *көкүрөк*, жайык *төш.*
Жалма кабак, жылдыз көз,
Айбаты катуу, заар *жүз*.
Ажыдаардай анда түс,
Жолборс *моюн*, жоон *билек*,
Жооруну калың, таш *жүрөк,*
Жылма *маңдай*, жылдыз *көз*,
Кайраты ашык каар сөз,
Ал муруту *сеңирдей*
Айбаты албарс темирдей
Муруну тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү жуткундай,
Ар мүнөзүн караса,
Ажыдаар болсо туткундай,
Алтын менен күмүштүн

Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериндин ,
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүндүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай күндүн
Жаркынынан бүткөндөй
Көркү-калча, *көзү* тик
Көбүнө айтса сөзү тик
Жолборс *жүрөк,* таш *билек*
Жооруну калың, жар *кабак*
Жоругуна карап бак (СО,2,148)

Бакайдын келбети

Ак сакалын жайкалтып,
Боз жоргосун чайпалтып.
Капилеттен сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан.
Бабаң Бакай Манасты,
Салып жүрүп там кылган,
Сандыргалуу абакең,
Сайып жүрүп бак кылган.
Кабылан Манас баатырды,
Кырк уруу кыргыз журтуна,
Кан көтөрүп баш кылган.
Ак калпак кыргыз журтуна,
Кызыл бөрктүү хан кылган.
Көптү көрүп катыккан,

Көсөм Бакай атыккан.
Бул дүнүйө жалганда,
Атын уккан адамзат,
Бир көрүүгө ашыккан.
Бул дүйнөдө көзү ачык,
Оо, дүйнөдө сөзү ачык.
Сөзгө чечен тил жатык,
Басыгы кымбат, сөзү алтын
Батасы кымбат өзү алтын
Кымбатым Бакай баратат (Д,С,Сейтек 328-б)

Бакай жоо бетинде

Бакайдын түрү бир бөлөк,
Тоо жарылып чыккандай,
Жерден бүркүт учкандай.
Алдындагы баланы,
Жегидей тирүү куткарбай.
Сакалы артка жайылып,
Көзүнөн жалын агылып,
Бакайдын түрүн көргөндө,
Карап турган Эр Сейтек,
Акылынан жаңылып.
Көрүп карап турганда,
Келе жаткан Бакайдан,
Сезилбей калды карылык (Д,С.С.230-б).
Акылман тууган Бакай хан,
Атам Манас көк жалдын,
Арбагы журттан ашырган.
Аргын кыргыз балдары,
Ата ордуна тутунган.

Бакай келет дегенде,
Ашалып душман күтүнгөн,
Калбаа болгон ишиңди,
Калыстык менен бүтүргөн.
Олуя пирлер жолуккан,
Кылымдагы кыргыздын
Батасын алып оолуккан.
Намысын бербей элинин,
Чегин бербей жеринин,
Душманга эчен тоорушкан.
Мен Семетей баатырды,
Жандап жүрүп жан кылган (Д,С.С,327-б)

Кошойдун келбети

Туйгун Кошой абаңыз
Туулган жерде алп болгон.
Баатырдыгы башкача
Бар шайманы карк болгон.
Ар мүчөсү келишкен.
Алптар менен жеңишкен.
Каары катуу, өңү саз,
Качкан эмес өлүштөн.
Сакалы кара көмүрдөй,
Кайраты катуу темирдей.
Келишкен өзү кең төрдөй,
Кармашкан жоону тең көрбөй,
Кайраты ашкан жашынан,
Каршыккан жоого жол бербей.
Алагар көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,

Майдан кылса душманга,
Майдалап чыккан талкандай
Алачыктай күрсү алган,
Тоону көрсө бир салган.
Тоону кошой тоздуруп,
Толуп жаткан чыр салган.
Чойундай болгон чочмору,
Тоону чапса тос кылган.
Ташты чапса гүл кылган.
Мындай эрдик ким кылган!
Чочморунан чок чыккан,
Таш жарылып, от чыккан,
Жабыр салып журтуна,
Жага жаман айтпаган,
Казатка кирсе чамынып,
Каарын төкпөй кайтпаган.
Ачуусу келсе арбаят,
Ант ичкендей саргайат.
Бурулуп мурут тик чыгат,
Жаагын жарып түк чыгат.
Ой деп койсо добушу,
Замбиректей заңк этет.
Жайланып туруп сүйлөсө,
Жасайылдай даңк этет.
Атадан артык туулган,
Ааламга салган чуулган.
Басташып жүргөн душмандын,
Баарысын бөйдөй куурган.
Бекип калган Бээжиндин,
Жолун ачкан эр Кошой.

Алты шаар кашкардын,
Жерин алган эр Кошой
Жери менен аралаш,
Желин алган эр кошой
Аттанып чыкса , ак жолтой,
Жолу ачылган эр Кошой.
Баатыр Кошой абаңдын,
Алптыгында чен барбы?!
Кан Көкөтөй ашында,
Көп жыйындын башында.
Кайран бабам кан Кошой,
Кең Каркыра сазында.
Сакалы куудай чагында,
Сексен эки жашында,
Балбанга чыккан эмеспи,
Балбан Жолой баатырга.
Жети күнү күрөшүп,
Жараган экен намыска.

Чубак баатырдын келбети

Баатыр Чубактын эрдиги,
Манаска тууган жердиги,
Эч ким муну кемитип,
Кеткен эмес теңдиги.
Манастан жоону көп сайган,
Баатырым сайды деп сайган,
Арстандан жоону көп сайган,
Айкөлүм сайды деп сайган,
Сыйда сакал,тик мурут,
Жаагы жазы, кыр мурун,

Жан адамга билдирбес,
Жайдарың Чубак ич сырын.
Ажыдаардай жүрөктүү,
Ак жолборстой билектүү,
Сапырылтып душманга,
Салып жүргөн дүмөктү.
Көк ырапыс тон кийген,
Көк ала тулпар ат минген
Жети түмөн кол келсе,
Желиккен бойдон бир тийген.
Ач, айкырык, куу сүрөөн,
Алышса адам тең келбес,
Арстандын тиши өтпөгөн,
Атса мылтык өтпөгөн,
Чапса кылыч кеспеген.
Кууса качкан кетпеген,
Качса кууган жетпеген.
Кыргыздардын кырааны,
Кан балтанын Чубагы.
Ааламды буй кылганы,
Арстандын бири будагы.
Кара мылтык карс этсе,
Чубакең, качпай турган эренден.
Чогоол мылтык чорт этсе,
Чубакең чоочубаган беренден,
Арстан Манас баатырдын,
Алдында жүрсө ак жолтой,
Ак асаба туу кармап,
Чубакең артында жүрсө сан колдой

Манастын эң жакын чоросу, Алманбеттин келбет- көрүнүшү.

Билеги жоон, таш жүрөк
Душманга салган чоң дүмөк,
Бил мүчөлүү бадирек,
Айбаты арстан, жолборстой
Алышкан аман болбостой
Азыр келген, сен кимсиң?
Албарстан кылыч байланган,
Асмандагы булуттай,
Аркы-терки айланган ,
Атышкан жоосун жайлаган
Алп мүчөлүү сен кимсиң?
Жулкушканын алгандай,
Журт бийлеген зардалдай,
Кармаганын оң кылбас,
Каруусу толук балбандай,
Карап турган сен кимсиң?
Качыруучу жолборстой,
Марап турган сен кимсиң?
Карагулду тутууну
Самап турган сен кимсиң?
Бу сөздү айтып Карагул
Бура тартып мына бул
Кекселикке салганы.
Кетер жагын бет алып,
Кетенчиктеп калганы.
Кытайча сүйлөп кыжылдап,
Кыраанын Алмаң барганы.
Шаарым менин Чын-Мачын
Жайымды уксаң тыңдаарсың.

Кангулардын калкымын,
Бакбурчанга бадыша (СО,4,279).
Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын Алмамбет.
Алтын жака тон кийген,
Ай сарала ат минген.
Адамдан чыккан эр экен,
Арстан жүрөк шер экен.
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн.
Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү.
Кынсыз кылыч байланган,
Каар бетине айланган.
Кыжылдаган жоо келсе,
Кылчайбай кирип кол салган.
Кара жаак айбалта,
Кайкалата аштаган.
Кырк түмөн кыргыз аскерин,
Кылкылдата баштаган.

Манастын баатыр чоролорунун бири, Сыргактын келбет-көрүнүшү.

Жолборс кыял, бөрү көз,
Жооруну калың, жайык төш
Ачуусу токтоо, жатык сөз,
Ар кылган иши Манаска эп,
Ат коюлган Бердибек,
Акыр заман журтуна
Атагы калган Сыргак деп,
Сыны-сыргак, өзү эр,

Сынын билген айткан эл-
Сырттандардын өзү дээр.
Көрө салып эр Сыргак
Көкказык атын кындыйтып,
Көк найзаны зыңкыйтып,
Он эки баатыр кириптир,
Ойрон салып ийиптир.
Кара калпак кыргагы,
Кабылан Манас Сыргагы.
Узун бойлуу кең далы,
Улак кандын Сыргагы.
Атка жеңил, тайга чак,
Жол жүргөндө жоого сак.
Чыканактап тынч албай,
Чырым этип уйку албай.
Алдыда жүрсө ак жолтой,
Артта калса сан колдой.
Алды жагын карасаң,
Арстан эрдин сүрү бар.
Ай далысын карасаң,
Алтымыш эрдин күчү бар.
Кырк чоронун кенжеси,
Кыраан Манас баатырдын,
Жол жүргөндө эрмеги.

«Манас» эпосундагы алп-жоолордун бири-Жолойдун келбет-көрүнүшү.

Калмактын балбан Жолою
Карыны ачып калыптыр,
Алты батман данды жеп

Дан жыттанган чоң Жолой,
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой!
Жети батман буудай жеп
Дан жыттанган чоң Жолой,
Жетимиш алпты бир союп
Кан жыттанган чоң Жолой!
Каалгадай таманы,
Качыргандан кайтпаган
Кара калмак каманы.
Өкүм менен чакырып
Өзүң көргөн Бокмурун
Кылмышкер болгон заманы.
Аргын, субун кыйла калк,
Алиги Жолой кыйын алп.
Атасы бар, бата жок,
Айтканы бар ката жок.
Энеси бар нике жок,
Элде мындай бөкө жок.
Көлдөлөңү көп жоон,
Көк торгундай кийген тон
Туурасы жоон, бою бас,
Дулдугуй беттүү, өңү саз,
Душмандын зору динге кас.
Малакай кийди башына,
Алты жаң-жуң ээрчитип
Жолдош алып кашына (СО,3,120-121).

Коңурбайдын келбети

Жагжайыңкы төшү бар,
Так чыныдай көзү бар,
Кыңшылаган үнү бар,
Кызыл сур келген жүнү бар,
Чоң казандай башы бар,
Уя баскан айгырдын
Куйругундай чачы бар,
Көкүрөк жүнү самсаалап,
Көчүк жагы тарбайып
Жыпжылаңач санталак,
Азуу тиши бир карыш,
Алкымы бар бир кучат
Азууларын караса
Албарс болот, курч бычак,
Капталында калы бар
Моюн менен шилиде
Кере кулач жалы бар (СО,1,2240).
Чоңдугу бар өгүздөй,
Аяк басса адамдай
Капталында канат бар,
Куйругунда кылычы,
Куп тамаша бул ушу.
Желдей учат желиши,
Жаңы экен ушу келиши,
Тырмактары арбайып,
Оозу жаман аржайып,
Жерди басса айбандай,
Көчүк жагын караса
Алгыр кыраан тайгандай,

Башында мүйүз көрүнөт
Найзадан мурун сайгандай (СО,1,225).

Коңурбай Бокмурундан мааникерди өкүм менен сураганы.

Өңү бышкан өпкөдөй
Сакалдары туу куйрук
Сараптан тешип өткөндөй,
Көзү өгөгөн темирдей,
Муруну бар капырдын
Бузулган тоонун сеңирдей
Түлөгөн жору каштанып,
Өгүздөй болгон чоң доңуз
Өрттөнгөн доңгоч баштанып
Бурду анын бородөй
Эки көздүн чуңкуру
Казып койгон ороодой,
Кирпигинин чылпагы
Мергендердин шородой
Как күбө тонун жамынып
Арстандай чамынып,
Ачууланды киргенден
Сөз айтууга камынып.
Сасык айран, көк курут
Салпылдаган бадирек,
Кан көкөтөй ашы деп (СО, 3,130).

Алооке хандын келбети

Алооке деген кан көрдүм
Конуш жеткис кол көрдүм
Кошунун кумдай мол көрдүм

Колун койдой айдаган
Алооке деген зор көрдүм.
Алачык үйдөй күрсү алган,
Ачууланса токтолбой
Ала-Тоону бир салган,
Бир салып тоону жок кылган,
Ташты чапса чок кылган
Алптын көрдүм сонунун,
Азыр көрдүм таңыркап
Аскеринин борумун.
Күрсүлөрү өгүздөй
Күчтүүлөрдү мен көрдүм,
Ажыдаар айбаттуу
Түстүүлөрдү мен көрдүм,
Аянбай чыгып майданга
Түшчүүлөрдү мен көрдүм.
Өлтүрмөккө Манасты
Кекенгенди мен көрдүм.
Өкүмат кылып урушка
Бекигенди мен көрдүм,
Кызылдай коркуп кыргыздан
Шекигенди мен көрдүм.
Алооке кандын Манаска барганы
Он жашар бала билектей,
Билектерин караса,
Бир казан батчу челектей,
Күчү кайнап ташкандан,
Күрөшүүгө жан таппай
Өз күчүнөн шашкандан
Мойну бука белиндей

Оп тартканда деми бар
Улуу –Белдин желиндей
Териси пилдин теридей,
Таш жайыгын карасаң
Дөбөлүү тоонун керидей,
Таш жайыгын карасаң
Дөбөлүү тоонун керидей
Кышкы кирген буурадай
Кычырап тишин чайнаган,
Кылып иер балаа деп,
Кынжы салып байлаган
Өрттөй көзү жайнаган,
Токсон экен балбаны,
Согушуучу адамдын
Чыгара турган далдалы СО,2,186.

Алп дөөлөрдүн бири Макелдин келбети

Бет ырайы Макелдин
Жанында турган немедей
Карап көрсө мүнөзү
Капырдан чыккан кар өңдүү,
Желкесин кырккан нар өңдүү,
Оозу ачылган көр өңдүү,
Жалгыз көзү жаркылдайт
Ноот обоз көл өңдүү,
Мандайынын бырышы СО,4,238.
Басыра жайлоо төр өңдүү.
Өң-далаатын караса,
Өрттөнгүн кара жер өңдүү,
Азуу тишин карасаң,

Алгыр жолборс шер өңдүү,
Каш, кирпигин карасаң,
Караңгы токой чер өндүү.СО,4,238

Семетейдин келбети

Атам Манас колдо - деп,
Арбагына табынып,
Жоого Семең киргенде,
Токтоосуздан жүргөндө.
Ал муруту сеңирдей
Айбаты арстан темирдей
Каарданып караса
Көрүнгөндү жегидей.
Жоону көрсө сүйүнгөн
Кайынын көргөн эмедей
Манастын уулу Семетей,
Атасынын бабасын,
Тукумунан баласын,
Колдоп жүргөн Кожоасан,
Жолдоп жүргөн жоласан
Кырк чилтендин бириси,
Кара чаар Кабылан.
Жандай салып кабынып,
Чолок көк жал арстан,
Жара тартчудай чамынып.
Кара маар ажыдаар,
Алдынан сойлоп жан тартат
Алп кара куш айланып,
Үстүнөн учуп үн катат.
Ушулардын баарысы

Бирде келет көрүнүп,
Бирде келет көрүнбөй.
Келе жаткан Семетей,
Кара дөөнүн көзүнө,
Көрүндү ажал өзүндөй.
Оозунан чыккан көк түтүн,
Найза бою бүркүлөт.
Маңдайлаша келгенде,
Кадимкидей Кара дөө,
Өөнө бою дүркүрөп.
Алдындагы Тайбурул,
Араандай оозу ачылып.
Туяк тийген жерлери,
Казанбактай казылып,
Жуудуруктай даңкандар,
Туш-тушуна чачылып.
Кара дөө баатыр,Семетей,
Жакындашып жеткени,
Күрсүлдөшүп өткөнү.
Найзалар сынып жоголду,
Баатырсынган Кара дөө.
Кыйшайып барып оңолду (Д,С.С,307-б)

Күлчоронун келбети

Аткарган ишин так кылган
Кызматын элге ак кылган.
Касын тиккен душманды,
Кара жерге жапшырган.
Күлчоро жүргөн жеринде,
Артынан кызыр ээрчиген.

Ак калпак кыргыз журтуна,
Кызмат кылып телчиген.
Кырк уруу, кытай, калмагы,
Дүрбөп качкан көркүнөн.
Башына кудай бак берген,
Кыргыз элдин багына,
Көктөн Теңир алып келген (Д,С.С,329-б)

Сейтектин төрөлүшүндөгү келбети

Ородой оозу ачылды,
Оңгурап үндү салганда,
Ободо жылдыз чачылды.
Төбөдөгү жылдызды,
Көркүн көрсөң сүрдүккөн,
Көзү оттун күйүктөн.
Эки ийиндин мүрүсү,
Кулагына бириккен.
Каман моюн карыштай,
Эки көздүн ортосу,
Жүрүп кеткен алыштай.
Кабагы карыш салынган,
Каңылжаары калыңдан.
Эки ээрини албайып,
Аңыздай бороз салынган.
Карышкыр жаактуу тоң моюн,
Жал басыптыр кыр жонун.
Бекем түйүп алыптыр,
Ушул бала колдорун,
Колдогону кызыр шаа.
Колун ачып караса,

Оң колунда сары май,

Сол колунда сары кыл.

Бөтөн жерде төрөлүп,

Насибин ала келиптир.(Д,С.С,20-б)

Сейтектин Кыяздын айтканын орундатканы аттанышындагы келбети

Суусардан кылган бөркү бар,

Адамдан артык көркү бар.

Үстүндөгү кийимин ,

Көтөрчүдөй атан нар.

Кулагында эни бар,

Көнчөктүн асты айрылган,

Шилиден ылдый жалы бар.

Айры шили кайрылган,

Көзү көктөй көгөргөн.

Көзүндөгү отуна,

Көп душмандар көзөлгөн.

Кыргый мүчө кырданган,

Алты жүз эрдин каруусун,

Бир колуна ыйгарган.

Ителгидей чалгыны,

Эч болбоду дегенде,

Пилди жыга ургандай.

Кара күчтүн аздыгы,

Илбирстей чапчаңы,

Шамалдай шайдоот басканы.

Салмагына эзилген,

Таманда калган таштары

Чайпалышы чагылган,

Тирүү кетпес көрүнөт.
Салаасына кабылган,
Найза урган күүсүнөн,
Шамал бойду үшүткөн.
Боз үй турса күүсүнө,
Айрылган туурдук-үзүктөн.
Мыкты балбан болсо да,
Бир урганда найзаны,
Ат үстүнөн түшүргөн.
Өтүп кеткен желинен
Жалбырак бактан күбүлгөн
Адам тирүү жалындуу,
Көзүндөгү учкуну.
Азыр эле нар төөдөй,
Колундагы муштуму.
Көчкөн жардай кабагы,
Эки пилдин терисин,
Кошконундай таманы.
Ителгидей сымбаты,
Калың элдин кымбаты.
Аттанып чыкты алыска,
Кыязыңдын айтканын,
Орундатып барышка.(Д,С.С,70-б)

Сейтектин келбети

Жүлжүгүй көздүү, тик кабак,
Кара сур өңдүү, жазы жаак,
Колдогону чоң экен
Аталары жабылып,
Баары жүрөт арыраак.

Аркасында көк дөбөт,
Иттин белем сырттаны
Бирде келет жакындап
Бирде кетет алыстап.
Көтөргөнү көк найза,
Кучак жеткис өлчөсөң.
Кыргын салып кетет го,
Сураганын бербесең.
Көк олпоктун тышына,
Көзөнөк бүчү кадалган,
Корко турган түрү жок.
Азыркысын ажалдан,
Оозунан оту төгүлүп,
Кара жерди күйгүздү.
Анча-мынча чабалды,
Ычкырын чечпей сийгизди.
Майданга чыгып барганы,
Арта туулган Эр Сейтек
Калың журттан арбагы.
Кирпиги жалын көзү чок,
Айткан кеби аткан ок.
Кишиде мындай шумдук жок.
Көп душманга көңүл ток,
Капаланып кайгы жок.
Атасынан бабасын,
Колдоп жүргөн пирлери,
Жабылып кошо жүргөнү.
Сейтектин сүрүн көргөндө,
Алдыңкы турган кытайлар,
Артка качып дүрбөдү (Д,С.С,335-б)

Узун илек доо болсо,
Такалбаган шар сөздүү,
Өткүр чечен билимдүү.
Акылга дыйкан көрөгөч,
Такалбаган эр мүнөз.
Таалайы тайкы болбосо,
Кан болуучу эр эле .
Жараткан жазып койбосо,
Ошондогу хандардан,
Кайсы жери кем эле.
Суркоен минип болкойуп,
Наакери бутта чойкоюп,
Найзасы колдо койкоюп,
Узун бойлуу кең далы,
Бөлүнүп элден оркоюп.
Сейтек баштап калың кол,
Суусамырдын белине
Келип түшкөн кезинде (Д,С.С,304-б)

Канчоронун келбети

Канчоро болуп калк башы.
Абалкысы Чоронун,
Куйкасы калың кууштай.
Каарын салып караса,
Кышкы кирген сууктай.
Эки ийини керилип,
Кошулган эки ууктай.
Көзү көлдүн көктүгү,
Кашын көрсөң карандын,
Оролуп чыккан чөп түбү.

Адам карай алгысыз,
Канчоронун бет сүрү (Д,С.С,39-б)
Мурунун колго кынаптап,
Куюп койгон калыптай.
Оозун көрсөң калбайып,
Кемери көчкөн арыктай
Төш жары калың кеседей,
Аркасы эки көчөдөй.
Таманы баскан бир изи,
Жөн кишидей экөөдөй.
Баштагынын бири жок,
Тийгендей болду кызыл ок.
Жылан чакпай Чорону,
Жылкы теппей ошону,
Катуусу кайып темирдей
Жыга тартып бошоңу (Д,С.

Кыргыздын Жигити энеси агала сакал карысы.

Жеңдүү күрмө кийгени
Желбеген жорго мингени.
Кымыз уулап, кыз сурап,
Күндө кызык жүргөнү ,
Жигити шайыр кыргыздын.
Агала сакал карылар,
Нуркалуу сөздөн сүйлөгөн.
Басканы шайдоот жигиттей,
Бүжүндөшүп жүрбөгөн.
Ак элечек энелер,
Каадасы менен карыган.
Орду менен сүйлөсө,

Олутту сөзү абыдан.
Каркырадай тизилип,
Сый-урмат көрүп баарынан,
Кыргызды кыргыз кылгандар,
Улуу көчүн алаган.
Мына ушундай карылар,
Бүлүнгөндү кураган.
Бир сөз менен башкарган,
Бири чеки баспастан,
Улуунун сөзүн аткарган (Д,С,С. 204-б)

Доргун баатыр

Аты басып жыгылып.
Күндүз туруп күүгүмдөп,
Уюган чаңдан ичинде
Баштагыдан башкача,
Доргун кирип күчүнү,
Кез келгенди чалыптыр.
Жезбилек колу түтүүгө,
Азганактай кыргызга,
Кыйын болуп калыптыр.
Жаалданып кытайлар,
Жапаны жаман салыптыр.
Баргансайын кытайлар,
Үстөмдүк кылып алыптыр.
Барган сайын бул доңуз,
Жаалданып күркүрөйт.
Жүзүнө пенде карабай,
Көбү качып зиркирейт.
Так майдандын ортосун,

Өзү билип жүрдү, - дейт.
Тилегеним келди - деп,
Маңдайдан найза уруптур.
Обонун бетин бузушуп,
Доргун баатыр, Жезбилек,
Кармаш кылып туруптур.
Кармашып экөө турганда,
Жер силкинтип козгоптур.
Калгандары карашып,
Уруш калбай токтоптур.
Кезиккенде эки дөө
Бири-бирине катылды.
Калганы уруш кылбастан,
Экөөнү көрүп басылды.
Доргундун түрү бир бөлөк,
Тоо көчкөндөй күркүрөп,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Оозунан оту бүркүлөт (Д,С.С,254-б)

Жезбилек

Ал дагы балбан эр жүрөк,
Кача койчу жан эмес.
Кармашкандан капилет,
Каршы чаккан душманды,
Аттандырчу акырет.
Узун бойлуу тууралжан,
Эр мүчөлүү бадырек
Чоңдугу бар дөбөдөй,
Муруту бар желедей
Эшиктей тумар моюнда,

Карагай найза колунда
Койгулашып эки дөө,
Жердин бетин бузушту.
Барган сайын чарчабай,
Улам күчөп кызышты.
Бозкеригин камчалап,
Капчыгайдын шамалдай,
Баштагыдан аркырап,
Доргун жаман күчөдү.
Кетенчиктеп Кермарал,
Отуруп жерге калганы.
Үстүндөгү Жезбилек,
Чалкадай кетти алдагы (Д,С.С,253-б)

Санираны бай Жакып келип көргөндөгү келбет-көрүнүшү

Он алты жарым жашы бар
Олоңдой кара чачы бар
Сары алтындан түймөдөй
Келишкен кара кашы бар.
Боростой кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип,
Чийдей кашы чийилип,
Жазык маңдай, кара көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз
Аркасы кайкы, аркар төш
Ай чырайлуу, бото көз
Кызыл жүзү нурданган
Кыпча бели буралган СО,2,354.
Кирпиги узун, тунук көз
Ыйлуу болор киши экен

Бир бүлөнү он бөлүп
Оюн терең жиберип,
Оң жагынани имерип,
Кирпиктей кирди койбостон
Боюн сылап тараган,
Аяк-башын имерип
Жыртык койбой караган,
Болжолу жок боорукер,
Эзилтип адам көңүлүн
Эт боорунан жараган,
Үзүлгөнүн улаган,
Көзү чалган бенденин
Үзүрү болсо сураган,
Жетишпедим дегенге
Жеңин кесип бергендей
Берендик жайы бар экен,
Жеткире акыл ойлогон
Тереңдик жайы бар экен.
Короз моюн, колоң чач,
Босого мандай, боору таш,
Бекемдик жайы бар экен,
Болжогондой сөзү бар,
Болор кепти бир айткан
Чечендик жайы бар экен СО,2 ,355.

Сани кыздын Манастын сунушуна макул болушундагы келбети

Кызыл-тазыл кийинип
Кыздарды мунуң камдаган.
Жез жыгадай майышып,
Жекенге буту чалышып

Алтындан күрмө жаргытып
Айдай жүзүн балкытып,
Мандили бүркөп тон менен,
Басып чыгып жол менен,
Беренжилүү тондору,
Пери ургандай теңселип,
Көкүлдөр көздө сеңселип,
Жең билекке батпаган,
Жел жагына ким чыкса
Көз көрүм жерге буркурап
Жыпардын жыты каптаган,
Күрөөкө тондой жылт этип,
Күдөрү тондой былк этип,
Күкүктөй үнү шыңк этип,
Желбегей тонун жамынып,
Дандырлуу оттой камыгып,
Жез комуздай зыңк этип:
Барча тажик ,Кыйба үчүн
Багыштадым башымды
Бу дүйнөдөн көрбөдүм
Бул өңдөнгөн асылды.
Бектерден бешөө кошулсун,
Мен барайын акыры,
Кылчайуучу эме эмес
Кыргыздын Манас баатыры СО,2,413.

Каныкейдин сарамжалдыгы

Кыргыл баштап карысы
Тышка чыгып караса
Кырк чорого кырк бедөө

Кыйладан бери бактырган,
Соорусуна баарынын
Жолборс үртүк жаптырган,
Дилде жүргөн каттырган,
Куранды ээр токутуп ,
Кундуз көрпө тарттырып,
Мамык жазтык арттырып,
Басмайылды үчтөн тарттырып
Ыкчырылтып ыргытып
Ыкыстатып ойнотуп
Ок жыландай сойлотуп
Оозуугун чайнатып:
Оттой көзүң жайнатып,
Кол канжыга башыка
Бирден доол байлатып,
Билериги бары алтын,
Билезиги сары алтын
Сары алтынга саптаган
Чымын тийсе чынк эткен,
Чыбык тийсе кадимки
Мылтык аткан эмедей
Кулап тунуп зынк эткен
Курбусу алтын көк доол
Кол канжыга көмкөрүп,
Алтын соот-күрөөкө
Аркасына бөктөрүп
Бороонду күнү суук өтпөс
Жааанду күнү суу өтпөс СО,4,99-б

Кыз Сайкалдын келбети

Эт чыбыктай ийилген
Эркекче кийим кийинген,
Акак тиштүү, кыйгач каш,
Жазык маңдай, түймө баш,
Ак-кызылы бөлүнгөн,
Айнектей көзү көрүнгөн,
Нурдуу кызыл бети бар,
Ууздан аппак эти бар,
Короз мойун, кобул кол,
Атанын сонун сулуу бол!
Талабы журттан бөлүнгөн,
Жуткан кызыл кымызы
Тамагынан көрүнгөн СО,2,47.

Акылайдын келбети

Он алты жарым жашы бар
Олоңдой кара чачы бар,
Тал чыбыктай бою бар,
Салтанатын коюп сал.
Кашы кара кыйылган,
Канга ылайык бу бир жан.
Көзү кара коюлган,
Көргөндүн көөнү тоюнган.
Ар мүнөзү бир башка
Ак тасмадай чойулган.
Тиши байман күрүчтөй
Өң шоошагы, сыпаты
Зымга тарткан күмүштөй
Ачык кабак, жатык сөз,

Кобуш мурун, марал көз,
Алма моюн, түймө баш,
Кепичинин такасы
Жаркыраган жакут таш СО,2,216.
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай!
Короз моюн, аппак эт,
Койкоңдогон кара бет!
Карагат көздүү, кардай эт,
Кашкаңдаган кара бет,
Кыздардан чыгып бөлүнүп,
Кыргоолдой мойну көрүнүп
Сунала басып суйкайып,
Суу чыбыктай буралып,
Султан эрге бет алып,
Манасты башта көргөндөй,
Баатырдын барды кашына,
Кыз да болсо Акылай,
Конду дөөлөт башына [СО,2,221].

Айчүрөктүн келбети

Айды чаптап койгондой,
Айчүрөктүн жүзүнө.
Өрдөктөй мойну көрүнгөн,
Өрмөктөй чачы төгүлгөн.
Ак куудай мойну көрүнгөн,
Ак маржан чачы төгүлгөн.
Жумшап колу булумдай
Ар сымбаты кулундай.
Баскан изи угулбай,

Сулуулугу турумтай.
Жасаган экен жалгыз жан,
Сулуулук берип бир кудай.
Ак теректей ыргалган,
Перилер жерге ыйгарган.
Басканы таманы,
Жердин бети суктанган.
Айчүрөктөй айымды,
Көрдү бекен бул жалган.
Көк теректей ыргалган,
Перезаттан бул калган.
Перилердин белеги,
Жаралбайт мындай сулуудан.
Сулуусуна суктанып,
Ак кунун мойну бурулган.
Бышып турган өрүктөй,
Жумшактшыгы көбүктөй.
Сулуулугу Чүрөктүн,
Айдан түшкөн бөлүктөй.
Акылы жетик, эң билгич,
Кылар ишти суратпайт.
Адам эмес айланган,
Айды, Күндү тузактайт.
Сулуусунан сүрдүгүп,
Тартылып ташкан суу акпайт.
Аялдан чыккан асыл жан,
Сулуу экен,- деп Чүрөктү айт (Д,С.С,13-бет)
Акундун кызы Айчүрөк,
Периден келген бир дүмөк.
Көзүндө мөөрү бар,

Тилинде сөөлү бар

Кеби эки болбогон,

Каргышы кайтпас жөнү бар.

Каргап койсо Айчүрөк,

Бүтүн элге тийбесин!

Дене мүчөлөр		Сыпаты, мааниси	бардыгы
1	**баш**	**18**	**18**
2	**бел**	**9**	**9**
3	**бет**	**10**	**10**
4	**билек**	**4**	**4**
5	**бой**	**12**	**12**
6	**Бут**	**5**	**5**
7	**Далы**	**3**	**3**
8	**Жаак**	**9**	**9**
9	**кабак**	**3**	**3**
10	**каш**	**9**	**9**
11	**кирпик**	**4**	**4**
12	**кол**	**18**	**18**
11	**көз**	**41**	**41**
12	**кулак**	**3**	**3**
13	**маңдай**	**5**	**5**
14	**моюн**	**8**	**8**
15	**мурун**	**6**	**6**
16	**мурут**	**2**	**2**
17	**ооз**	**5**	**5**
18	**тиш**	**5**	**5**
19	**төш**	**2**	**2**
20	**чач**	**5**	**5**
21	**эт**	**6**	**6**
22	**баары**	**192**	**192**



Соматизмдердин жөндөмө, жак, сан боюнча өзгөрүшү:

Атооч	**24**	**Жекелик сан.көз**	**Көптүк сан.көздөр**
Илик	**11**	**кол**	**колдор**
Барыш	**14**	**чач**	**чачтар**
Табыш	**11**	**тиш**	**тиштер**
Жатыш	**12**	**бут**	**буттар**
Чыгыш	**17**	**жүрөк**	**жүрөктөр**
Жак таандык мүч.	**31**	**көз**	**көздөр**
бардыгы	**120**	**каш**	**каштар**

1.«Манас» эпосундагы баатырлардын портретиндеги **компоненти** зат атоочтон сын атооч жасоочу **-дай, -дей, -дой, -дөй, -тай, -тей, -той, -төй** мүчөсү менен жасалган соматизмдер.

1. Чоң казан**дай** баш,
2. Ботод**ой** бели,
3. Олоңд**ой** чачы
4. Чийд**ей** кашы,
5. Ал муруту сеңирд**ей**,
6. Муруну тоонун кырдач**тай**,
7. Муруту чөлдүн камыш**тай**,
8. Көзү көлдүн буткул**дай**,

18. Ород**ой** оозу ачылды
19. Айд**ай** жүзү,
20. Күкүк**төй** үнү,
21. От**той** көзү,
22. Кара үңкүрд**өй** көзү
23. Айнек**тей** көзү,
24. Мышыктыкынд**ай** көз,
25. Төөд**өй** буту .

9. Так чыны**дай** көзү,
10. Өңү бышкан өпкө**дөй**,
11. Көзү казып койгон ороо**дой**,
12. Кирпигинин чылпагы,
13. Мергендердин шоро**дой**,
14. Билектерин караса,
Бир казан батчу челек**тей**
15. Мойну бука белин**дей**,
16. Орт**төй** көзү жайнаган,
17. Араан**дай** оозу ачылып,
26. Жолум үй**дөй** башы,
27. Деңгене**дей** башы,
28. Алма**дай** бет,
29. Ай**дай** бет,
30. Баркыт**тай** бет,
31. Дулдугу**й** бет,
32. Жылма**кай** бет,
33. Үч кулач**тай** бою,
34. Тал чыбык**тай** бою,
35. Төө**дөй** бой,
36. Өрдөк**төй** мойну

2. **Компоненти** зат атоочтон сын атооч жасоочу **-луу, -лүү, -дуу, -дүү, -туу, -түү** мүчөлөрү менен жасалган соматизмдер

1. Албыр**луу** бет,
2. Нур**дуу** кызыл бет,
3. Упа**луу** бет,
4. Безетке**лүү** бет,
5. Ай чырый**луу**,
6. Сепкил**дүү** бет,
7. Сыр**дуу** каш,
8. Ай түс**түү** каш,
9. Шоро**луу** көз,
10. Бөрү көз**дүү**,
11. Бото көз**дүү**,
12. Жаш**туу** көз,
13. Кызыл түс**түү** чач,
14. Какач**туу** чач,
15. Кат**уу** чач,
16. Коюу чач,
17. Кайрат**туу** чач,
18. Чер өң**дүү** кирпик,
19. Инжи тиш**түү**,
20. Акак тиш**түү**
21. Көр өң**дүү** ооз,
22. Күч**түү** билек.

3. Компоненти –ган, -ген, -гон, -гөн, -кан, -кен, -кон, -көн мүчөлөрү атоочтуктар менен жасалган контексттик соматизмдер

1. Үңкүй**гөн** баш,
2. Кашкаңда**ган** кара бет
3. Бүжүрөй**гөн** кыска бой
4. Керил**ген** каш
5. Чийил**ген** каш
6. Кыйыл**ган** каш
7. Келиш**кен** кара кашы
8. Алжай**ган** каш
9. Түйүл**гөн** жаман каш
10. Акырай**ган** көз
11. Чалыр, түз карабa**ган** көз
12. Акырай**ган** көз
13. Жалтыра**ган** көз
14. Жадыра**ган** көз
15. Кылгыр**ган** көз
16. Киртей**ген** көз
17. Чакырай**ган** көз
18. Кыркыл**ган** чач
19. Өрүл**гөн** чач
20. Кирде**ген** чач
21. Жулун**ган** чач,
22. Кесил**ген** чач,
23. Түйүл**гөн** чач
24. Молой**гон** кулак
25. Дөмпөй**гөн** маңдай
26. Ийил**ген** кирпик
27. Ак кире баштa**ган** мурут
28. Чыйрал**ган** мурут
29. Чыйратыл**ган** мурут
30. Коңкой**гон** мурун
31. Жарк эт**кен** тиш
32. Чолой**гон** кол
33. Үрпөй**гөн** чач
34. Агар**ган**, ак кир**ген** чач

4. Эки сөзү тең зат атоочтордон түзүлгөн сын атоочтук соматизмдер

1. Эр жүрөк,
2. Жар кабак
3. Түймө баш
4. Кумар көз
5. Сурма көз
6. Алмаз көз
7. Бөрү көз
8. Бото көз
9. Карагат көз
10. Кой көз
11. Жылдыз көз
12. Каухар көз
13. Жибек чач
14. Бөрү кулак
15. Жолборс маңдай
16. Дөң маңдай
17. Жайык төш
18. Жолборс төш
19. Эчки сакал
20. Куш тумшук
21. Турна моюн
22. Жолборс моюн
23. Өрдөк моюн
24. Короз моюн
25. Акак тиш
26. Инжи тиш
27. Жалаяк ооз
28. Жез билек
29. Чолок бут
30. Оймок ооз

5. Компоненти сын атоочтордон турган контексттик соматизмдер

1. Кызыл бет
2. Шыңга бой
3. Ичке каш
4. Ак чач
5. Кара каш
6. Тунук көз
7. Кара чач
8. Агала чач
9. Узун чач
10. Коюу чач
11. Кыска чач
12. Суюк чач
13. Жумшак чач
14. Жарк эткен тиш
15. Чоң ооз
16. Түз чач
17. Олоң чач
18. Ачык кабак
19. Кызыл эт
20. Агала мурут
21. Сары мурут
22. Кара мурут
23. Кою узун, сары мурут
24. Сер сакал
25. Бириндек, суюк сакал
26. Топ сакал
27. Чоң сакал
28. Куш тумшук
29. Ак кол
30. Кыска бут, узун бут